# ЖУМГАЛ ДАСТАНЫ

**ЖУМГАЛ ДАСТАНЫ-** Жумгал элинин жашоо турмушун, тарыхын даңазалаган эпикалык жана энциклопедиялык, ичине 19-20-21-кылымды камтыган чоң чыгарма.

Керемет жер кең Жумгалдын уулу, Куйручук айылынын кулуну Түгөлбек

Турпан уулу Качкын Оторбаев өнөр кесиби инженер-механик болсо да,

Куйручук атасынын кесибин кылып, кеп-сөз баркын кенедей кезинен сезип

Түшүнүп, «Ыйык сүйүү» лирикалык ырлардын «паашасы», сатиранын «өкүл

Атасы», гений акын Мидин агасынын ырларын жаш кезинен жатка билип,

Аны суйуп, кызыл дандай илхамына кыйла сугарылып, акылдын кени 60

Жашына чыгам деп турган кезекте, бизге тартуулап турат өзүнүн «Жумгал

Дастан ыр романын эл кадырына кош колдоп сунуп…

Эмне дейбиз, дөөлөттүү карылыктын алды, дөөмөттүү бир иш жасапсыз!

Жумгалудастаныңыз жумурлуу эмгек тура! Эң негизгиси эч бир ереже менен

Эсептешпеген Жумгал энциклопедиясын жаратыпсыз! Муну Сиздин ак дил,

59 жүрөк сырыныз деп түшүнөбүз…

Бар болунуз эл ичинде…

Керемет талант эчени, кең Жумгал талант мекени….

Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери, жазуучу

Билим Карагулов

[**ФОТО К.ОТОРБАЕВ]**

Өзүн,

Чын Жумгалдын Уулумун деген,

Чындык сөздүн «Кулумун» деген…

КУЙРУЧУК айылынын «Кулунумун» деген…

Качкын – Түгөлбек, ТУРПАНдын уулумун деген…

-

Качкын Оторбаев

**[ФОТО ЫРЫСАЛЫ КЫЗЫ САТЫНБУБУ]**

## Ырсалы кызы Сатынбүбү (Сатыш)

Эки жолку катуу жүрөк оорудан,

«Эс-учуман» танганда?

Эли-журту үчүн керек го, ушул адам деп

Эне-атамдай сактап калган!

АК МАҢДАЙ асыл жарым,

Апасы – алтын балдардын!..

Саламы,

Саат сайын сагындырган…

<<Сары кызы>> кайнатамдын!

Сатынбүбүгө (Сатыш) арнадым,

Ушул, ЫР менен жазылган <<Роман>>

ЖУМГАЛ ДАСТАНын…

## ЖУМГАЛ РАЙОНУНДАГЫ ЧОҢ АТ ЧАБЫШ…

*(Автордук ой-толгоо…)*

Биз айыл жеринде, ат жалын тартып чоңойдук! Балалыктын

баа жеткис бактылуу күндөрүн, башыбыздан далай жолу кечирдик!

Аталардын ал кездеги «ат оюну» аябай бизди тан калтыраар эле

«Көрөңгөбүз» да ошондон улам «көңүл кош» болуп калбагандыр деп

да ойлоп кетем...

Көк Секи (куу секи) деген аты бар, көркөмдүү бул жайды көргөн

да, көрбөгөн да арманда эле. Анткени ал, айылдан беш-алты чакырым алыс жайгашкандыктан үстү-башы тегиз айдалган талаадай бийик

секиче боло турган. Ал жерден айыл ичи алаканга салгандай

көрунчу...

Жаз келсе да ал жерге биринчи келчү... Анткени айыл ичи кара

баткак болуп, кар жаңыдан эрип, көөлгүгөн көлчүк сууларда бака

тынбай чардап турган чакта, Көк Секинин көйкөлгөн бетегеси жаңыдан кылтыйып чыгып, ар түрлүү чөптөрдүн, ачуу шыбактын жыты

мурунга уруп, текей гүлдөрү тегиз гул ачып, желге ыргалып, сеңселип турчу. Жаратылыш өзү шарт түзүп койгонсуп, чоң майрамдар

да так ошол жерде өтчү... Туш тарабы эл жашаган айылга туташ да болгону үчүн ал жер бизге жер ортосундай болуп сезилчу... Ошондон улам уч-төрт айылдын эли майрам сайын ал жерге чогулуп майрамдаганы келишчү. Өзгөчө күзүндө түшүм майрамында эл кылкылдап ал жерге батпай калчу.

Тобурчактай токулган, токчойгон жорго тору тайларга күмүштөн

жүгөн куюшкан тактырып, ак жабуу жаптырып, саймаланган көк жашыл көрпөчөнү басмайыл менен бастырып, чытырата тартып берген

Аталарыбыз: - Бар, барагой садаган болоюн! Балдар менен айттап,

майрамдап келгиле - дешип, ак боз үйлөр айланта тигилген ал касиеттүү жерден апаларыбыз да бизди ак даамына тойгузуп, ал жакка

аттантып жиберишчу, таң эртеңден...

Көк Секиге ошентип көп эл чогула берчу... Чогула берчу... Чоң

шашке кезде оюн-зоок, тан тамаша башталчу. Айтоор, ал жерде ар

оюндун түрлөрү өтөөр эле... Көк бөрү, балбан күрөш, тай чабыш,

эр эңиш, кыз куумай оюндары дегендей!

Аталар оюнунун «төрөсү»> Эр эңиш эң биринчи башталчу...

Булчундары буркуйган «кыл чайнаган «кыраан жигиттер бел кырчоосуна чейин «энеден туума» болуп чечинип алышып, ээрге бекем отурушуп, ансыз да табына келген таскактаган тулпарларды,

татам-тарам болуп өрүлгөн ортон колдой жоон кайыш камчылары

менен кызыл такымга чыпылдата басышып, өзүлөрүн ат үстүнде

Алманбеттей эле отураарын билгизишип, опкөлөнүп турушаар эле

кайран Азаматтар!

Аталардан «алкоо>>, <<буйрук>> кутуп тургансып - Оомийин! деп бата бергенден улам обдулушуп, бири-бирине карай «чу» коюп букадай качырышып жакын кирип барышып, бири-бирин колдон алышып, ат үстүндө азамат жигиттердин оюнун көрсөтүшчү.

Эр эңиштен кийин «балбан күрөш» башталчу. Анан «көк бөрү», «кыз куумай» деген кызык оюндар биринен сала бири уланып, элдин бүйүрүн улам кызыта берчү... Кызыта берчү...

Элдин «оюн шооктон» моокуму аябай канып, түш оой эл суюлуп тарай баштаардан бир аз мурун, Аталарыбыз айдап келген күлүктөрүн каз катар кылып эл алдына тизип, каркырадай чубатып ак бата сурап, алысчыл күлүктөрдү узатуу бактысы да келип жетчу.

Топурашкан тобурчактай биз боз балдар, аталарыбыз кай жакка багыт алышса ошол жакка алар менен кошо суудай агылып тураар элек.

Кулукке чабылаар аттарды эл алдына этияттык менен жетелеп келип, көкүлдөрүн куйруктарын түйүп дагы бир жолу элдин сынынан өткөрүп, элдин батасын алууга батынышчу.

Күлүктөрдүн байгеси да чоң болгондуктан, күлүк чабыла турган

<<маараны>> да алыс коюшуп, эл шайлаган эстүү адамдардан үчөө-

төртөө аттарды алыска чубатууга, сүрөөнчүлүккө жөнөшчү.

Убакыт саат зымырап өтүп, бир кезекте маарага жете келген

желмаян учкул күлүктөрдүн күүсүн (күчүн) ал жерде топтошуп турган саяпкер Аталардын бир тобу Санчы сынчыдай калыстык баасын, сынын берип кадыр-баркын сыпатташчу...

- Адам, мына мобу бакырчак Асандын көк кашка күлүгү жаңы

гана «тер алган» тура жарыктык! Маарасы жакын болуп калыптыр

ээ, бечаранын?.. Кайран ат экинин бири болуп калды. Бечаранын

багы жок экен ээ, ка-ап! - дешип - Бул Мукаттын кер кашка жоргосу

бул аралыкка чуркай турган күлүк эмес эле да? Бул чукулчул жыл-

кы! Муну, кек бөрүгө салса болмок! Мукат мунун жүрөгүн бекер

өлтүрүптүр!... Болду эми, бул атка «сары май» берсең да сандаган

тулпардын ичинде ат баркы калган жок! - дешип бак-бак этишип...

Пай! Пай! Пай!!! Карачы кагылайын, мына бу Кула айгырдын

кулундай чуркаганын... Бул кимдин «малы» болду экен, ыя? Капы-

рай, кадимки эле мергенчи Караталдын кара тайганындай кулак

башын чулгуп чуркаганын кара? Куш төрөсү каркырадай канат сер-
пет жарыктык! Кимдин малы болсо да табы келип, таскагы чыгып
турган убагы экен... Көз тийбесин! Көз тийбесин!.. Түү-ффа, түү-ффа!
дешип баштарын чайкашып, саяпкери да, сакадай болуп ээрде отур-
ган ат чабар чабендес баласы да алардын купулуна толуп, салмо-
ор ташындай заңылдап күү менен кетип бараткан Кула айгырга ку-
банып карап
турушчу.
Ат байгесин эми ким алаар экен дешип, субай сакалдарын сы-
лай Аксакалдар бири-бирин кубаттаганга да кам урушчу...
Атакөрү күлүк аттын ээси Балбак тура! Ат байге, ай Балбак
баатыр дешип ага алакандарын сунуп жыргап күлүп турган Аталар-
дын табылгыс элестери, татынакай биздин наристе көкүрөгүбүздө
эмдигиче уялап турат.
Күлүк Ат демекчи, саяпкер адамы жарашса, салпайган Толу-
байдын чобуру да таптаса табына келеерин, эчен көөнөргүс сан
күлүктөрдүн санын артка таштап тарыхтай өзүнүн ордун таап, ал ат
чабышта айныксыз «чуркап» береерин Аталардын санжыра
сөздөрүнөн улам билебиз!
Өмүрүндө бир жолу болсо да Дубанга чуркап кое турган Толу-
байдын күлүгүндөй «чобур»» тарых мисалында бар!
Жаш кезинде аралык тандабай «демин бир аз чыгарып алган»,
дегеле күлүктүк таризинде эч айыбы жок, бирок «таалайы тайкы» тандамал
Кан тулпарларынын күтүрөгөн тобунун ичинде, качандыр
бир болсо да «бир жолу чуркап бере турган» анын да убакты-сааты
болоорун, табы келсе, саяпкери таасын болуп берсе, күлүктүн күчүн
күндө билип, аны суутуп минип чаап жүргөн «чабендес» баланын
да «чаар ичегиси» болбосо...

Дуван жарышка түшкөн тулпарлардын туштугуна жараша өмүр сынамында бир жолу болсо да «чуркап береер» мүмкүндүгү бар экенине ишене берсеңиз болот кымбаттуу окурман!

Бул сөзүм убактылуу соз эмес... Турулуу, туруктуу сөз! Ак сөз!

Күлүктөр даяр турат чабылууга,
Көрсөм деп, көксөгөн Эл агылууда...
«Нарбаш» бар арасында, күнчүлүк жер
Бута атым буйдам болбос маара, буга?
«Көк тулпар» чуркай турган убагы экен,
Кезинде күлүктөрдүн курамында!

Толубай, бирден сынап бул малдарды
«Чобур ат», «Чолок куйрук» тулпарларды...
Чоо жайын салып турат бармагына,
Саяпкер, ат чабууда тургандарды...
Тулпардын чабылышын ээси билети,
Тобокел? Кудай алсын курган жанды.

Намыска бир төрөлөт Ат, Адам да
Намыс! - деп, жерге түшөт жаралгандан...
Кулуктун чуркай турган мезгили бар
Күүсүнө келип турса чуркап улам...
Эл болсун күлүк атка бата береер,
Кеп эмес, келип турса маара - Дуван!

## ЖУМГАЛ ЖЕРИ

Сөзү Качкын Оторбаевдики

Музыкасы Муратбек Бегалиевдики

**[ФОТО - НОТА]**

Айтылуу Кыргызымдын ыйык жери,
Аскасы асман тирейт, Айкөл эли.
Ар убак алыс жүрсем сагынамын,
Алайын, кучакташып келчи бери!

**Кайрыма**:

Керемет эл-жер Жумгал,
Келечеги кең Жумгал
Кыргызымдын сыймыгы,
Касиеттүү эл турган.

Тууган жер сыймык менен атайм сени,
Туу кылам турак-жайың, тууган элди.
Таланттын ташкындаган ордосу сен,

Тарыхка жаралгандай Жумгал жери.

**Кайрыма:**

Керемет эл-жер Жумгал,

Келечегу кең Жумгал

Кыргызымдын сыймыгы,

Касиеттүү эл турган.

Абасы атыр жыттуу Жумгал жери,

Аймалап согуп турган салкын жели.

Ар убак магниттей тартып турат,

Аталар өткөн жердин ысык деми.

**Кайрыма:**

Керемет эл-жер Жумгал,

Келечеги кең Жумгал

Кыргызымдын сыймыгы,

Касиеттүү эл турган.

**КЫРГЫЗ ЭЛИМЕ..**

Ырыстуу элим кыргызым,

Ачылсын сенин жылдызын!

Ааламда элдер көп жүрөт,

Алгансып мурун, ырысын?

Ага кеп, Элим, кейибе

Акылдуу өсүп балдарың
Аз болсо дагы сан жагың.
Азамат эрдей ТҮРҮШҮң!
Эгемен укук сен алып,
Эл болуп эркин турусун!
Аз дебе Кыргыз элимди,
Ошол кеп, кокуй, курусун?
Ошону айткан адамдын
Он жерден оозу жырылсын!

Түпкү атаң МАНАС ал барда,
БАКАЙДай «көсөм чал» барда?
Олуя-заадан КАЛЫГУЛ
Куйручук турса кааданда…
ТҮГӨЛБАЙ атаң сыяктуу
Түгөнбөс сөзү жан барда…
«Кара жаак, жез таңдай>>
КАЛЫКТАЙ акын «нар» барда,
Суйуүдей «ыйык>> ырлары
МИДИндей талант турганда?
САГЫНБАЙ Менен САЯКБАЙ
Сагынтып турса андан да?
КАНЫКЕЙ Менен КУРМАНЖАН
Акылдын кени бул барда,
Азбыз деп ага кейибе,
Апалар ушул турганда,
БАЙДЫЛДА балан айткандай,

«Тоолорду жайып жиберсек!»

«Сууларды жайып жиберсек!»

Сибирге тете бул жер да…

Эч кимден кемчил эмеспис,

Эстуу кыз, уул бул барда!

Жалгызмын Десең өзүңдү,

Жарашабы бул сөзүң?

Жаштарың өсүп жетилген,

Жаркыган көлдөй мүнөзү,

МУРАТБЕКТей ЗОР талант

Миңине татыйт бир өзү!

Дүйнөгө ачып көзүңдү,

Дүйнөнү турат кыдырып.

Дүңгүрөп Кыргыз <<Музасы>>

Эмнеден кемчил сезесиң,

Эмгектен аккан териңдин

Этият аарчып чекесин?

Өмүрүн тиле балдардын

Ойлогон ойго жетесиң!

О, кагылайын КЫРГЫЗЫМ!

**КЕҢ ЖУМГАЛ**

Кең Жумгал керемет жер, кенен адыр,

Кереден кайкып учкан АК КУУСУ, Аңыр!

Туланын тулпар тепкен жашыл жондор,

Турушкан кылым кечип Туу чокулар…

Туу кылам турпатыңды өз энемдей,

Жумгалым аталардан бизге калган!

Ак тандай акын чыккан КАЛЫК, АКИШ,

Көркем сөз чеберлери КӨНӨЙ, БАГЫШ.

Таланттуу ТАТТЫБҮБҮ, БҮБҮСАРА,

Канында агып турган бийик намыс,!

МУРАТБЕК, МУСА чыккан, МЫСКАЛ чыккан,

Кулуктер чабылуучу, маарасы алыс!

Таланттын таң калтырган Мекени экен,

Таланттын КУТ даарыган Мекени экен.

САГЫМБАЙ, КУЙРУЧУКтар өткөн экен…

Атасы «ыйык суйуу» ырларынын,

<<Илхамы>> лириканын МИДИН бекен?

Көз жарып, көктөй учкан Жумгал жери,

Көөнөргүс көп таланттын чыккан жери.

Көңүлүм көпкө кетсе, Сагынганым… с

Көрүүгө мен куштармын

Сени ар дайым

Атамын деми мага өткөн экен,

Денемде агып турат анын каны…

## МЕН ЖУМГАЛДЫ САГЫНАМ

*<u>Жазда</u>*

Таңдан туруп теребелди карасам,

Тал бүчүрү татынакай, жаны ачкан…

Табигаттын коздугун тартуулайт,

Талга конгон таранчылар сайрашкан…

Таңдан туруп теребелди карасам,

Таттуу кыял жүрөккө шык жаратат.

Кызгалдактай кызыл жагоо тагынган,

Кыздар, балдар мектебине баратат

Таңдан туруп теребелди карасам,

Татынакай мектеп турат жарашып…

Тарбиялап, таалим берип өстүргөн,

Тартып турган билим, өнер арасын…

Таңдан туруп теребелди карасам,

Табигаттын коздугу тангалтат.

Тээ алыстан келгин күкүк үн салып,

Жаз келгенин жарыялап баратат…

*Жайда*

Таңдан туруп тереземди карасам,

Таттуу кыял терметет жаш балача!

Эске түшөт ээрчип жүргөн эселек,

Эне-атамдын эрке мүнөз баласы…

Экрандай көз алдымдан чубурат,

Ээ-жаа бербей кулагыма угулат.

Короздордун чакырганы, талаадан

ТОРГОЙ үнү сайраганы кужурап…

Тандан-кечке ата-энелер күймөлүп,

Мал айдаган караандары, күндөгү…

Учурашып бир бирине кол берген,

Бак-бак этип сүйлөгөнү, күлгөнү…

Күйпөлөктөп энелердин карааны,

Күндө эшикте отко асылган тамагы…

Май жыттанган көөкөр нандын ысыгы,

Буудай жүздүү энелердин жамалы…

*Күздө…*

Таңдан туруп теребелди карасам,

Татынакай тоолор жатат кар баскан.

Ак мөңгүлүү ажайып кооз аскалар,

Айга,Күнгө арыш созуп бараткан…

Таңдан туруп теребелди карасам,

Тал чокунун булут баскан арасы…

Күүгө келип табигаттын мезгили,

Чагылгандан чарт-чурт этет абасы…

Таңдан туруп теребелди карасам,
Таасири анын баш көтөртпөй караткан.
Талаа жатат таттуу уйкуда ныксырап,
Байлык менен берекени жараткан…

Тандан туруп теребелди карасам,
Күрпүлдөтө бышат кымыз сабасын…
Күч-дем берип күрдөөлдүү бул турмушка,
Күжүрмөндүк кут элиме жарашкан…

*Кышта*…

Таңдан туруп терезэмди карасам,
Бороон боздойт… кыйч-кыйч этет дарбазам.
Туну бою ысык мешке жагылган,
Ыш жыттанат ысык үйдүн абасы…

Түтүн булап көк асманга өбүлгөн,
Түндөр узун, сур булуттай сөгүлгөн…
Уйку канбай, узун түндө термелип
Чоң энемдин колтугунда өбүлгөм...

Упчу соруп, чукуранса наристе
Жаны келин, отун жарып далисте…

Үйдүн ичин мизилдете шыпырса,

Өз милдетин өтөгөндөй ак иштеп?..

Уйларын саап… Ууз сүтү барбы? -деп,

Сүт чакасын меш үстүнө калтырып…

Ичикий! -деп, мештеги отко жылынган

Энекемдин элеси бир тартылат…

Музга тоңгон муруттарын шыпырып,

Даярбы деп үйдө кемпир, ысылык?

Кирип келген атакемдин карааны,

Эске түшөт ушул кезде, бир туруп…

Күлүп-жайнап үйгө толгон ырыскы,

Кезим экен, эне-атам бар ырыстуу!

Кандай бакыт кайталанса ошол кез,

Жүрөктөгү айыктырган сыныкты…

## ЖУМГАЛДАГЫ КҮЗ…

***(Этюд)***

Тоолордун булут түшкөн чектеринде,

Тоз жалайт, шамал үйлөйт

кечээгидей?..

Тоготпой топоз сымал

малдар жүрөт,

Торподо, капчыгайдын этегинде?..

Боз үйдө кыроо баскан

биз отурсак,

Бир келген коноктордун эсебинде?..

Бууланган «беш бармактан»

ал! ал! - дешет,

«Бул турмуш» эсте калсын

кетээриңде?..

Кыргызым кылым сактап

даамын таткан,

Кылтылдайт кымыз аяк

чөйчөгүндө?..

Көз салсаң талаа-түздү

сырлуу карап,

Дүпүйүп айыл жатат

мейкин талаа…

Чачылган «беш таш» окшош

КӨЛДӨЛӨндө,

Жайылган малдар жүрөт

«салаа-салаа»...

Асманды ала булут каптап турат,

Атыр жыт, айдап келген

салкын аба?..

Ачыгып кере-кере дем аласың,

Болсо деп ден соолукка, дартка даба?..

Жапжашыл касиеттүү

талаа-түздөр,

Жумгалга келген окшойт

коңур күздөр?..

Адамдар КЫЗЫЛ тазыл кийинишкен

Майланган буудай өңдүү чийкил жүздөр!..

Көрүнөт туугандардын пейилдери,

Сагынып боордошун көптөн күткөн!...

***10-октябрь 2000-дыл.***

**КЕЧ КҮЗДӨГҮ ЖАЛБЫРАК...**

Келет ойго ушул кезде,

Кеч күздөгү жалбырак...

Керексиз го жерде жатат,

Жаан өтсө, шалбырап...

Келет учуп бул теректен,

Кээси турат «салбырап»...

Керексиздей, кеткен өмүр

Терек башы аңгырайт...

Бул теректин көркүн ачып,

Жүзүн чайып шамалга...

Жалбырактар турчу жайда,

Суктандырып адамды...

Сүйгөн кызын жашыл паркта,

Жүрчү жигит жетелеп...

«Топ таш» ойноп көлөкөдӨ,

Наристелер эселек...

Өткөн өмүр бул көз ирмем,

Кеч күздөгү теректей...

Жалбырактар жерге түшкөн,

Күнөөсү жок, себепсиз?..

Өкүнтсө да эске салат,

Өмүр өткөн белести...

***10-октябрь 2000-жыл.***

**АЙЫЛГА БАРАТАМ**…..

Айылга мен баратам достор үчүн,

Ак дилден жүрөк отун козгоо үчүн!..

Алтындай жаштык кездин унут калган,

Арманын обон салып жоктоо үчүн...

Айылга мен баратам туугандарга,

Ак дилден кучак жайып тургандарга...

Атамдай жөлөк болгон кыйын кезде,

Ага-иним, камчы чаппас ыймандарга?..

Айылга мен баратам АТАМ үчүн,

Арбагын сыйласам деп «БАТА» үчүн!..

Аластап суу айлантып чачып туган,

Алтындан баркы кымбат АПАМ үчүн?..

Айылга мен баратам ЖЕҢЕлерге,

Кареги, окшош атчу жебелерге?..

Кайним! - деп, жүрөк оту «Дүрт» дей түшкөн,

Чагылган оттук ташын себелээрде!..

Айылга мен баратам ушул күздө,

Албырып сагынычтан кызыл жүздер?

убакыт желдей учкан бул турбайбы,

Укмуштуу тартылуу бар ушул күчтө...

***8-октябрь 2000-жыл. Бишкек***

**САГЫНДЫМ АЙЫЛЫМДЫН АППАК ТАҢЫН...**

***(жолдогу ой жоруу...)***

Эске түштү бала кездин аткан таңы,

Эске түштү бакалардын чардаганы?

Миң түркүн музыкалар көңүлде ойноп,

Мээримин чачып турган, ысык жалын!

Жылдыздар жымыңдашып аткан таңы,

Жылаажын,жылжып аккан мөл суулары...

Айылдын аппак таңын мен сагындым,

АШЫКТАЙ Жүрөк толкуп, кызып каным?

Тестиер бала кезде бирге өскөн,

Теректер асман мелжип бой тирешкен?

Термелип бүчүрлөрү салкын желге,

Теңтуштай салам берет ушул кечте?..

Сагынткан Күкүктөрдүн сайраганы,

Сагынткан балалыгым айлы кайда?

Жетсем деп жашоодогу бийиктикке

Жетимдей болуп турам ойго жарды?..

Айылым - аталарым, энелерим,

Асылкеч ак жоолукчан женелерим!

Айылым - ак элечек аппак тоолор,

Жүрөктүн тереңинен орун алган...

Энемдей сен жакынсың эмне дейин,

Атамдай сен кымбатсың не кылайын?

**ТУУГАН ЖЕРДЕ...**

Кымбат экен тууган жер,

Кыйла сен жүрсөң алыста...

Кызгалдактар талаада.

Кыз суйгендей сагынткан?..

Бала кезде биз казган,

Бат-бат басып «эпендеп»?..

Балмуздактай элестейт,

Балдай таттуу <<Текей>> лер!..

кемирчектер биз казган,

Уй кайтарган, бул сазда?..

<<Витаминдер» турбайбы,

Ашказанды «сыздаткан»...

Кой короодо чүкө атып,

(Коргону таш, усту ачык...)

КОЛДОР Ушуп камтылбай,

Коломтого «от асып»?..

Жылынчубуз далайга,

Үйгө кетпей, биз шашып?..

Бала кезим «эликтейт»,

Барсам азыр «жыргатып»...

Суу боюнда, сагыздар

Сууну кыздар алышчу...

Бизге сагыз чайнатчу,

Сулуу кыз дар «табышкер»?..

Ушу тапта барышта,

Мен кыдырдым талааны...

Тапкан жокмун өзүмдү,

Таптым ойду, санаамды?..

Эрбендеген эси жок,

Эр көкүрөк, жыңайлак...

Эске түштү «суу мурун»,

Эрке кездин «карааны»!..

**АТАЛАР ЖЕРИНДЕ...**

Балалык кезим өткөн жер,

Балтыркан, шилби өскөн жер!

Бал татып турчу ышкының,

Баркыттай жашыл беттерде...

Барсам мен азыр сагынтат,

<<Бир кылым» болду кеткенге?!

Ата-бабам өскөн жер,

Абасы салкын көктөм жер!

Асылкеч курбу-курдаштар,

«Акыйнек» айтып өскөн жер...

Төөлөргө көчтү чеккен жер,
Төрлөргө көчүп өткөн жер!
Кол чанач кымыз жуткуруп,
Көңүлдүн черин жазган жер...

Сагызган кармап таптаган.
Сай турат бетте беш кадам?
Сагынткан ошол балалык,
Сайрасаң келбейт эч качан?

Тулпарлар тепкен тулаңдар,
Туу белдер, бийик кыраңдар!
Турушкан үчүн менсинип,
Тууган жер, сага кубангам...

Аталар конгон конуштар,
Акылга сыйбас добуштар!
Аскадан кайкып чак! - эткен,
Алымкул черткен комуздай!

Аңкыштап сууру бакырган,
«Асанкеч» кудум чакырган?
Алаксытып чакчыгай,
Аскага, ташка жашынган...

Бийиктик, аска турагы

Пырр... этип учкан Улары...

Сакчысы турган кайтарып,

Заматта сезгич, туямы?

Бетеге безип «бек» болгон,

Кекилик-чилдүү «Кош-Коргон»

«КАЗ-УЯ» турат менсинип,

Жалама аска бүт бойдон?

Бетеге өскөн буралып,

Беттерде ышкын ыргалып...

Белестер бизди чакырат,

Бер кел! - деп, оюн куралык...

Элестейт көзгө, бала кез

Өтсө бул мезгил өтө тез?

Өктөм кез ойноок наристе,

Өзүңдө калды жаштык кез!

Көпөлөк кууган төрлөрү,

Көк шибер жайык белдери...

Көңүлдө турат ар дайым

Көрүлгөн түштөй мендеги...

***15-октябрь 1999-жыл.***

**АТАЛАР ЖЕРИНДЕ**

**ТУУЛГАН ЖЕРГЕ**

**КАЙРЫЛУУ...**

Кагылайын,

Касиеттүү Жумгалым,

Канча келсем канбайт сага кумарым

(Айтып койчу

Эмнеде анын сырлары?..)

Жүрөгүмө канат берет

Ар дайым,

Күмүш чачкан

Ала-Тоонун нурлары!

Кагылайын,

Керемет жер Жумгалым,

Кеӊирсиген талаа, түзүӊ,

кырларыӊ...

Көпөлөк кууп келе жаткан эселек,

Кетирекей...

Балалыктын жылдары...

Кагылайын

Таланттардын мекени!..

Тоосу, ташы

Жаралганбы бекерге?..

Суусундабы?..

Топурагы алтынбы?..

Агып жаткан мөлтүр суулар

Өзөндө...

Торгой тилдүү

Тоодон түшкөн булактар,

Токтогулдун күүсүн чертпес

Бекерге?..

Дүбүрт салат ой-сезимге

Өзгөчө...

Мен Жумгалдан

Кайра алыска кетээрде...

Тал-теректер

Өзөн бойлоп жайылган,

Ийри-муйру

Ийне жиптей сайылган?..

Аппак чийлер

Аркандалган музоолор,

Айдоо жерлер

Ар жыл сайын жаңырган...

Керимсели

Кечки тоонун шамалы,

Кер булуттар

Айдап турган абаны?..

Кекиликтер

Керүүдөгү бийикте,

Бөдөнөлөр

Бөгүп жаткан талааны...

Бет-бет болуп береги

Өскөн бадалдар,

Кереӊ түндөр
Кесип турган санааны?..
Беймаал кечтер,
Мал айдаган адамдар,
Беде айдаган,
Эгин сепкен талаалар!..

Аппак сакал
Чоӊ тебетей аталар!
Алтын колдуу
Чач уштукчан апалар!
Көк чыптама
Көйнөк кийген селкилер...

Көөдөнүндө
Элеси жок капанын…
Көчө таптап
Чуке атышкан азамат.
Кекул койгон
Көӊүлдөрү секелек,
Кеӊ тамдагы
Көп балдардын карааны?..
Сагыныпмын баарыӊарды
Сезимден…
Эстегенде
Эжигейдей эзилгем?..
Барбасам да

Айлап-жылдап өзүңө

Баркың турат

Баасы кымбат сезимде?..

Караандарың

Экрандай чубалып

Көрсөткөндөй

«Көгүлтүр от» кечинде..

Болк-болк урган

Тамырлардын согушу,

Бал-бал жанган

Жүрөктөрдүн добушу…

Байкап көрчү?!

Баалап көрчү, Ата Журт

Сага болгон

Чоң сүйүүнүн <<оорусу»?..

Бул болбосун

Сүйүүлөрдүн сезими?

Миң-сан ирет

Кайталансын кезигүү!..

**АТАЛАР ЖЕРИНДЕ…**

Балалык кезим өткөн жер,

Балтыркан, шилби өскен жер!

Бал татып турчу ышкының,

Баркыттай жашыл беттерде…

Барсам мен азыр сагынтат,

<<Бир кылым» болду кеткенге?!

Ата-бабам өскөн жер,

Абасы салкын көктөм жер!

Асылкеч курбу-курдаштар,

«Акыйнек» айтып өскөн жер…

Төөлөргө көчтү чеккен жер,

Төрлөргө көчүп өткөн жер!

Кол чанач кымыз жуткуруп,

Көңүлдүн черин жазган жер…

Сагызган кармап таптаган.

Сай турат бетте беш кадам?

Сагынткан ошол балалык,

Сайрасан келбейт эч качан?

Тулпарлар тепкен тулаңдар,

Туу белдер, бийик кыраңдар!

ТУРУШКАН УЧУн менсинип,

Тууган жер, сага кубангам…

Аталар конгон конуштар,

Акылга сыйбас добуштар!

Аскадан кайкып чак! – эткен,

Алымкул черткен комуздай!

Аңкыштап сууру бакырган,

<<Асанкеч» кудум чакырган?
Алаксытып чакчыгай,
Аскага, ташка жашынган...

Бийиктик, аска турагы
Пырр... этип учкан Улары...
Сакчысы турган кайтарып,
Заматта сезгич, туямы?

Бетеге безип «бек» болгон,
Кекилик-чилдүү «Кош-Коргон»
«КАЗ-УЯ» турат менсинип,
Жалама аска бут бойдон?

Бетеге өскөн буралып,
Беттерде ышкын ыргалып...
Белестер бизди чакырат,
Бер кел! - деп, оюн куралык...

Элестейт көзгө, бала кез
Өтсө бул мезгил өтө тез?
Өктөм кез ойноок наристе,
Өзүңдө калды жаштык кез!

Көпөлөк кууган төрлөрү.
Көк шибер жайык белдери...
Көңүлдө турат ар дайым

Көрүлгөн түштөй мендеги...

**15-октябрь 1999-жыл.**

**КУЙРУЧУК АЙЫЛЫНДА…**

Сүйлөсөң жаза албайсың,

Сүйүүнүката албайсың…

Сүйгөнүм менин мекеним,

Сүйкүмдүү аткан таңдайсын!

Ырларды жөнү жазбайсың.

Ыр «купулун» ачпайсың...

Ырыска шерик айылың,

Ыр болсо кантип жазбайсың!

Жер шарын жети кезсем да,

Чыкпайсың такыр эстен да...

Тоолоруң «топу» көрүнөт,

Тоолорду «таш» деп сезсем да...

Ааламды алты кезсем да.

Алыстап көпкө кетсем да...

Агын сууң турат «бал татып»,

Азыр да чыкпай эстен да...

Тээтиги өскөн сайдагы,

Терегиң-өрук-алмабы?!

Теребел турат жыт аңкып,

Керимсел жүрсө таңдагы...

Бакалар башка «чардашат»,

Чымчыктар башка сайрашат...

Уйларың башка мөөрөшөт,

Койлоруң башка маарашат...

Гүлдөрүң килем, шайыбы?!

Кулпунат күнгө чайылып...

Күттүргөн жазды чакырган,

Күкүгүң турам сагынып...

Тентегиң момун сезилет.

Телмирип жүрөк эзилет...

Тебетей кийген чалдарың,

Теңтуштай мага сезилет...

Байбиче сунган мага чын...

Бал беле, ичкен кымызым?

Баласы үчүн бул элдин,

Бактылуу менин ырысым…

**МЕДЕТ ДАТКА**

**[Фото]**

БАЙТҮГӨЛ УУЛУ МЕДЕТ ДАТКА

(1722-1784)

Жумгал жакка баратсаң ушу тапта,
Күмбөз турат салынган, кылым сактап?..
МЕДЕТ ДАТКА күмбөзү, сенин бабаң
Деп айты эле, көзү барда атам, тактап?..
Азыр жок өттү көзү, өмүр карып
Ал кумбөз турат дале куттай жанып?..
Ачык сөз өтөм андан, кубат алып?!
Суроо салам, күмбөздү кимдер салган?
Серүүндө, торпо үстүнө, бийик даван?..
Ал кезде адам чыгып баралчу эмес
Мал эмес, жандык эмес, бир да караан?
Үч кылым турат күмбез бийиктикте,
Бузулбай куйган жаандан, күндөн аман?!
Алганбы, ыйык бата, ата-бабаң?!

Бар чыгаар касиети, ошол элдин?
Баркыт тулан басканы, бетеге жер
Ардакталып мингени тулпар болгон,
Аргымагын тушаган бетегеге?
«Кысыр эмди» тай союп, кымыз ичип,
Кылымды карытышкан кечээ келген,
Кымбатын бул өмүрдүн сезе билген!

Датканын осуяты калган элде,

«Уйдун этин жебеген, убадам эки дебеген!»

Орун алып күмбөзү бийиктиктен,

Орду турат, отурган бу дөбөдө,

Куран окуп өтөөдө ары-бери

Бата кылып кетебиз ошо жерден!

Баласыбыз касиеттүү ошол элдин!

Жазылса атабыздын тарыхтары…

ДАТКАЛЫК бийик наамы, ХАНДЫКТАРЫ?!

Бүгүнкү бизге чейин жетет эле,

Билгичтик, даанышмандык – байлыктары:

Аталар, кылым кечип келе жаткан,

Тукуму, эстүүлөрү калгандары?..

Укканын уламалап айтып келет,

Узун сөз айта берсек анын баары…

Атабыз кылган эмгек орду толоор,

Кыргыздай кызып кетсе НАМЫС-АРЫ?

Калганын тарых кылып жазып чыгаар,

Медеттин тукумдары, урпактары!..

**КАРЫЛАР**

Ар сөзүнүн орду бар,

Агып чыккан мөл булак…

Башатындай дайранын,

Басып өткөн жол булар?!

Аброй, атак наамы бар –

Атаң Манас кол курап…

Аты угулуп ааламга,
Алып келген орду бар?
Акылман, дархан сөзү бар!
«Агымды» көргөн көзү бар?..
Ала-Тоодой калдайган,
Аксакал деген өзү бар!

Айтылаар сөздүн кези бар!
Аталар ушул карылар…
Аз өтсө мезгил, убакыт,
Алтындай, казса табылбай,
Алар да эсте бул, тураар?!
Карылар жеткен бийиктик,
Тулпарлар чапкан күлүктүк?
Кылымга кууп жеталгыс
Кыялың ушул, билип жүр?!

**КАЛЫК АКЫ УУЛУ**

**(ФОТО)**

Калык буура мен тайлак,
Качып турам далайлар…
Каарына мен калсам,
Какем,
<<Эки жутаар, бир чайнап>> ?!
Калыс айткан бул сөзду,
Байкап көрчү, сен талдап?
Орошон акыН ОСМОНКУЛ,

Оозунда сөзү <<бал каймак>>?

Арнаптыр «азил>> бул сабын,

Акын атам КАЛЫКка...

баа бериптир талантын,

Калсын деп аты тарыхка?

Окшоштурсак болчудан,

Оозунда сөзүн жазымал?..

Океанды серпилткен,

Опол Тоо-КИТ балыкка!..

Көтөрүп бийик намысын,

КПССтин жазган тарыхын?..

Ыр менен салып калыпка,

<<Кара жаак>> акын аталып,

Калыптыр дешет тарыхта!

Ак тандай Калык атабыз!

Оозунда сөзү оргуган,

Океан болчу, караңыз!

Он күнү төгүп турса да,

Оюлбаган «казалы»…

Орошон талант бул болчу,

О, алыска кеткен атагы!..

Кыргыздан чыккан миң талант,

Кыйын бел тура, ашалгыс!

Күнчүлүк жерге чапса да,

Күүсүнөн жанбай чуркаган…

Күлүктөр чаап жеталгыс,

Күпүлдөп кирген БУУРАдай?

КАЛЫК деп чыккан атагы,

«Кара жаак», «жез таңдай»!

Канча жол жүрсө чаалыкпас,

«Каймал Нар» тура атабыз!

**МЫСКАЛ ӨМҮРКАНОВА…**

**(Фото)**

**Алтындай чачыраган бирден - <<Мыскал»,**

**Ааламга тарап кеткен - «Чоң жылдыздар»!**

**Аванын Ала-Тоодой бийик созгон,**

**Аялдан чыккан тура, биздин Мыскал!.**

**Боз чымчык, кийип турган ушул кейпин.**

**Боз чымчык булбул десе, ишенбейсиң?**

**Борумдап, сайрап турса саймедиреп,**

**Болкулдап, жүрөк отун кишендейсиң!**

**Кыргыздын мөлтүр булак, таза суусу,**

**Мыскалы – бир кадактай алтыны ушу?**

**Кыргызым сыймыктанаар кылымдарга,**

**Залкары, кыздарыңдын, «МЫСКАЛЫ» ушу!**

**МИДИНДИН АЛЫБАЙ УУЛУ**

**(ФОТО)**

**<<Аялдар баатыр терейт, акын төрөйт**

**Сендейди сейрек төрейт, Кыргыз эне»!**

**Деп жазган Байдылданын бул саптары**

**Мидиндей ГЕНИЙ ҮЧҮН «Сүртум» эле?..**

**Суудабы? Жериндеби? Элиненби?!**

**Мидиндей АЛП таланттар өсүп чыккан**

**Кут айлы Куйручуктун,**

**Жумгал жери!..**

**Генийди**

**Генийлердей эл жаратат…**

**Керилген керме тоолор!**

**Салкын төрү?..**

**Абасы, атыр жыттуу**

**Суусу таза…**

**Кең Жумгал,**

**Ата-бабам өскөн жери!**

**Сыймыгың арта берсин,**

**Күчкө толуп?..**

**Сыр аяк толуп турсун**

**Мелт-калт болуп**

**Суктантып,**

**Сөз кадырын бек сыйлаган**

**Соң-көлдөй сөөлөтү бар,**

**Сонун эли!..**

**Мидиндей таланты бар,**

**Акыны бар?..**

**Тарыхта аты калган**

**Жумба Соаморали!..**

**МУРАТБЕК РЫСКУЛОВ ЖАНА БАШКА**

**АЛП ТАЛАНТТАР!..**

**(Фото)**

**Кыргыздын сахнасынын «КОРИФЕЙИ»**

**МУРАТБЕК атабыздын турат «деми»?**

**Не деген «алп талантты» бизге берген,**

**Жумгалдай касиеттуу Кыргыз жери!**

**(2фото)**

**Боз уйдун чамгарагын бирге ийип,**

**Бир кезде искусство туусун бийик!**

**Көтөргөн КӨБӨГӨНОВ, О. САРБАГЫШЕВ,**

**ЖАМАНОВ С. ТҮГӨЛОВдор бирге жүрүп?**

**(Фото)**

**Кыргыздын таланттары, залкар булар**

**Кылымдан кылымдарга аты угулган?..**

**Кыздары БҮБҮСАРА, ТАТТЫБҮБҮ**

**Кызыл гүл кыраңдагы, нак сулуулар!**

## КАРЫГЫЛА КАРЫДАЙ, КАЛККА ҮЛГҮ БОЛГУДАЙ…

(Куйручуктун айлындагы кары-жашка)

Карыганда жакшыраак карысакчы,

Алжысак да жакшырак алжысакчы.

Жаман -жуман кишидей кээ бирөөбүз,

Карып калдык, капырай, каргычакты?..

Мисал айтсам силерге уккулачы,

Кудай берген жашына чыккылачы?

Үй-бүлөгө, балдарга тынчтык болсо,

Кеп деле эмес, үйүлгөн ЖҮЗдүн жашы...

Карыган КОШой атаң жүзгө чыгып,

Калкында калып калды, көргөн сыйы.

Калкынын КАН, намысын алдырбастан,

Калмактын КАРА ДӨӨСУН берген жыгып?

Ал бизче, карыганда калжыраппы?

Акылы, айтып турат ал куракты?

Ат мамы, кагып койгон курч казыктай,

Алп күчү калган бойдо, каргычакты?!

Адамдай ажал келип, күн бүткөндө

Аталар ал, өтүшүптүр салтты сактап?!

Журт сактап эчен асыл эрлер өткөн.

Жашына КОШОйлордун алар жеткен?

Себеби элден алган АК БАТАпар,

Аларга кайрат-кубат, берген күчтү.

Кырылып калаарында тарых күбө,

Кечөөкү эле «ЭЛ ҮРКҮНҮ» чыкпас эстен?..

Кыргызга камчы саптай эмгек салган

Журт сактап ТААБАЛДЫдай эстүү АТАЛАР

Жумгалда бир айылды сактап калган?!

Эмгеги аталардын унут калбас,

Эл үчүн эмгек кылса, болобу арман?

Улуулар акыл менен элди бакты,

Уругу өсүп турат, улап жашты...

көрөлү кандай карып жатат азыр,

Саяктын тукумдары бул куракты?..

***«Сөз кычкылы саякта,***

***Кыз сулуусу каякта?»***

## КУЙРУЧУКТУН АЙЫЛЫНДА…

1998-жылдын кыш айы (декабрь болсо керек эле)...

Анда мен бир чети ден соолукка карап, экинчи себеби

мусулманчылыктын, улуулуктун үлгүсүн көрсөтүп орозо кармап,

жүрөк оорунун айынан үйдө элем... Бюлетенимди 4 айга узартып

коюшкан болчу врач жолдошторум...

Таңкы соорду ичип, кайта бүкүлү эле төшөктө жаткам, көзүм

илинип кетиптир... Кудай билсин, катуу уктап калсам керек бир он-

он беш мүнөттөй... Муну коюлган сааттан улам байкадым...

Түшүмө өзүм өскөн айыл кирди. Айтылуу Куйручуктун «Ак-Чийи»... Ар бир чийге жөлөнүп, кээ бири чапанын бүктеп чий үстүнө

отуруп алган сыяктанат бул аталардын карааны алыстан...

Аталар негедир маанилүү бир жыйын өткөрүп жатышкандай...

Жакшылап байкасам арасында Куйручук ата бардай сезилет. Ал кишини көргөнүм жок, себеби Куйручук атабыз 1940-жылы өлгөн,

мен жарык дүйнөгө 1942-жылы келдим. Баамымда ошол кишинин

эле элеси... Сүйлөгөн сөзү деле, айткан кеби деле угулгандай мага.

Бирок баамда кызуу талаш-тартыш байкалат, чон бир маселе

чечилип жаткандай туюлат ал жерде...

Дилим менен аны сездим, акыл менен аны туйдум….. Аталардын арасында Асан ата, Жекшенаалы, Осмонаалы, Ногойбай, Шейшенаалы, Мамбетаалы, Акматаалы, Кадыркул, Мукат дагы-дагы аттары бул жерде аталып кетпеген аталарыбыз

отурушкандай...

Мени байкамаксан болушат...

Отуруш ортолоп калган учурда Асан ата (сөзмөр киши эле, кыйкырып сүйлөгөн өкүм кишидей көрүнөт эле). Мени карай кол жаңсап: «Мобул олтурган Куйручук баштаган чоң аталарыңды таанып ал!» дегенсип мага түсүн үйүрдү...

- Аталардын намысын бийик көтөрүп, ар биринин кыял-жоругун даңазалабайсыңбы билимдүү баласың да, уулум! - дегендей кыязы бар. Үн-сөзү жок түшүндүрүп жатат ал киши. Ал оюн мага таңуулап...

Аталардын жазы маңдайлары, тирүүсүндө мен бала кезде көрүп калган, угуп калган тамаша сөздөрү, кытыгылуу кычкыл кептери менен бирге кадимкидей кулагымдан жанып өтүп жатат, кызык...

Чоочуп ойгонуп кеттим... Жумушка бара турган балдарымдын саат конгуроосу таңкы саат 6 ны кагып жатыптыр!

Эшикке чыгып, таза абадан кере-кере дем алып, бетимди жууп, көптөн бери кагаз-калем кармай элек жаным шашып ишке kириштим... Кагаз да таппайм, калемсаптын сыясы да кургап

калгандай... эки жума үйдө убараландым эртели-кеч. Ошол сезимден

жаралган ыр саптарын ушул китепке тартууладым.

«Куйручуктун айлында» деген ат менен борбордук бир гезитке

да ушул ырым жарык көргөн, көп убакыт өтпөй...

Максатым Куйручук ата төрөлгөн кут айылдын «куудул атадай>>

эле куйкум сөздөрү менен элин эриктирбей, жүз жаштагы өмүрлөрүн

жүз күндөй жашап өткөн, жүздөрүнөн ыйман-ырыскы төгүлгөн,

керемет аталардын болгонун, ар бирин колдон келишинче өзүндөй

кылып элесин элге берүүгө кудуретим жетээр бекен деген ой

түйшөлтүп жүрөт мени көптөн бери.

Айыл кыдырып, эл оозунда аздап-аздап, унутулуп бараткан кычкыл кептерин, акыл сөздөрүн чогулта баштадым. Өз убагында эл оозунда айтылып, ак кагазга жазылбай калган алтынга алмашкыс ушул баа жеткис багбан сөздөрүн кагаз бетинде термеледим... Өз деңгээлинде, (өз манерасында) өзүндөй айта алсам экен деп тынчсыздандым. Намыстуу аталардын арбактарынан ак дилде

кутулайын деген ой турат менде.

Аталардын өзүлөрү ыклас кылганы, керемет түшкө киргени ар биринин өзүнө тиешелүү касиетин, кесирин, дээрлик узун элдин учуна, кыска элдин кыйрына «кыйкырсам» да жеткирсем деген ой

турат менде.

Анда сөз аталардын болсун... Касиеттүү ушул айылда, катары менен эле КУЙРУЧУК атабыздай залкар, куйкум сөздөрдүн устаттары, «тилинде

тибирткеси» бар, улуу муундагы ТААБАЛДЫ, АТАМБЕК, НОГОЙБАЙ,

ЖУНУШ, ШЕЙШЕНААЛЫ, АКМАТААЛЫ, ЖЕКШЕНААЛЫ, МУСАБЕК,

ОСМОНААЛЫ, АСАН, МУКАТ, МОЛДОСААЛЫ аттуу аталарыбыз

жашап өткөнүн билебиз.

Аларга сөздөрү менен «ИНИ» болгон ТЕМИР, ИДИРИС,

САГЫНБЕК, САЙНИДИН Дагы башка агаларыбыздын да көздөрү

өтүп кетти бул жалган дүйнөдөн.

Убагында ошол агалардын катарында жүргөн, кычкыл даам

сөздөрү менен кыйланын делебесин кызыткан, кептин баркын

кенедей кезинен түшүнгөн ЭСЕНТАЙ ШАЛТАКОВ Деген агабыздын азыр көзү турат айылда. Буга да топук кылалы, аталардын жашына

барсын агабыз дагы.

Убагында ушул аталардын, агалардын ушул сөздөрү, укмуштуу тамаша кептери аш-тойдун арасында айтылган бойдон, дасторкон үстүндө кала берген.

Баягынын сөзү деп, барган жерде кээде эскерип калышат элде. Бирок ак кагаз бетинде, жалпы калайык-калкка жарыя болуп жазылганын, окулганын көргөн да, билген да жокпуз. Эл аралап эсте калганын чакан жазмабызда эскерип коёлу деген ойдобуз.

Аталардын, агалардын сөздөрү кимдир бирөөгөдүр арналып айтылганын өз убагында «куйма кулагына» кирип калган адам болсо, бизге кайрылса, кабарлашса бул китепке (кайталап болсо да) толуктап басып, жаңыртып, оңдоп кайра басууга даярбыз, дилгирбиз.

***ТУРПАН ТУКУМУ ТҮГӨЛБЕК***

***КАЧКЫН ОТОРБАЕВ***

Жумгал суусун жара бөлүп экиге,
Журту жатат Багышанда, секиде...
Бир карасаң кенен Чүйдөй керилип,
Бир ат чабым, чаап чыксаң четине

Бабалардын арбактары «сезилип»,
Күмбөздөрү күнгө күйүп, кетилип...
Куйручуктун уулу Медет датканын,
Урпактары жатат уктап, көшүлүп...

Кара суулуу, калдайган саз жайылган,

Кара малдар камышына жабылган.
Куудул ата Куйручуктун булагы,
Кумгай бетте «куюн» болуп агылган...

Айланасын жапан талдар курчаган,
«Ак-Чий» жатат аппак койдой жуушаган...
Арасында коён, чили секирет,
Кокту карай койдой чубап, суусаган...

<<Алтын-Арык» бабалардын белеги,
Аштык айдап, адам баккан - Жер эне,
Эмнени эксе, эки эселеп дан берген,
Энебиздей, эгиз сынар - Жер эле...

«Көк-Секиге» улак тартып «КӨК рү»,
Ооматы артып, ошол жаздын көктөмү...
«Кыл чайнашып» кызык оюн болчу эле,
Эч билинбей убакыттын өткөнү...

Чон капчыгай, мал жайыты <<Шилбили>>
Чоң аталар бул баркынды билдиби?..
Кышта жылуу, жайда салкын абасы,
Кең Соң-Көлдүн сен экенсиң «киндиги»

Жашап өткөн бабалардын «тирдиги»,
Соң-Кел жайлоо, жайлоолордун «түндүгү».
Ак боз үйдүн конуш кылып төрүндө,

Ата-баба азилдешкен күн-түнү...

«Кут даарыган» Куйручуктун айылы,
«Куйкум» сөздүү, туугандардын «айыбы»...
Куудулдардын чыккан дешет «мектеби»
Болбосо да Куйручуктай «тарыхы».

Ыракматы Темир деген ким эле?!
Учкул сөздүн «устаты>> эле, «пили>> эле...
Ага азилдеш Кукен уулу Идирис,
Акыл менен шайкеш келген <<билими>>...

Сагынбекти кимдер гана билбеген,
<<Сабак кылып» жаштар сөзүн сүйлөгөн.
Каныдабы?.. Шалтак уулу Эсентай
Качан болсо какшык кошуп сүйлөгөн...

Чукугандай сөздү тапкан Сайнидин,
Чубагандай «куйкум» сөздүн ал «түрүн»
Оттой жанып «оозунда сөз» турчу эле,
<<Октой атып» оозарлардын ар бирин...

«Чымчып» сүйлөп Жунуш ата өтүптүр,
«Чындыкты» айтып бул дүйнөдөн кетиптир...
Кыт-кыт күлүп кыялдарын мыскылдап
Кыз-келиндин жүрөк-боорун эзиптир...

Кимдер билбейт Шейшенаалы атаны
Куйручуктан алган каалоо, батаны...
Азилдетип ыр түрмөгүн тизчү экен,
Ага-тууган азайсын деп чатагы...

Осмонаалы «олуядай» сезилчү,
ОРГУП ТУРЧУ, Орошон ой кечүүсү...
Санжыралап адамдардын кыялын
Салты менен ажыратып чечүүчү...

Күйүкпөстөн күнчүлүк жер алысты
Күлүк сымал, күчөп таштап арышты...
Семетейди бул кылымга жеткизген
Сен ким дейсиң, Сазан уулу Багышты?..

Жекшенаалы «бак-бак» эткен киши эле,
«Уга» чыккан атабыздын «иши» эле.
Теңтуштардын «уюткусу» ал экен
Урмат кылган Улуу менен кичүүгө...

Асан ата «көзү ачык го» болжолдо,
Байгени алчу барктуу, нарктуу тойлордо.
Бир кезекте «маара сайып» уткан дейт,
Бир күлүгү алыс чуркаар болгондо...

Мырзалыгы - жердигинде, сөзгө бек,
Мыскыл сөздүн «атасы» экен Мусабек.

«Мууздаган кеби менен» акмакты,
Мыйыгынан күлүп туруп, элжиреп...

Биялы ата «калыс» сөздү сүйлөгөн,
Билгичтиктен ага-инисин «бийлеген».
Барса дагы токсон жашка, акылы
Баягыдай, баркы менен, сый менен

Кандан, бектен кайра тартпай Касымбек
Жашап ке ет ексен жашта азыр,тек.
Карыса да сөзү ТҮРаТ <<ТҮЗ>> болуп,
Аңыз болуп, ал Атабыз айткан кеп

Кылым кечип сүзгөн өңдүү кемеси,
Катар келет аталардын элеси...
касиети улам бийик сезилет
Караандары Ала-Тоодой, Теңдеши...

Мамбетаалы, Акматаалы залкарлар,
Ыбырайым, Кадыркулдар, Ногойбай...
Ыйык тутуп ынтымакты, кут чачып
«Ырыс» менен өтүп кеткен жакшылар...

Тулпарлардай учкул аяк ташташы...
Турмуш болуп колдорунда туткасы.
Турпан, Жапар, Түгөл менен Абдылда
Туура жашап, элдин болгон устаты.

Жаркып күйгөн ободогу жылдыздай,

Жакадагы жарашыктуу кундуздай.

Аял заты Турганбүбү, Саткындын

Айылында аты калды Чынгыздай.

Аталардын арбактары козголуп...

Атап өттүм ар кимисин эскерип...

Аман болсун аталардын «тукуму»

Айлы турсун алп кылымдай өзгөрүп...

Көп айылдын, көп жерлердин бириндей

Өз жашоосу өтүп жаткан билинбей.

Таңкы абада жылт деп өчкөн чырактар,

Асып койгон аппак тамда, иңирде...

«Кут даарыган» Куйручуктун жергеси,

Кырка конгон куудулдардын өргөөсү.

Курсант кылып кылым кечкен табышмак

«Чокко күйгөн молдолордун селдеси»...

## АТАНБЕК АТАНЫН АЗИЛ КЕПТЕРИНЕН...

Күндөрдүн биринде болор-болбос иш үчүн эки тууган кер-мур

айтышып калышат...

Экөө тең айыл аксакалдары экен. Чогуу чай ичишип эле жүргөн тууган кишилер экен. Теңтуштары: «Койгула, жарашкыла эл-журт эмне дейт, ашка-

тойго барсаңар кантип жолугасыңар, кантип бир дасторкондо тамак ичесиңер, жарашып алгыла!» - деп кайталап суранышат...

Улуусу да, кичүүсү да бул сөзгө макул болушпайт. Акыры: «Канча кылса да сен эки-үч жаш кичүүсүң да, сен алдыга түшкүн!» - деп беркинисин уялтып, көндүрүшөт. Ушундан улам убакыт бир топ эле созулуп кетет.

Кой союлат... Теңтуштары да, туугандары да жарашууга чакырылат.

Союлган кой картан кой экен... Канча кайнатса да эти кайыштай чоюлуп, каргыш болуп, карыялардын этти жейли десе тиштери өтпөйт... Ары булкуп, бери булкуп бир кабырга дагы сыйрылбай, табактагы эт желбей калат, кайта ээсине кайтарылат...

Аны эртеден бери кыраакы көзү менен байкап турган Атанбек (а дагы тууганы болот) кабагын бүркөп, боору ачыган кайгылуу кейипте:

- А, байкуш кой?! Эки туугандын элдешкенин күтүп жүрүп картайып калганын карабайсыңбы? - деп шыпшынган тура...

Муну уккан, ошерде отурган элдин баары кыраан-каткы күлкүгө чабылат. Кой союп алдыга түшкөн адам, уялганынан кечирим сурап, бир баглан козусун көтөрүп келип, бата тилеп, элге кайта союп берген

ИМИШ...

Атанбек атабызга айылдагы келиндердин койгон аты «Чоң тумшук» экен...

Себеп дегенде күлкүлүү кебете-кешпирине карап, мурду-башы коңкойгон адам болсо керек, табиятында... Сөздү чукугандай өз убагында сүйлөгөн тапкычтыгы үчүн азил катары теңтуштары да кошумчалаган болуу керек. «Чоң тумшук» деген наамга жеткирип...

Улуу муундагы адам болгондуктан Куйручук атабыз менен эле

катарлаш жүргөн инсан экен. Көп-көп таасын сөздөрүн баласы Медет

агабыз кеп кылып калчу дасторкон четинде. Азыр ал агабыздын да

көзү жок. Убагында угуп албаган төрөпейилдигибизге өкүнөбүз...

## ТААБАЛДЫ БАЙДЫН МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫНАН...

(«Таабалды байата» деген элдин оозунда калган, энчилүү эл

койгон аты, мал-жандуу, элге карамдуу киши болчу дешет.)

## ӨЗ АРА МАМИЛЕ ЖӨНҮНДӨ…

Акылдуу атын өзгөртпөйт,

Акмак акылын өзгөртпөйт?..

Чонго «чоң аяк» атап ич!

Чоңго пара бергиче, бара бер?

Жаманга «чоң аягынды» көрсетпе,

Жакшыны бөлөксүнтпө?..

Тамактын «өз ээси» бар!

Бээни саасан кымыз болот,

Пейилди салсаң турмуш оңолот?

Буюрган аштын (тамактын)

Бүтөөр (ичээр) убагы, сааты бар?

Чай ичишкенге да,

Чама керек?..

Сакал эчкиде да бар,

Мурут мышыкта да бар?..

Бутуна карап төргө өт де,

Башына карап салам бер?..

АТА-БАЛА, ТУУГАН, ҮЙ-БҮЛӨ ЖӨНҮНДӨ...

Ата-эне үчүн

Беш баласы болсо да,

Бешенеси бирдей!

Баланы табасың,

Бир тууганды кайдан табасын?..

Терт келинин болсо да,

Төркүндөрү башка жер?..

Элүүгө чыксаң да,

Эне-атан барында жашсын.

Өзүңөн «малай» чыкпаса,

Өмүрүң кантип жарысын?..

(Бул макалда балдарын, неберелерин сөз

кылып жатат атабыз, «малай» деп)

Тууганың барда,

Душманым жок деп ойлобо!

Тууганды н топурагы «алтын»

Тууганды н урушу «торконун» жыртышы...

## КЫЗ БАЛА ЖӨНҮНДӨ...

Кызга теңелген (колу тийген, сөзү тийген)

кылча жарыбайт?!

Кыз «кыроо»

Күн тийсе кетип калат!

Кыз төркүнгө,

Кырк ат байлаар

Алтын казык!..

Кыздан келгенди (калынды)

Кынга сурт! (чыгымда)

## ТАРБИЯ-ТААЛИМ ЖӨНҮНДӨ...

Тарбия - бешиктен,

Таалим-эшикте?..

Таш менен урганды

Аш менен ур!..

Жакшыдан «мөөн» туулат,

Жамандан «жаан» туулат?..

Жамандын бир өнөрү артык,

Жакшынын турпаты артык!..

Жардыны кудай кылат,

Жаман өзүң болосуң?..

Жаманда тукум кеп,

Жанына пайдасы жок?..

Жамандыкын тартып ич,

Жакшыныкын тарта ич?..

Башым бар деп көпсүнбө,

Акылын барда азсынба?..

Жакшыны сөзүнөн тааны,

Жаманды өзүнөн (кебетесинен) тааны...

Жаман үй жарга музоолойт,

Жаман келин кайнатанын төрүндө боозуйт?..

## ЖАКШЫЛЫК-ЖАМАНДЫК ЖӨНҮНДӨ...

Жаман атты жууса кетпейт,

Жаман катынды урса кетпейт?..

Жаман катын

Кеткен жерин төркүнсүйт...

Жакшы өрүлгөн камчы,

Жан жолдошко барабар?..

Катын менен казандын,

Кымбатын сатып ал же,

Катын менен казанды

Кымбатка баала?

## БАЙЛЫК-БИЙЛИК ЖӨНҮНДӨ...

Аккула жандан кайранбы же

Аккула жандан артыкпы?

Байлык-колдун кири...

Бийлик - жондун тери?..

Жоголгон бычактын сабы алтын...

Жоголгон камчынын сабы арча?..

Кул жеймин дейт куйрукту,

Кудай билет буйрукту?..

Жаманды ТӨӨ үстүнөн ит кабат же

Жаманды өз ити кабат?

## АСАН АТАНЫН (ОЛУЯЛЫГЫ) САЯПКЕРЛИги...

- Кудай Таала Асан атага кесип кылып өнөр-шык берееРде,

эсеп-чоту жок эле баарысынан түптүгөл, кенен-кесир балп эттирип

берип койгонбу? - деген ой кетет көңүлгө...

Сөзмөр адам дейин десең, сөзмөрлүгүнөн жамакчылыгы өтүп кетеер эле, жамакчы дейин десең, жамакчылыгынан санжыра

чечкени артык эле... Керек болсо Манас менен Семетейден да үзүктөй-үзүктөй үзүндүлөрдү айтып бергенге жараган мумкунчулугу бар адам ушул болгон дешет. Саяпкерликтин, мүнүшкөрлүктүн да тилин билген адам экен. Өткүрлүгү да, өжөрүлүгү да бар өкүм, кыйкырып сүйлөгөн киши эле жарыктык!

Көзү ачыктык, олуялыгы бар адам болчу десем да жаңылышпайм. Кыйкырып сүйлөгөн үнү, кызыл жүзүнөн нур жанып,

адамды ар дайым өзүнө буруп тартып тураар эле, жарыктык...

Балалык кезде да бир жылдары аталарыбыз Соң-Көлдүн

кылаасына жаны эле көчүп келгендеги бир окуя алиге эсимде калыптыр. Асан атабызга байланыштуу!

Соң-көлдүн кылаасына жаңы эле көчүп келип, боз үйлөрдүн

түндүгүн аталарыбыз көтөрүп берип, апаларыбыз тигип бүтүп

калышкан кез эле...

Жакын эле жерде (үч-төрт чакырымдай) Ак-Талаалык туугандар

да көчүп келип, конуп көк түтүн булатып калышкан экен. Боз үй тигип

ошол эле мезгилде (бир же эки күн мурда келишсе керек). Бизди

көздөй жоон топ атчан кишилер бала-бакырасын учкаштырып,

аттарына кымыз артынып, тамак-аш орогон тасмалдарын өңөрүшүп

келе жатышкан шекилдүү, өрүлүктөп? Анда ата-бабадан калган

Ошондой салт бар болчу.

Биздин аталар да аттарына минишип: «Ак-Талаалык туугандарга

айттап барып, кымыз ичип келсекпи?» деген ой менен жөнөп

жатышкан кездери болчу. Ошол эле учурда.

Карпа-курп орто жолдон кезигишип, саламдарын беришиП, ЭСКИ

туугандардай кучакташып көрүшүп, бири-бирине эзилишип, аттан

түшүп-түшпөй кеп-сөзгө аралашты алар...

Арналган кымыздан ичип, боорсок, эттен жешип, кеп-сөзгө
киришкен эчак эле....

Мындайда алыстан сөзү кулакка дайын Асан атабыздын
кужулдак сөздөрү айлананы жаңыртты, бир кезде...

- Карагер атым менен эле жарышам! - дегени угулду кулакка.

Асан атанын кыйкырганы сөз арасынан бизге даана угулду.

Көрсө алар бекер олтурганча эрмек деле эмеспи дешип, Ак-Талаалык туугандар менен аз эле аралыкка «ат чапмай» болушуптур,
мелдеш куруп...

Асан ата учкаштырып келе жаткан баласы ТурraНбekke өзүнүн
мыкты атын мингизип, мындай чап, тигиндей чап деп, көрсөтмөсүн
берип бак! Бак! Этип атканын бир билем.

Акыры сөздөрү да бүтүп, байгенин баасын бычканга Ак-Талаалыктарга, мааранын чегин койгонго Асан ата тараптагылар
милдеттендирилиптир.

Аттарды алыстыгы 8-9 чакырым келген Шор деген жердин
аягындагы Он-Бир-Жылга деген жерден коё беришке макулдашып,
кол алышышты булар. Байгесине бир тай сайылды. Аттар узатууга
коштолду.

Мааранын чегин Асан ата өзү аттап-буттап, эски журтта (үйдүн
конушу) жаткан чоң, коломтодогу үч ак ташты өңөртүп алып келип,
көл жээгин көздөй үч жүз саржанча алпарып таштатты, чеги ушул
болсун деп.

Атабыздын олуялыгын, саяпкерлигин мындан билиниз, алыстан аттардын карааны көрүнгөндө эле Ак-Талаалыктардын аты чыгып
келе жаткандай көрүнгөн. Эски журтка чейин... Чынында эле эски
журтка чейин Ак-Талаанын аты чыгып, атабыз алпарып таштаткан
(эки чакырымдай алыс жаткан) үч ташка барганда Асан атанын аты

моюнча ашып, ак-Талаанын аты куйрук улаш маарага келсе болобу? Куу! Куулаган элден аба жаңырды, кыйкырган ызы-чуудан көл жарыктык да бир чайпалып толкугандай таасир калтырды. Асан атабыз намысын алып, төбөсү көккө жетип сүйүнүп, ал түнү күлкүсү жаңырып, кытылдап басып жүрдү... Казанга тайдын эти салынды. Узун сабак санжыра сөздөрдөн түн жарылды. Асандын саяпкерлигине, олуялыгына эл таң калды. Көрөгөч адамга айла жок тура?

Билип калдык
бир кез
Атам АСАНды.
Бийик кепти мындай кой!
Билдик бекен
билинбей
Бизден өткөн
Балалык доор, «базарды»?
Бул Манасын,
Семетейин баш кылып.
Бир керемет
күлкүсү бар ал адам,
Бийлик кылган
Бийик сөздөн - Казалды...
Бак-бак эткен
Бай сөзү бар киши эле...
Олуядай
Ошол укмуш жүзүндө...
Билбегени бизге
ЖОКТОй көрүнгөн.

Табияты

Таланты зор киши эле...

Саяпкерлик,

Мүнүшкөрлүк кесиптер,

Бул киши үчүн

Бир керемет иш эле...

Өттү-кетти

Аталардын заманы…

Сөзү калды

өзү калбай-жанагы?

Элес болуп

эми турат көңүлдө,

Олуядай

ошол кезин эстетип.

Атабыздын

Опол тоодой карааны…

## ЖУНУШ АТАНЫН «ЖЫЛДЫРМА» КЕПТЕРИНЕН...

Жунуш, Кадыркул, Шаршенаалы, Мусабек аталарыбыз жайында такай Соң-көл деген жайлоого чыгышчу... Алардын кандайдыр бир теңтуштук ысык ынтымагы, бир-бирине сый-сыпаты боло турган... Ошондон уламбы бирин-бири урматташып, аздектешип, ете жакын адамдардай көп алысташпай, бир айыл, бир журт конушаар эле такай! Бир жылы Жунуш атабыз ооруп Соң-көлгө чыкпай калса, Кадыркул менен Шаршенаалы кадимкидей коңултукташып калышыптыр:

- Ка-ап! Жунуштун жогун карачы? Жунуш эле жетпей туру азыр!

билем...
- деп өкүнгөндөрүн угуп,
Эртең мененки тундурма кымызга чогула калганда жарыктык
Жунуш атанын бырс жарган күлкүсү боз үйдү үч көтөрчү эле го?..
Ыраматылык Кулуша апабыз:
- э кудай аткыр, Жунуш, эл-журт укса, бала-бакыра укса эмне
дейт?
Жөн сүйлөчү, куудулданбай! - деп, көзүнөн салаа-салаа болуп
аккан кубанычтын, күлкүнүн жашын сүрткөнгө шайы келбей тураар
эле жарыктык...
Ан сайын Жунуш атабыз да күчөнүп, акылдуу кытмыр көздөрүн
кыбындатып: «А!»- деп, ал кетип калганга чейин адамдын боорун
эзе берчү.
Ушул үйдө ырыскы төгүлүп, күлкүдөн көөдөн сөгүлүп, түн бир
оокумга чейин уйку денеден бөлүнүп каччу эле.. О, кайран
кайталангыс асыл кундер!
- Ой, Жуке, болду эми! Боорду эзбей! Үркөр батарга аз калды,
жаталы! - деген үндөр дагы бир топко жанырчу, ага арбалып.
Атабыз Жунуш эмнесин айтып, эмнеге эл мынча ээленип, боорун
тырмап күлөөрүнө таң калчубуз. Уйку-соонун ортосунда жаткан биз,
боз балдар, түйшөлүп. Эмнени тушундук?
Аталарыбыз жайлоонун сөөлөтү деп, желе-желе жылкы
байлашчу...
Чач учтугу шарактаган, шашпай кериле баскан кадырман
апаларыбыз кезмет менен кулун салышып, бээ саашчу...
Таң аткандан күн батканга чейин көр тирилик менен алышчу
алар!

Соң-кел жарыктык бир туруп мөндүр төксө, бир кайта ачылып,

апаларды бир топко бушайман кылчу.

Күн жаанчыл болуп калган күндөрү, күңгөйдүн тезеги кургабай,

бала-бакырасынын курсагын тойгузуш да чоң маселеге айланчу...

Бирок ал түйшүктүн баары балдарың менен ичкен бал кымыздан

кийин, бакылдаган аталардын күлкүсү менен коштолуп, жанды

жыргаткан, Жунуш атабыздын боорду эзген жылдырма азилдеринен

кийин, бул оңбогон түйшүк, шоона эшпей эле калчу.

Эмесе сөз ошондон болсун...

**Кантип түшүнсө болот?..**

отең менен үйдөн чыгаарда пе:

Сиз чыгыңыз, ата, анан биз чыгалы! дешет балдарым.

Кечинде эле эшик талашып калабыз да, ыя? Мунубуз кандай?! деген экен кайран Жунуш карыя балдарына, байбичесине кытмыр

көзү менен карап.

- Э. Жуке, тукум калдыбы сенде? - деп сураптыр бир тентушу

андан.

-Тукум жок, бирин-экин бала-бакыра журет! - деген экен кайран

киши курсунуп...

**

- Э, Жуке! Кайсы уулунузду жакын көрөсүз? - дешсе.

Оорукчанын, оокат-кечеси начарын, деген экен кайран

акылман Жунуш.

Аскарбек деген уулу эки-үч кун жолдоштору менен «жакшы

ичип, ага да кошул-ташыл болуп суук тийип калган го? Өнгөчү

үзүлгөнчө жөтөлүп, чучкуруп-бышкыра берген го, уулу үйде жатып

алып. Аны уккан Жунуш кемпирине шыбырайт имиш: «Бу уулуна эмне болгон, ээ байбиче?>>

-Суукка капталып калса керек, анча-мынча жолдоштору менен да жүрсе керек эле курган бала! - десе:

- Секет кетейинге айтсанчы, ден соолуктун да убал-сообу бар го, анча-мынча аясынчы аны! - деп жылмайган экен кайран Жукең...

## ОСМОНААЛЫ АТАНЫН <<ТАБЕРИК» СӨЗДӨРҮН

Бир жолку отурушта сөз арасында теңтуштарына Осмонаалы. карыя минткен экен:

– Бу карап көрсөм малдан ЧЫҢЫЛДАК айгырга такыр жетпейт экен.

Үйүрүнө үч кайталап «үзөңгү салып» кайрып турат! Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк эмес! Үйүрү түгөл... Үрөң-бараңдан жылкыны ҮРКҮНЧҮдөн мурда үйгө кууп келет да турат жарыктык! Бээ убагында саалат... Малдан чыгаша жок, киреше бар. Карышкыр да аман, кайтарган мунун үйүрү да аман. Бул айгырдын жакшысыбы же жаманыбы, ыя?

- Бу эркек танадан ҮРКҮНЧҮгө жетпейт экенбиз баарыбыз?

Кандай бозого тойсо да, кандай абалда болсо да ал өз үйүндө. кебетеси бозала чаң болсо да, өзгөрүү жок түрүндө?

Аябай эле аны шыкаалап карабасаң, өңү-түсүнүн одур-бодуру да эч билинбейт. Сөзү да жоон элден, анан калса бозо ичип алса Күрүчбектин көк букасындай күжүлдөп. Бу кандай, ыя?

- Бу катындан ҮРПҮКАН катынга жетпейт экен, мисалда?

ҮРКҮНЧҮ Кандай бозого тоюп келип жатса да, үйүнө киргизип, үлпүлдөтүп жаткызып, ур-бериге алып атса да, унчукпай танды аткызып. Уч катар төшөк алдына салдырып, үбөлүктөй кылып үстүнө

чечинтип, уйдай имерип, үч маал карап. Үркүнчүнүн уйкусун кандырып... үн-сөзү жок жалдырап... турганы турган бул бечаранын... Бул катындын жакшысыбы же жаманыбы, ыя?

- Бу тайгандын мыктысы эле Үркүнчүнүн тайганы белем, ыя?

Өгүнү Бедел-Коонун бетегесине атымды откоруп турат элем. Бир сары тайганын ээрчитип: «Беш-Ташка баратам, Осоке, капкан салдым эле», - деп жобурап жолдон Үркүнчү мага кайрылып калды.

- Эрмек эмеспи, менин деле колум азыр бош турат- деп, чогуу бастырып жөнөдүк, анан калса. Беш-Ташка жеткенче эле бедени шимшилеп жүрүп эле Сары тайган беш бөдөнө кармап жиберсе болобу? «Берeринде бешимде кымыз» дегендей эле кеп болду бечарага... Бул иттин мыктылыгыбы же иттигиби?

- Бу мылтыктан эле Үркүнчүнүн «чачыратмасындай» мылтык көрбөдүм бул өрөөндөн, тоб-бо? Адам өгүнү «акотко» чыгалы деп, бер жагы Соң-Көл, нар жагы Ак-Талаанын белине (Молдонун бели) чыга берээрде карпа-күрп жайылып оттогон «жай чарба» көп текелерге кабылып калдык...

Аттан шапа-шуп түшө калып, аткылап эле калдык баарыбыз.

Аңгыча эле, жакшы эле мээлеп аткандай болгон, жолун болгон Үркүнчү. Мээлеп аткан текенин башына тийбей, теке отурган тегирмендин ташындай ташка бир тийиптир да, андан кайып барып аңкыштап аткан суурдун башына тийбей, ары жагындагы эки ийиндин чатына тийиптир, тоб-бо? Бу МЫЛТЫКТЫН ТҮздүгүбү же Үркүнчүнүн иттигиби, ыя?

Менин баамымда Осмонаалы атабыз каймана сөздүн каймагын калпыган, карыялардын эстүүсү, «кашыгын каймакка чылаган» кара сөздүн - сөздүүсү. Кашкайта чындыкты, кадырына карабай, айтып

калган, кызыл тили жанылбаган, сөз Сымбатын кыштай кынаган, «кызыр олуя алеки салам» сымал киши эле...
Сырткы турпатында да ашык кыймылы жок, ашык сөзү жок, сыпаалыгы сынында, зыңкыйган турумунда, сыйда сакалы бар Баса, анын: «Бүркүт таптаган, тайган агыткан да бир ажайып өнөрү бар жан эле», - деп айтып жүрүшөт эл-журт.
кагелес бою кашыктай болгон адам эле жарыктык!
***
- Э, Осоке? Бу Илияс башына жарашпаса деле жалпайтып жаман тебетейин кийип алганы эмнеси? - дептир бир теңтушу, Осмоналыдан сурап.
- Э, кызыксың да, Ноко! Ырайды кудай берсе, тебетей деген өзү эле табылат да башына, - дептир, Осмонаалы атабыз ээгин кашымыш этип камырабай...
Осмоналы карыя бир жолу айылдагы арак, тамак-аш саткан көк дүкөндүн жанынан өтүп баратып, уулу АШЫМБЕК теңтуштары – ОЛЖОБЕК, ЭСЕНТАЙ үчөө теңселип арак ичип турушканын байкап калат.
Бешимде үйгө барса баласы АШЫМБЕК башына жоолук ороп, ысык үйдө чүмкөнүп алып жаткан экен, кокуйлап...
Кемпиринен сураптыр:
- Бул уулуң эмне эле чүмкөнүп, бети-башын чүмбөттөнүп жатып калган эрте бешимде эле? дептир, көз кыйыгын жылдырып ОСМОНААЛЫ карыя.
-
Кемпири жашыргансып:
— Анын эмнесин сурайсың, сасык тумоолоп калыптыр балаң,- десе.

Анда ОСОКЕМ:

Ооба, ооба! Жана көк дүкөндүн жанынан бери карай көкүрөгү булоолонгон үч сасык тумоо чыгып келатканын көргөм! - деген экен, кайран ОСОКЕМ сөзүн кыраатына чыгарып...

-

## МЫСКЫЛ СӨЗДҮН УСТАТЫ — МУСАБЕК...

Башка аталардан айырмаланып, Мусабек атабыз сөз тизгинин биринчи алчу эмес экен...

Акылдуу көз карашы менен айбат карап, кыял-жоругу менен манапка түспөлдөш бул адам, кылык-жоругуңду өз ичинен мыскылдап, баалап келип, сөз кезегин келтирип, кеп-сөз бышканда гана кебездей мууздап турчу дейт беттегенин, жарыктык!

Мусабек атабыз Кадыркул атам менен такай Соң-Көлдү жайлашчу. Бир айыл, бир журт коноор эле.

Мусабек бизге жезде катары сый адам болгондуктанбы, айтор, ысык чай ичсе деле, кой союлуп конок тоссо деле атам сый тамактан Мусабекти калтырчу эмес эле. Такай сый ТаМаk Үстүндө ушул Мусабек «кебездей» кеп-сөзүнөн «кертип» коюп отурчу экен элге жарыктык!

Сыртынан бир караган кишиге үн-сөзү жок момунсуп көрүнгөнсүгөнү менен бул адам сүйлөй келгенде «Мыскыл сөздүн устаты» ушул Мусабек деген киши, - деп элдер суктанышар эле...

Атабыздан, көп жолу өз оозунан угуп-билип, бул убакыттын алыстыгы менен унутулуп бараткан уюткулуу сөздөрүнөн эсибизде калган анын мыскыл сөздөрүнө конок берип көрөлү...

***

50-55-жылдар болсо керек эле... Бул жылдары Жумгалга сырттан «келгин» Райкомдор көп эле келип, толуп кетиптир. Көл

тараптан келген Аманбаеви кетсе, Чүйдөн Жумабаеви даяр болчу! Жумабаев кетсе, Исаеви, Исаеви кетсе Оторову, Оторову кетсе Базарову болуп, айтор, сырттан келип алар «ичип-жеп» капчыгын кампайта толтуруп, элдин акыбалын бир тыйын эске албай, элдин жашоосу ошондон улам «итке миниптир»!

Аны көрүп-билген Мусабек атабыз ЦКнын 1-секретары Раззаков Исках Раззакович районго келген бир жылдары алдынан тосуп чыгып, (аксакал киши экен деп машинесине салып кеткен экен, Мусабек таза кийинип, жол тосуп турса) мындай кеп узаткан экен:

ыя, айланайын Исках балам, бул сенсиңби? Бу сенден сурайынчы, эл башкарып жүрөсүң. Бул Жумгалдын катындары эмне үчүн «Райком», «Исполком» туубай калган? Барсаң эле «Райком», <<Исполкомдун» баары эле Чүйдөн келген, Көлдөн келген дешет эл. Ушуга жооп бере аласыңбы, балам? - деген экен кайран киши, момурап...

Муну уккан Раззаков бир мүнөткө тунжурай калып, анан өзүнө таандык сергектик мамиле менен минткен экен:

Райком чыга турган да балдарынар бар, аксакал! - деген экен, шашкалактап...

Ошондон уламбы Жумгалдын балдары да өз укугуна өзү ээ боло турган убак да келип жеткен дешет карылар... ЦКнын Биринчи Секретары РАЗЗАКОВдун жардамы менен өскөн тура көрсө АБДИЕВ, ЧАНАЧОВ, ШАМЕНАЛИЕВ КАРЫ деген РАЙКОМДУН СЕКРЕТАРЛАРЫ ошол сөздүн туундулары экен...

Мусабек атанын уулу обозбек байке шаардан билим алып, көп жыл шаарда жашап иштеп тургандыктан, айылга чанда каттап, кол бошой калса отпуска алган убакта эле барып турушса керек эле. Балдарынын баары шаарда төрөлгөндүктөн, балдарына ат коюлганда шаардагы эле тели-теңтуштары менен кызматташтырын

чакырып ат коюп алышчу тура.

Улуу баласына Азизбек деп бир ири окумуштуунун атын, андан кийинки төрөлгөн кызына Анар деп кошунанын эле бир жакшы тартиптүү, сергек кызынын аты-жөнүн коюшса керек эле...

Дагы бир перзенти төрөлгөндө атабыз Мусабек айылдан шаарга балдарына келип калган учуру экен, учурашканы...

Ата, ушул небереңизге өзүңүз эле бир жакшы ат коюп бербейсизби? - дешиптир, балдары суранышып...

- МУСАБЕК деп эле коюп койгула! - дептир, жарыктык киши, күлүмсүрөп... Чочуп кеткен балдары, келин-кесектери шыпшынып: <<ыя, кокуй, атабыздын атын кантип коёбуз, кантип атын айтабыз уялбай? - дешкен го.

Анда ал сөздү тыңшап Турган Мусабек карыя жылмайып кайра аларга суроо салыптыр:

- Биринчи баланын аты ким эле, уулум?

– АЗИЗБЕК эмеспи!

- И, мына уулундун атын менин бир тууган агамдын АЗИЗБЕКТИН атынан коюп алган турбайсынбы? Кызындын аты АНАР беле? Ал болсо кара чечекей эле чоң эжеңдин АНАРдын аты-жөнү экен, туурабы? - дептир МУСАБЕК...

- Эми мен эле калыптырмын аты коюла элек, ошон үчүн, балам, кыйналбай-кысталбай эле баланын атын МУСАБЕК деп эле коюп койгонуңар оң! - дептир камырабай кайран киши момунсуп...

***

Эмне үчүн силердин чарбада «кой баласы» өнүкпөйт да өспөйт?

- дептир башкармага суроолуу карап, жаны келген РАЙКОМ..

Башкарма унчукпай мелтирейт...

Аны көрүп турган Мусабек:

- Ай, Райком балам, башкармандын кебете-кешпиринен көрүп турасың го? «Сөзү оозунан түшүп калган» адамдан эмне сураганы турасың дагы. Андан көрө мынабу МУКАРАП деген «кой фермасынан» сурабайсыңбы? Биздин чарбанын «эсеп-чоту» мунун койнундагы «кол жазмада» жазылып турат. Эгерде ушул МУКАРАПтын чөнтөгүнө колунду салып эле, «кол жазмасын» алып

алсаң, коомдук малдын эсебин-санын табасың андан же айла болбосо, эптеп бул МУКАРАПтын ичин жарсаң, кой-козу өзү эле маарап чыгат мындан, - деген экен кайран МУСАБЕК, кеп-сөзү менен жегичтерди кебездей мууздап...

***

МУСАБЕК кийин картайып 80 - 90 жаш аралап карылыгы эбак жетип, эшикке чыга албай калган чакта, ден соолугун сурамжылап билейин деп, айылдаш, кошуналаш турган ТУРПАН атабыз барган имиш:

— Э, жезде, балдарым эр жетсе, өз тиричилигин өздөрү тейлеп кетсе, ОБОЗБЕК мага бир «ысык үй» салып берсе, эжең бир ак боз үй көтөрсө эле балдарымдын алдында кете берет элем деген, баягы убада сөзүңүз кана? - десе.

Ошентейин деп эле атам, ТУРПАН, кудайдан да үч маал

тилегеним да ошол! Өлүм албагыр мени, ОБОЗБЕКтин догдурлары келип эле ойронумду чыгарып, өлөйүн деп жатсам, улам тирилтип коюп жатпайбы? - деген экен кайран киши, мүңкүрөп...

***

- Ээ, жезде, тамакты эмне эле ченеп ичип калдыңыз, арыктайын дединизби? - дешсе.

- О дүйнөгө алып бараткanda бала-бакыра табытымды

көтөргөндө кыйналбасын-кысталбасын, аларга жеңилирээк болсун

деп ойлоп атпаймынбы?

дептир кайран МУСАБЕК тилинен

жанылбай, өлөөрүнө саналуу гана күндөр калган убакта...

-

## ТЕМИРДИН «ТЕРМЕЛЕРИНЕН»...

Темир агабыз: «бир жылдары мен да «чолок актив» болуп

«чочондоп» көргөм, - деп кулуп калчу экен, борс-борс этип.

- Анда эмне, өзүм мугалимдикти кесип кылып журуп, жаны эле

бул кызматка аралашканмын, - дечу ТЕМИР.

Айылдын «мугалими» менен «активинин» ортосунда асман

менен жердей айырмасы болот экен деп койчу Темир агабыз

жылмайып...

Эптеп жатып бир жыл, жарым жылда элге аралаштым.

Аралашканда да аябай аралаштым, «майлуу боор» болуп кеттим деп койчу эле кытылдап күлүп. Актив сөрөйлөрдүн да «атка жеңил,

тайга чагы» болот эмеспи, анысы мен элем... <<Аны алып кел, муну

байлап келдин» баары менин мойнумда болчу.

«Акеңди узатып ий!», Байкендин башы ооруп калыптыр»,

Жеңендин жел оорусу кармап атат, Жети-Өгүз курортуна жеткирип

кел!» - деген сөздөрү мен үчүн айтылган «дежурный» эле сөздөр

болчу... Болгон кызматым колхоздун «кассири»...

«Алгандын бергени бар» дегендей, акыры бир куну чоң текшерүү

колхоздун кассасын басты.

«Аны алыпсыңар, муну алыпсыңар» - деп актысын олчойтуп

жазды.

Ошодон кийин «ооруп калдым»... Ооруганым ушул, оң колумду

чыканагыма чейин ак марли менен ороп тандым... Сынды деп,

колумду сырайтып алып, догдурга бардым, справка алдым...
Актыга кол коёрдо: «Өзүңөр эле кол коюп койгула, акелер, кайсы
колум менен кол коймок элем, танмак белем?» - деп кыйыктандым.
Ошентип коомдун нанын кочуштап жегендер кол коюп,
здирендегендер соттолуп кетишти...
Кокуй, бул ишим жарабайт тура, мага? - деп кайра ойлондум
да, кол шилтеп алып, Колхозун кокуй экен, деп басып кетип
калдым андан ары, дечу кайран киши жылмайып...
Анда мындай «ТЕРМЕ>> жазганым да эсимде, - деп күлдүргөн эле.
Баш тамгасы <<Б>> болсо.
Башкарганы бул болсо?
кошо журбей темселеп,
Кой кетейин эртерээк,
Булар менен бекерге,
Соттолгончо?..

Активдин баары жейт экен,
Алсам-жулсам дейт экен?
Аягы эмне болоорун,
Ал иттер, билбейт экен?!

Элдин акчасын
Энчисиндей көрөт экен?
Бекер акчага өлөт экен...
Бекер акчага көбөт экен?
Экөөлөп-үчөөлөп, энеңди урайындар!

Энчисин бөлөт экен...

Баягы текшерүү кайра келсе,

Бөйпөңдөшүп бети жоктор!

Жегенин кайра төлөйт экен?!

Аманымда (аман-соомдо)

Кетейин дедим...

«актуп» бобой эле

Айылга мугалим болуп «жөн эле» кайра

Акырын, Жашоомду тынч, өтөйүн дедим ...

- деп кулду борсулдап...

***

Түгөл-Сай орто мектебинде завучмун. Узун түркүктөй далдайган, бою эки метрче келген Дуулатов деген бир мугалимибиз

боло турган эле. Ар дайым эле белгиленген саатта сабагы өтүлбөй

калчу. Ал же кечигип келчү, же сабакка келбей калчу... Сүйлөшүп көрсөм, чарчап жүрөм дейт... Жаш аялмет имиш, убакыт сааты жетишпейт имиш... «Уйкум да канбай жүрөт» - деди сырдашканда.

- Деги канча саат уктайсың, жолун болгур, айтчы угайын! - дедим

бир жолу ачуум келип.

- Ай, байкебай, 17 - 18 саат деле убакыт болсо уктай берет элем, -дебеспи.

- Ай, Дуулатов, суткада деги канча саат бар экенин билесинби?

- дедим суроолуу карап.

- 24.

- Эй, Эсенжан, 24 сааттан 18ди алчы канча калат деги? - дедим

ачуумду тыя албай. -Кынк-мыңк этип, 5-6 саат калат го деп атпайбы.

- Эй, акмак, суткасына 18 саат уктасан нар жагы аз эле алат экен,

элдин баарын ушинтип убара-чиркөө кылбай, андан көрө өлүп эле

албайсынбы? -дедим эле. - Үн-сөз жок. Унчукпайт укуруктай болуп...

## КОШОМАТЧЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ ...

Баш тамгасы «Б» болсо эле,

Бекиш дей бер!

Баш тамгасы <<С>> болсо эле,

Сакиш дей бер!..

Баш тамгасы <<Ш>> болсо эле,

Шаке дей бер!

Баш тамгасы <<К>> болсо эле,

Каке дей бер!

Баш тамгасы <<Т>> болсо эле,

ТОКОЛОЙ дей бер!

Кошоматтын баш тамгасы ошо>> болот,

Колундагы «БОШ>> тамга менен

Коколой бер?! - иним, деди кулуп...

## КӨРАЛБАСТЫК ЖӨНҮНДӨ....

Байке-ооф! - дегеним,

Башынды жутам

Шашпагын! – дегении…

Ата-ооф! - дегеним,

Атандын башы

Акыры сени жутам! - дегеним...

Секет кетейин! - дегеним,

Секетим кет,

Садагам кет!- дегеним...

Айланайын! - дегеним,

Айланып кет

атымдан - дегеним..

Чоңмун десең...

Чоңдугуна чокоюм де (ичинден кайры ушул саптарды)

Баймын десе...

Байлыгыңа батегим де! (ичинден кайры ушул саптарды)

## ИДИРИСТИН «ИЛИМИ»...

Идирис агабыз мугалимдик асыл кесипти аркалап жүрүп «а

дүйнөдөн» өтүп кетти, пенсия жашына чыкпай. Тубаса бутунун майыптыгы барбы, ким билет? Сылтып басчу эле кайран киши, ден

соолугунан улам го...

- Нарындан окууну бүтүп келип, өз айлыма мугалим болуп иштеп

калдым эле дейт Идирис. Бир жылча иштегеним жарым-

жартылай аяктай электе эле, РАЙОНО башчысы, аты эсимде

калбаптыр, мени чакыртып:

- Эй, сен бала, көптун го, ыя? Айлында айран-сүт ичип

тайрактап? - деди.

Быйылдан баштап тээтиги Сары-Камыш деген «ит өлчү» жерге

жиберели сени «молодой кадр» катары мугалим болуп ошол жерге

барып иштейсиң, - деп калды, итендеп... (түшүнсөм кудай урсун)

- Агай, менин айылда кары-картан ата-энем бар. Аны үстүнө

жаңы эле үйлөндүм эле, ден соолугум да начар, бутумдун тубаса майыптыгы бар. Уккан кабарда, Сары-Камыш бийик тоолуу жер болот экен.. Өйдө-ылдыйынан да басып жүрө албайм го, райондон да, ата-энемден да алыс кете албайм, бул жердеги ишимде саатым өзүмө жетишерлик эле, - деп жобурадым.

Анда биз айткан жерге иштегин жок турбайбы? - деп

мыйыгынан күлүп, мугалимдигимден бошотуп салды, эртеси буйрук

берип. – Буга кандай айла тапсам? - деп турсам, атам айтып калды:

«Э, балам, чоңдун «чокой боо» сураганы ошол, эмне кымыздын

жокчулугубу? Тоодон барып кымыз алып кел да, бир козу табылаар

алпарып бер чоңуңа, көп ишти узартпай!» - деди.

Чын эле атам айткандай кылып, атка бир козуну өңөрүп алып,

эки чанач кымызды артынып РАЙОНО Турган үйүнө келдим,

кечкурун... эл жатаарга жакын үйүнө шып кирип бардым...

Козуну, кызыл чанач кымызды көрүп көңүлү жайланды... Үн жок-

сөз жок тили байланды, мени кабыл алды. Түшүнүктүү киши экен

токтолбой эле:

же

- Бар, бара бер өз ордунда эле калдың, иштей бер! Деректириңе

мен өзүм айтып коём! - деди...

Кеттим. Кудай жалгап, мага бир жыл, эки жыл эч ким тийишкен

жок. Мени кызматка көтөргөн жолдошум, досум, «эки чанач бир

КОЗУМ» болду!

Ошондо ойлоп көрсөм, билимдүүлөрдүн деле бул РАЙОНОго

кереги жок экен?!

Мектепти чала-монол бүткөн билимсиздерди деле «башталгыч

мектептин мугалими» кыла берчү тура, алдагинтип «парасын» алып....

Ошондон улам, момундай ыр чыгаргам:
«Эки чанач, бир козу»
Эр жигиттин жолдошу?
Нарындан бүтүп келсең да,
Бар болбосо колдоочуң!
«Ит өлгөн» жерге айдашып,
Шорполоткон шорпосун?!
Эптеп ишке жарадың,
Эсил кайран, жан досум,
Эки чанач, бир козум?

«Эки чанач, бир козу»,
Эр жигиттин жолдошу?
эбин таап берсең ОНОго,
Эч жакка барбайт, бала! - деп,
Эки жылча колдоочу?

<<Эки чанач, бир козу»
Эр жигиттин жолдошу?
эбин тапкан шылуундар,
Эчак алган орношуп...
Менчиктеп алган турбайбы,
Бу Жумгалдын «ОНОсун»...
Анан кантип Жумгалда,
Алдым-жуттум жоголсун!
«Агартуу иши» оңолсун?

РАЙОНОбуз көрсө сендейлерди, мендейлерди «ары чайкап, бери чайкап» алчусун алып, алпарып бергендин азын-көбүн таразалап байкап, анан кызматын берчү тура, көңүлүңдү жайкап?! Байкуш мугалимдерден ошентип, «Чокой боосун» өндүрчү экен, өз ыгына көндүрчү экен... Аны ким билсин? Таржымакалын таалимин алгандан улам, ошентип иштеп турганбыз убагында, балам - деп күлдү Идирис агам...

## САГЫНБЕКТИН «САБАКТАРЫНАН»…..

НИЯЗАЛИЕВ СУБАНБЕК деген мектиптин директору боло турган эле айылда...

-Э, кудай каары, Сагынбек! Элдир-селдир сенде эс боло турган эле, эртели - кеч эси жок балдарга теңелип,ээн баспай, тээтиги

НАРЫНда үч айлык окуу ачылып жатат мугалимдерди даярдайт экен... Ме мобу кагазды алып барып окуп кел! - деди мурутун

чыйратып, куш тилиндей кагазды мага сунду СУБАНБЕК!

- Атасы жок деп мага боору ачыганбы? Туугандык да жайы бар эле...

же тирикарак адам болот ушу дегениби билбейм, айтор, суроо-жоопсуз кудуңдап сүйүнгөн бойдон, кагазды алдым да, үйгө бардым... Энеме болгонун айтып, куржунга кийимдеримди салдым. Эптеп Нарынга «жол кире» таап, жол тосуп, усту ачык «грузовой» машинеге түшүп алып, окууга кеттим! - деп айтып калар эле Сагынбек агабыз.

- Сагынбек агабыз жетимчилик желкесинен баскан, кыйын, оор турмушту башынан көп өткөргөн адам болгондуктан, өзгөчө сезимтал адам боло турган эле.

Өзүнүн илеринкилигиненби, адамдын ичи-койнуна бат эле кирип кетчү. Сөздөрүнөн «бал тамган» адам ушул болчу.

«Жылуу сөз жыланды ийнинен чыгарат» демекчи, сөздөрү бал татып турса, кичипейил болсо, бат эле элге-журтка алынып кеткенин

бирден бир да себеби ушундан улам болсо керек деп ой кетет.

Тез эле эл ичинде Сагынбектин <<бал» сөздөрү оозго илинди.

«Сагынбек минтиптир», «Сагынбектин какшыгы», «Сагынбектин санжыралары», «Сагынбектин сабактары», эл ичинде учкул сөз болуп, эл аралап коштой чаап калган.

Сагынбек агабыз дүйнөдөн эрте жөнөдү. Эгер ал киши өз ажалы менен аталардын жашына барганда кызыл тил өнөрү менен кыйла сезмер адамдардын алды болмок экен? - деп шыпшынышат азыркыга чейин теңтуштары, жердештери...

## ЭСЕНТАЙ ЭМНЕ ДЕЙТ...

Куйручук айлында шайлоого даярдык көрүп жатат элек.

Шалтаков Эсентай агабыз шайлоого «жооптуу катчы», мен район жиберген өкүлү элем...

Шайлоо тизмесин тактап, карап атып эле комиссиянны бир мүчөсү айтып калды:

-Оп-ээй, кызык! 106 га чыккан бул айылда бир апабыз бар экен?!

- деп. Бу Жумгал тарапта, Жумгал эмес Нарын чөлкөмүндө андай жашка чыккан киши көрүнбөйт го демекчи? 106 жашка ким чыгат?

- Ага эмне башынды оорутасың? - деди Эсентай агабыз, кабагын чытып. - Көп болсо «ара төрөлгөн» эмедир ал, андан көрө тизмеңдин ар жагын тактачы! - деп койсо болобу, кабагын карыш салып...

Кыраан-каткы күлкү жаңырды залда...

## САЙНИДИН ШИЛТЕГЕН «ШАПАЛАК»

Сайнидин аттары аталып кеткен агаларыбыздан жаш жагынан көп кичүүсү ушул боло турган эле. Сөз башталаарда эч шашпай баштап, желкесин кашып, бир азга ойлонуп, сөзүнүн аяк жагын Манас айткандай күпүлдөтүп, келип шапалак менен чапкандай шамдагайлык менен бүтүрөр эле...

Качандыр бир жаш кезинде жалданып иштеп жүрүп, темир арага (циркуляркага) оң колунун ортонун чыпалагына чейин алдырып алган шекилдүү...

Ошондон уламбы же айтылган сөзүнүн октой таамайлыгынанбы, айтор, элдер аны «тапанча кол» дешчү...

Сергектигинен тез эле көтөрүлүп, бир жылдары айылды дүрбөтүп бригадир да боло койду көрүнөт...

Негизинен билими он жылдык менен чектелген, бала-бакыралуу, жаш аялмет, өз оокатына тың, «өз сөзү өз оозундагы» сезимтал адамдын бири ушу Сайнидин эле...

Жанында эле журуп шапалактай шилтенген» учкул айтылган таамай сөздөрүнө күлүп, а бирок анча таназар албай жүрө берген экенбиз... Баягы эле кайталанган төл сөзүндөй көрүп... Азыр анын ар бир сөзүн эл ичинен издеп табыш, алтын казганга тете иш болуп калды көрүнөт биз үчүн?

***

Мисалга Сайнидиндин бир-эки айтылган сөзүнөн эсибизде калганы бул экен:

Ичкиликти такай ичпей тура албаган адамдарга:

- Ана шымына сийерлер, шыкап ичерлер келатат, - деп койчу ал күлүп, шылдыңдай карап.

Малын өзүнөн аяп сойбогон макулуктарга:

Бул акмак ушул алдына салып айдаган малдын баары эле

мага буюрган деп ойлоп жатса керек? Тамактан (кекиртектен) нары

өткөнү сеники, акмагым, андан калганы Кудай Тааланыкы, - деп

койчу шыпшынып, «тапанча колу» менен ээгин кашып...

***

Күндүгүнө жорго минип, жол тизгинин тартпаган,

Күнүнө «Чокой боосуна» бир кой таппаган жигит, жигитпи? - деп

көпкөн активдерге көрүнөө эле тийишип өтчү, кайран САЙНИДИН

колун кылычтай шилтеп, байкатпай көпчүлүк элге көзүн кысып.

**МОЛДОСААЛЫ АТАНЫН ЖОРУКТАРЫНАН...**

Молдасаалы карыя таягын таянбай, таягын колу менен кошо

артына алып, какайып, казча баскан киши эле.

Теңтуштары күлүп:

Э, кудай каары МОКЕ! Таякты анда эмнеге алдыңыз,

таянбайсыңбы? - дешсе.

-

ЭК, кокуй, адам! Таякты таянып баскандай мен сендей

«бракка» чыккан чал бекемин? Таяк мага мал айдаганга, капыл-
тапыл

сага окшогон «ИТ» чыга калса айбат кылыш үчүн керек, - деп койчу

күлүп.

Бул кийин эле 80 жаштан ашкан кезиндеги кербезденген кеп
сөздөрү эле.

- Э, балам, эмнесин айтасың, эчен замандын тузун татыдЫК ГО

ушул <<ТАС» башым экөөбүз, — деп күлүп койчу жарыктык киши,

башын тырмап. - Николай нанын да жеп көрдүк, Сталин нанын да

чайнадык.. Эми минтип «берешен» БИРИЖИНИПтин да (Брежнев)

токочун жеп көрүп атабыз.

— Бу кыска өмүрдө үч нерсе аткарбаганыма өкүнбөймүн, балам,

И, де! - деди..

-

- Биринчиси, окуп билим албаганым жакшы болуптур, окуп

билим алганда, азыр жанагы кызматты «минип» алып ордуна

отурбай «оромпой тепкен» обу жок «актүптөрдүн» ой сазайын берет

белем? Арыз жазып алып БИРИЖИНИПиңе чейин бармакмын. Бул

айылдан бир «шүмшүк арызчы» чал чыкты деп эптеп уюшуп алып

мени түрмөгө кестирмек бул көзөлдөр!

Түрмөдөн өмүр бою «ана чыгам, мына чыгам деп журуп, бала-

бакырам жетим калмак экен... Мунума да шүгүр тоб-бо кылам!

— Экинчиси, элге окшоп арак ичпей калганыма аябай ыраазымын

өзүмө... Эгер мен элге окшоп арак ичсем, кебете-кешпирим бул

болсо, жен турганда эле желпүүрүн табактай желип басып жүрөм,

арак ичип алсам камгактай учмакмын, кагылайын!

Элден биринчи эле мен мушташмакмын же бирөөнүн тумшугун

канжалатып, күндө милийса менен жакалашып түрмөнүн түбүндө

жатмакмын, секет кетейин!

Же эки стакан тартып алсам темтеңдеп же жанагы көчөдөгү

бекерчи мастардын арасында кучакташып биринчи мен жатмакмын,

тегеренейин? Үй-жай күтмөк белем анда? Милиса көчүккө тээп

<<ыштырап» төлө Эй шүмшүк, чал! деп, үйдөгү бала-чакамы

куурумак экенмин өмүр бою?

– Үчүнчүсү, жанагы көк жөтөлдү күчөткөн, көк түтүнү бар тамеки

деген талаада калгырды тартпай калганым чоң абийир болуптур,

балам...

-Муну тартсам, ушул жашка чыгат белем, жок белем, какайып,

кадимкидей «БАСЫП-КООП» турат белем? - деген эле кайран киши...

Ушул сөзүн ырга да салып көрдүк:

**МОЛДОСААЛЫНЫН ҮЧ СӨЗҮ..**

***(тамашасы)***

Ичсем, балам, мен аракты башында,
<<Ит болмокмун» илгери да, азыр да?
Жүрөт белем көрүнгөндү жакалап,
Түрмө түшүп, түпкүрүндө акырда?

Өнүктүрбөй мен «сабатты» башында,
Өткөнүмө өкүнбөймүн азыр да...
Арыз жазып, айылды бүт чуу кылып,
Кетмек белем, мен түрмөгө жашымда?

Тартпай калып тамекини жашымда,
ТОБО КЫЛАМ мен өзүмө, азыр да...
Окшошмокмун НаркоМаНдын өзүнө,
Нарда жаткан, өңдөн азган каапырга?

Жөн үргөндө, жөн сүйлөбөйм азыр да,
Мага бирдей «соосу» адамдын «масы» да...
Болбогондо БОРКОЛДОЙДой кыялым,
Болмок эмес, мобу баштын «ТАСы» да, балам?

* * *

«Айылга АКНАЗАРОВ» деген РАЙКОМ келет экен, актүптөрдү

аябай сөгөт экен» - деген сөз угулуп калды, айылда.

Андайда алакташып атып «актүптөр» да өздөрүн тез эле

билдирип коёт эмеспи, кыял-жоругун эл-журтка...

- Ата көрү! АКНАЗАР келсин! - дедим... - Ырас эле болуптур,

мен да конторго барайын да, бир аз айылдын акыбалын жобурап

берейин ага, - деп жөнөп калдым.

<<АКНАЗАР>> конторго жаңы эле түшүп, тез эле кирип, чыгып

кайра жоон топ «актүптөр менен кетип» баратыптыр. «Лөкөбайынан»

эле «АКНАЗАР» экенин жазбай тааныдым. Алыстан көрүп, кетип

калбагай эле деп, алдынан тосуп чыктым да, машинесинин токтоор бекен деп кол көтөрүп көрдүм…

Бир аксакал киши экен? - дедиби, кол көтөргөнүмө токтоп калды

лөкөбайы.

«Лекөбайына» түшүп алдым... Сылык адам экен..

- Аксакал, эмне районго барасызбы? - деди мага АКНАЗАР.

- Жо-ок, балам! Районго эмне бар маа? Жөн эле мобу айылдын

активдерине бир көрүнөйүн деп эле түшүп алдым, балам - дедим.

– Бу шүмшүктөрүң сага түшүп кетти десе да, жеп-ичкендери бир аз

азаярбы дегеним да?

- Ай, аксакал, ай! - деп «АКНАЗАР» башын чайкап күлдү...

Кайран киши АКНАЗАРОВдун машинесине түшүп, үч

чакырымдай барып, кайра үйүнүн тушунан чоң жолго «топ» этип

тушуп калган экен, ошентип... Эртеси айылда: «МОЛДОСААЛЫ ТАС»

АКНАЗАРОВДУн машинасына түшүп кетти, биз көрдүк дешип

айылда уу-дуу сөз болуп жатты дешти, керели-кечке...

-

**КАСЫМБЕК АТАНЫН СӨЗҮ «АТЫЛГАН ОК»!..**

Касымбек атабыз, башка аталардан айырмаланып кыял-жоругу

менен өлчөнсө, тигил аталардан «АСМАН менен ЖЕРДЕЙ»

айырмачылыгы бар адам десе болчудай!

Төрөлгөндө эле «тилине тикенек бөлөп» сооротушчубу муну,

ким билет, бул адамды ыраматылык энеси «ыркыратып» эле төрөп

койгондой!

«Касымбектин каарына калгыча КАНдын каарына калган жакшы>>

- деген лакап сөз бекеринен айтылып калган жок бул айылда.

Карманган сөзүн «камыштай сааган», карандай айтылган какшык

кептерине жан чыдабаган, бул «азаптуу» атабыздын ар сөзүнүн

<<Девизи» эле өзү айткан макал-лакаптарында жаткан экен көрсө?!.

- Сөзүң өлгүчө өзүң өл!

- Убагында айтылбаган сөз - жетим?

- Сөз убагында айтылбаса сөөдүр болот.

-Кеп убагында айтылбаса кейбир болот?

Билген сөзүңдү атана бербе?- деген мунун төл сөздөрү,

күндөлүк эле турмушунан алынган сөздөрү экен...

Касымбек атабыздын кыял-жоругун билген кишилер, анын

замандаштары, айылдаштары беттегенин бетке айткандан

тартынбаган кыялы бар «чатак» адам дешет көбү...

Тикенектей ачуу, калемпирдей курч татыган сөздөру менен, теңтуштарын тескеп өтүп, азыр да токсондун тоодой жашына келип

калган курагында да, сөзүнүн күүсүнөн жанбай, кеп-сөздөн калбай

турганы-турган эл ичинде.

Ал кишинин, айыл-апага да,, активдерге да ал эле эмес ардактап

сүйгөн үй-бүлөсүнө да айтаар сөзү:

«Сөздүн туурасы экен»...

Сөз чындыгынан бузулбайт, бетине айтам деп журуп бекер эле

жаман көрүнүп калганы да ушундан улам болсо керек айылдаштарына.

Касымбек «кажыган» адамдын өзү, канча жыл болсо да ага саламга келбей калат экен. Андан аарыдай качышат, бул чындык сөз... Ал кыялын билсе да, оозуна келе калган сөзүн ар кимге «октоп»,

тилин агытып тура берет, айтпай калбайт. Токтоно албаганына да толгонуп, кейибейт. Кудай берген жанды кудай алат деп коёт.

Атабыздын, да бир өзгөчө касиети адамды таанып-билүү сезимталдыгынын өтө күчтүү өнүккөнүндө (шестое чувство дейт орустар) Өң таанышпы же ошол жедик эле адам болобу, жолукканда сени бир көргөндө эле ички сырыңдын, кебете-кешпириңдин, ойлогон Оюндун бет пардасын ачып сыйрып салганында турат.

Касымбек атанын сага берген барк-баасы, сыны өмүр бою сага

<<каамыт» болуп мойнуна илинип калганында турат. Атабыз энчилеп берген ошол ат өмүр бою сага менчиктелгенинде турат. «Энчилүү

ат» болуп бекийт сага ал.

Капырай, буга чейин байкабагыныбызды карасаң, Касымбек

атабыз тим эле таамай ат коюптур бул адамга деп таң калчубуз,

анын айтылган ар сөзүнөн улам...

Анда, эсте калган Касымбек атабыздын бир-эки «ШИНГИЛ

сөзүнөн мисал келтирип көрөлү:

***

Адам ээй, мобу «ТӨРАГА бала» (Азыркы замандын

башкармасы).

– Чыгдандагы чыла даамданган, «чыйрыккан» сүттүн эбин таап

иче албай «итейип» төккөн, моюнчасын үзгөн «чакалай» торпоктой

энтеңдеп жүрүп (эми араң жеткен кызматка) келди эле бул жерге.

Карасаң эми «кадырлуу адамдай» болуп, «сулуу семирип» алган

тура, деген сөзү эмнени айтып турат кытыгылап?

Ар кай жерде жөндөп иштей албай, чаалыккан «чаар» аттай

чарчап келген, арыкчырай өңү сепкил баскан «чыт курсак» бул айыл

активин азыр курсак байлап, өңү-башы оңолуп, баягы кебете-

кешпири жоголуп, калганын даңазалап бергени тура, атабыздын

бизге көсөмдөй көзгө сайып көрсөтүп.

****

Бир жылы айылдын, бир «ээн ооз» боз баласы, бригадир болуп калып айылга: «Контракт төк! Эт төк!» - деп элдин эсесин кетирип, экилентип Өкмөттөн мурда элге «шапалак» болуп чабылып, элди ашыкча кыйнап жиберген го, «өсөм» деп байкуш?

Аны атабыз Касымбек:

- Адам ээй, мобу «шайтандын шапалагынын» да шапар тебе Мейли... Мейли!.. - дептир, турган мезгили келген турбайбы? мыйыгынан күлүп Касымбек. – Мунусун да көрөлү.

***

Дагы бир жакын инилери улам эле аял кетирип, аял ала берген го? Аны Касымбек:

- Бир аялдын убалына сен калдың эле?..

- Бир аял сени кетирди иним, анан?

- Эми бул аялды алмакчымын деп асылып турасың? Жерден тапкансып жетелеп келдин бирөөнүн жесирин,

туубасын.

Сен эмне, аялдардан алайын деп жүрөсүңбү акыркы өчүнду? - деп туздаган экен кайран киши. Сөздүн айтып туурасын.

***

Кебетеси ЧӨӨдөй болгон, түрү суук, бети-башын түк баскан, көзү ҮКҮнүн көзүндөй өзгөчө төгөрөк көз, же көк көз эмес, же күрөң көз эмес. Кара көзгө карааны жолобогон, Ай сыяктуу карегинин

тегерегинде иймейген ичке агы бар. ЖААНША аттуу колхоздун таза

тажаал, тээжик шопуру боло турган эле...

Анын тээжиктигин, тил албасын КАСЫМБЕК атабыз деле билчу,

бирок элге сөзүм калсын дегениби, атайы гаражга издеп барып, гараж

алдында машинасын токтотуп жанында турган ЖААНШАга

КАСЫМБЕК атабыз кадимкидей тийиштик кылып минткен экен:

— Э, ЖААНША, чөп баскан чөөттөгү кудуктай болгон кебетенден секет кетейин, капшытынан кабыргасы көрүнгөн сендей бир «семиз>> кунан чыкмам бар эле, алдына салаар чебу жок ачка канкайып турат. <<Алтын-Арыктагы» атандан анча-мынча, он таңгак беде чөбүн сурадым эле ошону тартып бере аласыңбы? - дейт экен. Ошоякта эле жүрөсүң го кечке эле чеп тартып...

ЖААНША КАСЫМБЕКтин сөзүн угуп туруп, же бар деп, же жок деп унчукпай шар эле машинасын от алдырып, үйүнө келип, өзүн

күзгүдөн дааналап караса, чын эле КАСЫМБЕК айткандай, бети- башына чейин түк баскан, эки көзү араң эле күзгүдөн жылтырап көрүнгөн чөөттөй кебетеси бар экен, аны карап туруп күлүп

жибериптир каткырып...

- О, кудая тобо! КАСЫМБЕК мени чын эле айтыптыр! - деп кадимкидей сүйүнүп, ошону кеп кылган дешет шопурларга...

***

КАСЫМБЕК ата өмүр бою колхоздун «Веттехник» деген кызматын иштеп жүрүп пенсияга чыккан киши...

Бир куну кыштоолорду кыдырып, жолдо баратса коктунун усту жагындагы бийик таштын башында сакал-муруту сапсайган бирөө олтурат дейт, китептин барагын тең белуп ачып коюп эки жакка көнүл

бурбай, эч нерсени байкабай, таштай ордунда катып...

КАСЫМБЕК дагы бир жолу дааналап караса, КАРЛ МАРКСка

окшойт. КАРЛ МАРКС Өзу эле олтургандай!

- А Кудай урган, КАРЛ МАРКС кандай себеп менен келип калды экен биздин айылга? Эмнеси болсо да жакын барып көрөйүн деп, атына камчы басып, ага жакындап чыгып барсам эле дейт

КАСЫМБЕК ата...

– КАРЛ МАРКС эмес эле тиги, талаада калгыр, шаарга батпай,

иш таппай айылга келген эле АБДЫРАХМАНдын көк көз шүмшүгү

тура! - дептир КАСЫМБЕКтин күйбөгөн жери күл болуп...

Элдин баары контордон айлык тийеби деп кассанын эшигинин алдында күтүп турган эле. КАСЫМБЕКтин ачуусу келип «Башкармага барып кирейин» деп, ал жерге барып калат.

Ачуулу түрүн көргөн эл:

– Э, КАСЫКЕ, тынччылыкпы деги? - дешиптир.

— Э, атаңдын оозун урайын, кудай таала ага бербеген мурунду МОКИнин сары манкасы менен, адам, КАЙЫПКУЛДун кара тайганы, БЕКТУРГАНДын желке тазы үчөө жетелешип алып, менин талаадагы чапкан чөбүмдү үйүнө тартып кетишиптир, ой! - дейт ачууланып.

Сүрөттөгөнү туура экен

МОКИЕВ ЖЕЛДЕҢ Чыны мурду бучугураак келген сары киши, КАЙЫПКУЛДЫН баласы куу тайгандай шимшилеп, жүргөн-турганы шыпылдаган неме эле, БЕКТУРГАНДЫн АКИНи дегени желкесине СЫЗДООК ЧЫГЫП, желке чачын тасырайтып кырдырып жүргөнүнө бир-эки айча болгон дешти эл.

Баарын КАСЫКЕҢ туура сүрөттөп айтып жатат дешти эл күлүп....

**ШЕЙШЕНААЛЫ АТАНЫН «ШЕРИНЕЛЕРИНЕН»**

**Фото**

**ЖАМГЫРЧЫ БЕЙШЕНАЛЫ УУЛУ**

**1883-1978-жж.**

Шейшенаалы атабыз, бир караган кишиге бакыйган кара сакалы бар, кара көрпө тебетейди чекесине сыны менен сеңселтип, чыкыйтып кийген, кең далылуу, бүркүт кабак, кеп-сөзүндө «кермек даам тузу татыган» керемет киши көрүнөт эле.

Чукул жерден чукугандай сөз тапкан, ар кандай акыбалда акыл сөзү менен «көчүн арткан», калпты чындыкка, «каймакты сүткө аралаштыргандай» куюлуштуруп кошуп сөз тапкан, андан улам каткырык күлкү жараткан. Аң-сезими өтө күчтүү өзгөчө бир

кайталангыс жаралган жан эле дешет.

«ТЕРИЧИ

Атабыздын айылдагы келин-кезек тергеген аты —

КАЛДАЙ» болчу. Элден тери, жүн жыйнап, өзүнүн бою терең адам

болгондон улам чыккан кеп-сөз го бул?

Илгери ошол эл кыйналган жылдары, айрыкча согуш маалында,

«ТЕРИЧИ КАЛДАЙ» келатат дешсе, анча-мынча кой-колонун союп

же шырдак, ала кийиз жасайм деп тытып алган жүнүн чогулткан

апалар катарга жер таппай калчу экен.

Негизсиз пландар элге кеп салынып, «эт төк! Жүн төк! Тери

төк!» дешип, Райкомдон күнүгө «келгиндер» келишип, элди кыйнап

турган ушул учурда, Шейшенаалы атабыз ЭЛ Менен ӨКМӨТтүн

ортосунда элчидей жүрдү. Эл менен Өкмөттү сүйлөштүрө билди...

Элди эпчилдик менен тейлеп, ыгы жок кыйнабай, Өкмөттү да өз сөзү менен тойгузуп турган ошол кездин мыкты адамдардын бири ушул ШЕКЕМ болчу.

ШЕКЕ! Өмүрүңүздө Өкмөткө калп айтып көрдүңүз беле?

Себеби, өкмөттүк пландардын ар дайым эле аткарылышы камсыз боло бербейт эмеспи? Эл да андан кыйналыш тарткан да? – деп суроо салсан,минтчу: <<Ап, балам ай-э? Калп айтпай да иш бүтчү

беле? Калпты кандай шартта айтуу керек муну билүү керек, өз

убагында айтылган калпың «үйдөй балееден» кутултат адамды...

Калптын да карандай чындыкка кошо турган «кашыктай>> өз салымы

болот, балам» - деп карс-карс кулген эле кайран киши.

- Ырас эле сурап калдын? Эми сен менин сөзүмдү көңүл коюп

угуп тур! - деди бир жолу. -Мен өз башымдан өткөн үч окуяны айтып

берейин, кай сөзүмдүн калпыс жери болсо, калпын ошол! Акылың

менен өзүң андаарсын аны, - деп кебин улантты Шекем.

«КҮЙӨӨ БАЛА»

Согуш маалы... Колхоздун бакандай «активи>> болбосом да,

ошондой сезер элем өзүмдү...

Өкмөт үчүн «тери>> алам элден... Өкмөткө «тери» төгөм...

Ортосунда өзүм көргөн пайдам да бар... Айтор, курсагым ток,

кийимим бүтүн эл катарымын... Ырдагым эле келет... Башкармадай баркым болбосо да барган жерде сөзүм чоң... Алам дегенди алам..

Жулам дегенди жулам... Курсагымда куш жаздык, алдымда

салынганым куркулдайдын уясындай жылуу көлделең, балам! деди Шекем...

Көзүмө сеңселген шурудай кара козунун кара көрпе тебетейи элестейт, «Беш бармак>> анан...

Бир күнү үйдө олтурат элем... Угулуп калды... Бу ылдыйкы айылдан бир үйдө жакшы, териси тебетейге жарай турган кара козу союлуп жатат деп .

Кой, мындай учурлар күндө эле келе бербейт, буюрса ошол терини өзүмө алайын дедим, сеңселтип тебетей тиктирип алып, эл көзүнө бир көрүнүп калайын дедим. Жөнөп калдым.

Эки көмүт жалпак, балык жон, жепирейген тамда, байбиче менен токолу турган жесир катындардын үйү болуп чыкты барсам.

Үйгө баш баксам эч нерсенин кыймылы деле байкалбайт, <<Болду-болбоду булар союлган козунун терисин төркү үйүнө катса керек?» - деп ой кылып, «опуруп-жапырып» төркү үйгө өттүм.

- Ата-бабаңдын оозун урайындар десе! Өкмөттүн «тери планы» толбой жатса жанагы жаңы союлган козунун терисин кайда каттыңар, ыя? - деп эле демитип, күпүлдөп жатам.

Байбиче катын чанк-чуңк этти: «Апей, ботом, андай тери-перини

көргөн жокпуз, кайсы маалда соймок элек? - деди итеңдеп. Шашабуша ката салганбы байкуш катындар төркү үйгө кире бериш жерде бир-эки тамчы айран, теринин бучкагынан жерге тамгандай түрү бар.

Шак эле изи менен барып, жүктүн алдынан терини счууруп алдым да, эшикке жөнөдүм. Эшикке удаа байбиче, токолу да атып чыгышты. Каргап-шилеп эле жатып калышты.

- Жалгыз балабызга деп арнадык эле ак малыбызды... Тебетейлик үчүн эле сойдук эле! деп ыйлап-сыкташты бечара

катындар. Ага мен болчумунбу? Өкмөттү бетиме кармап, сөгүп-сагып, терини канжыгага байлап, атка минип жөнөй бердим.

Кайдан-жайдан белгисиз капталдан бир бала чыга калып мени «ур-бери» ташка алып кирсе болобу, жубарымбек...

- Ай, ата-бабандын оозун урайындар, бул кайдагы «чычымы» эле! - деп балага камчы үйрүп, какыс-кукус кылып качырымыш болдум. Ал атка камчы уруп ал жерден батыраак алыстадым.

Анда тиги чычым алыстан кыйкырып айтып турат мага:

- Эй, бит сакал! Терини тыштап кет дейм! Тыштабасаң сенин да кезегиңди келтирем! - деп ал эле эмес оозго алгыс одоно сөздер менен үстөкө-босток боктоп, жерден таш алып мени көздөй

зырылдатып турганын айтпайсыңбы, кан кускурдун...

Чыны, бул окуядан кийин көп эле убакыттар өттү-кетти. Заман өзгөрдү. Билинбей карылык да мага келип жетти. Ал эмес андан берки арымдуу окуялар да унут калды. Бирок, тагдырдын тамашасын кара! Баарынан кызыгы, баягы мени таш менен зырылдатып урган шүмшүк, богооз бала азыр мага бир тууган күйөө бала, деп жылмайды ШЕКЕМ, көзүнүн кыйыгы

менен мага суроолуу карап.

**«КӨГӨН КӨЗ САРЫ КЫЗ>>**

Эл жайлоого көчүп бүтүп калган... Мен дагы кем-карчымды

толуктап, жайлоодогу барган элден жүн, тери чогултканы камынып

калдым... Эки куржун көзү ар кандай чай-чамек алдым. Ал убакта

бөтөлкөгө накталай куюлган спирт сатылчу дүкөндөрдө андан да

тоодогу теңтуштарыма арнап бир тобун куржунга салдым.

Менин эсебим боюнча соода кылган акчамдан үч-төрт сомчо

артмак. Ага теңтуштарыма «жолдук» таштамакмын.

Дүкөнчү өз ордуна тестиер кызын калтырып кетиптир. Соода

жасап, алган товарымды тактап, эсептесем, тиги дүкөнчү кыз менден

үч-төрт сомду ашык эсептеп алып койгондой. Акчамдын эсеби

чыкпайт? Ары эсептейм, бери эсептейм меники туура... Анан:

Ай, кызым, менин эсебим боюнча үч-төрт сом калмак эле өзүмдө... Менден көп алып коюпсуң, чотунду кайра чакчы! - дедим.

- Ата, мен деле сиздин көзүңүзчө эле эсептеп бербедимби? дейт болбой көшөөрүп. Акырында алган товарымды аттан кайра түшүрүп, куржундагы сатып алгандырмды куруттай санап, бирден алдына коюп, акчаны менден ашык алганын далилдедим да, тиги кызга ачуу

чакырып:

- Ай, жарыбагыр, мендей чоң атанды эртеден бери убара кылып алдагандан уялбайсынбы, ыя? - дедим. - Эмитен минтип жүрсөң эр албайт го сени же бу кебетең менен бир шумшук жерге барасың

го? - дедим эртеден берки убара-ызамды кыздан чыгарып.

Ал кыз да тирмендеп тилин тарткан жок... Уялгандын ордуна

менден сенге өттү:

— Шүмшүйгөн бит сакал десе! - деди кызыраңдап, - өмүр бою

шүмшүңдөп, ар кимдин үйүн аңтарып элди жеп келесиң, биз бир

жолу «төрт сом» жеп койсок сенин бир жериң кемип калмак беле? -

Сендейлерди жебегенде, бечара элди жемек белек? - деп тилин

жанат.

- Ат-а-ат, шумшүгүм ай-э! Анда ошол менин акчама көп-көп көйнөк тиктирип алгын да, көмүрдөй капкара болгон бир эрге тийип

ал! - деп бастырып кетип калдым...

Канча убак өттү ал замандан бери... Ал окуяны унутуп да калыптырмын, карылык кашайтып мага да кайрыла кетти... Кашыктай чогултан оокатымды карыганда кастарлап бере турган катыным да Кудай Тааланын амири менен кайтпас жайына узап кетти.

Көмүрдей кара көпкөн «ит»имдин (өз баласын айтып жатат) көптөн тапканы баягы көк дүкөндөгү «көбүргөн тилдүү, көгөөн көз>> кыз экен. Менин багыма...

Абысындай айтышып, азыр ал мени менен акыйлашып, «чайды чамасы менен» мага узатып турган чагы жарыбагырдын!

Ошонусуна да тобо?

- Жыйа турган дүнүйөнүн да жыргатаары болот экен балам,

уксан дагы? - деп ШЕКЕМ ак сакалын жайкалтып сылап, жылмайып

кулуп, учунчу аңгемесине өттү.

**«ЖАНЫ ТЫНБАГАН» ЖАМГЫРЧЫ...**

Бала кезим... СоҢ-КӨЛДҮ Жайлайбыз... Анда азыркыдай элдин курсагы анчалык тоё элек кези.

Бирок, биздин курсак ток эле, себеп дегенде атабыз ЖАМГЫРЧЫ малдуу-жандуу, тамак-аштуу, өз оокатын тың кармаган, өзүн да, өзгөнү да аябаган күжүрмөн, бизге да тынч уйку бетин көрсөтпөгөн, табияты тынчы жок күжүрмөн адам эле.

Кайсы убакта уктап, кайсы убакта туруп кеткени бизге белгисиз болчу. Таңкы уйку кандай таттуу!

Атам өзү, замбиректей үнү жоон, даңылдаган киши эле... Тун бир оокум болгондо эле айгырдай азанап:

Ой, иттер! Тургула?! Жылкыларды тиги төрдөн тез айдап түшкүлө! Кечээ тээтиги КАРА ШӨКҮЛӨгө кар жаап салды.

«ЧЫҢЫЛДАК» айгыр жылкыны ылдый (жакага) кууп кетет, от издеп?

- деп эле бирдеңкелерди ойлоп чыгара койчу. Тынчыбызды алчу.

Аты ар дайым токулуу даяр турчу. Ичибизден, атабызды ашата согуп,

чычаладай кызарган көздөрүбүздү ушалап, жылкыга таң азандан

жөнөөр элек. Күн чыга жылкыларды желеге байлап. Энебиз чокко

ысытып койгон кымыран суткө ээгибиз жетип-жетпей тоюп-тоё элек

те ЖАМГЫРЧЫнын үнү кайра жаңырчу:

- Ой, иттер! Уйдун музоосун салгыла эртерээк. Чоң шашке болуп

калмай болду. Сайгак кууп саадырбай кетет малды.

Омбу-домбу торпокторду оң-сол эмгизип, кайта тартаарда бербей мөңкүп, сүзгүлөп бутубузду кан какшата баскан күндөр көп болду.

Тегеренип... тегеренип... чыдабай мындай кордукка, отура калчубуз жерге кан какшаткан кызыл ашыгыбызды колдорубуз менен

сыйпалап, шилекей менен жалап...

Атабызды ичибизден жаман көрүп, «балалыктын көз жашы>>

көлдөй төгүлчү...

Уйларды саары менен КЫЗЫЛ-ЖАРга айдап жөнөчубуз себеби,

абасы салкын, төрү жакын суусу-чебу мол бул Кудай берген жер

эле. Кечке ал жерде «кара мал» баш көтөрбөй отточу. Сайгак да

<<салпактатып» куучу эмес аларды, кайра келерибиз менен апабыз

«кашык турган» каймакка талкан көөлөчү. Аны ары-бери ашагыча,

короодон кой жайылып чыга турган убакыт-саат да келип жетчү.

Инилерим менен кечке кой жайып, тезек терип жүрүп, кызыл

күүгүмдө үйгө араң кайтчубуз. Ошентип, кудайдын куттуу күнү атабыз

кымындай да оюн ойноого чолоо берчү эмес, колду түк бошотчу эмес

эле жарыктык.

Энебиз жоош сыпаа адам эле. Бизге жаман сөз айтып тилдечу

деле эмес. Бизди коргогондун ордуна кайта атабызды мактап отурчу.

Ичибизден: «Ай, ушул шүмшүк чал бир мүрт кетээр бекен?

Кудайга биздин бир үнүбүз жетээр бекен? Тынч алып бир уктаар кун

келээр бекен?» - деп зар какшап тиленчубуз.

Биздин тилегибизди кудай бердиби, бир куну эле ЖАМГЫРЧЫ

атабыз «кан түкүрүп» сезгенип ооруп калыптыр дешти. Анан бирай-

жарым ай төшөктө «суу ичип>> жатып калды да, бир күнү эле

ЖАМГЫРЧЫнын «көзү өттү» деп айтышты.

Атабыз өлду... Кудай бизге берди? Ай деген АЖО жок, кой деген КОЖО жок... Уйлар ээмп... Жылкылар байланбай, тээп... Койлор

көрүнгөн короого кошулуп, сайда саны жок кетти... Жоголгону

жоголду... Энебиз, оокат-тиричилик эмес, төрөдөй абышкасын

жоктоп, терде ыйлап боздоп төшөккө жатып калды.

Айылдаштар, туугандар энеме, бизге: «Белди бек буугула» дегендей ишаарат кылышты. Акылдарын айтып бутуп ар ким, ар ким өз үйлөрүнө жылышты. Ошентип көп кечикпей күркүрөгөн күз да келди, эл жайлоодон жакага көчө баштады.

Сайгактап саан уйлар кетти... Саадырбай сары таман бээлер тепти... Аралыгы ары-бери алты айда колдогу урунган малдан кол жууп, биз да басып кеттик. Жоголгону жоголду... Кедейликтин «кейбир ТОНУН» кепиндей орондук... Аарчыган соогондой соройдук!..

-Э, балам, узун сөздүн кыскасы эне-атаны кармаган киши жок бу жалганда, -деди жарыктык ШЕКЕМ сөзун аяктап жатып мага өз атамдай боор толгоп, алаксытып мени, аския сездеру менен айтып бутту буларды...

***Эпилог ордуна***

Шейшенаалы атабыздын бул «окуялары» өзү эле ойлоп чыгарган, мага карата АЙКӨЛДүк менен айтылган, көңүл кушун көтөрүш үчүн кербезденген «кебез» кептери эле.

Себеби, ошол бир мезгилде мен, кара туткан эне-атамдан удаа-удаа ажырап, кайгы жуткан капалуу убагым эле...

Ар жакшы айтылган сөз, мага аябагандай жанга кубат берген.

Ыраматылык ШЕКЕМ, жаныма келип ата ордуна акыл сөзүн куруп, бир аз чындыгы бар окуяны укмуштуудай куюлуштуруп, сүрөттөп, калпын «каймактай чалып», каткырык күлкүсүн чыгарып, өмүрдү узартып, көңүлдү тазартып, сөзүнүн кычкыл даамын кыйла татытып, «бөзүн кызартып» турган тура мен үчүн!..

Турмуш чындыгын алда канча жасап-түзөп, кеп учугун «кебез» жиптей чубаган Шейшенаалы атабыздай керемет сөз кадырын барктаган адамдар, сэздүн чыныгы УСТАТТАРЫ азыр бул тегеректе көрүнбөйт, бейиши болгурлардын!..

Шейшенаалы Жамгырчы уулу «Куйручук» айлында 1883- жарыкчылыкка келген. 1978-жылы каза болгон.

Өзү өлсө да сөзү елбеген, кызыл тилин кыдыр даарыган, кыябы келсе кычкыл сөзү менен кыйланы кылычтай таарыган, кызыл тилдин устаты, кымбаты артык нускалуу кадырман атабыз ШЕЙШЕНААЛЫ

ушундай УКМУШ АДАМДЫН БИРИ ЭЛЕ дейм да...

Эл баалагандай!..

Касиеттүү ШЕЙШЕНАЛЫ атанын,

Кабарын ук, сен алыстан Атагын!

Келип-кеткен КУЙРУЧУКтун айлына,

кебетеси бул эмеспи «КЫЗЫрдын»

Касиеттүү кеп-сөз менен жашаган?

Мындай адам кылымда бир жаралат,

Кызыр сезу куштай учкан сабалап...

«КЫДЫР» окшош аталардын бириби?

Кыйын кезде акыл тапкан, азамат!

Не болсо да сөзү калды элинде,

ШЕЙШЕНАЛЫ ата берген «Шерине»...

Эли учун табылгыс мулк түбөлүк,

эстеп жүрөт, Эл сөз кылып эми да!

## ЖУМГАЛДЫ ТҮПТӨГӨНДӨР...

Совет мамлекетинин алгачкы жылдарында билимдүү адамдар аз болгону айдан ачык белгилүү. Ошол биз кабарын толук ала албаган 20 – 30унчу жылдардан кийинки убактарда деле, элди бириктирип, чийнесин чегип, ачка

кылбай багып, колхоз-совхоздорду уюштуруп, уюша элегин уламалап, чогула элегин чогулттуруп кеткен аталардын эмгегин аз да болсо анын тукумдарына айтып калбасак,

Ал аталардын арбагы бизге ыраазы болоор бекен?

Ошол адамдарды бирден тизмелеп, тарыхын айта кетели:

Атабыз өткөн БОРОНБАЙ!

Аксымдыгы, бороондой!

Алыска кеткен атагы,

АЛПАМЫШ баатыр, ЖОЛОЙдой?

Туу болуп берген элине,

Турушса «селт» деп коёндой?

Жанында жүргөн ЗАЛКАРЛАР

ЖҮЗБАЕВ КАДЫР бу да бар?

Жүзүнөн акыл төгүлгөн,

Жүрөктө АРСТАН сыны бар!

Жылдыздай жанган чачылып,

ИНСАНДар алар аты улук!

МИҢБАЕВ, ӨРДӨК, ӨМҮРЗАК,

ЫБЫРАЙЫМ, КУЛУБАЙ!

Укмуштай өтүп жылдары,

Урматта жүрген улуулар!

Уламыш, лакап сөз калды,

Уккандар бардыр буларды?

НогойБАЕВ ОТУНЧУ

ОТОРБАЕВ ТУРПАНДЫ!

Уучу элдин куру эмес,

Уюткулуу ЖУМГАЛДын?!

☆☆☆

Жазылды ДАСТАН ыр менен

Жарык маанай түр менен…

Жакшыдан өрнөк алышса,

Жаштарга «СЫЙМЫК» бул деле?

---

Тарыхы ушул атанын…

Тарыхы ушул аганын…

Өмүрлөр «секунд» болсо да,

Өчпөгөн «Сары жылдыздай>>

Ободон күйгөн «жамалы»…

---

Калыс сөз айтсак, калкымда

Калтырып кеткен артында.

Касиет бийик күч турат,

Табылгыс, таза алтындай.

Эмгегин андап эл билет,

Элинде турса жалтылдап!

**БОРОНБАЙ ЧЫЛПАКОВ**

**(Фото)**

(1907-1973-жж.)

БОРОНБАЙ атабыз 1907-жылы күз айында (октябрь) жарык дүйнөгө келиптир… Бороондуу деген жерде төрөлгөн экен.

Биздин БОРОНБАЙ атабыз Бугунун БОРОНБАЙынын

«прототиби» десек деле жаңылбачудайбыз!

«Көк жалдыгы» менен, көп ичинде көсөмдүгү менен, алдын

Ала ишке болгон көрөгөчтүгү менен Совет мамлекетинин ошол кездеги «казанынан кайнап» чыккан «туунду» баласы десек да болот аны…

Ишти аябагандай шар чечкен (оперативдүү) эгер керек болсо, иштин баары БОРОНБАЙ айткандай эле болуш керек деп түшүнгөн ошол кездин «Өктөм кадры» ушул киши экен….

Иш үчүн керек болсо ичкен ашын жерге коё койгон,богооздонуп сөккөнгө чейин барганын чогуу иштешип калган анын замандаштары айтып калышчу дейт.

БОРОНБАЙ Райкомуңду «уруп ойночу» эмес экен…

Анын сөзү «сөз болчу» дешет…

Ошондон улам Жумгалда бир маселе менен бюродо талаша

Кетип, кайым айтышып кармаша кетип, ДӨДӨНБАЕВ деген

Райкомдун 1-катчысын Жумгалдан «жөө көчүргөн» деген лакап сөз

Калган. Биз аны бала кезде укканбыз…

«Жөө көчүргөн» деген «синоним» сөздүн маанисинен жӨӨ КӨЧПӨЙ

Эле, сый-сыпатсыз, кадыр-барксыз элден кеткен жетекчи

Кызматчылардын адресине айтылчу эле сөз экен, элдеги…

БОРОНБАЙДЫН иштебеген кызматы калбаптыр…

1926-жылы 19 жашында 6-классты бүтүп, Суусамыр жайлОО

Советинде иштептир. 1928-30-жылдары Фрунзе шаарынан Советтик

Партиялык мектебинен билим алат… Кара-Балтанын Ийри-Суу

Айылында селолук советтин төрагасы болуп ишин андан ары

Улантат, колхоздошууга активдүү салым кошот. Элде кадыр-баркы

Көтөрүлөт… Кээ бир адамдардын «кулакка» туура эмес тартылганын

Көрүп, алардын кай бирлерин айдоо-кесүүдөн аман сактап калат…

Ошол адамдардын тукумдары БОРОНБАЙ атанын жакшылыгын

Азыр да оздорунан түшүрбөй айтып жүрүшөт…

1936-41-жылдары Тогуз-Тородо РАЙЗОнун башчысы. 1941 –

45-жылдары Украина фронтунда согушка катышкан, жарадар болуп,

Кайтып келген. 1945-жылдын 25-январында Одер суусун алууда өпкөсүнөн жарадар болгон…

Өзү айтып калаар эле, жарыктык, «Одер» суусу менен «Нейсе»

суусун аларда взводду чабуулга алып жөнөгөнүмдө бет алдыман ок

тийген эле деп, мактангансып. Көрсө, согушта бет алдынан ок

жаңылган адам катуу бааланса керек командирлер тарабынан...

1945-жылдын сентябрында согуштан келди. Төшүнө

«Отечественная война 2 степени», «Красная звезда» ордендери,

<<За победу над Германией» деген медалдарын такай тагынып жүрчү.

Согуштан келгени Жумгал районунда партиялык-советтик

кызматтардын баарында үзүрлүү иштептир...

БОРОНБАЙ атабыз Сталин заманынын адамы, Сталинче шапке,

китель, шым кийип, такай өтүгүн жалтырата майлап жүрчү эле дешет,

«кычырап».

Өтө өкүмдүгүнөн, сөзү менен элди каарып, сөгүп жиберген

сөгөнөөктүк сөздөрү үчүн Жумгал качан оңолот деген суроого

МИДИН агабыз бекеринен мындай ыр жамактап кошпоптур:

АМАНБАЕВ - аксымдыгын койсо

БОРОНБАЙ - богоуздугун койсо - деп

Богоздонсо богоздонсун БОРОМБАЙ!

Боозуп калмак белек, ботом, биз андан?

БОРОМБАИлар, ЫБЫРАЙЫМ, ТУРПАНдар,

Болгон үчүн бейкут аткан бул тандар.

Богоздонсо богоздонсун аталар!

Болбос ага наразылык, капалык?

Болгон тура ошол заман ошондой,

Болуп өткөн тарыхты айтып жатабыз!

Эмне болмок ошол СОВЕТ болбосо?

Эмне болмок БОРОМБАЙлар жок болсо?
Эл бактысын, эл-жери үчүн өмүрүн,
эбегейсиз аянбастан, сарпташып.
Эчен күндөр уйкусуз таң атпаса?
Батыштагы кыргын согуш апкелген,
Фашисттердин «тизгиндерин» какпаса?
Кайталаймын!
БОРОМБАЙлар, ЫБЫРАЙЫМ, ТУРПАНдар,
Болгон үчүн бейкут атат бул таңдар!
Бүткөн согуш... Жалын чачкан, от бүрккөн,
БЕКИШ окшош азаматтар бул барда.
Бопоросун «бур-бур» тартып
душмандын
Борборунда, Берлинде тургандан!

**САРСЕЙИТОВ АШЫРААЛЫ**

**(ФОТО)**

(1907 – 1974-жж.)
Боз торгойдой үн кезеп,
Боз жетим кезден тил безеп?
Болочок түзүп өзүнө,
БОРОНБАЙ менен бир кезек?
САРСЕЙИТ УУЛу АШЫКЕҢ,
Саясат менен бир жашап?

Өтүп кеткен бул ИНСАН,

Орду жок, калган артында

Ошо турган, калкында?

«Оош-кыйыш» аты бар,

Оозунда сөзү жазымал?!

Өтсө да өкүм жаштыгы,

Ошону билбей ким дешет?

О, кийинки муундар, такыба?

**АШЫРАЛЫ атабыз БОРОНБАЙ атабызга кайнаса каны кошулбаган, башкача «прототиптеги» ИНСАН.**

**АШЫРАЛЫНы көрүп калдык, «чүкөдөй» эле сары адам болчу… САРСЕЙИТОВ сөздү Шашпай, кыраатына келтирип сүйлөгөн «куйма кулак» киши эле…**

**Качан барсаң менин сөзмөр кайнатам ЫРСАЛЫнын жанында**

**Чыкыйып малдаш токунуп олтуруп алып, сыпаалык менен чайды үйлөп ичип, сөздөрүн тыңшап, өзү да анча-мынча сөз кошуп коюп, сөздүн «туз-даамын татытып» тураар эле… Өзү кичине бойлуу адам**

**Болгону менен аябай КЕКЧИЛ адам дешчү элдер же ал кишинин**

**Канында барбы же жетимчиликтин залдары көкүрөгүнө көк таштай**

**Тийгенден уламбы, айтор, бир сөз болобу же кеп болобу аңдып, кылт**

**Эткен жерин түшүнгөн, өтө сезимтал адамдын бири эле. Кайнатама**

**Көп келип учурашып турган себеби, кандайдыр бир «белелук жыты»**

**Бар имиш АШЫРАЛЫ менен.**

**АШЫРАЛЫ Да Жумгалды «түптөгөндөрдүн бири» десе болот.**

**Мунун да иштебеген кызматы калган эмес. Партиялык-советтик**

**Кызматтардын бирин да калтырган жок. Баспай калганда пенсия**

**Жашынан өтүп барып, Чаек селолук советинин төрагасы болуп туруп**

**Эс алууга кетти эле кайран киши!**

**УЛАРОВ САРЫГУЛ**

**(Фото)**

**(1907-1982)**

**Таланттуу акын агабыз БАЙДЫЛДА өзүнүн «Тулпар-Таш» деген**

**Ырында айтылуу Соң-Көлдүн ТУЛПАР-ТАШ ДЕГЕН жеринде**

**Тулпардын изи (туягы) түшкөн ташты үч-төрт адам машинеге сала**

**Албай (Музейге алып барышмак го) тең бөлүп, жүктөйлү дешип,**

**Барскан менен «клин» коюп талкалап жаткан чакта САРЫГУЛ атабыз**

**Жанынан өтүп баратып көрүп калат. Акырын айтып: «Койгула,**

**Инилерим, бул касиеттүү таш Соң-Көлдүн бир жак ыптасында**

**Жаткандыктан, ушул тулпардын изи түшкөндөн улам, бул жер**

**ТУЛПАР-ТАШ аталып турат!» - деп айтып-түшүндүрүп, бастырып**

**Кетет. Бир топ узап кетип баратса тигилер анын сөзүн «кыроо»**

**Дешпей өз билгенин кыла берет, ишин уланта беришет.**

**-**

**Кайра кайрылып, акыры түшүнөбү десе да болушпайт.**

**Ачуусу аябай келген САРЫГУЛ көзүнөн чаары чыгып, ар**

**Бирөөнү көмөлөтө чаап, машинесинин ачкычын жулуп алып,**

**Айылдагы балдардын бирине алып келип берип, Соң-Көлдөн Жакага айдатып жиберген экен.**

**Баягы «Байлык тапчулар» жөө-жалаңдап, абийирлери кетип,**

**Кайра экинчи Соң-Көлгө келгис болгон экен**

**Кыргызды кыргыз кылып, ушул САРЫГУЛДай намыскөй**

**Аталарыбыз өткөн! Азыр ал атабыздын көзү жок, бирок ал окуя эл**

**Ичинде легенда болуп айтылып калды. Байдылдадай агабыз**

**САРЫГУЛдун өз оозунан аны угуп, (САРЫГУЛдун анда көзү тирүү**

**Кези эле) «Тулпар-Таш» деп ыр жазды. Окуп көрөлү, ичинен бирин-**

**Экин куплетин, САРЫГУЛ атабызга тиешелүү жерлеринен:**

**Сен бизге не болсо да ыйык ташсың,**

**Соң-Көлдүн кылаасынан турук таптың?**

**Алыстан атыңды угуп көрбөгөндөр,**

**Баш ийип, бар таазимин кылып кайтсын.**

**Бирөөлөр билбей атак, кадырынды,**

**Сындырып кетээринде жарымынды…**

**Ажалга бербей сени алып калган,**

**Ар дайым алкап жаткын САРЫГУЛунду!**

**САРЫГУЛ малчылардын накта чалы,**

**Жалындайт жашы өтсө да, жаш катары.**

**Эл мүлкүн, эстеликти баалай билген**

**САРЫГУЛДай арбый берсин аксакалы.**

**Сендей таш ойдо да бар, тоодо да бар,**

**Сендей таш ордо да бар, жолдо да бар.**

**Бактылуу таш экенсиң не болсо да,**

**Көргөндүн көөнүн буруп ойдо калаар.**

**Так ушундай саптар менен ТУЛПАР-ТАШТы сактап калган**

**САРЫГУЛ атабызды даңктаган экен, акын БАЙДЫЛДА.**

**Образдуу түрдө айтканда, САРЫГУЛ атабыз «уй ферма» үчүн**

**Жаралгансып, мен билгенден эле жыйырма жыл, мурдагы «СОВЕТ»**

**Қийинки аты «КЫЗАРТ» совхозунда өмүр бою «уй ферма» болуп жүрдү.**

**Саратан жайда үйларын айдап алып, көчүн көчүп алып, Соң-**

**Көлдүн кылаасын тегеренип, «жүз баш» жумурткадай ак боз үйдү**

**Тигип, тамак-ашын жайнатып, колхоздун малын жайлатып, өзүнүн**

**Да, үй-бүлөсүнүн да көңүлүн жайлатып, жайлоонун ырахатын, андан**

**Улам эмгектин ырахатын, үзүрүн көрдү, май көл, сүт көлдө жүрдү.**

**Көрө албагандар: «Бу САРЫГУЛдун «таалайы танке» экен…**

**Оозу, өмүр бою бир «чыктан» кургаган жок, жыргап өттү!» - деп кеп кылышат.**

**Бир жолу журт которуп (Соң-Көлдө) көчтү жүктөп бүтүп, жөнөй**

**берээрде, саба турган тактанын алдында байкалбай бир мискей сары**

**май (сызгырылган, суюк) калып калыптыр. аны байкаган ТЫНЫМКАН**

**эжебиз ( САРЫГУЛдун байбичеси)**

**- Э, кокуй, бир мискей сары май калып калган турбайбы, биякта?**

**Эми эмне кылдык, ка-ап? - деп кейиген тура.**

**Аны уккан, көч менен узап бараткан САРЫГУЛ (атчан) кайра**

**кайрылып келип, түшө калып алып берчи мага деп, (аялынын**

**көзүнчө) бир улуураак баласын жумшайт имиш...**

**Аялы ТЫНЫМКАН: «Э, кокуй, ал мискейди майы менен өңөрүп**

**барасызбы тиги журтка (Кара-Булак) чейин» - десе.**

**САРЫГУЛ аксакал:**

**- Алып кел бияккa, бир мискейлик биякта орду турат! - деп, 3-4**

**килче келген мискейдеги суюк сары майды жутуп жиберген тура.**

**Аяк жагы эмне менен бүтөөрү белгилүү го? Сары май ашказанга**

**синчү беле?**

**САРЫГУЛ атабыздын ден соолугунун мыктылыгынан түнү бою**

**көлдө жатып аман калган экен, бечара...**

**Мындай иштерди намыскөй гана, табиятында, канында**

**баатырдык, жүрөгүндө жалыны бар гана киши жасай алат.**

☆☆☆

**Теңтуштары менен тамаша иретинде талаша кетишип жаш**

**кезинде (30 – 40 жашында), ат салган жем баштыкка атка жем илип,**

**ошондой салмактагы буудайды майга куурутуп, аттан мурда**

**бадыракты жеп кеткен экен.**

**Атабыздын биз билбей калган, айта берсе андай «өнөрү» четтен**

**табылат.**

**МАНАСтагы ТОЛТОЙДУН сүрү турган,**

**Буудай мурут, көздөрү күлүп турган?**

**Бир көргөндө «СЕЗ» алып жүрөк «СЕЛТ» деп**

**Баатыр сында мүчөсү ушу турган?**

**көрүп калдык бул САРЫГУл атабызды,**

**Жайлоо көрүп турмушту жашап өтту?**

**Ырыскысы төгүлүп, ташып турду,**

**Ылакапка айланып басып турду.**

**Убагында эрдигин атабыздын,**

**БАЙДЫЛДА акын ыр кылып жазып турду.**

## ДҮЙШЕЕВ ЫБЫРАЙЫМ

**(Фото)**

**(1909 – 1985-жж.)**

**ЫБЫРАЙЫМ ата 1909-жылы Кызыл-Туу селолук советине**

**Караштуу Чоң-Дөбө деген айылда туулган экен…**

**Эмгек жолун 1929-жылы баштаптыр…**

**1926–28-жылдары Фрунзедеги жогорку партиялык мектепти окуп**

**Бүтүргөн, андан улам кат-сабаттуулукту жоюу боюнча НАРЫН**

**КАНТОНУнда саясий агартуучу инспектор болуп 1932-жылга чейин**

**Иштеген. 1932 — 34-жылдары «Жумгал» совхозунда жооптуу**

**Кызматтарда, 1934 – 36-жылдары «Кызыл-Туу» айылдык советинин**

**Төрагасынын орун басарлык кызматында, 1936 – 42-жылдары**

**Райондук жер бөлүштүрүү бөлүмүндө башкы адис катары иштеген.**

**1942 – 43-жж. Армиянын катарына алынып, Улуу Ата Мекендик**

**Согушка катышкан. Жарадар болуп келген адам.**

**1943–44-жж. «Кызарт» совхозунун башкармасы, 1944 — 56-жок.**

**Кыргыз ССРинин айыл-чарба түлүгүн даярдоо Министрлигинде уполномоченный, 1956 - 63-жж. Жумгал райондук Даярдоо (Заготовка) конторасынын директорунун орун басары, 1963 — 71-жж. «Ленин» колхозунун кадрлар бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келди.**

**Персоналдык пенсионер ЫБЫРАЙЫМ атанын өкмөт, эл баалап берген сыйлыктары: 3 жолу Кыргыз ССРинин Ардак грамотасы, «Эмгек Кызыл Туу» ордени, Жумгал райондук советине 10 жолу депутат болуп шайланган экен... 1985-жылы кайтыш болгон.**

**Көрүп калдык ЫБЫРАЙЫМ атаны,**

**Көп ичинде чыккан анын атагы...**

**«Персоналдык пенсионер» бул наамды,**

**Бекер эле элге берип жатабы?**

**ЖҮЗБАЕВДей жүргөн адам жигерлүү,**

**КУЛУБАЙГа куп келишкен катары.**

**10 жолу бул депутатка шайланган,**

**Эчен сыйлык, орден-медал алган жан.**

**Кат-сабатты жоюу үчүн НАРЫНдын,**

**КАНТОНУна адис катар ал барган…**

**Ата Мекен Согушуна катышып,**

**Ажал менен бетме-бет ал баргандыр?**

**Эл-журту үчүн аябаган эмгегин**

**Эстүү атабыз ЫБЫРАЙЫМ кеп-жөнүн…**

**БЕКСУЛТАНДАй бийик намыс-ары бар,**

**Балдары алып келе жатат Өрнөгүн.**

**Жумгалымдын журт башкараар балдары,**

**Аталардын улантышса Эмгегин…**

**ЖҮЗБАЕВ КАДЫР**

**(ФОТО)**

**(1910-1882)**

**КАДЫР атабыз 1910-жылы Чаек айылында жарык дүйнөгө келген**

**Экен. 20-жылдары айылдык мектепте билим алып баштап, 1930 –**

**32-жж. «Кулчыгач» селолук советинин жооптуу катчысы болуп**

**Иштеген. Дээринде тири карак зээндүү адам бат эле кылган кызматы**

**Бааланып, 1933-жылдан 1946-жылдарга чейин ошол кездеги «МТС»**

**Деп аталчу мекемеге, андан улам совхоздун директорлук кызматына чейин жеткен…**

**1946-жылы Жумгал райондук аткаруу комитетинин төрагасы,**

**Райондун Партиялык комитетинин 2-катчылык кызматында,**

**Партиянын үгүт-саясат бөлүмүн да башкарып келген…**

**1946-51-жж. Жумгал райондук «Заготконторанын» директору,**

**Андан улам Райондук айыл-чарба бөлүмүнүн башчысы, «Кайырма»**

**(кийин аты өзгөрүп «Ленин» атындагы колхоз болуп калды)**

**Колхозунун башкармасы болуп көп жылдар иштеген киши.**

**Өз убагында бул адам өкмөт тарабынан эмгеги жогору**

**Бааланып, Кыргыз ССРинин Ардак грамотасын (1956-ж.) «Эмгек**

**КЫЗЫЛ Туу» ордени (1957-ж.) менен сыйланыптыр…**

**Өзү менен иштешкен БОРОНБАЙ, ӨРДӨК деген аксакалдар**

**Айтып калышчу дейт жеринен токтоо, көлдөй чайпалбаган бул**

**ИНСАНДЫ баалап: «Биздеги кыял-жоруктардан КАДЫРДЫН**

**Айырмачылыгы, анын кыял-жоругунун түздүгү, эч нерседен**

**Жалтанбаган эр жүрөк адамдыгы эле деп…**

**Жүзүнөн акыл төгүлгөн,**

**Жүрөктө АРСТАН сыны бар!**

**Киши эле**

**- деп, айтышчу эле…**

**Дүйнөнүн түркүгү болгон киши жок экен бул жалган дүйнөдө…**

**Шум ажал муну да алып тынды…**

**Атабыз 1982-жылы бул жалган дүйнөдөн узап кетти…**

**Жумгалыңда**

**Бирөө гана, ЖҮЗБАЕВ!**

**Бааны берген БОРОМБАЙың,**

**Турса дагы**

**«тиш кагып»…**

**Чайпалбаган…**

**«БАЙКАЛ» ОКШош кел эле,**

**БОРОМБАЙГА**

**Опол тоодой көрүнгөн**

**Өрттөй жигит бул КАДЫРың,**

**Баарысына «БЕЛ» эле**

**Мындай адам**

**Бул сөзүмдү**

**Чанда гана жаралат,**

**Эң жөнөкөй тил менен**

**Эгер айтсам**

**Эл сыяктуу «ЖӨН» эле…**

## МОДУБАЕВ ЫСМАЙЫЛ

## (Фото)

## (1911- 1974-жж.)

**Жумгал элине кайсы баласы кандай эмгек өтөгөнүн эл тарыхы**

**Тактаар, бирок ошондой болсо дагы баскан өмүр жолун карап туруп**

**МОДУБАЕВ ЫСМАЙЫЛ атабыздын эл-журтуна адал эмгек өтөгөнүн**

**Эс алууга чыккандан бери бир топ жыл өткөндөн кийин болсо да,**

**Анын жаркын элесин элдин эскерүү жыйынында эл өзү көтөрүп**

**Чыгып, ошол айылдын болобу же көчөнүн болобу атын коюуга анын**

**Наамын ыйгаруусун эл-журт толук кубаттап, колдоп чыгыш-**

**Кандыгынын өзү эле анын тукумдары үчүн канчалык канагаттануу,**

**Ыраазылык сезимин туудурган. Ал атабыздын кеч болсо да ошол эл**

**Үчүн кылган эмгегин жерде калтырбай, кадыр-баркын эл ичинде өз баасын бергендиги эмнени айтып турат?**

**Элибиздин кадырман уулу МОДУБАЕВ аксакал эмгек жолун**

**Мындай баштаган.**

**1925-жылдан 1934-жылга чейин «Жерди биргелешип иштетүү»**

**Коомунда, 1934 – 35-жж. Жумгал райондук айылдык кенешине**

**Секретарь катчы.**

**1935-39-ж. «Кара-Баткак» башталгыч мектебинин пайдубалын**

**Кошо тургузушуп, эли менен кошо өзүнүн да кат-сабатын жоюп,**

**Кыргыз жаштарынын билимге болгон дилгирлигин арттырган.**

**1939-жылы Коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө өткөн… Ушул**

**Эле жылы Фрунзе шаарындагы Айыл-чарба техникумуна окууга**

**Кирип, аны 1941-жылы «Артыкчылык дипломy» менен аяктаган…**

**1941-жылы партиянын райкомунун инспектору, 1942 – 48-жж.**

**«Кызыл-Жылдыз» колхозунун башкармалык кызматында жүрдү…**

**1938 – 48-жж. Колхоздун экономикасын жогорулатуу ишинде**

**Жасаган эмгеги өзгөчө жогору бааланып, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин биринчи чакырылышынын депутаты болуп шайланат. Жумгал элинин тарыхында..1950-51-жж. Жумгал райондук Аткаруу комитетинин төрагасы....1954-59-жж. «Кызыл-Жылдыз» айылдык кеңешинин төрагасы...1959-жылдан баштап «Чаек» колхозунда ар кандай чарбалык кызматтарды аткарып келген... Кадырман атабыз 1974-жылы арабыздан кетти... Андан бери 27 жыл өттү, жогоруда жазып өткөндөй эл эмгегин эскерип, атабыздын өзү жашап өткөн айылдын бир көчөсүнө атанын наамын ыйгарышканын элдин, айыл өкмөтүнүн чечими менин алдымда турат. Ыйманы саламат болсун...**

**Тарых тактаар эр-азамат балдарын,**

**Эл деп, жер деп эмгек эткен жылдарын.**

**МОДУБАЕВ ЫСМАЙЫЛДЫ ким билбейт**

**Бул «Жумгалды түптөгөнгө» катышкан,**

**Эр-азамат, эстүү жаштык жылдары!**

**Залкар адам МОДУБАЕВ ЫСМАЙЫЛ,**

**Бир одоно сөздөрү жок тышкары?**

**Эл катары эмгек жасап кетиптир,**

**Эл тарыхы айтып турат, бизге аны…**

**Тарыхында бул элибиз Жумгалдын**

**Укпай аны, улуулардан ким калды?**

**Эң биринчи БҮТКҮЛ КЫРГЫЗ СЪЕЗДИНЕ.**

**ДЕПУТАТЫ болуп, Ата бул барды…**

**Кыйын кезең, кыргын согуш жылдарда,**

**Кылган иши эстелип тур, Жумгалда!**

**Айылына атын коюп алышсын,**

**Атабыздай, ЫСМАЙЫЛДар турганда…**

**НОГОЙБАЕВ ОТУНЧУ**

**(1911-1996)**

**ОТУНЧУ ата бул дүйнөдөн кайтыш болду дегенде Кудай бар,**

**Көзүмдөн «чолок жаш» ыргып кетти…**

**Себеп дегенде менин ЖЕҢИШ тууганым ОТУНЧУ атанын жападан жалгыз «тукуму». ОТУНЧУ ЖЕҢИШБЕКтин эле эмес элдин да атасы болгон киши эле…**

**ЖЕҢИШ менен менин тагдырымда да кандайдыр бир**

**Окшоштуктар бар… Ал да жалгыз, мен да эр жалгыз…**

**Ошондон уламбы, өз атам өлгөндөй акыбалда болгонум чындык,**

**Ошол учурда…**

**Мага өз атам кандай «жан тартса» (забота) мен да: «ЖЕҢИШтин**

**Атасы да ага ошондой мамиле кылат го», - деп ойлочумун…**

**ОТУНЧУ атага «топурак салып» келгендер кийинчерээк кеп**

**Кылып жүрүштү, алакандай Чаек кыштагынын «ат басар» жери калган**

**Жок деп, бир Дубан эл көчүп баргандай болду дешти.**

**ОТУНЧУ атабыздын Жумгал элине КОШОЙдой атагы бар**

**Экенине ошондо дагы бир жолу ынандык!**

**Нарын дубанында аттын кашкасындай белгилүү бул инсандын**

**Басып өткөн жолу өтө узак, элине кылган эр эмгеги да салбырындуу,**

**Өткөн эмгек жолу өтө таза, өтө кылдат, өтө кымбат…**

**Элдер айтышчу: «ОТУНЧУ атанын иштеген ишин мындай кой, көчөдө басып баратканда да кырт эткен калпыс жерди баспаган, андан айланып өткөн, бутунан башына чейин накта коммунист болуп туулган адам ушул! - деп. Намаз бузулса бузулаар, асты ОТУНЧУ атанын жумушка «жүр нары» мамиле кылганы, бир ишин эртеңкиге калтырганын, ар бир сөзүндө «аргументи» барын, бир ишти баштаса кылдаттык менен «анализдеп» чыкмайынча жаңылыш, шашылыш чечим кабыл алыш табиятында жок дешчү... Комсомолдук, Партиялык эң кыйын өткөөл-сыноолордон өтуп, турмушка даана көзү каныгып, туруктуулукту, темирдей катуу тартипти туткан ОТУНЧУ атабыздай инсан кайра жаралса, анда так ошондой коом кайра жаралыш керек го деп ойлойм, кайрадан!.. Акылман ОТУНЧУ атабыздан алаар үлгүлөрү көп экен.. Ал киши жөнүндө отуруп алып мемуарын барактап, роман жазса да аздык кылчуудай эл-журт үчүн...жоопкерчиликти кыйынчылыктары Эсте турганда анын бир кебин эскере кетсек туура болоор! Жакшы билим менен, жакшы тарбия менен толук моюнга алып, иштин кандай болсо да аткара билсе, ар бир адамдын колунан эле келчу иш! - дегени эмне деген сөз.**

**Атабыз ОТУНЧУ өз керт башы менен жаралган өзгөчө, башка**

**Инсандардан жолукпаган бөлөкчө адамдык асыл сапатын**

**Баалаган анын замандаштары (мисалы менин эле атам ТУРПАН)**

**Айтчу эле:**

**-ОТУКЕМ өзгөчө сапаттагы адам. Мындай эч бир инсанда**

**Кезикпеген же чанда кезиге турган, каны менен кошо жаралган**

**Төрөлүк же адамдык «СЫН-СЫПААТ» деген бир тубаса <<ИЛИМИ**

**Бар» адам! – дечү.-Окуп окуудан, иштеп иштен, үйрөнүп элден**

**Алчу кыял-жорук эмес ал! «СЫН-СЫПААТ» ОТУНЧУдай терең**

**Акылман адамдардын өзгөчөлөнгөн бир кыялы окшойт, сыягы?**

**ОТУНЧУ ата өз өмүр жолунда алган, эл берген баа-сындан**

**Башка да Өкмөт баалап берген орден-медалдарын санасак бир**

**Чемодан болчудай! Ал сыйлыктары:**

**Кыргыз Республикасынын мектептерине «Эмгек сиңирген**

**Мугалими», «Эмгек Кызыл Туу» ордени, «Ардак белгиси» ордени,**

**Кыргыз Республикасынын 5 жолку Ардак грамотасы.**

**Эл агартуу тармагында, партиялык-советтик кызматтарда**

**Тынымсыз 48 жыл эмгек кылган адам…**

**ОТУНЧУ атабыздын эл-жерге сиңген эмгегин өз жерине атын**

**Коюп (өлгөндөн кийин) алышкан, өзү туулган Чоң-Дөбө айылындагы**

**Бир көчөсүн ОТУНЧУ НОГОЙБАЕВ көчөсү аталышы, Чаектин бир орто мектебинин (Ак-Татыр) атын ОТУНЧУ НОГОЙБАЕВ атындагы мектеби аталышы, атабыздын атын түбөлүккө калтырып турбайбы, атабызды эскертип!**

**Кырт эткен жерди баспаган,**

**ОТУНЧУ болчу жакшы адам!**

**Окуусун бүтүп СЫПААТТЫН,**

**Ойлонуп такыр шашпаган?**

**Сыр бербей эчен адамга,**

**Зыңкыйып турчу бул «жаран»**

**Туруктуу ушул адамдай**

**Турмушта аздыр жакшы адам...**

**Тулпардан «туяк» калганбы?**

**ТукуМу ЧЫКТЫ жакшы, анан,**

**Дүңгүрөп элдер коштошту,**

**Дүрбөшүп келип бүт ДАВАН?**

**кошойдой атак жыйнаптыр**

**Коштошуп турду жер да, аран**

**Карысак ушул кишидей,**

**Кашында турса эл аман!**

**Кадырың өтсө эмне арман**

**КАЛЫГУЛ окшоп элди алган?**

**БОТАЛИЕВ ӨРДӨК**

(1913-1963)

(Фото)

ӨРДӨК атабызды жакыныраак билип калдым, себеби БОЛОТ Деген анын уулу менин досум болчу… Менден бир аз улуураак болсо Да, теңтуш сыяктуу болуп жүрүп, кийин доско чейин жеттик. Болоттун Атасынын үйүнө такай барган убактарда ар дайым эле ӨРДӨК атага Жолугуп калчумун…

Салам беремимден мурун эле: «Ай, Качкын балам, атаң оорубай Жүрөбү?» - деп сурап калаар эле, кайран киши…

Себеп дегенде менин атам ТУРПАН да ага курбалдаш эле адам Болсо керек (1917-жылы туулган атам) анын үстүнө иш башында, Агартуу системасында андан кийин ӨРДӨК ата Райкомдун 2-Секретары болуп турган кезинде ТУРПАН атам Райкомдун Аппаратында инструкторлук жана ар кандай кызматтарында да тогуз Жыл иштешип калышкан экен…

ӨРДӨК атабыз накта кедейдин үй-бүлөсүнөн чыккан, «өз Киндигин өзү кесип» чоңойгон адам дешчу.

1930-жылы Жаңы-арык мектебин бүтүрүп, анда («Айгыр-Жал» Мектеби эле). 1933-жылы Фрунзедеги 2 жылдык мугалимдер курсун Жакшы окуп келип, 1935-38-жж. Жаңы-Арыкта мектетин директорлук Кызматына чейин жеткен…

1938-жылы Жумгал райкомунун катчылык жумушуна

Чакырылып, 1940-жылы Райкомдун 2-катчысы, согуштун оор

Мезгилинде тылда жан аябай иштеп, ачарчылык мезгилинде далай

Элди, жетим-жесир үй-бүлөлөрдү (өзүнүн боорукерлиги менен)

Ачарчылыктан сактап калган.

1940 — 45-жж. Чейин Райкомдун 2-катчысынын милдетин

Аткарып, 1946-50-жж. Андан «ТЯНЬ-ШАНЬ» областтына РАЙЗОго

Чоң кызматка көтөрүлгөн. Көп жылдар иштеп журуп, кийин ден

Соолугу начарлап айлына келген.

Ал атабызга өз айлында «Жаңы-Арык» совхозуна директорлук Кызмат ыйгарышкан.

**Алтындай атабыз ӨРДӨК өмүр бою эл үчүн иштеп, каны-жанын**

**Аябай жүрүп 1963-жылы 50 жашка чыгып-чыкпай бул дүйнө менен**

**Кош айтышты.**

**ӨРДӨКТүн башка инсандардан өзгөчөлүктөрү – өжөрлүгү, бир**

**Иштин аягына чыкмайынча аны унутчу да эмес экен, аткармайын**

**Уктачу да эмес экен.**

**ӨРДӨК «өзүмчүл» болчу деген да кеп жүрөт айылда. Ооба, өжөр**

**Болсоң, өз оюңду бербесең, ошол ишке көзүң жетсе, эл үчүн эмгектен**

**Жаралган өзүмчүлдүк, өжөрлүк «көк жал» ИНСАНДын касиеттеринин бири эмей эмне?**

**ӨРДӨК ата өзүмчүл дешчү, элдер**

**Өзүмчүлдүк болот го «КӨК ЖАЛ» эрде?**

**Өтүп кетти заманы БОРОНБАЙдын,**

**Өткүр болот Кесиктей, эске келген…**

**Анда ошондой замандын болгон туру,**

**Ачып турган араанын алдуу-кими?**

**Куру намыс күч алып тейлеп турган,**

**<<Бакан ооздун» «бал татып» чагым тили?**

**Бул заманды бар кылып окуп турган,**

**Бригадирдин атындай «токуп» турган…**

**Өз көмөчүн жедирбей тескеп турган,**

**ӨРДӨК ата өтүптүр өкүм – ИНСАН!**

**Өсүп турат балдары адам болуп,**

**Өрттөй жанган тукуму, ал адамдын!**

**Өтүп жатат турмушу элден калбай,**

**ӨРДӨК ата «очогу» өзү курган?**

**Тарых болуп жазылып бул Жумгалда,**

**ТАБЫЛДЫДай атагы, АТЫ калды?**

## ШАМЕНАЛИЕВ АБДЫКАРЫ

## (ФОТО)

(1916-1978)

**Менин атам ТУРПАН 1975-жылы кайтыш болду. Жумгалдын Тередей адамдары урматтуу аяш аталарым НОГОЙБАЕВ ОТУНЧУ ШАМЕНАЛИЕВ КАРЫЛар атамды эскерип, үйгө келип калышты бир Жолу.**

**Жалындаган жаштык курактарында, комсомол кездеринде**

**Алакандай Райондо бирге жүрүп, бирге иштеп дегендей, кадыры**

**Бири-бирине өткөн кишилер катары көпкө чейин отурушту** алар саймедиреп... Бир чети ал кишилерге атайылап «тамак асуу» шылтоосу болсо, бир чети алар мени атадан калган «жалгыз туяк>> катары көңүлүмдү көтөрөлү дештиби, атамдын жакшы жактарын эскерип айтышып, анын бул дүйнөдөн канчалык болсо да эрте кетип калганын, элүүнүн сегизи эр адам үчүн аябай эле эртерээк экенин, «Алтымышка чыкканда атандын алдап-соолап кучун ал» деген убагы туурасында да жашырышкан жок... Менин айтайын дегеним АБДЫКАРЫ ата ошол мезгилде ооруй калып жүргөн кези экен... «Мен таң калам,- деп баштады сөзүн ал адам. Өмүр бою комсомолдук, партиялык иштен башка бир да жумуш аткарганым жок эле. Элдин эң кыйын кыйналган учурунда Да мен кыйналышты сезгеним жок. Ачка да калганым жок. Ар дайым жетишкен турмушта жашап келдим. А бирок кырктын кырына келгенден бери бир ит оору «кан басымы>> мени союп келатат, кайдан жукканын билбейм?» - деп карс-карс күлдү эле кайран киши...

Илгери Сталиндин убагында да Москвага Обкомдун же

Курсуна окууга жиберишчү эле… Ал окуу эмес эле, Сталин бизге эс

Алып кетсин «байкуштар» дегени эле экен, боору ооруп, «кадрларды

Сактап»…

Мен да бул «окууга» барган учурда ушул жогорку айткан сөзүмдү

Ошол мени дарылаган профессорго айтсам күлдү эле:

— Ай, товарищ ШАМЕНАЛИЕВ, Сиздин «давления» (кан басымы)

Ооруңуз бул чоң кызматчылардын, жетекчилердин оорусу… Керилип

Кетмен чапкан адамдарда бул оору болбойт.. Андан көрө өзүңүздү

Аяныз!

Сөздүн өз маанисинде алып айтканда, Жумгалдан өз кезегинде

Чыккан чыгаан балдарынын бири ШАМЕНАЛИЕВ АБДЫКАРЫ атабыз

Карып, баспай калганда да Райондук ГОСПЛОДОпитомниктин

Директорлук кызматында иштеп туруп кайтыш болуп кетти.

Дүйнөдөн.

Бул

Асыл адам катары эл арасында айтылып калган жакшы жактары
Көп экен, ал кишиде…
Эс тартканы комсомолдук кызматтарда иштеп, партиялык
Жогорку кызматтарды аркалап, тубаса зээндүүлүгү менен элге-
Журтка тез алынып, эл жакшы жактарынан гана билген бул
Атабыздын эл ичинде эскере турган иштери көп…
Атабыздын ошол убактагы ОТУНЧУ атабыз экөө курган
«диалогу» (маеги) боюнча менин түшүнгөнүм бул болгон.
АБДЫКАРЫ атабызды кудай берген, адамдын өз керт башы
Менен келүүчү зээндүүлүктөн куру койбоптур. Окууларын жакшы
Аяктап, тартип, тазалыкты сактап… Ага берилген ар бир тапшырманы
Өз деңгээлинде кынтыксыз бүтүрчү экен…
Табияты менен кошо жаралган Айкөлдүк кыялдары ал
Атабыздын өмүрүн ар дайым коштоп, эң кыйын учурларда да
Сабырдуулукту сактай билгендиги, чынчылдык сапаты, өмүрү бир
Адамга да жамандык каалабаган ак конулдуулугу менен элге алынган
Тура? Атабызга арналган бул чакан барагыбызда АБДЫКАРЫ ата
Жөнүндө көп жакшы жактарын эл-журтка толук айтып бере албасак
Да, бир кездерде алардын небере-чөбөрөлөрү АБДЫКАРЫдай
Жакшы аталарыбыз болгонун, Жумгал эли да түптүү эл экенибизди
Эл-журт билсин деген гана кеп…
Таалайы мунун кененби?
Тарыхта калды эл өңдүү
Такыба жакшы киши эле,
Тандаптыр тууган жер, элди!
КАРЫдай адам көрүнбейт
Кадырлуу, жүргөн бул элден

Даванды журду башкарып

Дасыкан ИНСАН такшалып?

ААЛАМГА ТҮРкук эч ким жок,

Атактуу доору өткөндө,

Ал кетти «дүйнө ат салып».

Атабыз эле кең пейил,

Ал турат эсте, сакталып?

АБДЫКАРЫ атабыздын эмгектери өз убагында бааланып
«Ленин» орденине, эки «Кызыл Туу» орденине, 5 медаль менен
Верховный Советтин Ардак грамотасына 1955-жылы татыктуу
Болгон. Компартиянын VII, VIII, IX, X съездерине делегат болгон
Киши… 1973-жылдан өмүрүнүн акырына чейин партиялык
Кызматтарда, анын ичинен 8 жыл Райкомдун биринчи, экинчи
Катчысы болуп иштегени эле эмнени айтып турат.

## ОТОРБАЕВ ТУРПАН

## (Фото)

(1917-1975)

Өз атан үчүн жазыш, чынын айтсам, өтө оор жумуш экен….
Ошондой болсо да эс тартканы, эл катары өз жашоосун
«кылдыратып» өтүп кеткен атабыздын тарбиясы менен биз дагы
«окуп-чокуп» дегендей, ишибизди «ийге» келтирип, итибизге «чеп
Жедирип», атанын наамын булгабай, атанын жашына да жете келдик
Бул убак!

Эне-атамдын бул дүйнөдөн эрте өтүп кетишинин негизги себеби
Да «жалгыз балам» деген «жармач» сөзден уламбы, деген ойго кетет

Экенсиң?

Кечиксем эмне болду деп, укташпай күтүп, узун түндү атырып,

Эрте келсем энтендеп шашып энем турчу эле, берээрге тамагын

Таппай, салаарга төшөгүн таппай, кулуп-жайнап каткырып, балпактап

Суйунуп…

Атам болсо «ичимен тап» киши эле… Кылтыйып карап, акырын

Сүйлөп шашпай, ээн боло калганда гана: <<Балам, иштерин кандай?

- деп мага кеп салаар эле.

**Эмоциянын эчен ушундай таасирлеринен уламбы, энем эрте**

**Кетти бул жалган дүйнөдөн, (абышкасынан мурун).**

**Эне-атамдын ортосундагы «сваркадай бекиген», бирине-бири**

**Теп келишкен терең урматтуулук, ыймандуулук, асмандагы ачуу**

**Тийген кундун таасиринен экиге тең бөлүнгөн асканын жаракасындай**

**Эле жатып калды биздин турмуштун өмүрү?**

**Жеринен «ичим тап» бирок, жүрөгү үй-бүлөсү үчүн жалындап**

**Күйгөн акактай таза адам атама чыны кыйын иш болду, чак туште**

**Чагылган башына түшкөндөй эле. Энем болгону он беш кун гана**

**Төшөктө ооруп жатып кете берди, «кош-пеш» айтканга жарабай.**

**Атам жөнүндө кеп кыла турган болсом. Өзүнүн жашыраак**

**Кезинде «жанын-жанга» уруп, өзүн аябай эл үчүн иштеп, көр**

**Турмуштун айынан көптөн, көчтөн калбайын деген намыс-арынан,**

**Көгөргөн оюнан кайтпай, үй-бүлөсүн жүгүрүп жүрүп бутка тургузган**

**Тура, кайран атам!..**

Баары минтип «өз ордуна» келген кезекте, ден соолугу

Жоголуп,кете берди кылчайбай, өзгөчө өмүрлүк жолдошуна болгон

«чон сүйүүсүн» кыя албай! Ага чыдап тура албай!

Биздин максат атабыз берген акылдан адашпай, анын «суу аккан

Арыгын» кеңейтип чаап, тазалап, эл байкабай калган жагын, адамдык
Асыл сапаттарын элге даңазалап, тукумун улантып, атабыз жетпей
Калган бийиктигине биз жетпесек да, анын тукумдарын, неберелерин
«жетелеп», элге таанытып, аракет кылсак анын аталык бийик
Наамынан, арбагынан кутулаар белек?
Кесемдей болгон атамдын көп ичинен анча бөлүнүп кылган
Деле иши байкалбайт демекчи… Бирок ошондой болсо да өз
Тагдырына тушташ келген заманына САРЕП САЛЫП, өз наамын
Булгабай, өз тегин булгабай БОРОНБАЙДай «бороондуу
Шамалы» болбосо да, ӨРДӨКТөй «өжөр-өктөмдүгү»,
ЫСМАЙЫЛДАЙ «ыктуулугу», АШЫРААЛЫДай «ак таңдайлыгы»,
ОТУНЧУДАЙ «отуз жолу өлчөп бир кескен» тактыгы, ЖҮЗБАЕВ
КАДЫРДай «жүрөктүүлүгү» жана дагы ошол кездин «туунду
Кадрларынын бири катары эл байкаган-байкабаган үй-бүлөсү
Сезе билген, «немистей ишке тактыгы», «ичимен таптыгы»,
Тууган эл үчүн жүрөгүнүн актыгы (ак кызматы) менен кыйын
Кезге чейин «курсагына жыйган», нукура кыраа сапаттары мен
Үчүн атамдын «СИМВОЛУ» боло алат!
ТУРПАН атабыз деле БОРОНБАЙ ата менен бирге чапкылап
Жүрген дешет, ӨРДӨК ата менен өйүз-бүйүз туруп, «чайга
Чакырышып» турган дешет, Жумгалдын өз балдарын көтөрмөлөп,
ОТУНЧУ агасынын «олуттуу» сабагын алып, кошуналыкка чейин
Барып, бизди ЖЕҢИШ экөөбүздү туугандаштырып, сатып беришкен
Алардын велосипеддерин тээп калдык алмак-салмак, орду толбос
Бул дүйнеден алардын артынан жөнөп кете берген тура, бул ИНСАН
Опасыз дүйнөгө.
О, бир келген адамдай!

Өмүрүнүн акыркы жылдары пенсия жашына бир жыл калаарда
Кызыл-Туу айылдык советинин ПОЧТАсынын начальниктик
Кызматында туруп акыркы сапарга узаган.
Согуштун алгачкы күндөрүндө аскерге чакырылып, атайын
Даярдыктан өтүп, резерв катары туруп, бирок кырчылдаган кыргын
Согушуна катышып (Сталинградды коргоо согушунда миномёттук
Полкто, наводчик) бир жылга жакын душман менен болгон согушта
Душмандын самолеттон бомбалоосунан улам бутунан жаракат алып,
Согуштан аман кайткан ошол себептүү. Улуу Ата Мекендик согуштун
Индвалиди катары пособия алып турган эле кайран киши.
Ошол согуштун өзү катышкан бир күндүк эпизодун атам мага
Бир жолу көңүлү чеч болуп турган кезекте минтип айтып берген эле,
Арбагын сыйлап эскерип коёюн.
Сталинград жериндеги согушту кино тарыхынан деле көрүп
Жатасынар. Бирок ошондой болсо да атам мындай айтты эле аны
Мүнөздөп.

- Ал жер аңырайган эле жанагы казактын талаасындай ойдуң-
Сойдуң жер. Кенес-Анархайга окшогон бороон-чапкыттуу жер болот
Экен деген. Биз согушка даярдык көрүп, миномет батареясын
Орнотуп, окопту тикеден-тик турма кылып казып (киши бою казылчу)
Турган кезекте, душмандын чабуулу улам күчөп келип, Сталинград
Шаарын улам келип бомбалап кетип турушту душмандар. Бизге
Берилген команда боюнча окоптон суткалап чыкпай туруп калган
Учурлар болгон, себеби душмандын разведкалоочу самолету бизди
Байкабагандай абал түзүп, кыймылсыз катып турчубуз, үстү
Жагыбызды маскировкалап…

Сталинград талаасында бул кеч күздө да, кычыраган кышта да

Болдук. Шамалы жөн турганда эле ыркырап турган жер өзү жарыктык.

Шамалынан удаа жаан чакалап төгүп, шамал менен кошо куюндатып

Учуруп турат. Бир сутка жааган жаандан, (окоптон чыгууга приказ

Жок болчу бизде) окоп сууга толуп, ал эле эмес окоптон ашып чыгып агып турду. Жаан аралаш ушунчалык муздак шамал айдап тишибиз

Тишибизге тийбей калчылдап турдук, менин батареямда бир узбек

Жигити, эки сибиряк орус, анан мен элем. Мен бул суу болгон, эчен

Мындай сутказарга чыдагам, ооруган да эмесмин, сибиряктар да

Чыдамдуу эл келет экен, ал эми өзбек жигити (аты Махмуд беле)

Ташкендик эле өз жанын өзү кыйганга барган, жалан суукка чыдай

Албай.

Бомба түшүп жатканда ар кимибиз ар жерге башыбызды

Калкалап командир отбой берген убакта гана беш мүнөт болсо да

Уктап кетчу элек өлүктөй болуп…

Бомбалап жатса ойгончу эмеспис… Ал эми командирдин ач

Айкырык уну чыкканда «Встать команду»! дегенинде кандай уйкуда

Болсок да ойгончубуз, согуштун тартиби ушундай болгон.

Ошол согуштун таасири да «өзүнүн ишин» кылды окшойт сыягы,

58 жашына чыгып-чыкпай көп жылдык кесел оорудан каза боду

Кайран атам.

«Кыл көпүрө» заманды басып өтүп,

Көрөөрүндө жакшылык, алга жетип?

Кеп жыл ооруп КӨСӨМдөй очогунда…

Көр турмуштун запкысы көкөй кесип!

Жалгыз туткан баласын адам кылып,

Жашаарында жыргалда, алга жетип?

Жакшы жардын жаадырап чайын ичпей,

Жалгыз калган карганда, ЧАЛдай жетим?!

Жапан кулук тулпардай чуркаарында,

«Жайлап салган» ЧОҢ КУДАЙ АТУУЛ кезин.

«Алтымыш асыйына» не чыга албай,.

Атам ТУРПАН өттү го бу жалгандан…

Артып койгон «азыгы канжыгада»

Алыс чуркаар «тай туяк тулпарлардай!»

Тузуп койгон келечек балдарына,

«Түбүн ичкен» «тукуму» өсүп турат,

Тапка келген, таңдагы ШУМКАРЛАРДАЙ!

# ЖУМГАЛДЫН ЖЫЛДЫЗДАРЫ

## ИСМАИЛОВ БЕКИШ

**(Фото)**

БЕКИШ байкебиз 1941-жылы 19 жашында Кызыл армиянын

Катарына чакырылып, Токмок шаарындагы армия бөлүгүнде

Даярдыктан өтүп, Панфилов дивизиясынын составында 1941-

Жылдын декабрь айында Москвага барган… Ошол жерден башка

Фронтко чектелип, алдыңкы (передовой фронтко) чекке жиберилип,

Артиллериялык полкто кызмат өтөптүр!

Кыскартып айтканда, 1941-жылы башталган Экинчи

Дүйнөлүк согушун 1945-жылы Берлинден бутуруп «Саякчасынан

Кеткенде»> <<чырдын башынан аягына чейин чечинип алып,

(шинелин чечип коюп чырдын устунде жүрген киши экен)

Челкилдешип» жападан жалгыз согуштун башынан аягына чейин

Катышуучусу БЕКИШ байкем, согушту 1941-жылы баштап алып,

1945-жылы Берлинге туу сайып, эл сыяктуу энтендеп, эрте эле уйүнө шашпай Берлиндин көчөсүндө 1947-жылга чейин «ары- бери басып>>, <<бопорос тартып», эки колду чөнтөккө салып, Гитлерге окшогон дагы бир «келесоолорунан» аяк-биягында калган жокпу деп «булуң-бурчтарын аңтарып» анан «эл тынчыганда» эми бүттү го деп баса берген киши экен. 1947-жылы армиядан келип, «Кызыл-Жылдыз» колхозунда башкарма болуп иштей баштаган. Райкомдун жолдомо кагазы менен барып. Ал кезде бытыранды чарбалар кеп болгон. 1949-жылдары майда чарбалар (айылдар) бириктирилип, чоң чарбалар түзүлгөн кезде (колхоз, совхоз) ирилешкен «Чаек» колхозуна партуюмунун секретары болуп иштеп турду, 1957-жылы Фрунзеден 3 жылдык Жогорку партиялык мектепке өтүп, окуп келээри менен Партиянын Жумгал райкомунун инструктору, ответственный секретары кызматтарында иштеп жүрдү... Байкебиз согуш учурунда, согуш башталгандан 1941-жылдан, согуш бүткөнгө чейин, 1947-жылга дейре, бүткөндөн кийин да армиялык согуштук «дух» менен жашап келди. Ал кыялы кийин өзүнүн кийинки иштеген иштеринде да таасирин тийгизбей койгонуйүнө шашпай Берлиндин көчөсүндө 1947-жылга чейин «ары-

Бери басып>>, <<бопорос тартып», эки колду чөнтөккө салып,

Гитлерге окшогон дагы бир «келесоолорунан» аяк-биягында

Калган жокпу деп «булуң-бурчтарын аңтарып» анан «эл

Тынчыганда» эми бүттү го деп баса берген киши экен. 1947-жылы

Армиядан келип, «Кызыл-Жылдыз» колхозунда башкарма болуп

Иштей баштаган. Райкомдун жолдомо кагазы менен барып. Ал

Кезде бытыранды чарбалар кеп болгон. 1949-жылдары майда

Чарбалар (айылдар) бириктирилип, чоң чарбалар түзүлгөн кезде

(колхоз, совхоз) ирилешкен «Чаек» колхозуна партуюмунун

Секретары болуп иштеп турду, 1957-жылы Фрунзеден 3 жылдык
Жогорку партиялык мектепке өтүп, окуп келээри менен
Партиянын Жумгал райкомунун инструктору, ответственный
Секретары кызматтарында иштеп жүрдү…
Байкебиз согуш учурунда, согуш башталгандан 1941-жылдан,
Согуш бүткөнгө чейин, 1947-жылга дейре, бүткөндөн кийин да
Армиялык согуштук «дух» менен жашап келди. Ал кыялы кийин
Өзүнүн кийинки иштеген иштеринде да таасирин тийгизбей койгон жок!
1966-жылдары «Кызыл-Жылдыз» колхозуна парторг болуп кайра
Барган жылдары бул кишинин жумуш күндөрү эртең мененки саат 5
Тен түнкү саат 10 го чейин күн сайын, бүтчү экен… Согуштагыдай
Ете катуу (строгий) тартипти кармап, берилген жумуштун
Аткарылышын, тактыгын талап кылып, өзү да кошо сугатчылар
Болобу, башка кызматчылар болобу кошо иштешип жандарында
Жүрчү ал адамдардын, күндүн суугуна да, ысыгына да карабаган,
Ишке берилген, партиялык тартипти катуу сактаган, өтө катуу
(жесткий) адам эле дешчу эл…
БЕКИШ келе жатат дегенде, жайма жай жаңы эле отурган
Чалгычылар болобу, сугатчылар болобу чалгыларын же күрөктөрүн
Таппай издешип, көрүнүп калбасак экен деп, чөптүн артына
Жашырынып, жашырына албай калганы качып кутулчу экен,
БЕКИШТен.
Жалкоо адамдарды «желмогузундай көрчү» эле дейт БЕКИШ.
Ал кыялын азыр деле кеп кылышат…
1973 1976-жж. Саясий даярдыктан өтүп, Алма-Атадагы
Партиялык жогорку мектепти сырттан бүтүрүп келгенден кийин, өмүр
Бою партиялык кызматтарда иштеп келди… Анан пенсияга кетти…

БЕКИШ байкебиздин элге сиңген ак эмгегин Өкмөтү, Партиясы унутпаптыр…

Москвадан Жуковдун медалын (1976-ж) алды… СССР медалын

(1976-ж.) «За взятие Берлина» (1945) «За участие ВОВ» (1946), «За

Победу над Германией» (1976) Лениндин юбилей медалын (1970)

30-летие Победы ВОВ (1975) 70 летие Победы вооруженных сил

(1981) Ветеран труда (1982) 50 летия Победы ВОВ (1995), За 1941-

45-жж. Орден Отечественной войны II степени (1985) мындан

Тышкары да элдин сыйына ветеран аксакал катары арабызда эс

Алууда жүрет, 3 кыз, 2 уулу бар.

Балдарынын баары жогорку билимдүү «Билеги жоон бирди

Жыгат, билими жоон минди жыгат» дейт БЕКИШ агабыз өзүнүн элине

Айткан карылык насаатында…

Балдарды окуткула! Билим алсын, өзгөчө кыз балдар жакшы

Окуш керек, балдарды тарбиялап өстүрө турган ошолор дейт БЕКИШ

Агабыз чын ниети менен…

Пенсия курагында жөн туралбайт…

Тазалыкты сүйөт. Адамдын артында айтылыпкалчу жакшы сөз

Керек дейт ал киши, биздин берген сурообузга…

Биринчи бак тигиш керек экен, экинчи балдарга жакшы билим

Алып бериш керек экен, үчүнчү жөн эле «честный» адам катары жашап өтүү керек экен дейт бул дүйнөдөн…

**Эсте турганда, эстей кетели бир окуясын…**

**Колхоздо парторг болуп иштеп жүрген кезекте мал санакка**

**Барып калат. Малын БЕКИШ байке санап көрсө, түгөл эле чыгат.**

**Кайта ал жерден чай ичип алып кайта кетип баратса машинесинин**

**Багажына чай ичкиче билгизбей шопурга айтып бир козу салып**

**Коюптур чабан бир чанач кымызы менен…**

**Жолдон шофер айтса кайра айдатып чабанга келип, козусун,**

**Кымызын түшүрүп берип, шоферун тилдеп, чабанга айтат имиш:**

**Мени сыйласан экинчи мындай кылбай жүргүн, козуң ашык**

**Болсо балдарына союп, шорпо-шилең кылып бер деп машинанын**

**Кабинасын тарс! Жаап учурашпай кетип калат.**

**Мурунку муундун тарбиясы ушул тура!**

**Чыны байкебиз азыр турган турпаты менен бутунан башына**

**Чейин комунист экен.**

**Жакшы тарбиядан улам кыздары эстүү чыгып, мисалы НУРИЗА БЕКИШОВНА карындашыбыз бакыйган Республикалык бир больницаны (Республиканская клиническая-инфекционная больница) башкарып ата намысын төмөн түшүрбөй ак ниети менен иштеп келет элине.**

БЕКИШ үчүн жаралгансып бул Согуш,

Берлин ага кыргызындай – БИР БОЛУШ?

41 чи жылы кетип согушка,

<<Службасын>> бүтсө дагы бүт ОРУС!

Жүре берген кайран БЕКИШ агабыз,

Жетемин деп жерге кирип кетсе да

Жексур адам ГИТЛЕРге, желмогуз?

Кайтып келип кыял-жорук өзгөрүп

<<Кулак уккус андай жерде көз көрүп»

Секретарь, парт уюмун башкарып,

Кетменчинин, Орокчунун кыялы,

Ойу менен боло бербей «ой келди»

Айылда да ал жасаган «Өзгөрүш»!

Келет дешсе кокус БЕКИШ агамы,

Кеп кылышса, колхозчулар карааны…

Жалкоолору жата калып качышкан,

Жайлоо сымал, жатып алган

Аларың?

Корконунан колдоруна чалгы алып,

Ичпей калчу ичип жаткан тамагын.

Тартип деген, чындык деген – Ал экен,

Чындык үчүн «чырылдашкан бала» экен.

Ошон үчүн Жумгал эли сыйлашкан.

БЕКИШтериң азыр бизде бар бекен?

Болсо кана «боорун берген» азамат.

Бул заманың болуп жатса <<ЧАЛМАКЕЙ»!

**АКИЕВ САЛМООРБЕК КАЛЫКОВИЧ**

**(Фото)**

САЛМООРБЕК байкем менен менин сүйлөшкөн аңгемемдин

Баш жагы «диалог» түрүндө башталып, анан башкача маанайда

Уланды..

- Байке! – дедим. – Сиздин өмүр жолунуз жөнүндө «анкетнный

Данный» өңдөнгөн (орусча айтканда «мемуар») ак кагазга шурудай

Тизилип басылган өмүрүңүздүн деги эле урунттуу учурлары жөнүндө

Жазылган жазуулар мына менин колумда турат, мен бул сиздин

«таржымакалыңызды» эки-үч сыйра окуп чыктым, менин сурайын дегеним – мыңдан тышкары өзүңүздүн да оозунуздан угайын деген,

Ошондон улам, чыккан суроолор бар эле капа болбойсузбу?-десем

Ал киши «Сурай бер!» дегенчелик кылып, башын ийкеп мага

Карап жылмайды…

Атабыздан

- САЛМООР ага! Ушунчалык бийик адамдын КАЛЫК атанын өз

Стукуму», уулу катарында сизден сурайын дегеним –

Сизде калган кыял-жоруктары барбы? Болсо алар кайсылар деп

Ойлойсуз, ез оюнузча? – десем.

-Туура суроо экен, иним, эми бул суроого мындайча жооп

Берууге аракет кылып көрөйүн, - деди агам, оңдонуп олтуруп..

Өзунер угуп-билип жүргөндөй КАЛЫК атаңардын бир ыры

Болгон, гезитке илгери эле басылып чыккан эле 30-жылдары болсо

Керекале, бирок азыр деле гезиттерге басылып ар жерде марофон

Аткаруп жатканын деле угуп-билип атасыңар го? Ал ыры, эл арасына

СИНГЕН «КАВАК, САГА ПОЕЗД МИНИП БАРАБЫЗ!» деген ыры болсо керек эле деди…

-Туура айтасыз, ага! – дедим, анын сөзүн коштоп. Атам алдын

Ала билген керегеч адам десем, бул ыр атамдын алдын-ала

Керегечтук сапаттарын далилдей алар беле? – деди, кайра мага

Суроолуу карап САЛМООРБЕК байке.

- Эми мындай, КАЧКЫН иним, КАЛЫК атанды деле өз убагында

Элдин арасында баары эле тен эле жалпы жакшы көрүп эле сыйлай

Берчү деген сөздөн алысмын. КАЛЫКты ар ким ар кандай түшүнгөн…

Ар кандай кеп-сөз жүрөт элибизде ал жөнүндө.

Мунун да чындыгы бар!

Себеп дегенде КАЛЫК атаңар сөздү бетке чаап айткан, болгонун

Болгондой сүйлөгөн адам болгон. Андай адамды азыр деле жакшы

Баалабаса керек го, ыя? Биздеги эсте калаарлык бир сезу калды,

<<Балдарым, адам өзү ар ким өз эмгеги менен аракет кылса гана

Максатына жете алат» - деп койчу эле атам… Бирок ак көңүл ар

Кимден жакшылыгын аябаган, дүйнөсү кенен адам болгон. Ошол учун

Биздин үйдө ар дайым шатыран-шатман эл толуп, өзгөчө, ошол

Кездин мыкты адамдары: артисттер, комузчулар, жамакчылар

Өнөрлүү адамдар өтө көп келчу үйге. Атабыздын акыл сөздөрүн,

Казалдарын угуудан тажачу эмес эл, кээде тан аткыча деле сөзүн угуп олтура беришчү…

Ушул узун өмүр жылдарында өз башымдан өткөн урунттуу уч-

Терт окуяны айтып берсем эле өзүң деле түшүнөөрсүн дегендей кеп-

Сөзүн баштады САЛМООРБЕК агабыз…

- Биринчисин эстейин. И-и, мен ЦКда Тянь-Шань областы деп

Койчу анда «ответ организатор» деген кызматта иштеп, ушул

Областты подшевстовать этип ЦКнын бирден-бир (единственный)

Азыркы ПУТИН (Россия) элинде жасап жатпайбы «представитель

Президента» (деген сыяктуу укугу бар адам) (по такому краю, по

Области деген) ошондой кызматта элем. Ответ организаторсуз бир

Да кадр маселесин ага акылдашпай Обкомдо чече алган эмес.

Кадрды коё алчу эмес, өз алдынча, өзгөчө номенклатурадагы

Кадрларды. Анда да, өзүң билесиң, кадрлар аз кези эмес беле. Көпчүлүк

Жакшы кадрлар согушта жок болбодубу? Өзүң түшүнөсүң да.

Мен такай, көпчүлүк учурда Райкомдун, Обкомдун

Пленумдарында өтө маанилүү чоң чогулуштарда кеп болот элем,

Ошол Тянь-Шань областында…

Одновременно кадрларды да изучать этчу элем.. Байкап журсем Жумгал районунун 3-секретары ДҮЙШЕЕВ АРСТАНБЕК деген жигит иштеечу эле. Тың кадр көрүнгөн эле мага. Жумгалда анда 1-Секретарь БАЗАРОВ деген болгон. Пленумдан бир аз убакыттан кийин ошол жигит тууралуу «чоңдорго доложить» эттим.. Бир ай өткен

Жок окшойт, ал ДҮЙШЕЕВ Менин жаныма келип ответ организатор

Болуп кайсы бир районду тейлеп иштеп калды… Андан Ош
Областтына кетти окшойт Райкомго биринчи секретарь болуп, өзүң
Билесиң акыры СОВМИН болуп да иштеп жүрбөдүбү?
- экинчи бир мисал бир жолу Тянь-Шань районундагы
Чарбаларды кыдырып жүрүп Куйбышев атындагы колхоздун
Башкармасы бар экен БАЗАРБАЕВ КАДЫРАКУН деген.. Өзү ишке
Тың жигит көрүндү эле, чарбасы да мыкты экен, көп чарбалардан
Айырмаланып… Заметкага алып койгон элем… Анда Тянь-Шань
Обкомунун 1-секретары КЕМЕЛ ИВАНОВИЧ де койчубуз
САДЫБАКАСОВ деген иштечү, өзү өтө тың секретарь эле
«честный»… Тянь-Шань областынын айыл чарба отделине бир
Керектүү кадр керек болуп калып мен айттым, өзүңөрдөн эле бир
Кадрды пайдалансанар болот деп.
- Ал ким? – деп сурап калды САДЫБАКАСОВ.
БАЗАРБАЕВ деген Куйбышев колхозунун башкармасы
Болобу?-десем. КЕМЕЛ ИВАНОВИЧ айтып калды:
-Ал башкарманын үстүнөн арыз көп түшөт, өзү грубый адам,
Болбойт го? – деп.
-
Эмне үчүн бул ишке пайдаланууга болбосун? Иштеген
Адамдын үстүнөн обязательно арыз болот, биреeден требовать
Этсен бирөө жакшы көрөт беле, бирөө жаман көрөт да элдин баарына
Эле жага албайсың. Тем более башкарма болсо?

**Эмне үчүн бул ишке пайдаланууга болбосун? Иштеген
Адамдын үстүнен обязательно арыз болот, биреeден требовать
Этсең бирөө жакшы керот беле, бирөө жаман көрөт да элдин баарына
Эле жага албайсың. Тем более башкарма болсо?**

**Бирок обкомдун пленумунда макулдашылды, мүчөлөрү менен.**

**Бир убакта голосованиеге салалы деп турсак, обкомдун мүчөсү бир**

**Аял бар эле ошол аял суроо берди БАЗАРБАЕВдин өзүнө:**

**-Айтыңызчы, жолдош БАЗАРБАЕВ баягы туягы тайтайган тукул**

**Муйуз кара ноопазды кайда жоготтунуз эле же азыр текшерсек**

**Барбы? – деди эле. БАЗАРБАЕВ же бар дей албай, же жок дей албай**

**Оозуна талкан сугунугансып туруп калды, зал дымып калды…**

**Ошерден мен тура калып: (аялдын фамилиясы азыр эсимде жок)**

**Сиз обкомдун мүчөсү катары ошол БАЗАРБАЕВ иштеген**

**Чарбаны көзөмөлдөп турасыз, жакында ал жерде колхозчулар бүт**

**Катышкан чогулуш болду беле? Мында сиз да катыштыңыз беле? –**

**Дедим.**

**- Ооба! – деди аял.**

**- Анда сиз эмне үчүн ошол жерден ушул суроону берген жоксуз элге? – десем, ал аял да унчукпай туруп калды, жооп айталбай** мокоп…

Ошону менен пленум аяктады, БАЗАРБАЕВди единогласно ал

Обкомдун мүчөлөрү шайлады. БАЗАРБАЕВ кийин кеп

Кызматтарда (партиялык) иштеп жүрдү. Кадр туура тандалганын

Кызматка

Турмуш өзү көрсөттү…

Үчүнчү бир мисал. Мен шаардын 1-Май райком партиясынын 1-

Секретары элем… Өзүмдүн оюм боюнча да, ЦКнын түшүндүрмөсү

Боюнча да бул чоң промышленный районду зынкыйта башкарыш

Үчүн көп акыл, чоң тажрыйба, дегеле көп иште сезимталдык, тактык,

Калыстык, көрөгөчтүк керек!

Мен кеп чоң заводдорго барып, партиялык отчёттук кайра

Шайлоо чогулуштарына өзүм лично барып катышчумын, өзгөчө КГБ

Зор жоопкерчиликтеги мекеме болгондуктан аякка парт уюмунун

Жетекчилерин шайлоо учурларында лично өзүм барып катышчумун.

Ошол жерде бир чыкыйган, өзүн-өзү тың алып жүргөн, тың сүйлөгөн,

Сөзү да орундуу жөнөкөй эле бир старший лейтенант (опер) чининде

Бир жигит иштечу эле кийин министр юсти гцияга чейин жетип, иштеп

Депутат да болуп жүрбөдүбү, спикер да болуп? – деди САЛМООРБЕК

Ага. – Фамилиясы эсимден чыгып кетиптир.

– МУКАМБАЕВ эмеспи! – десем.

- Туура, туура! – деди тиги киши менин сөзүмдү кубаттап…

Ошол жигитти КГБнын партуюмунун кайра шайлоо чогулушунда

КГБнын председатели орус жигит эле, эсимде жок ага макулдашып

Партуюмга секретарь кылып шайлаттым менин мнениями каршы эч ким болгон жок.

Ал жигит бат-бат эле өсүп кетти.. Ошто областтык бөлүмүн

Башкарып, кийин КГБнын 1-замына чейин жетти, өзү айткандай

Министр юстиции болуп да иштеди, депутат да болду. Бир жолу

Паркта басып, көчөдө бекен, келе жатсам, бир арык чырай көз

Айнекчен жигит алдыман чуркап келип учурашты, (тааныбай

Калыпмын аны) «Мен, байке, баягы сиз партуюмга секретарь койгон

КГБдагы МУКАМБАЕВ эмесминби» деп өзүн тааныштырып жан-

Алы калган жок. Карыганда жаштар ошентип учурашып койсо жакшы

Экен…

-

Эстеп турганда биротоло айта кетейин, мен ошол эле 1-МАЙ

Райкомунда дале иштеп турган кезимде бир чоң заводго өз

Кадрларыбыздан (кыргыздардан) бир баланы көтөрөлү деген ой

Болду… <<Тяжэлектромаш» заводуна резерв кадр катары ЦКдан кадр

Издеп калышты. Мен мурда иштеп кеткен жерде Горкомдо МУРАЛИЕВ

Деген кесиби боюнча промышленник бир бала боло турган эле

Орусча жакшы сүйлөгөн, инструктор болуп иштеп жүргөн. Мен ошону бергиле мага деп сурандым. КУМЫШКА (заводдун директору) орун

Басар болуп иштеп үйрөнсүн кийин КУМЫШтын ордуна резерв болуп

Калсын деп… Мен айткандай болду. Бир жылга жетпей кумышты

Андан чоңураак кызматка пайдаланып, МУРАЛИЕВ анын ордун ээлеп

Иштеп калды.

Ошентип МУРАЛИЕВ да өсүп олтуруп ал дагы эскиче СовМин

Же азыркыча Премьер-министрге чейин жетти, бирок байкуш

Премьер-министрден бат эле түшүп калды. Кийин ал жигит эки-үч

Официалдуу жерден жолукту мага . мени таанысбай калыптыр.

Учурашкан да жок, бечара, Агайым эле, улуу киши эле, мени ушул

Киши тарбиялап өстүрдү эле деп саламга да келген жок.

Кийин мен тиги депутат жакшы бала эле, ЭРКИНБЕК

МАТЫЕВДИН Эстелигин койгон церемониясына барып,(Ала-Арча

Көрүстөнүндө) мен (МАСАЛИЕВдин күйөө баласы тура ЭРКИНБЕК)

МАСАЛИЕВ менен турсам эле баягы МУРАЛИЕВ деген неме чуркап

Келип мени кучакатап калды. «Мой руководитель, мой наставник»

Деп эле, мени кучактап болбойт жаны-алы калбай, МАСАЛИЕВге

Карап анан айтып калдым: «Иним, сен кызматтан түшкөндө эле

Кучакташып учурашып турасыңбы?» - десем оозу таш капкандай

Болду, унчуга албай бозоруп.

МАСАЛИЕВ жакшы киши эмеспи: «Кой эмИ, САЛМООРБЕК

КАЛЫКОВИЧ, булар жаш жигиттер эмеспи, турмушта өйдө-ылдый

Боло берет да» деп жубатты.

Биз кадрларды көтөргөн (тандаганда) убакта анын кайсы

Жерлик экенин сурачу эмеспиз (азыркыдай) же кайсы уруктан

Экенин <лишь бы> жакшы кадр болсо дечүбүз, кыргыз элине

Пайда келтире турган жагына басым жасачубуз!

САЛМООРБЕК байке! – дедим.- Сөзүңүзгө аралжы. Азыркы

Шарттагы кадр саясаты кандай жүрүп жатат сиздин оюнузча,

Кандай карайсыз буга дедим, моментин кармап.

- Эми мен азыр пенсиядамын, бирок ошондой болсо да кадр

Тандаганда анын биринчи эл үчүн болгон патриоттуулугун

Эсепке алып, биринчи планга коюу керек. Жердешчилик деген

Болбогон неме эч убакта өзүн ал актаган эмес (не оправдал)

Колдон келсе ошондон алыс, элге калыс болгонун каалар элем

Жетекчилердин!

Элдин жугун аркалаган кыргыздын жигиттери өзүмчүлдүк деген жаман адаттан алыс болушун, бир эле уруктун (Сарбагышбы же Саруубу, же Саягыбы) өз көмөчүнө күл тартып,өз балдарын эле көтөрмөлөй берген бул болбогон практиканы ал адамдын өзүнө да, өлкөгө да пайдасы жок. Утурумдук удовольствие гана бу эси жок адамдар үчүн! деди агабыз, - токтоолук менен мага үңүлүп карап. Мына мен дагы кайталап коёюн ДҮЙШЕЕВди көтөргөндө Кичи Кеминдик Сарбагыш экенин, БАЗАРБАЕВ Тынымсейитпи, Бугубу, МУРАЛИЕВ Солтобу, МУКАМБАЕВди Бугусуңбу деп сурабай эле, жөн эле кыргыз элине жарактуу балдар го ушулар деп ойлогонбуз. Эми бул Ала-Тоодой акылы зор залкар агабыздын басып өткөн турмуш жолуна сареп салып көрөлү. Дагы бир эскере кете турган байкебиздин өз оозунан жазып алган Посолдук кызматтан тышкары ошол жылдар ичинде сыртта жүрсе да өлкөнүн өсүшүнө чоң салым кошуп, кыргызды башкарып турган азыркы кадрларды Россиядан, (Москвадан, Ленинграддан ж. б. шаарлардан) окутуп-чокутуп дегендей, окуганга жардам берип. олчойгон шаарга көрк берген ЦКнын жаңы имаратына, Ленин музейине ичи-тышынан бери жардам берип, Союздук Министерстволордун «эшигин жыртып» дегендей, кылган эмгектеринал адамдын өзүнө да, өлкөгө да пайдасы жок. Утурумдук

Удовольствие гана бу эси жок адамдар үчүн! Деди агабыз,

-

Токтоолук менен мага үңүлүп карап.

Мына мен дагы кайталап коёюн ДҮЙШЕЕВди көтөргөндө Кичи
Кеминдик Сарбагыш экенин, БАЗАРБАЕВ Тынымсейитпи, Бугубу,
МУРАЛИЕВ Солтобу, МУКАМБАЕВди Бугусуңбу деп сурабай эле,
Жөн эле кыргыз элине жарактуу балдар го ушулар деп ойлогонбуз.
Эми бул Ала-Тоодой акылы зор залкар агабыздын басып өткөн
Турмуш жолуна сареп салып көрөлү.
Дагы бир эскере кете турган байкебиздин өз оозунан жазып алган
Посолдук кызматтан тышкары ошол жылдар ичинде сыртта жүрсе
Да өлкөнүн өсүшүнө чоң салым кошуп, кыргызды башкарып турган
Азыркы кадрларды Россиядан, (Москвадан, Ленинграддан ж. б.
Шаарлардан) окутуп-чокутуп дегендей, окуганга жардам берип.
Олчойгон шаарга көрк берген ЦКнын жаңы имаратына, Ленин
Музейине ичи-тышынан бери жардам берип, Союздук
Министерстволордун «эшигин жыртып» дегендей, кылган эмгектерин
Эл бирээр бекен?

Шаардын мурдагы Правда көчөсүн, темир жол туннелин
Салдырганга көмөк көрсөтүп, Совет көчөсүнө темир жол туннелин
Салдырганга да жардам эткенин бир топ жобурап кеп кылып отурду.
Азыр агабыз пенсияда, балдары бүт билимдүү адамдар экен.
<<Эшигин көрүп төрүнө өт» дегендей МАГРИПА (арабчадан
Которгондо билимдүү аял заты делет экен) жеңебиз профессор,
Акылман аял женебиздин жылуу чайын ичип, бактылуу турмушун
Улантып, чөбөрөлөрүн күтүп турган чактары экен… Не дейли ушундай
Акылман аталар, апалар көп болсун, «карысы бардын ырысы бар>>
Дейт. Алардан алтынга бергис гана акыл чыгат, насаат чыгат…
<<Аккан арыктан суу агат» деген акылман кыргыз атабыздын

НАКЫЛ Сөзү агабыз САЛМООРБЕК эле үчүн айтылгандай кеп!

Калыстык менен карап көрөлүчү, кыргыз элим өзү айныксыз өз

Баасын бергендей, кыргыз элинде «кара жаак. Жез таңдай» КАЛЫКка

Жете турган өз заманында акын болгонбу? Болсо болоор бирин-экин.

<<О>> десе оозунан ыры төгүлгөн ОСМОНКУЛ атабыз эле тең келбесе,

Ал КАЛЫК атабыз менен кээде айтыша кеткенде айласы кетип

Ырынын аягына чыкпай. КАЛЫК атабыз алысчыл кулуктей жаны эле

Кызып бараткандa кайпактап качып, элдин эсинде калаарлык эки

Сабын таштап кеткени кандай минтип:

КАЛЫК буура, мен тайлак

Качып турам жалтайлап.

КАКЕМ каарына бир алса,

Мени казыр коёр бир чайнап!

Мындай саптар «Оргуштаган ыры оозунан төгүлгөн»

ОСМОНКУЛДУН Да канчалык дараметти чон акын болсо да КАЛЫКка

Кандай баа бергени ырынан эле көрүнүп турбайбы.

Ошол КАЛЫК атадан төрөлгөн кадимки САЛМООРБЕК агабыз

Мына олтурат арабызда бакыйып. САЛМООРБЕК агабыз Байзак

Айылында 1924-жылы 5 майда жарык дүйнөгө келиптир!

САЛМООРБЕК агабыз 6 жашка чыкканда (1930-жылы) андагы

Аты Пишпек (Фрунзе) КАЛЫК ата Пишпекке көчүп келет.1930-жылы

Байтик айылында туруп калышат. Бир жылдан кийин 1931-жылы

Фрунзеге көчүп келишет. 1941-жылы күзүндө катуу ооруп калып,

Кайта Жумгалга кеткен 1946-жылы гана кайра Фрунзеге көчүп келип

Филармонияга кирет. Өзү 1943-44-жж. Жалгыз бой иштейт. Ошол

Гана 1946-жылы ШААРБҮБҮ апабыз менен биротоло атам шаарга

Көчүп келип өмүрүнүн акырына чейин ошол жерде туруп калышты.

1935-жылы САЛМООРБЕК байкебыз Ленинграддагы

Хореграфиялык училищадагы балет артисти кесипчилик окууга өткөн

(11 жашында). 1939-жылы болуп өткөн Кыргыз искусствосунун 10

Кундук декадасына катышып Москва шаарында өткөн Кыргыз элинин ошол кездеги орошон таланттары менен бирге чоң Театрда концерт бергенге катышкан…

Кремлдеги атактуу Георгиев залында Мамлекет башчылары

Аларды кабыл алып баалуу сыйлыктарды берет…

1941-жылдын башында агабыз Ленинграддан окуу жайын

Таштап кетүүгө аргасыз болду Фрунзеге… Фрунзеге келгенде сергек

17 жаштагы баланы (анда Совнарком дечү) ЦКнын аппаратына

Секретарга жардамчы кызматына алышат.

18ге толгондо 1942-жылы согушка кетет, 1946-жылы согуштан

Аман-эсен кайтып келип, өзү окуп баштаган кесипчилиги боюнча

Опера балет театрына иштеп калат. Эскерте кетчү нерсе, ошол кан

Күйген согуштарда агабыз ЧОЛПОНБАЙДай эрдик жасабаса да

Западный, Центральный, Второй Белорусский, Первый Белорусский

(кыргызча которууга болбойт тарыхта ошондой жазылган)

Фронтторунда жөнөкөй солдаттан баштап пулемёт взводунун

Командири, 108-Бобруйск атындагы аткычтар полкунда

Чалгынчылардын командиринин кызматын өтөйт.

1947-жылдан тартып зынкыйган сыпаа адам САЛМООРБЕК

байкебиз комсомолдук кызматтка биротоло баш-оту менен кирет

Свердлов райком комсомолунун катчысы, андан кийин

Республикалык партиялык окууга өтет. 1956-жылдан тартып өмүр

бою партиялык, советтик кызматтарда жүрдү...

Инструкторлук кызматтардан баштап, анда Фрунзе шаардык

комитетинин зам заворготдели болуп ошол эле убакта сырттан окуп

ЦК КПССтин алдындагы партиялык мектепте эки жыл, андан улам ЦКнын инструкторлук кызматына, организатор-инструкторлук кызматында (Ысык-Кол областын тейлөөчү) жүрдү.
1963-69-жж. Фрунзе шаардык элди контролдоо (козомолдөө) комитетинин председатели, 1969-жылы шаардык 1-Май Райкомунун 1-катчысы, 1981-жылдан Москва, ЦКнын көрсөтмөсү менен Москванын Кыргызстандын элчилик кызматында, 1987-жылга чейин же пенсия жашынан 3 жыл отуп барып персоналдык пенсияга чыгып, озунун кыргыз жерине келди.
Агабыз ак кызматы менен элине иштеп келген жылдары VIII, IX, X, XI анда Верховный Совет деп аталчу сеъздерине (чакырылыштарына) депутат болуп, ЦКнын 4 сеъздинде пленумдун мучосу болуп, окмот берген «Отечественной войны 1 степени», «Красная звезда», «Трудового красного знамени>>, <<Знак почета>> ордендерин алып 4 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасын, 15 медалын тошуно тагынып, чоң ата болуп женем экоо неберелерин жетелеп, озунун элге жасаган эмгегинин жемишинин үзүрүн көрүп Бишкекте кудай берген жашын жашап турат.
САЛМООРБЕК агабызга өз атасы КАЛЫКТын (биздин деле Атабыз деңизчи) ыкмасы менен кичине төгуп-төгуп коёлу:

«Кара жаак, жез таңдай»
КАЛЫК атам баласы!
Калкында баркы салмактуу,
Карааны турат карачы!
САЛМООРБЕК келди бул жерге,
Көп жылы иштеп чет жерде (Маскөөдө)
Кыргызга болгон <<Арачы» (посол)

ОруСТаЙ биздин агабыз,

Калкалап кыргыз баласын…

Ошондой агам бар үчүн,

Өстүргөн кыргыз баласын!..

Окутуп билим алдырып,

Ондогон «кадр» чыгарып,

Оңдогон «КЫРГЫЗ БАРАСЫН»

Жетик акыл, жер мүнөз,

Жейрендей учкул, эр мүнөз!

Жердиги (товары) мыкты бул ага,

Жетимишке келдиңиз!

Женемди такай ээрчитип

Жердин баарын көрдүңүз?

Жер болбойт экен кыргыздай,

Кербедук андай элди биз.

Женем менен экөөлөп

Небереңди жетелеп…

Чөбөрөңдү көтөрүп,

Сексенге чыгып берсеңиз

Кылат элен Эрдик иш!

Сексенди басып чалкалап,

Токсонунду талкалап!

Кирип баргын ЖҮЗүнө,

Кыргызың үчүн бул деле

Кыйынчылык иш эмес!

Панфилов паркын көчөлөп,

МАГРИПА жеңем экөөлөп.

Басып турсаң ырахат.

БАКАЙДай берип акылды,

Биз турабыз көкөлөп!

(Башынан сизде акыл кеп)

Жашай бергин жыргалда,

Жалпы элин КЫРГЫЗ бул барда.

Сексенбайлар төрөлөт, О-ООф!

Сендей Агам турганда.

Эми САЛМООРБЕК байке, эл да угуп калсын мындай кеп болуп

калышы мумкун көпчүлүктө: «Өйдө жактын ерүшүн алып кенген>>

атактуу КАЛЫКтын уулуна кошомат кылып «Жумгал

жылдыздарынын>> башына САЛМООРБЕК АКИЕбасып коюптур бул китепке делген сөздөн алыс бололу. Бул

дастандагы ИНСАНдар улук жашына карай улуулатып басылды.

Мисалы, САЛМООРБЕК байке 1924-жылы төрөлүптүр, ТЕНТИ

БОКЧУБАЕВ 1925-жылы калгандары ошентип уланды болуп келе

Берет «кыргыз көчүндөй».

Кызматына, мансабына, жакынына-алысына дагы караган

Жокпуз. Эстуу инилериниз менен эриш-аркак отуруп акылдашып эле

Иш кылынды, ошону билип калсын ушерде олтурган Туугандар!

**СУПАТАЕВ БАЛБАК**

(Фото)

(1924-1982)

Баёо жашап, турмушун бакыт сезген,

Башы менен байлыгы кошо кеткен?..

БАЛБАК ага бар эле бакылдаган
Бардык менен ал жашап, өтүп кеткен..
Марттыгына жан адам тең келе албас,
<<Маселе>>, ишти маалкатпай чече билген?
Жылдын төрт, бул ар бир мезгил убагында
Жылкы союп досторго, туура кылган?
Кой аттууну колунда, колко кербей,
Конок келсе кой союп сыйлап турган…
Аласа-бересесин «тыйын» көргөн,
«Ат» алып, «Төө» беришип сыйын көргөн…
<<Аккан достор» чогулса ал үйүнө
Асыл достор азилин «жыйын» көргөн?
Бак-бак эткен кайран эр өттү кетип,
Байкап калдык ал кылган эрдиктерин…
Башыбызга мына азыр турат жетип?..
Бар бололу адамдык сапат менен
Байкебиздей каякта акыл-сезим?..
Жигиттиктин бир доорун жашап өткөн,
Жалганын бул дүйнөнүн алар сезген…
Жайлоо көрүп жашоосун, жанга бир келген
Жакшы адамдар, ал окшош «өтүп кеткен»?

БАЛБАК агабыз бак-бак этип сүйлөгөн, башына суусар тебетей кийбей жүрбөгөн, «байдай жашап, кулдай иштеген», баса-турса да жолдош-жоросун ээрчитпей тарс эткен тамашасыз жүрбөгөн, жайдары мүнөз жакшы адам эле. Бейиши болгурдун...
Кенендиги келген мүнөзүнөнбү, айтор, үйүнө күнүгө күжүлдөп

конок чакырып, бирин аткарып, бирин түшүрүп, чоң түйшүктү башына үйүп алган адамдай мага сезилчү. Жеңебиз «КАРАКӨЗ» да агабыздын бул кыялына эчак эле көнүп бүткөнбү, бир кабагым-кашым дебей күн-түндөп конок тосуп, конок узатчу. Ырыскы бул үйдө агылып-төгүлүп тураар эле бир кезек?

Жигиттиктин алтын доорун ушул агабыз сүрдү десек жаңылбасбыз. Анткени БАЛБАКтын бул Жумгал эмес Нарын ДАВАНында да таанybаган, катышпаган бир да кишиси жоктой көрүндү эле. Качан келсем эле БАЛБАКтыкына баратабыз деген эле эл же БАЛБАКтыкынан келатабыз деген эл.

Бир жолу үйүндө отуруп өзүнүн бир айткан сөзү эсимде калыптыр:

Качкын иним, бул дүйнөнүн ырахаты эмнеде? деп суроо салып, кайта өзү минтип жооп узаткан эле. - Бул жалган дүйнө деп молдолор бекер кеп кылбайт, иним... Бүгүн көргөн эртең жок. Бул дуйнонун жашоосунун ырахаты, өзүңө окшогон инилердин, агаин- туугандардын, жоро-жолдоштордун «жаман аганардын» үйүнө келип, «карма болсо да ичип» саламдашып кетип турганы.Дүйнөнүн түркүгү болгон ким бар дейсиң? Бир күнү карыган чакта агаңар да кетет өз жайына... Саламынды жазбай, чакыртпай-этпей эле келип тургун үйге, сураганыңды алып тургун, тууганына калыс жүргүн! - деген эле, кайран киши бакылдап. Кыябы келгенде кыстара кетчу бул жерде да бир сез бар! БАЙДЫЛДАНЫН «Ашуудан берген отчётум» (1989-ж.) деген китебин жөн эле эс алганда барактап отуруп, «Эсенби, досум, БАЛБАГЫМ» деген ырына көңүлүм бурулду. БАЛБАК байкебиз женунде жазылыптыр окусам. Ал минтип башталат (арасынан терип бастым) экен: Эчен жыл өттү барбадым, Эсенби, досум, Балбагым Баягы кездей бакылдап, Жүрөсүңбү ар дайым?дуйнонун жашоосунун ырахаты, өзүңө окшогон инилердин, агаин-

туугандардын, жоро-жолдоштордун «жаман аганардын» үйүнө келип, «карма болсо да ичип» саламдашып кетип турганы.Дүйнөнүн түркүгү Болгон ким бар дейсиң? Бир күнү карыган чакта агаңар да кетет өз

Жайына… Саламынды жазбай, чакыртпай-этпей эле келип тургун
Уйге, сураганыңды алып тургун, тууганына калыс жүргүн! – деген
Эле, кайран киши бакылдап.
Кыябы келгенде кыстара кетчу бул жерде да бир сез бар!
БАЙДЫЛДАНЫН «Ашуудан берген отчётум» (1989-ж.) деген
Китебин жөн эле эс алганда барактап отуруп, «Эсенби, досум,
БАЛБАГЫМ» деген ырына көңүлүм бурулду. БАЛБАК байкебиз
Женунде жазылыптыр окусам.
Ал минтип башталат (арасынан терип бастым) экен:
Эчен жыл өттү барбадым,
Эсенби, досум, Балбагым
Баягы кездей бакылдап,
Жүрөсүңбү ар дайым?

Бир топ учурашуусунан кийин:

Кең Жумгал кандай, Эл кандай,
Маңдайдан чыккан тер кандай?
Сагынып коюп жүрөбүз
Сен келбей да, мен барбай.
Мүчөсү күлүк аттардай,
Мүнөзү жоош ак тандай,
Акыным минип кетсин деп,
Алдыма тарткан АТ кандай?
Өйкөлгөн жокпу еркечу,
Жешилген жокпу желкеси?
Көз салсаң, жакшы жүргөндүр,

Көп аттын болуп эркеси.

Кадырман, досум, Балбагым

Канча жыл өттү барбадым

Кашка атты кетем элестеп

Башка атты көрсөм ар дайым.

Кең Жумгал барда, эл барда

Кең пейил досум сен барда,

Баарына жакчу ыр жазып,

Барамын дагы Жумгалга!

- деген экен орошон талант ошол эл тааныган, жер тааныган, эл

Дос кутуп алган, эр көкүрөк даалдаган

Алган, БАЙДЫЛДАдай

Берешен кең пейил адам, БАЛБАК агам жөнүндө!

Байдылда Жумгалга келе жатканда, жер соорусу КЬЗарттын

Белин ашканда ожел жетпес>> <<Жаман сарысы» баспай калганбы,

Жежелдик-мелдиги менен «Кашка атка» алмашканбы, же дос болуп

Байкебиз менен жөн эле ат алышкан доспу, же «балыкчы

Балыкчыны алыстан тааныйт» деген кептин чындыгы барбы

Айтоор, жакшы адамдар көзү тирүүсүндө ысык чай ичишип, жердин

Алыс-жакынына кайыл болуп, достошкону чындык окшойт?

Байдылда жөн жазбайт да!

**БОКЧУБАЕВ ТЕНТИ**

(Фото)

(1925- 2001)

Тенти акени Саяктын акылманы Садыр акеге салыштырсак

Туура болоор?

Табиятынан өтө кичипейил, сылык адам ТЕНТИ агабыз узак

Жылдар жылдар бою Жумгалдын «Ленин» атындагы чоң чарбасын

Жетектеп, бер жагы отуз жыл же өмүр бою, бир чарбада

Башкармалык кылып, эл-жерди «коён жатагына» чейин билип,

Чарбаны эң рентабелдүү, экономикасы күчтүү чарбага айлантып,

Бери болгондо беш жолу Өкмөттүн эң жогорку органы болгон

ЖОГОРКУ СОВЕТКЕ депутат болуп эл

Шайлангандыгынын өзү эле агабыздын өзүнүн ушул өмүрүнүн

Тарабынан

Ичинде эмне деген гана эрдиктерди кылганын, ал үчүн кандай ден

Соолук, эмне деген эмгек талап этерин айтып берүүнүн кажаты

Барбы?

Бечара, беймал адамдарга, жетим-жесирлерге карамдуу

Мындай боорукер, ак көңүл, кең пейил адамдарды жер үстүнөн азыр

«чырак менен» да издеп жолуктуруу кыйынга тураар?

Ошол Совет учурунда, дегеле, ТЕНТИ акебиз башка

Жетекчилерден айырмаланып, өз айылын эле эмес, Жумгалдын

Баш-аягынан материалдык жардам сурап келген бей-

Бечараларга САДЫР АКЕДей сагынтып, акыл сөзүн айтып

Турмушка, керектүүсүн сурап келген муктаждыктарын,

Талаптарын оюндагыдай орундатып берип, ал адамдын ажатын

Ачып дегендей иш кылып турчу эле го, кайран ТЕНТИ АКЕ…

«ТЕНТИ АКЕ>> деген сөз менин кулагыма <<САДЫР АКЕ>>

Деген сөздей эле угулат. Жумгал эли башка ИНСАНдарыбызды
Атасынын аты-жөнүнөн же баланча айылдын башкармасы,
Тукунче совхоздун директору деп айтып келишет го азыр деле,
Атынан айтпай.
Ал эми түбөлүк бул адамга бекиген ТЕНТИ АКЕ деген сөздүн
Төркүнү эле адамдарга башка түшүнүктү, башка ойду айтып
Тураары айдан ачык сөз!
Кылым жаңыраар, эл өзгөрөөр, тукум уланаар, а бирок илгери
Бизде бир ТЕНТИ АКЕ деген өттү эле биз уккан кабарга караганда
Деген сез бир кездерде бул инсан жөнүндө эскертип тураар, ез маани-
Маңызын жоготпой!
Өз көзү тирүү кезинде ТЕНТИ АКЕнин эмгеги өз учурунда
Бааланып, Өкмөт чыгарган «өтө бийик» сыйлыктарга жыл сайын ээ
Болуп келди…
Эстүү агабыз жетимиштин бешине да чыгып Жумгалга, жумурай-
Журтка дүңгүрөтө той өткөрдү.

Дүйнөнүн түркүгү болгон киши жок экен, түбөлүк жайына да узап
Менин бактыма ушул «ЫР ДАСТАНЫ» чыккан «Демилге»
Гезитинин ТЕНТИ АКЕ чыккан санын өз колуна тапшырып, калганым
Ага чын ден соолук каалаганым болду эле.
ТЕНТИ АКЕ менен менин эң акыркы жолугушуум 2000-жылдын
Жай айларында болгон эле…
Бишкектен Республикалык делген клиникалардын биринде
Профилактикалык дарылануу менен жаткан элем. Мени менен бир
Палатада РАБАТ деген классташым да бар эле… РАБАТ өзү да
ТЕНТИ АКЕнин айлынан…

Бир куну айтып калды ал, биздин катардагы клиникалардын

Биринде ТЕНТИ АКЕ да дарыланып жатат экен, ТЕНТИ АКЕнин аялы

Учурап калып мага айтты деп.

Биз РАБАТ экөөбүз эртең мененки процедурадан кийин бир чети

Учурашканча, бир чети улуу адамдын ден соолугун сурап коёлу деп

ТЕНТИ АКЕнин палатасына кирдик.

Ал киши ага жасала турган оор операцияга даярданып, анализ

Берип аялы жанында «уход» жасап турган кези экен…

Биз барып учурашканда. Ден соолугу кыйын абалда болсо да, ал кишиге (сыярлык) кичи пейилдик менен, жеңилдик менен бизге тура калып учурашам дегендей обдулду эле, бизди көргөндө. Биз да чочуп кеттик…

- ТЕНТИ АКЕ, турбай эле коюнузчу? Сизге турганга болбойт

Деп атышат го? – деп колун коомай кармап, учураштык да, жанында

Бир аз отуруп, чыгып кеттик эле… Аркы-берки кептерди акырын айтып

Суйлошуп…

Кайран киши. Ошол ете оор акыбалдан кеп деле жакшы боло

Албаптыр!

Ошол биз барган кезекте тошокте жатып калганына бизден

Ыңгайсызданып, бир чети уялгандай туру бар болчу…

Өмүр бою жүгүрүп иштеген, сергек-сезимтал адамдын

Ушунчалык акыбалда калып, тошокто жатканын балдар кандай ойдо

Кетти экен деген оюн аттырбай эле билгенбиз…

Коп убакыт отпой эле борбордук гезиттердин биринен анын

Некрологун окудук…

Биз

Кайран ТЕНТИ АКЕ! – дедик, - олбой кал! Акыры шум ажал

Сени да алып тынган экен да?

Жумгал элинин КУТундай болгон бул адам өзүнүн өтө

Жонокойлүгү, зор адамкерчилиги менен, кең пейилдик менен элди алган атандай боорукер бул атактуу адамдан жанына келсең бир киши, атак-даңкы миң кишилик. Айла канча, кандай болсо да эми ТЕНТИ АКЕ арабызда жок азыр. Тагдыр ошол! Жакшы адамдын көзү өткөндөн кийин минтип өмүр жолун баракtап, эл үчүн кылган кызматын эл дагы билсин деп ушу саптарды жаздык!

Ыйманы саламат болсун!

Коп жыл болуп башкарма айыл жерде

Көрүнгөн ал элине «КӨӨДӨН>>, <<БЕЛДей»...

Косом болот бириште кеп жыл жүрсе,

«Көсем» дешет кепчулук, мындай эрди...

Көзү өтө элек, элинде жүргөндөр көп,

ТЕНТИ АКЕДей көрүнгөн ИНСАН, элде?

«САДЫР АКЕ>> айтылат тарыхтагы,

Сан кыргызга акыл таап, карыганды...

САДЫР АКЕ эмеспи ТЕНТИ АКЕбиз,

Салам берип байкадык тааныганда?..

**ТУРДУБАЕВ ЖУМАШАЛЫ**

(Фото)

(1925-1994)

Атам, энем елгенде кадимкидей жетимсирей туштум, 33кө чыгып,

уйлүү-жайлуу болуп ал эле эмес, бир мекеменин «чочондогон чону»

болуп, элге акыл айтып жүрген кезим болсо керек эле.

Ата деген Ата экен, Эне деген эне экен. Карайлап турганда,
караны бар калдайган туугандарым бар экен, жоро-
жолдошторум бар экен, бирок...
Ата ордуна санаган акылга бай, аркы-берки турмуштун ачуу-
таттуусун башынан өткөргөн, азуусуна салып Арсланбобтун
жангагындай чаккан, Улуу АТа МеКеНДИк согушту да көргөн,
андан сол колун чыканагына чейин жулдуруп кайткан, алтындай
агам бар турбайбы жанымда... Кудайдын мунусуна да шугур?
Эл сыяктуу эки жагымды карап.эси-башымды жыйгыча эне-
атамдай акылын берип, тууганга туу болгон, намыскей
ЖУМАШАЛЫ акемдей бул дүйнөдө ата-энемди алмаштырган
адам бар беле?
Өз балдарына айтып кеткен агамдын алтындай сөздөрү
калды мен үчүн... Балдарын үйүнө бир шарты менен чогултуп
алып:
-Айланайын балдарым, «туугандын топурагы алтын» деген
Ата-бабанын сөзү бар, байкуш агаңар Эр жалгыз да болуп калды,
Эми минтип эне-атасынан да эрте ажырады. (Апам 53 жашында,
Атам 58 жашка чыкпай кете берди) Агаңарга карамдуу болгула,
Караан болгула! – деген экен кайран акылман.
ЖУМАШАЛЫ акем Чаектин өзүндө турчу, пенсия жашында болсо
Да райондук аптекада башкы бухгалтер болуп иштечү.
Бизге, КуйруЧУК айлына, кичи Ата Мекенине кун сайын болбосо
Да жуманын эки күнүндө келип ар бирибиздин үйүбүзгө түнөп, акылын
Айтып, туугандарды ынтымакка чакырып, кетип турбадыбы кайран
Киши.
Туугандардын арасында да түшүнгөнүбүз, түшүнбөгөн терс

Аягыбыз да бар эмеспи, эл болгондон кийин. Агабыздын сөздөрүн

Ар кандай кабыл алганыбыз да бар эле. Түшүнбөй тултуңдаганын

Да, калп да болсо жайкап далыга чаап:

- Эй, баатыр, сен ырас оокат кылып атыпсың! – дээр эле кайран

Киши, кенулун көтөрүп. Ошол аталар, акылмаынтымак менен азыр да жашап турабыз, куу турмуш бизди туш

Тарапка кууп айдаса да?

Эми ал агамдын көзү жок. Мезгилсиз кармаган «инсульт»

Оорусунан каза тапты дешти догдурлар. Бирок алтындай агамдын

Калыстык менен айтылган акылман сөздөрү өмүр бою менин

Жүрөгүмдө «гүлазык» болуп сакталып калды.

Ыйманы саламат болсун Ыйманы саламат болсун.

Намыс үчүн жаралган

Бар бекен менин Агамдай!

Дегеле заты адамдан…

Акыл берип ар дайым

ТУРУУЧУ Эле КӨСӨМДӨЙ,

Туугандарга, арадан…

Ден соолугун Согушка

Берген экен бул адам!

<<Сол колунан жулдуруп»

Соолгур ошол бомбадан?

Аман-эсен жерине

Агам аман келиптир!

Азыркыдай заманды

Агам ала келиптир?

Кыргызына кыйын кез,

Бир саам жарап бериптир!

Жүрсе болмок арада

Жүзгө чыгып <<баладай»!

Жуз жылда бир жаралат

ЖУМАШАЛЫ агадай!

**АБДЫЖАПАРОВ КАЛАСАЛЫ**

(Фото)

«КАЛАСААЛЫНЫН доорунда» десек туура келчу сөз бекен?

Ошол Какендин заманында, КАЛАСААЛЫ көп жыл айылда

Башкармалык кылып, өзү атаган «Гүл тору» жоргосуна күмүштөн

Жабдып ээр-токум токуп, куюшкан, жүгөн, көмөлдүрүк катып, күнүгө

«күкүрт» бозонун күүсү менен өйдө-төмөн жорго салдырып, сый-

Сыпат менен дөөлөт-мансаптын «алтын бешигинде» термелип,

Туура-Кайыңдыдан тууганын алдырып, ак малынын атын аттаттырып ага мууздатгырып казан-казан эт астырып, жегенинен калганын

ЖЕКАТтын муздак «жээликме» шамалына муздаттырып, мунусу

Аздык кылса «музоо баш>> ыстыканга <<Байкуштан» мурдуна чейин

Куюп <<баш жаздырып», колхоздун «кой чарбасын» да «гүлдөтүп»,

Райкомдун «кызыл чоктой» кыйын өткөн бюросүндө да кыйналбай

Кызыл тилин сүйлөтүп, «суудан кургак чыккан» керемет адамдардын

Бири ушул КАЛАСААЛЫ акебиз эле го, чиркин!

Бар адамкерчилиги мунун меймандостугу эле. Кичинеби,

Чонубу? Сыпайы конокпу же «сыйпалаган саламчы>> Онокпу? КАКЕҢ

Үчүн баары эле бирдей болчу, бир кезде..

Ар бирин өз шарты менен сыйлап, узатып турчу алдына ат

Мингизип, артына тон кийгизип, алына жараша сылап-сыйпап аларды…

КАКЕНдин узун тарыхын көп жамачылабай айтаарым бул – өз

Убагында айтылган анын сөздөрү көпчүлүккө кандай синип, макал-

Лакапка кандай айланып кеткенин эч ким билбейт, ал эле эмес

КАЛАСТЫН Өзү да?

Эмесе сөз кийин болсун?

**Адамдык парасаты такыр башка,**

**Агаларым сөз болду алды жакта.**

**Алардан кем калбаган бир ИНСАН бар**

**Айтайын анын аты КАЛАСААЛЫ.**

**КАЛАСТЫН Өскөн жерин биз кергенбуз,**

**Кадимки КАЛЫК менен бир элденбиз!**

**Деп айткан сөзү турат эсибизде**

**Каткырып «макоо чалыш>> биз элденбиз?..**

**-Кичи-Жекат, Чон-Жекат**

**Ортосу терен капчыгай!**

**Булардан кере тил билет**

**Мобу учуп журген чакчыгай!**

**Калыкча коё албайбыз чыны күнөө,**

**Чон-Жекат, Кичи-Жекат буга күбө?**

**Кийик ойноп, килемдей төрлөр жашыл!**

**А бирок КАЛАС өңдүү азаматтар,**

**Бир заманда «бир да бироө>> келе жатыр?**

**Сабадай көрөңгөлүү, кенен «неме»,**

**Сагынткан кыялдары, келдей эле?**

**Эсинде эл ичинде «эрдиктери»,**

**Энчилеп элибизге берди беле?**
**Эл тура, Ала-Тоонун көркүн ачкан,**
**Какемдин каткырыгы, «ташты жарган»…**
**Капырай, кечээ эле болдук беле?**
**Капчыгай дале турат, көпкек асман!..**

**САДЫГАЛИЕВ БЕРДИБЕК**

**(ФОТО)**

**Канча жылы, кадыры жүргөн коштоп,**
**Карып турат БЕРДИБЕК, карыга окшоп?..**
**Калк ичинде кадыры бир топ өткөн,**
**Кандай болсо аткарып ишти, токтоо…**
**Карыларды жетектеп бул жердеги**
**Карамдуу ал адамдай тууган-доско?..**
**«Кара кылды как жарып» карып турат,**
**КАЛЫГУЛДай аталар азыр жокто?..**

**Көп жылдары Жумгалда, «КАРЫБЕКТИН АГАСЫ» болуп жүрдү,**
**Бул агабыз? Бирок ал кезде биз «балабыз»… Анын эмне сөз экенин**
**Кийин түшүндүк, аны кантип танабыз?**
**Чын чынына келгенде, андай кеп-сөз жакын инилериң «мыкты**
**Чыкса» айтыла бере турган эле ар кимдин аңыз сөзү тура, эл**
**Ичиндеги.**
**БЕРДИБЕК агабыз жашы карыган сайын «алысчыл күлүктөй»**
**Болуп жер өңүтүн терең чалып, маaранын жетер чегин көсөмдөй**
**Баамдап, көп жол басып башкалар байкабаган анын, «өңгүл-**
**Дөңгүлүн» тескеп, өз өмүрүндө өкүм сүйлөп, өз сөзүн, ӨЗ ОЮН ӨҢГӨГӨ**

**Бербеген, көктүгү менен көп ичинде таанылган, көсөмдөй карыган,**

**Калыстыгы менен кадыр-баркка алынган, Жумгалдын чыгаан**

**ИНСАНДарынын бири…**

**Азыр да пенсия жашына карабай райондук масштабда**

**Ветерендардарды жетектеп, КАЛЫГУЛ атадай калыстыгын айтып,**

**Элдин оор жугун, милдетин аркалап, мүшкүлүн мойнуна тартып, эстүү**

**Жаштарга да эчен акылын кошуп, жетимиштин бешин желкелеп** турган кези экен, тек, емур тизгинин бекем чоюп, белин какайтып, БЕРДИБЕК агабыздын да өз убагында эл турмушуна кошкон салымын тизмектеп көрсек мындай экен... кыялын азайтып, 1933-1943-жж. Чоң-Дөбө мектебинде окуган, 1943 – 1944-жж. ошол мектептин мугалими катары эмгегин уланткан, Советтик Армияда кызмат өтөп, 1948 – 1950-жж. Чоң-Дөбө колхозунда жылкы ферма, кой ферма кызматтарында иштеп, 1950 - 1953-жж. Фрунзе Айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүтүргөн. 1958-60-ж. Жаңы-Арык ветучастка сында завучастка, 1960- 66-жж. Совет колхозунда башкарма, андан кийин ошол «Совет» колхозу «Кызарт» совхозу болуп уюшулганда анын директору, 1966 - 68- Алма-Ата шаарында партиялык мектептин угуучусу. 1968-75-жк. Ат-Башы районуна жолдомо алып, 1975-78-жк. Айыл чарба башкармасынын начальниги, 1978-жылы Жумгалга которулуп <<Ветлечебница» мекемесинин начальниги, 1990-жылга чейин иштеп, пенсияга чыккан, эки жолу <<Ардак белгиси» ордени менен бир жолу «Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу» деген ордени менен сыйланган. Эмгектин жана согуштун ардагери, кеп

Турган кези экен, тек, емур тизгинин бекем чоюп, белин какайтып,

БЕРДИБЕК агабыздын да өз убагында эл турмушуна кошкон

Салымын тизмектеп көрсек мындай экен…

Кыялын азайтып,

1933-1943-жж. Чоң-Дөбө мектебинде окуган, 1943 – 1944-жж.

Ошол мектептин мугалими катары эмгегин уланткан, Советтик

Армияда кызмат өтөп, 1948 – 1950-жж. Чоң-Дөбө колхозунда жылкы

Ферма, кой ферма кызматтарында иштеп, 1950 – 1953-жж. Фрунзе

Айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүтүргөн.

1958-60-ж. Жаңы-Арык ветучастка сында завучастка, 1960-

66-жж. Совет колхозунда башкарма, андан кийин ошол «Совет»

Колхозу «Кызарт» совхозу болуп уюшулганда анын директору, 1966

- 68- Алма-Ата шаарында партиялык мектептин угуучусу.

1968-75-жк. Ат-Башы районуна жолдомо алып, 1975-78-жк.

Айыл чарба башкармасынын начальниги, 1978-жылы Жумгалга

Которулуп <<Ветлечебница» мекемесинин начальниги, 1990-жылга

Чейин иштеп, пенсияга чыккан, эки жолу <<Ардак белгиси» ордени

Менен бир жолу «Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу» деген

Ордени менен сыйланган. Эмгектин жана согуштун ардагери, кеп

Балалуу адам, эстүү жаран балалуу адам, эстүү жаран!

## АБДИЕВ РАФХАТБЕК

АБДИЕВ РАФХАТБЕК агабыздын кабарын алыстан укчу элек.

Анткени Жумгалдан өсүп-чоңоюп, окууга кеткенден бери ал киши

Кеп жылдар бою Жумгалга келбептир! Себеби жумуш шарты

Ошондой эле..

Кийинчерээк пенсияга чыгып, айлына келип, атасынын ордуна

Там салып, менин жакын агам ЖУМАШААЛЫга кошуна туруп

Калганда гана биз бир дасторкон үстүндө кезигиштик ал киши менен…

Кайсы бир жылдары иним СЪЕЗДБЕК Жогорку Кеңешке

Депутаттыкка «ат салышып» мен сүрөөнчүлүк кылып Жумгалга

Барып калган учурларда, күн кур эмес кыштын узун, суук түндөрүндө

РАФХАТБЕКти улуу адам катары бир чети кошуна катары, бир чети

Аксакал катары үйгө чакырып алып, анын кеп-кеңештерин, акыл

Сөздөрүн көп жолу угуп калдык…

Сүйлөгөндө сөздү шашпай баштаган, жаңы чапкан арыктын

Нугу менен суу башын жылдырып кууп келген АДИС сугатчыдай

«жылжытып», анан уламдан-улам арыгын кеңейтип, аяк  жагында сайраган тилин, созгон үнүн салмоор ташындай күүгө келтирип, ар бир сөзүн кыштай кынаган, накта сөзмөр, чоң саясатчы адам ушул киши экенин сөзүнөн жазбай тааныткан эле өзүн бизге биринчи эле олтурушта. Убакыттын тардыгы жолто болуп, бул агабыздын баа жеткис накыл сөздөрүн өз убагында, көзү тирүүсүндө ак кагаз бетине түшүрө албай калдык... Ошол отурушта шаңданып сүйлөп, Кыргыз тарыхын кылдат тизип, ийне-жибине чейин «устукандап» берген эле бизге, кайран ИНСАН... Көңүлдө эле жүргөн көп сөздөрү азыр эми биздин эсибизде бири да калбаптыр? Отуз жылча эч моюбай, олчойгон мамлекет тушунда жалан Райкомдун 1-катчысы болуп иштеген Улуу ИНСАНдын ичинде айтылбай кеткен эмне деген гана терең ойлор, элестүү сырлар калды ачылбай, керемет кеп-сөздөрү менен кошо...

Биздин убакыттын ушуга жетпеген тардыгын кара?

Эх, майдачыл жалган дүйнөбүз, ай!

Майда иштер менен такай алек болуп жүрөбүз да пендечилик

кылып, Пендечилик деген ошол да? Эмне дейли!..

Агабызга арналган ушул саптар биз айтчу ал жөнүндөгү ойдун

Учкуну гана.

Мына ал саптар:

Кыргыздан КАЛЫГУЛДай эрлер чыккан,

Кылымдын бул дубуртун, мурун уккан?..

Айтылган ар бир сезу акыл болуп,

Адамга куйма кулак суудай жуккан?!

Агабыз отуп кетти» аз жыл мурун,

АЙКӨЛДҮК парасаты бийик кутман!

Атына, заты турган толукталып,

Атадай, акылДУУСУ АЛ УЛУКМАН…

Бактыма, анын созун угуп калдым.

Байкалбай тун киргени, кун чыкканын?

Баарынан берген баасы таң калтырган,

Кырк уруу эл-уюткусу Кыргыздардын?

Бал тамган бардык созу, адам эле

Байкебиз РАФХАТБЕК даван элди.

Башкарып, чейрек кылым жашап өттү.

Бар болсун бактылуу адам мындай эрлер!

Балдары осуп турат саябандуу,

Байкебиз жашабаптыр бекер элде?!

**САРЫГУЛОВ САДЫКБЕК**

**(ФОТО)**

**(1929-1989)**

Акылман Куйручук атабыз айтып кеткендей: «Буудай сепкен

Жерден буудай аласың, арпа эккен жерден арпа аласың, эмне үрөөн сепсен ошону аласың» деген сөздөрү САДЫКБЕК агабыз үчүн атайылап айтылгандай кеп экен…

Илгери бир айылдын Аксакалы, кадырлуу кишиси балдарым начар чыгып кала турган болду деген кейиште:

- Куке! – деп сынатканы Куйручукка келген имиш… Улуу

Катындан 13 баласы бар экен, байбиченин балдарынын алды

Үйлөнүп-жайланып калган кездери экен, алды бир-эки балалуу болуп,

Арты чуркап жүргөн го?

Кичүү катындан (токолдон) бир баласы бешикте экен. Тиги БАЙ

Киши бир чети Куйручукту сынамакка кууланып, байбичесине

Кошомат иретинде балдарын Куйручукка сынатардан бир аз мурун

Токолун тоого бир айылга жумшап ийген имиш…

Куйручук Олуя айткан экен Байга:

- Байым, балдарыңдын бирин калтырбай алдыман чубатасың,

Болгонун болгондой айтам, ага таарынбагын, андай болбосо азыртан

Эле ал ишти баштабай коёлу! – дейт..

- болгонун

Жок, жок! Куке! – дейт БАЙ, шашкалактап,

Болгондой эле сынап бериниз!

Куйручук сакалын сылап туруп, «алхамдусун» ичинен бир

Кайрып, айткан экен дагы:

- БАЙЫМ, дагы айтайын, байбичен да анда кошо болсун бул

Жерде биз менен, баарынын сөзүн уксун, болгонун болгондой айтам

Көзүнө, калыстык сөзумду, кашкайган чындыкты айтпасам Куйручук

Атым кайда? Мунума капа болбо? Антпесем менден СЫН кетет,

Сенден СЫР кетет экөөбүзгө тең жакшы иш болбой калат – дейт.

Макулмундан башканы айтпай байкуш БАЙ бейпендеп

Балдарын бир-бирден атын атап, улуулатып атын чакырып, Куйручук

Отурган боз үйгө киргизе берет…

Улуусу боз үйгө баш багып, босогону аттап кирээри менен эле

Куйручук атанын итатайы

Чык эшке! Таз жорунун жото жилигиндей болгон ата-бабандын

Оозун урайын десе! – дептир. Куйручуктун көзүнө шүмшүктөй көрүнгөн

Го ал? Байдын баласы далдайган чоң неме болсо керек, эби-сыны жок.

-Жогот муну, көзгө көргөзбө! – дептир олуя

Тутулуп:

Байдын экинчи уулу киргенде:

- Энесинин жатынында жатканда эле жайлап койчу каапыр экен!

Сасыткыдай кылбай жогот мунуңду дагы көзгө көргөзбөй! — деген

Экен жарыктык атабыз ачуусун андан ары токтотпой.

Үчүнчүсүнө, төртүнчүсүнө… жетинчисине… онунчусуна да өз

Баасын айтып камчысы менен жер сабап, олуя атабыздын оозунан

От-жалын бүркүлүп, көздөрүнүн чаары чыккан имиш…

Бир аз тынчтык өкүм сүрүп… Байбиченин башы жерге кирип,

Бай ымтырап… уну өчүп… коколой тынчтык коколоп калган кезде

Куйручук Байга карап:

Кайда калганы?! Деп каардуу унчукту дейт, олуя ата, кайталап сурап балдарды…

Эптеп: «Тигини чакыр, муну чакыр, тигини тапкыла, муну

Тапкыла, кайда кетти, иттер!» - деп Байдын жини келип калчылдай

Баштады дейт..

Улам кирип чыкканын Куйручук олуя:

-

Аноондон-мунуң жаман, мунуңдан – аноон жаман, кырып сал

Иттерди! Бул акмактарды! – деп Куйручук көк жаалданып турду дейт…

Байдын башы коломтого кирип: <<Башкасы жок эле, Куке!»

- деп Куйручукка жалооруй карап жалдырай түштү…

- Дагы бир балаң калды, таап кел тезирээк! — деди Куйручук,

Камчысын бүктөп жатып…

Бай кыңкылдап-мыңкылдап ары карап, бери карап,

Байбичесин бир карап… Анан: <<А баса, бар эмеспи!» - деди

Куйручукка жалооруй карап…

- Кайда ал бала? Бол, тез алып келгиле, отура бербейм бул

Жерге көпкө! – деп Куйручук ата өкүм сүйлөдү…

Эмне кылып, айтоор, токолдун келээр маалы болуп

Калганбы, оромолго ороп бир перзентти Куйручук атага алып

Келип беришти. Куйручук перзенттин бетин ачып көрүп, көңүлү бир аз жайланып:

- И, и, мына сенин атыңды эл-журтка чыгара турган бала

Ушул турбайбы? Өмүрлүү болсун, бечара! -деп момурады дейт

Жарыктык олуя, көңүлү жайланып…

- Ушул балаңа батамды берип кетейин! – деп кайран олуя

Алаканын эки кулачтай жайыптыр!

Бул айтылган кептин да чындыкка жакындыгы бардай

Көрүнет?

Ошол жакшы атадан кийинки жакшы ападан төрөлгөн бала

Биздин ардактуу, жибектей чоюлган САДЫКБЕК деген агабыз бул

Дүйнөгө көз жарып келген тура!

САДЫКБЕК аганы бул китепке жазаардан мурун эл-журт дегенди

Аралап, жакшыдан да, жамандан да атын, затын сурап,

Туугандарыбыздан тукшумелдеп, өзүм уккан уу-дуу сөздөрүнө да

Таянып… Жакшы атадан, жакшы энеден чыны эле жакшы балдар

Төрөлөт экен го? Куйручук олуя бекер жеринен жанагы сөзүн барган

Жерде кайталап жүрбөсө керек! – деп калам, өзүмчө ой жүгүртүп…

Жибек кыял жигиттердин төрөсү,

Чанда гана жаралчу адам бул өзү?

Көлдөй терең, тоодой бийик бул адам,

САРЫГУЛ менен ЗУУРА апамдын мүнөзү…

Куюулушкан, ширелишкен жакшынын,

МИЧУРИНДей кыйыштырган мөмөсү…

САДЫКБЕКТЕЙ АЙКӨЛ адам жаралбас,

Болсо болоор бул дүйнөдө бир өзү!

Мурдараак Жумгалдын гезитине чыгып, журт окуган бул арноо

Ырымды да коштум бул жерге:

Алыстан салсак калыс кеп,

АЙКӨЛ адам, САДЫКБЕК.

Сакталып турат «аңыз» кеп,

САРЫГУЛДай эстүү атанын,

<<Салмагы>> ушул «нагыз» деп?..

Санынан КЫРГЫЗ кемиди,

Сагынтып элдин катарын

Өтүп кетти ал шумкар,

Өмүрү суудай тазарып?!

Адамдай бийик сапаты,

Ал эле журттун атасы…

Кайнап турган канында

Кагылган жүрөк тазасы!..

Калыс жүргөн ал, тууганга

Булактай суунун башаты…

Жакшыдан калат жакшы кеп

Айтып коюш туура кеп?..

Арнадым ушул АГАма

Ак ниет ойдун тазасын!

## ОРОЗОБЕКОВ ЖАНАКЕ

(Фото)

«Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү» деген

Кыргыздын акылман сөзү ЖАНАКЕ агабызга куп жарашып турат!

Балалык күндөрү кан күйгөн согуш жылдарына туура келип,

Ойноп оюнга, күлүп күлкүгө тойбой, каруу-күчкө толо элек, кабыргасы

Ката элек куракгарында кара жумуштун кулу болуп, каржалып

Жетилишкен аталарыбыздын эмгегин ким гана тана алат экен?

Мындай оор тагдыр так ушул ЖАНАКЕ агабыздын тагдырында

Да туш болгон, согуш мезгилинде…

Ошондон уламбы ЖАНАКЕ агамдын

Талыкпаган

Эмгекчилидигин, калыстыгын, адамга жасаган ак пейил

Мамилесин, боорукердигин ошол оор мезгилдер калыптагандай!

Иштин көзүн билген устат катары күн санап өсүп, коомдук

Тартиптин темирдей тепкичтерин басып өтүп, барган жеринен

Барк кутуп, жогорку маданияттуулугу менен коллектив менен тил

Табышып, узак жылдар мекен сакчылыгында үзүрлүү эмгектенип

Келген алтындай агабыз мына азыр да ардактуу эс алууда жүрөт,

Дагы бекер отурбай, Эмгек ветерандарын жетектеп «жер-суу

Чалып» биягы Жумгал, тиягы Ат-Башыга чейин барып

Кыргызстанды туптугел кыдырып жаштарга акыл-насаатын

Айтып, балпайып карып турган кези, неберелерин жетелеп….

ОРОЗОБЕКОВ ЖАНАКЕ 1927-жылы Жумгалдын «Совнарком»

Айылында жарык дүйнөгө келген экен…

1953-жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин юридикалык

Факультетине өтүп, 1958-жылы ийгиликтүү аяктап эл агартуу

Министрлигинин жолдомосу менен ички иштер органдарына

Кызматка жиберилет…

1959-жылдан 1987-жылга чейин ички иштер органдарында

Жөнөкөй опер уполномоченныйдан тартып Райондук ички иштер

Бөлүмүнүн начальниги кызматына чейин 36 жыл тынбай эмгектенип

Келди…

Ардактуу агабыз азыр деле ИИМдин ардагери, ардагерлер

Кеңешинин төрагасы катары бүгүнкү күндө да коомдук иштерди

Аркалап келет.

Бир кыз, уч уул, жети неберелүү болуп, алардын сыйында жашап

Турат.

«Кыз Жибектей» агабыз ЖАНАКЕНИ,

Кыйла жылдар арнаган ак эмгегин?..

Кутман курак 70 айтып турат,

Кучак жайып куттуктап, тууган эли?

Инилерин өстүрүп сүрөп турган?

Небереге келечек тилеп турган?

Жарык маанай агабыз ЖАНАКЕни,

Жакшы адам деп айтышты ага-тууган?..

Жакшы күндөр жылоолоп өтсүн дайым

Жакшы жүрсөң сый келет, сага ар дайым?!

# МУСАЕВ НУРЛУК

(Фото)

НУРЛУК агабызга айтаар сөзүбүздү баштаардан мурун тарыхТЫ

Барактап көрөлү. Дүйнөдө асыл адамдар, жакшы адамдар

Басымдуулук кылат экен, ошон үчүн бул дүйнөң турат ордунда былк

Этпей! Кебелбей! Козголбой!

Эл ичин изилдеп келип, элдин өзүнөн алынган эр адамдарынын

Ичинде мен ырга айланткан бир эр мүнөз бар!

«Ат качырбас боз айгыр» деген… Анда мындай элестүү саптар

Бар:

Ат жакшысы <<боз>> делет,

Эр жакшысы «көк» делет…

Адамдарга күйүмдүү

Аткарган «иши» төп келет…

ТУКУМУ чыгат Арстандай,

Туулат андан «ак таңдай»,

Буга мисал Болот Бий

Бутага жаа тарткандай!

БОЛОТ БИйдин тарыхын ким билбейт? Мына ушул асыл

Сапаттарды мен айылдын кадырман атасы, азамат чыккан балдары,

Акылдуу чыккан ар жагы, (жээндер деп бил) ал балдардын атасы

Нурлук агама арнасам туура болчудай!

Нурлук агабыз болгону 5-классты бүткөн экен… Турмуш-шартка

Байланыштуу. Турмуш жолун 18 жашка толгондо баштаган экен 1947-

Жылы…

Кандайдыр себептер менен НУРЛУК аксакалды ошол кездеги

Жумгал райондук чон соту СУЛТАН деген киши көрүп жактырып

Калып, езуне кызматка орноштурган экен секретарлык.

Жеринен зээндүү, тири карак НУРЛУК агабыз өз аракети

Менен Эл соту ишеним берген бул жооптуу кызматка сергек

Мамиле жасап, татаал сот процесстеринин кандай өткөнүнө,

Процесстин жүрүштөрүнө кыраакылык көз караштa мамиле

Жасап бат эле секретарлык кызматтан иш билген, процесс

Жүргүзе ала турган деңгээлге жетип, соттун аткаруучулук

Милдетин аткарып, анан калса Чоң сот отпуска алган убактарда

Убактылуу анын да милдетин аткарып турат. Ошентип ал

Кызматта Нурлук агабыз 1964-жылга чейин (17-ж.) иштеп келди…

Эл кеп кылган легенда сөз мындай. НУРЛУК агабыз

Жүргүзген сот процессинде (17 жыл ичинде) бир да жолу

Чыгарган өкүмү жогору тараптан бузулган эмес экен… Бул эмне

Деген тактык, законду билгендик, соттун kара Кьлды как жарган

Калыстыгы, деп атаса да болоор! Мына Легенда? Сот

Процессинде бул «редкий случай!» (болбогон жумуш).

Сот системасында иштеп жүрүп Кара-Кол шаарында (анда

Пржевальск) Айыл чарба техникумун сырттан окуп бутту… 1964-

Жылы зоотехник адистигин алыптыр… Совет мамлекетинин тушунда

Айыл чарбасы гүлдөп турган учуру эмес беле, агабыз да «айылдан

Кайда жылмак элем» деп ошол жагын ойлосо керек!

1964-жылдан баштап «Чаек» колхозуна ишке орношуп

Зоотехниктик кызматта 10 жыл иштептир. Ар жүз тубар койдон 100

Ден кем эмес козу алган, зооветеринардык эрежени закондой так

Сактаган, ошол кездеги мыкты зоотехник адистердин бири ушул

НУРЛУК агабыз экен…

Ушул <<Чаек» колхозунун элдик ишинин демилгечиси да НУРЛУК

Болуптур! Эмне дегенде <<Чаек» колхозунда жер тартыш, өзгөчө сугат

Жери… Ошол «Чаек» колхозунун жетекчилери менен кошо «Жаман-

Талаа» деген жердин 1200 гектарын өздөштүрүп, суу чыгарып Жакшы-Талаа>> кылган ушул агабыздын акыл-насааты, берген кол кабышы эмеспи! Жакшы көрсөткүчтөрү үчүн 10 жыл бою НУРЛУК агабыз Областык, райондук ардак тактадан түшкөн жок дешчү элдери кеп кылып. 8 баланы тарбиялап өстүргөн кадырман ата МУСАЕВ НУРЛУК азыр жетимиштин үчүн басып, жеринен жетик акыл адам болгондуктан, БАКАЙДАЙ барктуу карып, уулдары учун узартып, СҮЙҮМКАН эже менен небере-чөбөрөлөрүн жетелеп, бактылуу жашап турушат. Эмгектин ардагери, элдик адам НУРЛУК агабыз кут конгон Жумгал жеринде Кудай берген жашын жашай берсин!

## МОЛДОКЕЕВ АСЫЛБЕК

(Фото)

(1929-1992)

«Куш» сөз менен күлдүрүп, элди келген

КУЙРУЧУКТай азилин «сүзүп» элден?

Кылыч окшоп шилтенген кызыл тили,

Кылымда да эсинде калат элдин?!

АСЫЛБЕКТЕЙ агалар «элден кетти»,

<<Азык>> болуп ар сөзү бизге жетти?

Арабызда кур эмес аксакалдар,

Аздектеген, адамдык «улуу» кепти!..

АСЫЛБЕК агабыз чукугандай сөз тапкыч, кээде апенди чалыш

Сүйлөгөн кызыктай кыялы бар киши эле…

Парторг кызматы да өзүнө КУП жарашчу… Себеп дегенде ал

Кээде аксакты тындай, азды көптөй көрсөткөнгө оратор, оозундагы

Сөздөрүнөн «бал тамган», сергек адамдар гана «секретарлык»

Саясий кызматка көтөрүлгөн убактын мезгили болчу…

Эчен бюрололордо, заседания, чогулуштарда АСАКЕҢ ат чабышка

Тушчу тапталган кулуктердей болуп «жалтылдап» ораторлук оор ооз

Искусствосун көрсөтүп, андан улам өзүнө ырахат алып, ар дайым

Кыйын кысталыштарда кыйналбай «суудан кургак чыгып» кетчу

Дешчу теңтуштары аны…

АСАКЕҢ иштеген парторг жылдары «Ленин» колхозу райондо

Да, обласclub да саясий алдыңкы катардагы экономикасы күчтүү чарба

Деп эсептелинчу…

АСАКЕҢДин эл оозунда айтылып калган элестүү сөздөрүнөн

Бир-эки шингил таштап көрөлү анда…

---

«Өркөчтүү» парторгдардын өйдө-төмөнүнөн карасак, өзүңдөн

Башка «сакалдуусу»да, «сапаттуусу» да көрүнбөйт АСЫЛБЕК? Эми

Бул облустук маанидеги чон чогулушту ачууну сага тапшырсак, бизди

Элге уятка калтырбайсынбы? – дептир КАРЫБЕК ТЫНАЛИЕВИЧ

(Облисполком) АСЫЛБЕК агабызга суроолу карап…

-Ыя, айланайын, КАКЕ! – дейт АСЫЛБЕК.- Бул чогулуш эмес

ООНДун жыйынын ачып бер! Десең деле кудуретим ага жетет, укугун

- деген экен кайран АСЫКЕҢ

Эле берсең болду башкарганга!

Тайманбай, токтолбой жооп узатып, көзүн адетинче кыбындатып…

АСЫЛБЕК жаны эле шайланган Райком АКНАЗАРОВко

Таанышайынчы деп, дем алыш күнү районго барып калат…

АКНАЗАРОВДУН кабинетинин эшигин ачып караса ИМАНАЛИЕВ

НАСЫРАНБЕК («Кызарт» СОВХОЗУНУН директору) отуруптур…

АКНАЗАРОВ ОШол учурда эшик тарапты карап «бу ким>>

Дегендей ишарат кылып ИМАНАЛИЕВГЕ суроо салат..

ИМАНАЛИЕВ АКНАЗАРОВДОР Мурунтан тааныш адамдар эле…

Себеби кайсы бир жылдары ИМАНАЛИЕВ Кочкор районунда

«исполком» болуп иштеген кезде, АКНАЗАРОВ Ак-Талаа

Районунда Райкомдун 1-катчысы экен…

Кана айтынызчы, НАСЫКЕ? Бул АСЫЛБЕК МОЛДОКЕЕВ

Ичкилик жаатына кандай карайт дедиңиз эле? – деп ИМАНАЛИЕВГе

Сурооолу карап, мурдагы сөздөрүн улантып АКНАЗАРОВ…

-

-

Мен го чыны

Анда НАСЫКЕҢ башын бир чулгуп алып: <<Бул АСЫЛБЕК

МОЛДОКЕЕВ деген жакшы эле парторг, иштеген иши деле жакшы,

Бирок ичкилик жаатына келгенде ТЕНТИ БОКЧУБАЕВден (башкарма)

Обочо качып барып, «жумалап» ичмейи бар эле, - дейт… - Болуптур,

Болуптур! – дейт анда АСЫЛБЕК сыпааланып.

Башкарманы сыйлайм, ичкилик ичип коймоюм да бар, аны танбайм!

Ичкилик ичсем башкармага көрүнбөй, башка жерге качып барып

Ичем, анткени ТЕНТИ биздин башкармабыз, эл депутаты,эл
Сыйлаган адам. Ал эми КОРЧУБЕК АКНАЗАРОВИЧ НАСЫКЕМдин
Өзүнөн ичпеген жайын бир чегип сурап көрбөйсүзбү? НАСЫКЕМдин
Ашказаны эмне сүт ичип бузулуптурбу? – деген экен, кайран
АСЫКЕҢ.
Кабинетте кыраан-каткы күлку кайрадан жаңырыптыр.

Райкомдун бюросу «катуу» өтүп, АСЫЛБЕК бир ай башкармалык
Кылган кызматы ичинде көп кемчиликтер кетип, иштер өз убагында
Аткарылбай, тоют планы толбой калат…
Отпуска алып, эс алуудан жаны эле келген башкарма
БОКЧУБАЕВ ТЕНТИ да бюрого кошо чакырылат… Бюронун
Жыйынтыгы менен БОКЧУБАЕВке учётуна жазуу менен катуу сөгүш
Берилип, АСЫЛБЕК ооз жүзүндө эскертилет.
Райкомдун «Ленин» колхозун тейлеген инструктору
АБДУХАЛИЛ (Акал) МОЛДАЛИЕВ экөөнө тең теңтушураак адам
Болгондуктан, бюро бүтөөрү менен кабинетин ачып берип, тигилер
Чечип койгон сырт кийимдерин кийип жаткан учуру эле…
Ачуусу келген ТЕНТИ АСЫЛБЕКти ай-буйга келтирбей эле ошол
Жерден «шалак!» эттире жаакка чаап жиберген имиш…
Сен үчүн сөгүш алдым, эн… ди! – деген мааниде сегунуп-
Сагынып чыгып кетет, ТЕНТИ…
Ошону менен АСЫЛБЕК боз ала болуп АКАЛдын жанында туруп
Калат, бейжоопсуз, жаагын сыйпалап.
АКАЛ тамаша-чынга салып:
- Э, кудай урган АСЫЛБЕК, өзүң килейген чарбанын парторгу
Болсон, жаакка «жеп алма» бул кызматта иштебей деле койсон

Болмок экен! – дейт кез кыйыгы менен аны карап… - Азыр сен эмес
5-класстын окуучусун да мугалим жаакка чапканга акысы жок. Киши
Сапатын калбай калган го сенде. Бирдеңке деп жооп айтпайсынбы
ТЕНТИге, - десе..

АСЫЛБЕК:

-Ай, АКАЛ, сен да кызыктай сүйлөйт экенсиң да, ТЕНТИ деген
Бир айылдын атасы болсо, бир колхоздун башкармасыболсо. Аны
Мен эмес бүт район сыйласа! Эми ушундай кишинин бир жолку
Жаакка чаап койгонун көтөрө албасам менин эмнем киши?
Адамгерчилик сапатым кайда? – деген экен, сезге жыгылбай, кайран
АСЫКЕҢ көзүн адакетинче кыбындатып…

АСЫЛБЕК агабыз 1929-жылы туулган. 1951-жылы Борбордогу
Педагогикалык институтун бүткен. Көп жылдар эл агартуу
Тармагында иштеген. 1962 – 1977-жж. «Ленин» колхозуну
Партуюмунун секретары, 1977-87-жк. Кайырма айылдык советинин
Терагасы. Эмгектин ардагери. <<Эмгек Кызыл Туу» орденинин
Кавалери. Асыл агабыз АСЫЛБЕК 1992-жылы бул дүйнөдөн көзү өтүп
Кетти.

**ИМАНАЛИЕВ НАСЫРАНБЕК**

**Фото**

**(1929-1978)**

Сөздүн туурасын айтсак, табиятында артисттей кыял-
Жоругу бар, кыйын адамдар чанда жаралат тура бул жалган
Дуйненде. Комсомолдун кол баласындай болуп колунда өсүп,

Такшалып, партиянын «басыгы>> менен эчен пленум,

Конференцияларында ат салышып, такшалган чыгаан оратор,

Чыкыйган сөзмөр агабыз НАСЫРАНБЕК ИМАНАЛИЕВИЧ

Өмүрүнүн акыркы жылдарын Жумгалдын эн кыйын деген дың

Жери <<Кызарт» совхозун кылдаттык менен башкарып

Директорлук кызматын өтөгөн..

«Кызарт» чоң чарба болгон үчүн аны башкаруу да оңойго турган

Жок… Эчен кадрлар «Кызартка» барса бир жылдан ашык токточу

Эмес экен «жылмышып».

Бул чарбаны башкарыш үчүн «олчойгон опут» же чон

Адамгерчилик сапат, сөздүн туурасын айтканда, жон эле

Сахнада ойногон «артисттин» өзү да болуш керек болчу…

НАСЫРАНБЕК ал жерде бир топ жыл иштеди. Чарбаны кетерду.

Ден соолугун жоготту. Бирок демилгелүү жетекчи катары дегеле

Жумгалдын баш-аягына дейре айтылып, элдин эсинде калды…

Артист окшоп аткарган ЛЕНИНДИ, (СТАЛИНди)

Козгоп турат бул НАСЫКЕМ Жүрөгүмдү?

Алса дагы мугалимдик «АЛП» кесипти,

Ал иштеди «чарбада», жашап күндү…

Жакшы иштеди, карабады ден соолукка,

Жакшы «кадр» аталып эли билди?

Кыска болду өмүрү бул аганын,

Оору-сыркоо карабайт алда кимди…

Карыйт беле бул адам карылыкты,

Каада менен, салт менен ал жашамак,

Кайдан билди, капырай, өлөөр кунду?..

НАСЫРАНБЕК менен кошо иштешкен мыкты адис адам КЕБЕК

Бир жолу түш көрүп түшүнде; НАСЫРАНБЕК ИМАНАЛИЕВИЧ АРТИСТ
Болуп сахнага чыгып СТАЛИНДИН ролун аткарып жаткан экен деп
Взуне айтса. Анда НАСЫРАНБЕК мыйыгынан күлүп:
Ооба, мен билем силерди, мени «артист» дейсиңер деп
Ишенбей коюптур, бирок бул чындык эле дейт агроном КЕБЕК...
НАСЫРАНБЕК агабыздын ораторлугун (чечендигин) мындан
Билиниз? Башын бир чулгуп алып сүйлөгөндө, зал дымып, чымын
Учпай калчу эле, эл дымып назары ошол адамга гана бурулуп, элди
Өзүнө магниттей тартып турган өзгөчө бир керемет жан эле...
Ошондой жакшы кундердүн биринде биздин Жумгалга да бир
Жакшы адам келди борбордон?
<<Эл сүрөтчүсү» ГАПАР АЙТИЕВ депутаттык жолугушууга келип,
Район депутаттары менен биргелешкен Райкомдун кошмо
Заседаниясы өтуп жаткан  учур болчу.
НАСЫРАНБЕК ИМАНАЛИЕВге сөз кезеги келе калды... Ал кезде
НАСЫКЕҢ «Кызарт>> совхозунун директири...
Ошол учурдун атактуу баба дыйкан адамы, ОБОЛБЕКОВ
АСАНААЛЫ жөнүндө мындай бир образдуу сүйлөп кеткен жери эсте
Калыптыр:
ГАПАР АЙТИЕВИЧ, сиз бул Жумгалга күнүгө эле келе
Бербейсиз да, чынбы?.. Түшүнөбүз!.. Чыгармачылык түйшүгүңүз да
Көп... Жакшы чыгарма жаратуунун да себептери болот эмеспи,
Талант адамына... Мынабу, сиздин катарда президиумда муруттары
Будённыйдыкындай калдайган, мурду-таноосу эпсиз барбайган,
Бети-башы эбак эритилген «көк чоюндай» быткылданган, Беш-
Теректин «безетки>> баткагы кебетеленген АСАНААЛЫ ОБОЛБЕКОВ
Деген биздин баба дыйканыбыз олтурат го жаныңызда? Мына сиздин

Жаза турган жаңы чыгармаңыз ошол, ГАПАР АЙТИЕВИЧ!

-

Бул үчүн убара болуп сизге, шаардан «ГИПС» да сатып алуунун

Кереги жок? Желимди да сатып алуунун кажети барбы? Береги эле

Өзүбүздүн Беш-Теректин «былкылдаган» кара баткагынан эле мунун

«айкелин» чампалап бере салсаңыз болду, өзүбүз эле Кара-

Күңгөйдүн аркыраган кара шамалына тосо коюп кургатып алат элек

Да, өзү жашап турган райондун кире бериш, күн батыш жагына айкелин» заматта орното салаар элек! деген эле трибунадан анкылдап... Залда олтурган элде кулбеген киши калбаптыр ошондо? Кайран киши!

## МУСАБЕКОВ ОБОСБЕК

(Фото)

МУСАБЕКОВ ОБОСБЕК 1929-жылы Багышан айылында жарык

Дүйнөгө келген. Университеттин экономикалык факультетин 1952-

Жылы артыкчылык диплому менен бүткөн.

Республиканын жогорку окуу жайларында ушул мезгилге чейин

Мугалимден баштап, окуу-тарбия иштерин уюштуруучу проректор

Катары ар кандай жооптуу кызматтарда иштеп келди. 1960-жылы

Профессорлук наам алган… 60 жылдык эмгек жолунда 3 окуу

Китептин автору болгон, 2 монографиялык эмгек жазган.

Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген экономисти. (1983-

Ж.)СССР Жогорку мектептеринин, элге билим берүүнүн отличниги.

ОБОСБЕК агабыздын атасы МУСАБЕК, анын атасы

ШАМЫРКАН өз убагынын билимдүү адамдарынан болгон. Эскиче

Араб алфавитин өздөштүрүп чоң атасы ШАМЫРКАН Жумгал

Ереонунде биринчи кат тааныган эскиче билимдүү молдо киши

Болгон.

Тарбия-таалим жагынан алып караганда да агабыздын ал тегине

Шек туулбайт.

Биз мектептин теменку класстарында окуп жүрген ойноок

Кезибизде ОБОСБЕК байкебиз «БОРОНЗОго чоң окуу жайына

Етуп келиптир», «окуп атыптыр, артыкчылык диплому менен

Бүтуптур», «ал эле эмес борбордук гезитке сүрөтү менен да

Басылып чыгыптыр» деген сөздер менен жашап келдик, чыны.

Ошол байкебиздей биз да билимдүү болоор бекенбиз?

Кандай адам борборго барып окуйт болду экен? – дечу элек,

Балалык кыялыбызда…

Бул эле Нарындын бир жылдык курсун бүтүп келип бизге

Мугалим болгон агайларыбыз да мурундарын бийик көтөрүшүп,

Билимдүүсунуп калышаар эмес беле айылда… Кадыр-барктуу

Кишидей. Анткени аларды эл сыйлоочу.

Бизди чон билим алышка туртку кылган, өзүнүн өтө жөнөкөй

сыйпайыгерчилик, адамгерчилик мамилеси менен биздин

журектерден терен орун алган АЙКӨЛ агабыздын ушул кылган

иштери биз учун кылымга сабак!..

ОБОСБЕК агабызды кеп жагынан жакыныраак билгеним бар.

ОБОСБЕКтин атасы МУСАБЕК бизге жезде киши болот. Менин

атамдын агасы КАДЫРКУЛ менен такай Соң-Көл жайлоосунда бирге

айыл конушуп, бирге теңтуштук дооронун сүрген кишилер болчу

алар. Кошуналаш да турчубуз...

ОБОСБЕК байкебиз шаардын чок ортосундагы Токтогул жана

Совет көчөлөрүнүн бурчундагы этаж уйде (сталинка деп койчу)

туруучу. Жумгалдан барган туугандардын бири да калбай борбор

шаарга барганда ОБОСБЕКТИН үйүнө Тие өтпөй келчу эмес эле. Себеби женебиз РАПИЯ да эстүү, тектүү жердин кызы катары, барган элдин кенулун эч калтырбай сыйлап тосуп алып, узатып турат эле... ОБОСБЕК байкеден башка шаарда окуган биздин айылдын балдары ошол кезде жокко эсе болчу.

Эл аралап аркы-берки турмушту көргөндөн кийин өз Агандын, өз Жененди кадыр-баркын баалайт экенсиң.

Байкебизге айтып кала турган сөзүбүздө ал кишиде мүнөзү менен кошо жаралган адамдык, айкөлдүк сапаты айылдаштарынын бирин алыс, бирин жакын корбой баарын бир тууган катары карап, белбеген асыл сапаттары ар дайым ал кишиге <<АБРОИ>> гана апкелген. Биз барып учурашып жолуккан учурда акылын айтып, «адам болгула» деген оюнан башка, боорукердиги, жетим-жесирге өзгөчө аяр мамилеси, кылча болсо да биреге жакшылык санаганы бизди ар дайым ал кишиге жолугууга ынтызар кылчу, магниттей тартып турчу өзүнө.

Өсүп-өнгөн кут айлы Куйручуктан,
ОБОСБЕКТей агабыз өсүп чыкты!..
Көп жылдары Бишкекте жашап турат
Тосуп алат биз барсак баарыбызды?!
Илим менен алышып өмүрү өттү,
Бийик тутуп билимди, ар-намысты
Кең пейилдик, Айкөлдүк сапаттары,
Коштоп турат мүнөзүн агабыздын…
Сабак алсак болчудай бул Агадан,
Сапаттары буга мисал, эстүү адам,
Саны көпкө кыргыздын, элде туру

Салыштырсак болчудай «КУТка>> Муну!

**АРЫКОВ БЕКСУЛТАН**

**(Фото)**

Жумгалда санжырачылар аз… Бир-экөө эле жүрбөсө элге атагы

Чыккандардан. Сыйлыкка, сыймыкка жетип мөөрөй алгандардан…

Атактуу КУЙРУЧУК атабыз ырдагандай:

Түштүктүн түптүү элинде

Тунгатар, Түнтей турчу экен..

Туну-кун жаагы басылбас,

Тутуну менен ырчы экен…

Тутунге бир да ырчы жок,

Биздин Жумгал тынч экен! – дегендей…

АРЫКОВ БЕКСУЛТАН агабызга бере турган сыныбызды

КУЙРУЧУК АТАбыздай ырдан баштап көрөлү:

Санжырасын «саз жазып>>, <<багып» турган,

Саясатын санжыранын «<чагып» турган?

ЧАПКЫНЧЫсын чакчалекей кеткен тарап,

<<Чапчак кылып» «Санжырага» салып турган.

Эмгек кылып эртели-кеч «тердеп» турган

Эл ичинен «КУЙРУЧУКту» «эрмек» кылган

АРЫКОВ БЕКСУЛТАН агабызды,

Арасынан элдердин эстеп турам!..

Мээнет менен оокаты өтүп жаткан,

Мээлей кийип жемишин өзү <<таткан»,

Мээси толук жетимиш жашында да,

Керек десе, элине жазган ДАСТАН!..

Карыганда таланты оргуштаган,

Калем, кагаз чак келбей, соргуч дагы?..

<<Казалдары>> <<ТОМ» болуп үйүлүшкөн,

Катар турган устөлгө «сол бурчтагы>>?

Спонсорлор <<Бап келбей» - жатып аткан,

БЕКЕМ болсо буйдалбай «жазып аткан»…

Калжан-кулжан сөзү бар көрөалбастар,

- Карыганда бул эмне? – дешип аткан…

Накта сөзмөр ЫРСАЛЫ тукуму ушу,

Накта таруу бозодой, «кукурт» чачкан!!!

Касиеттүү, кадырман, сөзмөр ата ИМАНБАЙ уулу ЫРСАЛЫНЫН

Баласы ырым кылып баласы жок АРЫК деген атабыздын бир

Тууганына «этек астынан» багып алганга берип койгон үчүн АРЫКОВ

Болуп, бирок: «Атаң ким эле? – деп бала кезинде алдап, сынап

Сурашкан аксакалдарга: «ЫЙСАЛЫнын эле баласымын», - деген,

Ээндүү бала азыркы замандын санжырачысы АРЫКОВ БЕКСУЛТАН

Агабыздын езу тура!

Кудай берген талантты кубаты күчтүү КУДУРЕТ кытыгылабай

Жен турабы? Бул агабыздын элдер (теңтуштары кеп кылгандай эле)

Карыганда күчөдү «өнөрү», алыска чабылчу күлүктөй болуп…

Айтса-айтпаса төгүнбү, калыстык сезумду айтып кетейин: «Жаш

Кезде элинде эмне кылып жүрген бул БЕКСУЛТАН деген эме, ботом,

Карыганда күчөдү го бул!» - деген көрө албастар да бар эл ичинде,

Теңтушсунуп тамаша кылымыш этишип…

Өзүңөр ойлоп көргүлөчү, жалаң тынымсыз 42 жыл катары

Менен эл агартуу системасында «оту менен кирип, күлү менен

Чыгып» жүрсө, анын 18 жылын жалан мектептин Директорлук,

Завучтук, Партиялык уюмунун секретарлык кызматын аткарып,

Олчойгон үй-бүлөнү багыш (8 баласы бар, 3 кыз, 5 эркек) оңой олтоң иш бекен?

Ошол Совет доорунун иштери «космоско учуп» турган

Чагында ар бирибиздин деле иштен башка кымындай чолобуз

Да болгон эмес. Ал кимге жашыруун эле, айтынызчы ЫСАКЕ?

(АЙДАРАЛИЕВ)

Азыр бул агабыз жазып бүтүп жазмага даярдап койгон көөнөргүс

Элдик санжыралардын 2 томдугу болчудай материал сүрөөнчү күтүп,

«сүрсүп» бүтүп, «күчаладай ачып», күн өткөн сайын күрдөөлдүү

Элдин тарыхы, көшөкөр таланттары табылгыс алтындай катылып,

Төркү бөлмөсүндө сакталып турат, ал эле эмес өзүнүн да дилинде.

Атап кетели:

1. КУЙРУЧУК жөнүндө:

- КуЙруЧуКТуН бала чагы – 4 бет.

- Куйручуктун кумар оту – 6 бет.

- Байзак баатырДЬН КуЙруЧукка эки тогуз ышкын бергени-6 бет

КУЙРУЧУКТУН Таластын манабы Кызылбаш Кудайбергенди

Сынаганы – 6 бет.

-

Куйручуктун

-

- КуЙруЧуКТуН жоруктары – 34 бет.

-Жети ышкын жөнүндө жомок – 14 бет.

– Куйручуктун Байзак баатыр ооруганда барганы – 2 бет.

— Куйручуктун карышкыр менен кармашканы, аны өлтүргөнү—5 бет.

- «Жото жилик>>

11 бет.

- Куйручуктун Көк-Дөбөгө барышы – 17 бет.-

- Эй, бул Куйручук! – 6 бет.

- <<Тогуз кара кашка топоз» - 8 бет.

- Куручуктун Сталин райондук сотун эл алдында жыкканы

(уялтканы) – 4 бет.

- Куйручуктун

- КуЙРУКЧУКТҮН эрдиги – 9 бет.

Кийинки жоруктары -4 бет.

- КУЙРУЧуктун куран окуганы-4 бет.

-КУЙРУЧУКТУН «Сандалып» бараткан жери – 3 бет.

- <<Ала жат, Бакан» - 3 бет.

- Сарыпбектин ашында Найманбай акын менен айтышканы –

12 бет.

- Куйручук Байзак баатыр менен ПИШПЕКке барганы – 14 бет.

- КУЙРУЧУКТУН Чоюбек манапты сынаганы – 3 бет.

- Куйручукту колдогонун көрдүң беле? – 4 бет.

- Өлгөн адамдын тирилиши – 3 бет.

-КуЙРҮЧҮКТҮН өз аялын сынаганы,

- Айтканынан кйатпаган аярлыгы –

- Куйручуктун берген баталары – 10 бет.

Баары 183 бет

Мындан тышкары БЕКСУЛТАН агабыздын «Санжыра

Сандыгында>> <<Мүнүшкөр Сазан жөнүндө», өз мезгилинин баатыр

Найзакерлери – САБЫР, АКСАКАЛ, МАЛАКЕ, ЭСЕНААЛЫ;

Саяпкерлер – СОЛТОНБАЙ, КУЛЖАБАЙ, БОКУТАЙ Жана БАЯЛЫ

АКЕ жөнүндө даректүү баяндары менен КАЛЫК, МИДИНДИН ЭЛ

Билбеген жактары, дагы-дагы толгон-токой чыгармалар өз кезегин

Кутуп агабыздын дилинде турушат.

<<Шалбада>> өткөн эл аралык биринчи Санжыра жыйынында

БЕКСУЛТАН агабыз байгелүү орун алып келгени, Нарын области

Боюнча санжырачылардын айтыш кароо-конкурсунда 1-орунду алып

Келгени эле агабыздын канчалык деңгээлдеги дараметин, илгерки

Эл турмушун, тарыхын жакшы билээрин аныктап койду.

БЕКСУЛТАН агабыз агартуу системасында 42 жыл тынымсыз

Эмгек кылган ИНСАН. Жогорку билимдүү физик-математик, ЭЛ

АГАРТУУНУН ОТЛИЧНИГИ.

Жакында Бишкекке бир тууган иниси АСТАРБЕКтин тоюнда

Жолугуп отуруп, сүйлөшүп турдук. Азыр жетимиштин экисине чыкса

Дагы, жен жатпай жер айдап, эгин эгип, бош боло калганда Байзак

Баатыр жонунде баянын баштап койдум эле, өз убагында Көкөмерен кек
дайрага темир-тезек кошпой жыгач менен көпүрө салган атактуу

Элдик уста ЧҮКӨТАЙ Уулу БИЙНАЗАР жөнүндө, КАЛЫК атабыз

Менен «катыра» айтышкан ШАЛПЫК деген (айылдык акын, сөзүнүн

Ачуу тузу бар, богооз неме болгон экен) ырчынын айтышын,

ДЫЙКАНБАЙ УУЛУ МЫРЗАБЕК болуштун басып өткөн жолу

Жөнүндөгү тарыхый романын, ШАЛПЫК Ырчынын «Эр жалгыз жана

Гулжамал» деген өтө сейрек чыгарма дастанын жазып аяктап

Калганын өзү сөз кылып отурду.

Эмне дейли талант ар кимге эле бериле берчү «АЛАСА-

БЕРЕСЕНИН» оокаты эмес!

Эн чыккан чыгармалар гана жүрөккө жетет…

Ошондой эмеспи, ыя, БЕКСУЛТАН АКА?!

Ушул жерге БЕКСУЛТАН агабыздын аманат сөзүн кыстара

Кеткенибиз он!

Сез теркуну мындай…

Жазуучу, санжырачы Жапар Кенчиев Бексултан Арыков менен

Бир чети тууган кишилер болуп кетишет. Бир уруу элден,

Чапкынчылар!

Туугансып, КУЙРУЧУК жөнүндө жазган санжыраларын

Кенчиевге берет ишенип… <<Убакыт жок, чыгара албай жүрөм» десе  аны Кенчиев акебиз «плагиаттык кылып» өзүнүн наамынан китебине урдуруп жиберген имиш. Мен бир жолу Жумгалга барган кезекте: «Кенчиевди таап айтып коёсуңбу, Колум бошоп бара албай жатам деген эле. «Бул эмне кылганы тууганымдын!» деп бир тууган күйөө баласы катары мага табыштаган эле. Кайнагам болсо жок дей аламбы. Болуптур, жолугуп айтайын деп койдум эле. Эми мен <<Аманаттан» кутулдум. - Ак-Сайдын башы жошо бол, Акмактык кылсаң Агалар, Эмне болсон ошо бол! Бирок КЫДЫрдай болгон атабыз КУЙРУЧУКтан башкасын Кошсонор болмок ошого. БЕКСУЛТАН байкеге жана анын <<Аккан досу» ЖАПАР КЕНЧИЕВге эки «пункт>> менен бир суроо беришке туура келип калды.

Аны Кенчиев акебиз «плагиаттык кылып» өзүнүн наамынан китебине

Урдуруп жиберген имиш. Мен бир жолу Жумгалга барган кезекте:

«Кенчиевди таап айтып коёсуңбу, Колум бошоп бара албай жатам

Деген эле. «Бул эмне кылганы тууганымдын!» деп бир тууган күйөө

Баласы катары мага табыштаган эле. Кайнагам болсо жок дей

Аламбы. Болуптур, жолугуп айтайын деп койдум эле. Эми мен

<<Аманаттан» кутулдум.

- Ак-Сайдын башы жошо бол,

Акмактык кылсаң

Агалар,

Эмне болсон ошо бол!

Бирок КЫДЫрдай болгон атабыз

КУЙРУЧУКтан башкасын

Кошсонор болмок ошого.

БЕКСУЛТАН байкеге жана анын <<Аккан досу» ЖАПАР

КЕНЧИЕВге эки «пункт>> менен бир суроо беришке туура келип калды.

(БЕКСУЛТАНДы жаздым, КЕНЧИЕВге тийсин!)

Баштап алдың,

КУЙРУЧУКТай казалды…

БЕКСУЛТАНДАй кимдер аны,

Жаза алды…

Чоё берсең

«РЕЗИНКА» ал эмес,

Чочуп кетип, чунак бала

Мени жазган бул ким? – деп,

Тура калса,

«Туура жаткан көрүнөн»,

Туруп калба,

Тааный албай Атамды?

Чыгарам деп,

Бергениңди «КЕНЧИЕВ»…

«КЕНЧИ көрүп»

Өз оокаттай «ЭНЧИЛЕП»…

Чыгарыптыр өз атынан –

-

Деп айттың…

Айта албадым

«Ал сакалдуу кишиге»

Китеп саткан магазинден

Көрчү элем? (иногда)

Жазсаң жазгын,

Же, Атамды чыгарба?

Таппасаң да

Андан башка чыгарма?

Уурдаганың токтот!!!

Досум КЕНЧИЕВ-

Деп кечке эле

Андан кечке суранба!

Басып келип «кулагына шыбырап»,

Айтып коюш керек го

Бу адамга?

Менин атым

Силер үчүн «ШАРИКПИ»?

(Алик-малик оюну)

Десе канттиң

Ээ, Жапар ага, Бексултан!

Бул КУЙРУЧУК атакебиз

Тура калып

Бир маалда

Каласынар, байкагыла:..

КИМ КӨТӨРӨТ

БАШКА КЕЛГЕН УБАЛДЫ?!

## ЖАКЫПОВ МУСТАФА

(Фото)

Бир жолу Жумгал районунун «Демилге» гезитине врачтар

Жөнүндө бир «ИКАЯ» ыр жазып алып САБЫРБЕК КУЛМАНБЕТОВГО

(ошол кездеги газетанын башкы редактору) тапшырып, анан эшик

Алдына чейин ал мени узатып келатып сүйлөшүп туруп калдык эле…

Типи жайга кеткен ыраматылык САБЫКЕҢдин экөөбүздүн ортобузда болгон анын «Аманат сөзү» катары азыр айтып коюш <<парздыр>>

Азыр, МУСТАФА агабызга!

Сезден сөз чыгып отуруп минтип алды эле ал киши:

Ыя, КАЧЫКЕ, тетиги зынкыйып басып кирип бараткан

МУСТАФАНЫ кердунузбу? – деп. Себеби редакция менен Райкомдун

Имараты удаалаш эле жайгашкан зданиялар болчу. МУСТАФА

ЖАКЫПОВИЧ анда райондук элди контролдоо бөлүмүн жетектөөчү

Эле.

- Мына сенин кайнагаларыңдын эң Залкары! Бул МУСТАФА

Мен билгенден бир да адамдын конулун калтырган жан эмес…

Бала кезинен билем аны ушундай киши.. Кара кылды как жарган

Калыстыгын, чынчылдыгын айтпайсынбы? ЖибееКТеЙ КЫЯЛЫ

Бар чыныгы коммунист адам десем эч жаңылбайм, - деген эле.

Жибек кыял, жибиткен асыл жанды…

МУСТАФА ага карып турат, эстүү жанбы?

Жаман сөзүн өмүрү уккан жокпуз,

Жакшы адам деп эл айтат ушу агамды…

Көтөрүлүп көппөгөн кыялдары,

Өкүм сүйлөп өтпөгөн бул жалганда?..

Акыл менен калчаган ар бир ишти,

Азыр бийик ал элден, «ыйык» жандай!

Суудай таза өмүрү өтүп келет,

Суудай узун бул өмүр буюрганбы?

Капаланып-кайгырбас болбос ишке…

Кадыр күтүп, барк күтүп келген иштеп…

Кадырлуу ага МУСТАФА аман болсун,

Калк ичинде аз чыгат пенде, сиздей?!

Бул Жумгалда эки коммунист болсо бири ушулдур? Кудая

Тобо? Мунун эбин келтирип азыр ушул иштеп аткан ордуна «бир

Көзү ачык» адам алып келип отургузганбы бу кишини деп да ойлоп

Кетесин. Тим эле аткарган иши өзүнө куп жарашат дегендей эле…

- Ушундай адамдар көп болсо Жумгалдын атагы чыгат эле

Да же туура эмеспи, ыя? – дегени бар.

МУСТАФА агабыз чынында эле ошондой киши экен…

САБЫРБЕК Туура аныктаптыр!

Аны кеп жылдык эмгектеги анын тажрыйбасы, аны менен бир

Райондо катарлаш иштеп калган мен эле эмес Жумгалдын азамат

Жигиттери ал гана эмес, көпчүлүк эли да айтып берер.

Бир жерде көп жыл катарлаш иштеп, кайнага күйөө бала катары

Катышыбыз уланбаса да бул кишинин адамдык ички деңгээли, жүрүм-

Туруму, ишке кылган сергек мамилеси эл ичинде өзүнө чоң аброй,

Атак, наам апкелгенин билебиз!

МУСТАФА агабыз 1930-жылы Чаек айылында туулган экен…

1954-жылы Университеттен биохимия кесибин алып, көп жылдар

Эл агартуу тармагында үзүрлүү иштеп, 1992-жылы эс алууга чыккан.

42 жыл тынымсыз эмгек түйшүгүн тартып тынбай келаткан адам ушул

Экен.

Анын ичинен 14 жыл райондун Элдик контролдоо комитетин

Жетектегинин өзү эле эрдикке татыр иш го?

Азыр бул ардактуу агабыз Чаек айылдык элдик сотунун төрагасы

Экен, айылдын кутундай болуп, айткан сөзү «эм» болуп, акыл менен

Эл ынтымагын сактап, эл ичинде жашап турат…

СССР Жогорку Советинин Президиуму тарабынан эки жолу

Ардак грамотасын алган адам. Бала-бакыралуу…

Табиятынан интеллектуалдык деңгээли жогору адам САБЫРБЕК

КУЛМАНБЕТОВ өз убагынын тың уулдарынын бири катарыАлма-

Ата шаарынан саясий партиялык мектепти жогорку деңгээлде окуп

Бүтүп келген, көп нерсеге акылы жетик «практик» адам катары,

Райондун саясий-коомдук гезити «Демилгени» көп жыл жетектеп,

МУСТАФА агабызга да өз деңгээлинде баасын бекер эле жеринен

Бербеген экен тигинтип?

## МОЛДАЛИЕВ АБДЫХАЛИЛ (АКАЛ)

(Фото)

АКАЛ агабыздын талантын танабызбы? Сүйлөгөн сөзү

Куюлушуп, чукугандай сөз тапкан, айтылуу БАКАЙ атабыздай азыр

Барк кутуп, балдары жакшы чыгып багына, акылман энебиз

КАНЫКЕЙДей АЛМА эжебиз да туш келип, «ак-көк» дебей агабыздын

«чийнесин» кошо тартышып, «маласын кошо малалашып

«ысыгына күйүп, суугуна тоңуп» ырыстуу байбичедей болуп, акылын

Агабызга ар дайым кошуп жаткан убагы экен, айтылуу акын

БАЙДЫЛДА айткандай:

Агабыздын азыркы шарты:

- Сен кел!-де турса кең Мекен,

СЕМЕТЕЙ болуш эмне экен?

Эжебиздин эмдиги шарты:

-Ардактап турса кең Мекен

АЙЧҮРӨК болуш эмне экен?

- дегендей алар жакшы карып турушат…

<<Акылдуу жакшы карыйт, акмак алжып карыйт» дегендей

Агабыздын азыр карый турган деле кебетеси жок. Акылы, сәзу

Кадимкидей «анча-мынча» келген оорудан айыгып, жай сөз менен

Түшүндүргөндө «Жакшы киши ооруса жайлоого чыгып

Келгендей» болуп эле сөзү өз ордунда, өз төрүндө балпайып

Бактылуу карып, байбичеси экөөнүн бакыты өз эле колдорунда турат

«шамдай жанып»…

АКАЛ байкени эл-журтка тааныштырыштын кажети барбы?

АКАЛ айтыптыр деген эле айылдын «дүң» сөздөрү элге жетиштүү

Болоор агабыз учун…

Эсте калганы болсо эстээрсиңер калганын, азырынча менде

Болгону ушул эле болуп калды. Узартаарсыңар ар жагын!..

АКАЛ байкебиз Жумгал райкомунун уюштуруу бөлүмүн

Башкарып туруп, Алма-Атадагы партиялык жогорку мектептен саясий

Билим алууга Алма-Атага аттанды. Кайта кызыл диплом менен

Кайтып келди… (анда Райкомдун 1-секретары КАРЫБЕК

ТЫНАЛИЕВИЧ деген киши эле) Бир аз убакыттан кийин Райкомго

Кирген экен жумуш сурап. Штаттар толук болгондон кийин эки айдай

Эс алып келиңиз деп анан «Инструктор» деген «илме-кайып» иш

Берген экен ага КАРЫБЕК ТЫНАЛИЕВИЧ.

– АКАЛ, эми бул иш баягы көнгөн жумушуң эмес! Балдарга баш-

Көз болуп дегендей бир аз иштеп тур, анан көрөөрбүз! — дейт

Секретарь. АКАЛ ага макул болуп иштеп калат…

-

Убакыт өтө берет… Жарым жыл, бир жылга чукул дагы эле баягы

Орун «айдап кел!», «байлап кел!» дегендей кызмат эмеспи

«Райкомдун инструктору».

Чыдамы кеткен агабыз бир убак өткөрүп КАРЫБЕК

ТЫНАЛИВИЧке кирип, кайталап жумуш сураса: «Чаек колхозуна

Партуюмунун секретары болуп барасызбы?» - дейт имиш. АКАЛ

Байкебиз бир аз унчукпай туруп анан, бул

Сөзү-башы өтө эле «узун чубалжыган кызмат экен», барса

Барып турайын дейт имиш… Бир чети эми балдар менен да стол

Талашпай дегенчелик кылып, башын ийкеп макул болот…

Убакыт дагы бир жылга созулат… Бир күнү «Чаек» колхозунун

Чарбасын текшергени КАРЫБЕК ТЫНАЛИЕВИЧ келип: «АКАЛ

Жүрбөйсүңбү чарбанды көрөлү?» деп, аны машинасына салып

Кетет. Чарбанын эл жетпеген алыс жерлерин кыдырып, чарбанын

Ишине ыраазы болгон ТЫНАЛИЕВ, АКАЛдан сурайт экен жакшы эле

Кызмат бердим го сага дегенсип. Экөө теңтуш (классташ) кишилер

Болчу… АКАЛга карап:

-Ыя, АКАЛ, бу ишин жакшы бекен, парторгдук кызматка да көнүп

Калдынбы? Деги парторг кандай кызмат болот экен?-дептир, кекээр

МЫСКЫЛ ЖЫЛмайып.

- Эми сурап калдың КАКЕ, бул парторг чарбанын чабагандаган

Эле бир кызматы экен. Өзгөчө жанагы «башкарма» деген «балеенин»

Сөзүн «кунт коюп, кулак тосуп угуп туруучусу» экен, - дептир…

Аргасыздан таамай айтылган сөзгө калп эле күлүмүш эткен

КАРЫБЕК: «И, и дагы кандай экен?» - дептир, эми ага суроолуу

Карап.

- Эми кайталап сурап калдың, жанагы сенин БЮРОНО барганда

Башкармадан мурда сөгүш алчу немеси тура бул! – деген экен

Тайманбай…

Каткырык күлкүгө канагаттанган КАРЫБЕК ТЫНАЛИЕВИЧ:

-Дагы кандай экен, АКАЛ? – дептир кексе күлүп…

Анда АКАЛ:

-

Эми анын эмнесин эле түкшүмөлдөп сурайсың, КАКЕ

«Парторгун башкарманын саясий кошоматчысы» экен жанында

Жалмандап турган, - деген экен кайран АКАЛ.

Өз убагында таамай айтылган ушул сөздөргө ыраазы болгон

Райком, АКАЛ МОЛДАЛИЕВтин сөзүнө бир аз жыгылган дешет.

Ошондон улам бул сез лакап болуп элге тарап кеткен…

---

**Райондо Райком алмашып, мыкты жетекчи, социалисттик**

**Эмгектин баатыры, иштерман, кыраакы жетекчи келди КОРЧУБЕК**

**АКНАЗАРОВ Деген 1-секретарь болуп Жумгалга.**

**Өмүр бою эл менен болуп, элдин жашоосун коён жатагына чейин**

**Билген ал адам жарым жыл ичинде райондо темирдей тартип**

**Орнотуп, өстүргөн кадрды өстүрүп, райондү гүлдөтүп дегендей, ар**

**Ким өз иши менен алек болуп, жумуш алга жылып, жакшы маанайда**

**Дем алыштын бир күнүндө жумушта олтуруп КОРЧУБЕК**

**АКНАЗАРОВИЧ АКАЛ байкебиздин анкетасын сурап, карап отурат,**

**Бир жакшы-ой жышаан менен…**

**Бир кезде секретарь кызга МОЛДАЛИЕВДИ (АКАЛды) мага**

**Чакыргылачы дейт. АКАЛ кирет.**

**АКНАЗАРОВ эшиктен кирип келаткан АКАЛга:**

**- АКАЛ, бу сиздин анкетанызда атыңыз башкача жазылыптыр**

**ГО АБДЫХАЛИЛ болуп? – дейт. – А эмне үчүн АКАЛ дешет сени.**

**-**

**- КОРЧУБЕК АКНАЗАРОВИЧ бул жерде эч кандай Трагедия**

**Деле жок! «АКАЛ» деген менин «рабочий» атым эмеспи? – деген**

**Экен, атын моюнга чапкан бригадирдей мулуюп, АКАЛ байкебиз…**

********

**Райкомдо мурунтан бери иштеп келаткан анча-мынча**

**Шашмалыгы бар ЭСЕНАЛИЕВ БЕКТУР Деген аксакал киши иштечү**

**Эле. АКАЛга курбалдаш эле киши болсо керек эле. 1-секретардын**

**Помощниги болуп иштеп турган көп жылдар катары менен…**

**Дем алыш күнү АКНАЗАРОВ жумушка кайрылат, себеби ЦКнын**

**шашылыш бир чогулушуна жөнөп кетет экен... Өзунун помощниги**

**ЭСЕНАЛИЕВДИ чакырып: «МОЛДАЛИЕВге бир ишти айтып кой,**

**менин атыман, ушул срочный ишти мен келгиче бүтүрүп койсун! -**

**деп айтып кетип калат.**

**Ишке**

**алаксып атып БЕКТУР ЭСЕНАЛИЕВ АКАЛГА**

**АКНАЗАРОВДУН тапшырмасын айтпай унутуп калат...Эки күндөн**

**кийин ЦКнын пленуму бүтүп, үчүнчү күн дегенде АКНАЗАРОВ**

**кабинетине кирип баратып, секретарь кызга мага МОЛДАЛИЕВДИ**

**(АКАЛДЫ) чакыргылачы дейт.**

**АКАЛ Кабинетке киргенде: «БЕКТУР айткан иш орундалдыбы?»**

**- деп сурайт андан. Эчтекеге түшүнбөгөн АКАЛ байкебиз: «Мен**

**түшүнгөн жокмун, эмне иш айттыныз эле БЕКТУРга?» - дейт 1-**

**секретарга кайрылып...**

**АКНАЗАРОВ кнопкасын басып помощнигин чакырат, шашып**

**кирген БЕКТУРга:**

**- БЕКТУР! дейт АКНАЗАРОВ. Баягы мен айткан ишти**

**МОЛДАЛИЕВге тапшырдыныз беле? - десе.**

**Тапшыргам! Тапшыргам!!! - деп, ыраматылык БЕКТУР**

**байкебиз шашкалактаган го, тил угуп калбайын десе керек, бир чети**

**кызматынан чочулап...**

**Анда сөз торун туумнген АКАЛ:**

-ЭМИ КОРЧУБЕК АКНАЗАРОВИЧ ал сиз айткан тапшырманы

БЕКТУР ЭСЕНАЛИЕВИЧ мага айткан жок, айтса мына мен жок

Дебейм. Бирок моментти байкасаңыз сиз айткан сөз бул БЕКТУРДУН

«башынан алыс кетип» байкабай калган го, эчтеке эмес иш бутвер

- деди, шашпай сүйлеп…

Себеп дегенде БЕКТУР ЭСЕНАЛИЕВИЧтин болгон бүткен бой

Мүчөсү бир метрден ашпаган кодойгон кичинекей киши эле.

Ыраматылык БЕКТУР агабызды теңтуштары тамашалап

Какшыкташып, «КОЖОМКУЛ» деп коюшчу… КОЖОМКУЛ балбан

Адамдын эң зору эмес беле…

АКАЛДын айткан сөзүнүн төркүнүнө түшүнгөн АКНАЗАРОВ

Ачуусу тарап аягында катуу күлген дешчу…

---

Университетти бҮТҮП КеЛИП Кайырма орто мектебине мугалим

Болуп ишке орношуп иштеп калдым. Табиятымдан келген

Сарамжалдуулук өз таасирин тийгиздиби женен экөөбүздүн жеп-

Ичкенден башка чогулткан айлык акчабызга «эконом» кылып атып, эптеп бир «үч дөңгөлөктүү» «көк сырга» сырдалган «көңкөнү» ( «ИЖ»

Мотоциклин) сатып алганбыз. Жаш кезибиз экен, иштегенибизге бир-

Эки жылча болуп калган…

Баягы «машинамды» каадаланып мектепке сабак берээр учурда

АЛМАны артына отургузуп алып, айдап келип мектептин көрүнөө

Жерине токтотуп коём…

Сатып алгандын эртеси эле менден улуураак агайларым

Мотоциклдин ары-бери жагына чыгышып, айрымдары устүнө олтуруп

Алып түтүлдөтүшүп: «Ой, бул мыкты неме го мунуң, канча май кетет

Экен буга? Биягына кой-козу же бир-эки мүшөк жем салса болчудай

Деп бир топ эле такалашты аны. Өздөрүнүн жайына жөн

Койдум…

Го?»

- АКАЛ бул мотоциклин жапжаңы турбайбы майлабайсыңбы?

- деп да калышты.

- Болуптур, акелер, майлап берейин айлык алганда, - дедим.

Майлап да бердим… Бул алган мотоциклим мен үчүн кыйноого

Айланды…

Бир күнү Завучу, бир күнү Директору, бир күнү көп жыл иштеген

Мугалимдер «бул жакшы оокат турбайбы?>>

-

Жүрү тиги тегирменден ун тарттырып алып келе калалы…

Койчуманга кой коштум эле, кой короого келиптир, бир семиз иригим

Бар эле алып алайын. Бизди тиги ТОКОН тойго чакырды эле ошол

Жерге бизди тыштап койчу? Деген эле биринен сала бири «ат

Тезегин кургатпай» сурай беришчү адетке айлантып, окута турган

Сабагым тиякта калды… Же өзүңдөн улуу кишилерге жок дей албай,

Жетекчилерге да барбайм деш уят экен. Ошентип кайра муну сатайын

Деген ойго келдим да, алтынчы кун эле мектептен бир-эки саатымды

Окутуп, үйгө кетейин деп мектептен чыккам. Баягы менин

Мотоциклимдин үстүнө, алды-артына «учкашып», «люлкасына»
Отуруп мугалим агайларым жада калса анын бирөө түз эле айдап
Кете тургансып рулун онго-солго буруп, кыйшаңдатып, түтүлдөтүп
Жатыптыр.

- Жүрү тиги тегирменден ун тарттырып алып келе калалы…

Койчуманга кой коштум эле, кой короого келиптир, бир семиз иригим
Бар эле алып алайын. Бизди тиги ТОКОН тойго чакырды эле ошол
Жерге бизди тыштап койчу? Деген эле биринен сала бири кат
Тезегин кургатпай» сурай беришчү адетке айлантып, окута турган
Сабагым тиякта калды… Же өзүңдөн улуу кишилерге жок дей албай,
Жетекчилерге да барбайм деш уят экен. Ошентип кайра муну сатайын
Деген ойго келдим да, алтынчы кун эле мектептен бир-эки саатымды
Окутуп, үйге кетейин деп мектептен чыккам. Баягы менин
Мотоциклимдин үстүнө, алды-артына «учкашып», «люлкасына»
Отуруп мугалим агайларым жада калса анын бирөө түз эле айдап
Кете тургансып рулун оңго-солго буруп, кыйшандатып, түтүлдөтүп
Жатыптыр.

-

Ачуум келип жакын басып бардым… Бир да жөн турбай:

АКАЛ, Мотоциклин кандай экен, ыя, мени бир сейилдетип
Келбейсинби, учкаштырып алып, - деп (теңтушураак неме эле) айтып
Калды…

-АСЫЛБЕК, анын эмнесин сурайсың, бул мотоцикл эл барбаган
Жерге барган неме экен, «люлкасына» кой-козу, мешок, айтоор,
Батканынын баарын салган неме экен, артына болсо ары-бери
Айдаганда кишилерди учкаштырып ала турган да неме экен. Ал эле эмес алдагинтип токтоп жөн эле ордунда турганда да рулун ары-бери кыйшаңдатып, түтүлдөтүп үстүнө үчөө-төртөө олтуруп, минтип минип алчу да

оокат экен десем. Баары каткырып туше качышты устүнөн. АБЫХАЛИЛ агабыздын турмушу жалаң тамаша менен танды атырып, убакыт коротуп жүргөн адам го деген сөздөн алысыраак болунуз? Агабыз да Жумгал элине бакандай зор эмгек сиңирген бактылуу адам. Анын эл баалаган, өрүшүн кеңейткен өкмөт берген сыйлыктары «бир куржун» дешет. Мына алардын колго илингендери: - <<Тридцать лет Победы Великой Отечественной Войне» 41-45-т. - «Юбилейний медаль к 40 летию Победы ВОВ» 41-45-гг - «50 лет Победы ВОВ» 41-45-гг. - <<Медаль за трудовую доблес» Указ от 16-августа 1960-г. - <<За доблестный труд к 100 летию В. И. Ленина» 1970-г. - <<Почетная грамота Президиума Верховного Совета КССР» ОТ 28-декабря 1966-г.

АБДЫХАЛИЛ МОЛДАЛИЕВ 1931-жылы Жумгал районуна караштуу Фрунзе селолук советинде (Суусамырда) төрөлгөн атасы Бакай уулу Молдалы ТУНУК айылынын башкармасы болгон. Орто мектепти бүткөндөн кийин Фрунзедеги КГунун тарых факультетне кирген, 2-курстан баштап Сталиндик стипендиат, ЦК ВЛКСМдын мүчөсү, Университетин комсомол уюмунун секретары болгон. Университети артыкчылык диплому менен бүтүп философия адистиги боюнча целевой аспирантурага (Москвага) барган. Тилекке каршы атасы Молдалы ак жеринен репрессияга учураган киши болгондуктан дейт агабыз аны ал кезде аны актаган документ табылбагандыктан аспирантурага кабыл алынып, бирок кайра чыгарылдым дейт (Мотиви репрессия)

Кийин гана Москвадан акталган документи келгенде партияга кабыл алынган. Мезил өтө берди. Илимдин артынан түшүүгөмүмкүнчүлүк болбоду. 13 жыл эл агартуу тармагында, анын ичинен 9 жыл мектептерде (Кайрыма, Чолпон орто мектептеринде) интернатта директор болуп иштедим.

Кийин партиялык кызматтарда, Чаек колхозунда 19 жыл

парткомдун секретары, 3 жылдай Райком партиянын бөлүм

башчысы, акыркы мезгилдерде Жумгал райондук комитетинин

партиялык комиссиясынын председатели болуп иштеп пенсияга

чыктым. Алматы партиялык жогорку окуу жайын артыкчылык диплому менен бүтүп келдим. СССРдин медалдары, Кыргыз

Республикасынын ардак грамоталары менен сыйлангам.

Пенсияга чыкканга чейин райкомдун мүчөсү катары, райондук

Советтин депутаты болуп шайланып турдум. Азыр Ардактуу эс

Алуудамын.

«Алай» форумунун президентинин орун басары, Республикага

Өзгөчө эмгек сиңирген пенсиянермин.

Аксакалдар Сотунун

Райондук

Төрагасымын. «Байзак», «Ала-

Тоонун асылзат айымдары» аттуу китептердин авторумун, - дейт

Биз менен маектешкен сөзүндө АБДЫХАЛИЛ агабыз.

АБДЫХАЛИЛ агабыз карып турат,

«Атан төөдөй» намысын алып турат…

Акылгөйдүн көрөңгөсү барчудай го,

Эбак өткөн энелердин «изин» сурап?..

«Тарых кылып» акылман ИНСАНдарды,

Таразалап, талантын таанып турат –

Тарыхтагы БАКАЙДай сөзу белен,

Так өзүнө келгенби, ушул курак?..

Таамай сүйлөп, кадырын сөздүн билген

«Тай кашкадай» таанышкан элдин баары?

БАКАЙ атан илгерки бул эмеспи,

Барктуу карып бар болгон, тарыхтагы?..

<<Тарс» эттирген тамашасынан улам байкап калбадынарбы

АБДУХАЛИЛ (АКАЛ) байкебиздин КУЙРУЧУКТай эле курч сөздөрү

Бар киши экенин…

Эми бирөөгө тамаша айтып көнген киши өзү да тамашасыз

Жүрбейт эмеспи, «тоюс>> тамашаны көтөрө билери айдан ачык дечи?

Биз да ошол сөзгө таянып, байкебизге бир аз болсо да азил-

Сын (кара сөзгө АКАЛ агабыздай тишибиз өтө алаар эмес). Айта

Кетели деп, айтса-айтпаса төгүнбү, андай азилдин далайын башынан

Кечирген алтындай агабыз айтылган азилди туура түшүнүп берет го

Деген кейипте «ак ыр» менен азыраак айтып көрөлү дедик.

ОКУУЧУДАЙ бул жыланбаш,

Китепте…

БОРОМБАЙЫҢ,

Түшүп жатса сүрөткө?

Тумак кийип,

«Кара күлдөн», Пальтоочон…

Турган ким? – деп,

Туталанба мүнөткө…

АКАЛ эле,

Өзүбүздүн байкебиз…

Кыш да кетээр,

Кыйлабызды жудеткен?

Жылмайтайын дегениби

Жарыктык,

Түшкөн тура сүрөткө?

Жылуу кийип

Бул китептен

Жаныбарда

Үшүп кала тургансып?

Чыгып жатса китептер!

**Экинчи варианты:**

Ушунча элдин ичинен,

Мен деле, сизге түшүнөм?

Чечинип алса болмок деп,

Ойлоп койдум ичимен.

Ага деле кайылмын,

Ак сөзгө, Агам, таарынба?

Ар кимде бар да бир кыял,

Акмалап турса жанында…

Эмне да болсоң, ошол бол,

Эл ичинде эсен бол!

Эстүү агабыз ушул деп,

Эреркеп жаздык, ырды ошол!

## КЫДЫРАЛИЕВ АБАКИР

## (Фото)

## (1931-1988)

«Куур тондун ичинде куурасын жигит өлбөсүн» деген макал «көк Жал» жигит ушул АБАКИР байкеге татыктуу… КАСЫМАЛЫ ЖАНТӨШЕВДИн «Каныбегинде» айтылгандай, «куур тон кийсе да

Куураса да ден соолукта жүрө берсе, АБАКИР агабыз 70ти аркалап
БАКАЙДай Балпайып барктуу карыйт беле, бар ушул турган турпаты,
Кадыр-баркы менен ал сөздү айткан себебим 1988-жылдар
Аралыгында көп жылдан берки көкүрөк өйүгөн «көк жөтөл» оорунун
Кесепетинен каза тапты. Ошондо кайран агабыздын күлгүндөй кези
Экен, алтындай курак элүүнүн жетиси тура!
АБАКИР байкенин атагын алыстан угуп жүрчү элем, ал көп
Жылдар бою райондон сырткары кызматтарда иштеп, турмуш
Сапарын башка жерлерде, башка элдерде короткон адам эле.

Мен билгенден Жумгал районунда 3-секретарь болуп бир-эки
Жыл иштеп кеткенден кийин, Тянь-Шань районунда көп жылдар бою
(1965 – 1975) райондук айыл чарба башкармасынын начальниги
Катары үзүрлүү эмгектенгени, андан улам Тянь-Шань районунун
Чарбалары көп жылдар бою алдыңкы чарба катары эсептелинип,
АБАКИР байкенин эмгеги жогору бааланып, эки жолу (1965, 1974-
Жж.) Кыргыз ССРинин президиуМУНУН ЖОГорку Советинин Ардак
Грамотасына татыктуу болгонунун өзү эле анын эмгегинин эл
Тарабынан эң жогору бааланганын айтып турат…
АБАКИР өзүнүн ушул кыска өмүрүнүн ичинде «Эмгек Кызыл
Туу», «Ардак белгиси» ордендери, «Эмгектеги артыкчылыгы»
Медалдары менен, ССРдин көп диплом, грамоталарын ак эмгегинен
Улам алган адам.
АБАКИР агабыз кийин оорунун айынан Жумгалга көчүп келип
Чаекте туруп, алаксып дегендей малды бордоп семиртүүчү совхозго
Башкы зоотехник болуп иштеп жүргөн кездеринде көп жолу иш менен
Жолугуп, билип калдым эле…

Сөздү сүйлөгөндө маңызына чыгара айткан принципиал-

Дуулугу, ар баштаган ишинин аягына жеткирип анын башкача

Бир жагын сезе билген, иштин көзүн билген, акылы жетик, эсеп-

Чоту мээсинде, башы азыркы иштеген компьютердей иштеген

Адамдай көрүнгөн мага…

Шар жүргөнүн, шар сүйлөгөнүн, чечкиндүүлүгүн эл-журту

Баалап, эмгиче кеп кылып айтып жүрүшет.

Ден соолуктун

Айынан анын эчен иштебей калган

Мүмкүнчүлүктөрү ачылбай калган адамдык зор сапаттары, таланты

Өзү менен кетти кайран эрдин….

Куур тондун ичинде

Куурасын жигит өлбөсүн?

КЫДЫРДай келген бул агам,

Кыдырып кыргыз жергесин…

Эмгегин элге арнаган,

Эстелип турат эмгеги?

Тың атанын уулу деп

Тукуму тартсын так өзүн?!

## АБДЫЛДАБЕКОВ ТЕҢИЗБЕК

## (ФОТО)

ТЕКИН байкебизди,теңдешсиз АЙКӨЛ адам дешчү эл… Бул

Айкөлдүк кыял адам баласы төрөлгөндө эле адамдын керт башы

Менен кошо жаралабы? Деген ой туура болоор беле, ушундан улам

Сөз кылсак…

Турмуштун эчен катаал соккуларына «эр жалгыздыгы» менен

Эчен туруштук берип, эч бир чайкалбай, эч бир төгүлбөй, эч бир

Кемибей келет бул агабыз жакшы сапаттары жалгап…

Мен эс тартканы бул адамдын көр турмуш үчүн көңүлү чөгүп,

Кабагым-кашым дегенин укканым да, көргөнүм да жок!

Айрым аксым адамдардын арданткан акылсыз кеп-сөзүн укса

Деле, ачуулу өңүн кебетесин көрүп-билип турса деле, эч бир

Көңүлүнө жакын кабыл албай, кейигендин ордуна кайра күлүп:

- Эми боло берет да мындайлар, турмушта, - дегенчелик кылып, ага жылмайып гана койчу анык азамат жигит ушул эле.

Ошондон уламбы, ачуу чакырган ал кишинин кыялынын

«супсуну сууп» агымы боюнча башка арыкка буулуп калган киргил

Суудан бетер кирилдеп, «коо арыгынан» калдырап агып, күлдүр-

Шалдыр этип токтоп калчу эле ал адамдын жүрүп бараткан «тегирмен

Барасы».

Эч бир убакта бирөөгө катуу сөз айтпаган, кыздай жумшак,

Кымбат сылыктыгы, табиятында бирөөнүн тескери кыял-

Жоругун капилет байкап калса да, байкамаксан болуп,

Уялганынан өзү кызарып кетчу агабыздын кыял-жоругу чоң

Уяттуулугунан кабар берсе керек…

Таанымбаган эле адам болсо да аны менен сөз талаш

Учурунда түз сөзүн айтып, эч жардамын аябаган сезимталдыгы

Менен чоң адамгерчилик сапаттарынын биринен улам «ушундай

Болсо керек го» деген ой келчү биздин көөдөнгө көз жарып…

Агаин-тууганга «кара кылды как жарган» калыстыгы менен

Алынган, жүрөгүндө жалындаган адамдык намыс-ары баарынан

Бийик турган ушул агам асты «аккан суу менен чыккан чөптөн»

Башкага залалы жок киши… Алтынга теңелгис АЙКӨЛ агабызга аз

Да болсо арнап, Калыс сөзүбүздү казыр эле көзүнүн тирүүсүндө

Айталы деп, качанкыга чейин эле аны ичибизде айтпай кармап

Жүрмөк элек деп, калдайган кадыры үчүн калыс саптарды камынтпай

Жазып салдык:

ТЕКИН байкем баарынан жакшы карып,

Басып жүрөт үйүндө «КУТтай» жанып?

Теӊиз адам тууганга, баарыбызга,

Теӊтуштарга ал турат, «күйүп-жанып»,

Үй-бүлөгө ал карам ушул күндө.

Пенсияда ал азыр өз үйүндө.

<<Какыс-кукус» сөзү жок бир, оозунда,

Көрүп турат жеӊемди «көзүрүндөй!»

Баргыӊ келет бул үйгө такай-дайым,

Ирээттелүү оокаты, күткен жайы.

Кайнап турат казаны, толо ырыскы

Кайнап турат кыпкызыл ИНДИ чайы.

## АТТОКУРОВ САБЫР

## (Фото)

Сабагында отурган балдардан этнограф окумуштуу катары

Сабыр агабыз:

-Сен Саяксыӊбы же Сарбагышсыӊбы, урууӊду, тегинди айтчы?

- деп сурап койгону үчүн ошол замандын «оозу кыйшык болсо да»

Опурулуп сүйлөгөн чоӊдору «ойт берме» органдары менен эки жыл

Анын эсин оодарып, элге-журтка жолотпой, «эл душманы» катары

Кылып коё жаздаганын элден бир саам уккан элек…

Бирок көздөгөн максаттарынан кайтпаган «көк жалдыгы»

Агабыздын көктүгүнөн улам, ӨЗ ОЮНУН ТУУ чокусуна жетип, докторлук

ИЛИМИЙ ИШин жазып, жактап, ал эле эмес кырк уруу кыргыз тарыхын

Санжыра кылып сайратып, «кызыл китепке» айлантып, мына

Арабызда олтурат. Алтымыштын ичинен бир канчасын жайлатып…

Окумуштуу болуш үчүн адамдарда эң бийик ой-максаты керек

Экен, ага талыкпаган эмгек керек, маарасы алыс «марал тору»

Күлүктөй тапка келиш керек, Шырдакбектин шыр жүргөн жоргосундай

Жүрүштөрү болуш керек, «ритминен» жазбаган..

Өңгүл-дөңгүл жолго карабас, «өтө ала качма күлүк торудай»

Кыял жоругу да коштоп туруш керек экен. Бул турган наркында.

Ал сапаттын баары алтындай агабызда бар экен…

Ал эле эмес Агай сизди китепке жазып атат эле аты-жөнүңүздү

Толук айтып бир барак кагазга чиймелеп бере коёсузбу? Деген

Балдарга жазыла турган иштин чала-бучугу калбасын дегенден улам

Байкебиз «БУРК» этип энциклопедиядан эле окуп алгыла дептир,

Сагынткан САБЫР агабыз! Эми сөздүн туурасын айтканда САБЫР

Агабыздын андай кыялдарын андан деле көрбөйбүз. Жашабай жатып

Жайралган (70 жылында) Совет мамлекетинин элге кылган кыял-

Жоругунан эле керебуз, чыны канча адамдын канын, кыял-жоругун

Бузганын тарыхтан окубадыкпы?

Саламат болсун, агабыз!

Эчен «ТОМдун» аңтарып арка-белин,

Эчен түндөр түйшөлүп, тартып демин?

Этнограф агабыз САБЫР – тегин?

Элден сура бүт кыргыз айтып берет,

Эмгегинин барк-баасын, «КУЛЬТ» - себебин?

Геологдой изилдеп тынбай келет,

Келчү муунга арналган эр эмгеги?!

Эл-жер үчүн карысаң кандай жакшы,

Эрлер аз го профессор алган ченин?!

**ЖУНУШЕВ КАЛИМЖАН**

(Фото)

Мен КАЛИМЖАН байкени жакыныраак билгеним ал киши менен

Бир райондо көп жылдары (Кант районунда)бирге туруп иштеп

Калдык. Мен транспорт жаатында иштечү элем. Ал киши «көрүнбөгөн

Фронтто» жүрдү…

Эчен жолу бирге тууганча жолугушуп, чай ичишип дегендей ага-

Ини катары мамиле кылып сыйлашып келдик…

Байкебиз жөнүндө айтаарым. Эчен жолу дасторкон четинде бир

Олтуруп, бир туруп, бир нерсени элес албаганымды кара, эчен

Отуруштарда жумушу жөнүндө бир да ооз ачпай, элдин сөзүн угуп

«жыргап коюп» олтура берген «алтындай кыялы>> бар киши эле да,

Аны азыр баамдасам… Аны аялым байкаптыр!

Азыр гана «Комитетинде» 40 жылга чамалаш эмгеги өтүп, өкМӨТ

Өзгече белгилеп «Улуттук коопсуздук органдарынын эмгек сиңирген

Ардагери» деген атайын төш белги менен капилет сыйлаган учурда

Гана (көнгөн адатын дагы эле коё бербей) бир ооз сөз менен гана

Телефон чалып мага:

- Байкен карыганда бир сыйлык алды, келип кет майлайлы! –

Деген сөзү болду, аны да бүдөмүктөтүп толук айтпай.

Канында жаралган темирдей тартиптүүлүк, адамдык

Кристалдай тунуктугу, эч бир ашык сөзү жок ак ниет элге кылган

Мамилеси менен кызматындай «кылтыйма кыялы» менен бирге

Эле жүрүп, ошол эле убакта үй-бүлөнүн кадырман атасы экенин

Здамдык асыл сапаттарынын адам катары бул кишиге айтып

Берер баасы али алдыда экенин баамдагандырсың…

Башка ИНСАНдардын өздөрү жөнүндө ачык эле жаза

Салгандай бул кишинин «кызмат статусу» мүмкүнчүлүк бербейт

Экен…

Кыскартып айтканда, элиниз тынчпы, жашооң жакшыбы?

Анда байкеңе окшогон «көрүнбөгөн фронттун солдаттары»

Ордунда дей бер!

Айта кетчү бир нерсе, алтындай табылгыс акылман агабыз

АНДРОПОВ байкесинин өз колунан аран эле алты жолу (лично)

«Ардак» грамотасын алганы эле эмнени айтып турат, ыя?

Тан

ТОЛГОН-ТОКОЙ ТОСКООЛДҮК ОТкөн басып

Токтоо мүнөз толуктап турган жашын?

Алтымыштын алтысын көзүр кармап,

Абийир менен аркалап ата салтын…

«КӨРҮНБӨГӨН ФРОНТТО» кызмат кылган,

Көөдөнсүбөй көөнөрүп жашап турган?!

<<Көл>> агабыз-КАЛИМЖАН Кантка барып,

Көпчүлүктөй, билинбей турат карып?..

Келечегин балдарын тузуп койгон,

Билим алып эл өңдүү киши болгон.

Бай теректей бакыйган ушул Ага,

Бар болсунчу эл ичинде эсен-аман!

## КУЛМАНБЕТОВ САБЫРБЕК

(Фото)

(1932-1993)

Совет мамлекети күкүрттөй күчүнө кирип турган кезинде тээ 60-

жылдарда бекен, кудай ай, Жумгалда чуу эле чыгып калды дешти.

Эмне болуп кетти дедик. Райондун «көзүрлөрү» алакташып, ал эмес

ЦКдан, Обкомдон «чоң адамдар» келип-кетип ага туура

түшүндүргүлө бекер белибизди бертинтип албайлы? Абайлаш керек мындайдан, акыл куралы, ага жакшы өзү сураган кызматын бергиле, кокуй, тезирээк дешип антандаган эле баягы ЭРГУЛДар жүрдү чапкылап... Кийин уксак кайран САБЫКЕҢ (САБЫРБЕК КУЛМАНБЕТОВ) табиятынан «сөздү убагында айтпаса, атасы өлөт» дегендин бири экен, КАНдан-БЕКтен кайра тарпаган кыялы бар «көк жал» немениn бири экен бул! Университеттин тарых факультетин бүтүп келип (1960) эч колго илинерлик кызматка өзүнүн мүмкүнчүлүгүн көрсөтө турган жумушту ага беришпей, Хрущевдин нака өзүнө «заказной кылып» аты-жөнүн айрым коркоктордой кылып «аноним» жазбай эле «түздөн-түз өзүнө тийсин» деп ачык кат жазган тура кайран эр! Элди коркутуп короңдогон Райкомдоруң, Обкомдоруң өз көлөкөсүнгөн өздөрү коркуп, ошол убакта САБЫКЕҢДин оозун баса албай сабырлары суз болуп, сайга токтобой улам учуп-конгон сагызгандардай шакылыкташып, чуру-чуу түшүп топтошуп, САБЫРБЕКТИН өзүнө басып баралбай айылдагы аксакал-көк сакалдарын чогултушуп, айласын алты жерден таппай турушкан кездери экен, бечаралардын...

САБЫКЕҢДИН ХРУЩЕВГЕ жазганы бул эле экен: Андан

Обдулуп-чамынып кызмат деле сурабай эле, жөн эле айылдагы өтүп

Жаткан ошондой опасыз турмушту, өлөрманданып өп-чап жашаган

Жашоону, чоңдордун элдин камын ойлошпой, оюна келгенин «оттоп»

«оң жамбашынан жатып-туруп», «оромпой тееп» жүрүшкөндөрүн,

Өзүн бакмак турмак эмес кыз, аял алуу деген Жумгалда кыйынга
Тураарын (Анда САБЫКЕҢДин бойдок кези экен) кыйналган турмушка
Чыдамы кеткен кыйланын гана оюн ак кагазга чиймелеп «шилтеп
Жиберген» экен азамат!
Он жолу башын ийип олтурушуп, ошентип САБЫКЕҢДин да
Ачуусун акыры басышты… САБЫКЕҢЕ РАйкомдун аппаратынан
Жакшы эле кызматтарды сунуш этишти… Бирок САБЫКЕҢ бирөөнө
Да макул болгон жок… Табияты талантуу адам «мейли эми, эрмектей
Берейин деп, эмгекчил гезити «Демилгеге» (анда «Социалисттик мал
Чарба» аты болчу) редактор кылганда, байкуш чоңдор «өх-х!» деп,
Эстерин аран жыйып, чеке терин шыпырып, өз-өз иштери менен
Алектенип унут калган урунттуу кызматына жылышты кылтыңдашып,
Кыйынсынышып!
САБЫКЕҢ ошентип «жакшынын шарапаты» тийип Алма-Атанын
Партиялык эки жылдык курсун да окуп келди. Хрущев байкесинен улам.
13 жыл ордунан жылбай «Демилгени» башкарып, журналист
катары такшалып, 1979-жылдан 1990-жылга чейин чарбалык
педагогикалык кызмат Чаектеги №23- профтехучилищада
директорлук кызматта иштеди... Болочок айыл чарбасына керектүү,
тракторист, сварщик, швея жана башка толгон-токой кесиптерди
балдарга чоң коллективдин жардамы менен үйрөттү...
1991-жылдан өмүрүнүн акырына чейин өзү бириктирген дыйкан
чарбага төрагалык кылып, көнгөн адаты боюнча атактуу МИДИН
акебиздин казалдарынан катыра кеп кылып, элди каткыртып журуп
өтүп кетти САБЫКЕҢ бул дүйнөдөн!
Аз да болсо мобул мен жазган ыр, алтындай табылгыс агабызга
коюлган кызыл гул десте болсун! САБЫКЕҢДин кыял-жоругуна анча-

мынча агабыздын кыял-жоругуна окшошот ушул ыр!

Өткүр болот шамшардай,
Өтүптүр элден залкарлар!
Өткөрүп ийдик заманын,
Өздөрү барда барк албай?
Ошонун бири САБЫРБЕК
Окуп кой, иним, таң калбай?
Сөздөрү турган «куюлуп»,
Кылычтай кындан суурулуп,
Жатка айтып МИДИН казалын,
Жамгырдай төккөн «удургуп»?!
Жакшы адам эле намыскөй
Бетке айтчу сөздү, бул чындык!
КАН, БЕКтен кайра тартпаган,
Канында турган улуулук?..
Кагыптыр анын жүрөгү,
Калкым деп жүрүп урулуп?!

**БАКЫ ӨМҮРАЛИЕВ**

(Фото)

БАКЫ байке менен жолугушууга (маек куруга) жөнөгөндө чынын
Айтыш керек өзүм үчүн өтө бийик сыймык сезим менен, ой толгоолор

Менен бараттым… Байкебиз бул шаардын центринин күн батыш
Жагында, тактап айтканда Жаш Гвардия кочосуно жетпей, чакан
Көчөдө бир аз жолдон буруураак жерде этаж тамда жашап турат экен.
Телефонун таап, адресибизди сурашкандан улам ал киши
үйүнөн чыгып, көчөдө ары-бери басып мени келет деп туруптур. Мен
үчүн улуу башын кичүү кылып, чыны акскал кишинин көчөдө күтүп
ТУРУШУ уятыраак иштей сезилди аябай. Машинадан тез түшө калып
учурашып, байкебиз көрсөткөн жол менен айдап жүрүп олтуруп,
короо тибинде салынган (төрт бурчтукта) узун төрт этаж тамдын
короосунда «арка>> аркылуу айдап кирип машинаны «стоянкасына>>
коюп, анан уйге кирдик...
Ал кишиге гана таандык кичипейилдик менин ыңгайсыз
абалымды бир топ эле жеңилдетти.
Аңгеме-дүкөн кура баштадык... Аңгыча АЙЫМКАН жеңебиздин
да чайы даяр болду...
Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал, <<Республи-
канын маданиятына эмгек сиңирген ишмери», көрүнүктүү
драматург агабыз БАКЫ ӨМҮРАЛИЕВдин алыскы өткөн, азыр
тарыхка айланып кеткен азаптуу согуш жылдарындагы
балалык, жетимчилик (томолой) турмуш жолу жөнүндөгү
азыноолак маекти өз оозунан угуп көрөлү деген ниетте:
— БАКЫ байке, ага катары сөздү өзүңүз эле баштап берсениз
Кандай болот? – десем, ал киши бир аз токтоолук менен мени
Карап мейли анда дегенчелик кылып сөзүн баштады…
Менин бала кезим дуушар болгон оор тагдыр жөнүндө
«Унутулгус күндөр» аттуу чыгармамда чагылдырган элем, -деп
Баштады сөзүн БАКЫ байкебиз. Балалык учурум Улуу Ата

Мекендик согуштун мезгилинде өттү. Ал мезгил жетимдер менен

Жесирлердин доору эле.

Алакандай Жумгал районунда эле жетимдер үйүнөн экөө бар

Болчу… «Жаңы-Арык» айылында, «Чаекте» кийин «Жаңы -Арык»

Жетимдер үйү жоюлуп, «Чаек» балдар үйүнө кошулган. Согуштун

Кесепетинен болгон ачарчылык, жокчулук, өпкөдөн өткөн жазгы суук,

Шамал менен кыштын ызгаар суугу, Жумгал элин кыйла эле азапка дуушар кылган.

Өмүр менен өлүмдүн айырмасын түшүнө элек кезимде мындай

Көрүнүштөргө жеткиликтүү маани бербей, кийин эс тартканда нечен

Ирет каңырыгым түтөгөн. Адам жашоо үчүн жарык дүйнөгө бир гана

Жолу келип, кайра түбөлүк өчөөрүн наристе бала түшүнөбү? Ал кездеги

Күнүгө уккан жаңылыктар. Өлүм менен башталып өлүм менен бутчу.

<<Баланчага кара кагаз келиптир», «түкүнчөнүн баласы окко

Учуптур», «үйүндө жата берип ачкалыктан жан бериптир», «ичээрге

Ашы жок кудайы сурап тентип кетиптир» деген сөздөр ал убакта

Көнүмүш иштей эле угулчу кулакка. Жакшылык кабарга караганда,

Жамандык кабар басымдуулук кылаар эле айылда…

Ачарчылык кээрине кабылып, өз башымдан өткөргөн

Окуялардын кээ бир урунттуу учурларын айта кетейин.

Апам АНАРКҮЛ төрөттөн мерт болуп, эне сүтүн эмбей калдым.

Балтыр бешик үч айымда атамдан дагы айрылдым. Көз ачып Аалам

Көрө элек наристенин тагдыры мына ушундай башталган.

Менин баамымда багаар-көрөөрү жок жетим бала, ээси жок

Көчөдө калган күчүккө эле окшоп кетет. Күчүк көрүнгөн адамга эле

Шыйпандап жакындабайт. Ал адамдын турпатына, көзүнө карап,

Жүзүнөн мээрим көрүнгөндө гана шыйпандап жакындайт. Кабагынан

Каары төгүлгөн мерес адамдын карааны алыстан көрүнгөндө качат.

Жетим бала да кыйды, кексе, баамчыл, адамды сүйлеген

Сөзүнөн, көз карашынан кандай адам экенин баамдап, билип алат.

Мен адамдын көзүн карап чоңойгон кишимин. Кара

Курсактын айынан Жумгалдынн башынан аягына чейин (Көк-Ойго чейин) үймө-үй кыдырып, күн көргөн учурларым көп болгон. Колдо барын аяшкан эмес. Жарты наны болсо да «байкуш жетим» деп бир сындырымын болсо да мага бөлүп беришчү. Жумгал элине ушул күнгө чейин таасим этип, кулдук урам. Элимдин марттыгына... Агабыздын сөзүнөн баамдагандай, өзү төрөлгөндө энесинен, балтыр бешик үч айында атадан жетим калган баланы жерден алып, «жел тийгизбей багып» Детдомго чейинки жашка чейин чоңойтушкан таякеси САЯКБАЙГа (төрт жашына чейин анда болгон) андан кийин намыстанып алып кеткен атасынын агасы МОМУНга (беш жашына чейин). Кайдыгер эле адам «Ий, байкуш ыймань ысык бала экен» деп, бир улакка сатып алган ШАРШЕН деген адамга чоң адамгерчилик алкоосун айтып атпайбы ушул сөздөрү менен БАКЫ агабыз. Жумгал эли ак көңүл, боорукер, жетим-жесирлерге күйүмдүү, Аалам жанылыктарын аңдай билген көзү ачык Айкөл эл экенин эс тартканда биле баштадым... Ачка олтурса да комузун колунан түшүрбөгөн таланттуу жаралган эл экен.

КУЙРУЧУК атабыз бир айылдан экинчи айылга келгенде ошол

Айыл элинин маанайы көтөрүлүп, анын айткан кептерин кунт коюп

Угушуп, ошол күндүн жокчулугу, КУЙРУЧУК атанын касиети менен

Токчулук күнгө айланчу. КАЛЫК ата Жумгалдык таланттарды

Чогултуп, концерт даярдап, «Элим, мен силерге нан бере албасам

Да ыр берейин» деп эл көңүлүн көтөрүп турчу.

Мени, ачарчылыктан аман-эсен алып калып, ушул күндү

Көрсөтүп, ушундай даражага жеткирген Жумгал элинин мага кылган

Кайрымдуулугу деп түшүнөм. Жумгалдыктардын мага берген бир

Чөйчөк жармасы, бир сындырым наны менин эсимден эч качан

Кетпейт.

Ылайым бар болгула, аман болгула, Жумгалдыктар! Айланайын,

Туугандарым!

Кийинчерээк үймө-үй кыдырганды токтотуп, оокат уулап ичүүнүн

Жаңы ыкмасын таптым.

Базар-Турук кыштагынын жанында бир дөңсөө бар. Дөңсөөнүн

Алдында «Базар-Турук» кыштагынын бир бөлүмү жайгашкан. Мен

Түшкө чейин ошол дөңсөөгө чыгып кыштактан чыккан түтүндү аңдып

Отурчумун. Саман чийдин түтүнү бырыксып бат күйүп, бат өчөт. Таш

Көмүр, көңдүн түтүнү созолонуп жашыл түстүү чыгат. Түтүндүн

Чыкпай калганы тамактын бышкан маалы деп жетип барам, боорукер туугандарым «шордуу жетим дайым тамак бышкан маалда келет. мунун тилеги жакшы дешсе кээ бири, мунун мурдунун өзгөчө жыты бар машкедей эле деп коюшчу эркелетип... Ырас эле кандай тамак бышып жатканын тамактын жытынан билчүмүн. Буудай жармабы, арпа жармабы, кара жарма, сут кошулган жармабы, куурма жармабы ар биринин жыты ар башкача болот, аны жазбай сезчүмүн... «Базар-Турукта» КАРЫМБАЙ атанын суу тегирмени боло турган. Тегирмен күзүндө эгин бышкан маалда бир аз иштеп, көпчүлүк учурларда ал иштечү эмес. Кээде ошол тегирменге келип, тегирмендин кычык-кучуктарынан тоскогун чогултуп бышырып жечүмүн, анын жыты эле нанды элестетпесе, жегенимдин жарымы чопо аралашкан эле бирденке болчу. Эчтеке мурдума тийбей карайлап калган учурларда, талаадан сөөк чогултуп алып, чий өрттөп ысыкка эрип чыккан сөөктүн какшыган майын шимүүчүмүн...

Ой, байке, зээнди кейитип жибердиңиз, сөз нугун башкага

Буралычы, - дедим чыдабай кетип мен…

-

Жаш кезимден кан-жаныма синип калгандыктанбы,

Жокчулуккка муңканбайм, токчулукка дардандабайм, көппөйм…

- Анан сиз кандайча искусство дүйнөсүнө аралашып кеттиңиз?

Ушул жагын кеп кылсаңыз?

-

Жумгалдыктар башы кошулган жерде эле манасчылар,

Акындар, артисттер жөнүндө көп кеп кылышчу. Артисттер келгенин

Укканда, төшөктө ооруп жаткан адамы да концертке эптеп келчу.

Мен <<Чаек>> детдомуна өткөндө, детдомдо болгону 12 бала бар

Эле, кийин 400ден ашты. Детдомдун директору Түгел-Сайлык

Фронтовик – КАРМЫШЕВ, Фронтовик казак – МУКАМБЕТОВ деген

Жигит, МОМУНОВ, КАРЫМБАЕВ, АЙЫЛЧИЕВ, кийинчерээк

АМАНАЛИЕВдер артисттерди детдомго чакырып келип, концерт

Койдуруп беришчү, биздин көңүлүбүздү ачканга аракет кылышчу. Биз

Ага аябай таасирленип акын, комузчу, артист болгубуз келчү. Ыр,

Хор, бий ийримдерине жан дилибиз менен катышчубуз. Детдомдо

(балдар үйүндө) өткөрүлгөн бир концертте ШАМИЛ деген бала

Экөөбүз акындарча айтышканыбыз эсимде:

**ШАМИЛ**: Шамил деген баламын,

Шаар ичине барамын.

Институттан кеп окуп,

Инженер болуп аламын.

**Анда мен**: Бакы деген баламын,

Баардык ойду табамын.

Радио аркылуу,

Угулат менин кабарым.

Ачкадан шишип өлбөсөм,

Тарыхта мен да калармын

Деп төкмө акындыкка дилибизди коёр элек. Деги Жумгал эли кандай гана кыйынчылыктарга Дуушар болбосун ыр-күү укканда жагалданышып, жакшылыктын

Жышааны катары кабылдашар эле.

Ошондуктан, Республикада биринчилерден болуп, 1936-жылы

Жумгал элдик театры уюшулган. Чоң комузчу КУЛМАНБЕТ (атактуу

КАРА МОЛДО ОРОЗОВдон кем чертпеген) ак тандай ырчы АКИШЕ,

Кыздар ШАРАПАТ, МЫСКАЛ элдик импровизатор (атактуу

Комузумдун автору) САТАР ЖУМАЕВ, обончу АДАМКАЛЫЙ

ТЕМИРОВ ЭЛДИk ТеаТРЫНЫН жетекчиси АБДЫАШЫМ КӨБӨГӨНОВ

Чыгармачылык кадамын биринчи Жумгалдан башташкан…

Ичкен суусунанбы, жериненби же тубаса рух дүйнөсүнүн

Бийиктигиненби, айтор, Кыргызстандын биринчи профессионал

Режиссёру ОТУНЧУ САРБАГЫШЕВ, акындардын Алпы КАЛЫК

АКИЕВ, КАРА МОЛДО менен тең тайлашкан комузчу КУЛМАНБЕТ

Да бир жолу белгилеп кетейин, бир дем менен <<Алымканды»

Созуп ырдаганда, үнүнүн «диапозону» таңгалдырган

Москвалыктарды, ал гана эмес өкмөт жетекчилигин (КАЛИНИН,

СТАЛИНДерди) ордунан тургузуп кол чаптырган МЫСКАЛ

ӨМҮРКАНОВА, Республикадагы биринчи балетмейстр НУРДИН

ТҮГӨЛОВ, Сахна Пири МУРАТБЕК РЫСКУЛОВ, СЫДЫКБЕК

ЖАМАНОВ, чолпондой жанган бийчи кызыбыз БҮБҮСАРА

БЕЙШЕНАЛИЕВА, сахна,экран жылдызы ТАТТЫБҮБҮ

ТУРСУНБАЕВА, улуу манасчы САГЫМБАЙ, элдик куудул КУЙРУЧУК, Кандан-бектен кайра тартпай бетке айткан өткүр акын, сатирик МИДИН АЛЫБАЕВ; жибектей созулган интеллигент жазуучу ШАТМАН САДЫБАКАСОВ, көпчүлүккө «Көчмөндөр кагылышын»! калтырып кеткен КАЧКЫНБАЙ ОСМОНАЛИЕВ өнөрү өркүндөп келаткaнда жарыгы жалп этип эрте өчкөн таланттуу композитор СЕЙДАЛЫ МЕДЕТОВ (авиа кырсыктан каза болду). - Оо, байке, сиз китепке кирип жаткан Жумгал жылдыздарын атап кеттиңиз го бирин калтырбай. - Жумгал жергеси таланттардын уюткусу экенин 1945-жылдарыКУЙРУЧУК, Кандан-бектен кайра тартпай бетке айткан өткүр

Акын, сатирик МИДИН АЛЫБАЕВ; жибектей созулган

Интеллигент жазуучу ШАТМАН САДЫБАКАСОВ, көпчүлүккө

«Көчмөндөр кагылышын»! калтырып кеткен КАЧКЫНБАЙ
ОСМОНАЛИЕВ өнөрү өркүндөп келатканда жарыгы жалп этип
Эрте өчкөн таланттуу композитор СЕЙДАЛЫ МЕДЕТОВ (авиа
Кырсыктан каза болду).

- Оо, байке, сиз китепке кирип жаткан Жумгал жылдыздарын
Атап кеттиңиз го бирин калтырбай.

- Жумгал жергеси таланттардын уюткусу экенин 1945-жылдары
Комсомольская правда» газети атайын бет кылып жазып чыккан болчу..

– Сиз өзүңүз жөнүндө көбүрөөк токтолсоңуз?

- Мен « таалай издеген индуска» окшоп, «Чаектен» 7 классты
Бүткөндөн кийин Нарындагы педагогикалык училищага кирдим.
Ал жерде жашоо-тиричилик өтө оор болгондуктан, Бишкектеги
Суу чарба техникумуна келип окудум. Математика сабагын
Өздөштүрө албай андан чыгып, Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу
Жайына кирдим.

Колумда документим жок, жетиммин, детдомдо өскөм деген
Сөзүмдү документ катары кабылдап окууга ала беришчү ал кезекте…
Ошол供 кездеги адамдардын боорукерлигин айтпасыңбы. Музыкалык
Окуу жайынын төртүнчү курсунан кетип калып, 1950 – 51-жылы
«Жаңы-Арык» орто мектебин бүтүрүп Ташкенттеги Театралдык
Институттун артисттик факультетине кирдим. Институтту бүтөрүм
Менен Кыргыздрам театрында иштеп калдым.

Ошол күндөн ушул күнгө чейин менин өмүр тагдырым
Чыгармачылык багытын да аркалап келет.

Сахнада кыйла ролдорду ойнодум. Беш жолу кинофильмдерге
Тартылдым. Балдарым жаш, айлыгым аз болгондуктан үч-төрт жерде

Иштөөгө туура келген учурлар болду. Театрда, Политехникалык Институтта, финансы техникумунда, түнкүсүн орусча кинолорду Кыргызчалаган дубляжда отурдум… Кээде кызматка кетип баратып, Уйкудан көзүм карайлап теректи сүзүп алган күндөрүм да болду. Театрда репетицияда отурганда уйкум келгенден, үргүлөгөнүмдү Токтото албай көзүмө тамеки да салып жүрдүм. Негизги алдыма Койгон максатым жакшы иштеп ишимен көрүнөйүн, мен көргөн азап-Тозокту балдарым көрбөсүн дедим.

Оо, чыны менен башыңыздан өтө оор, өтө татаал турмушту Кечирген экенсиз, БАКЫ байке.

– Чыгармачылык түйшүгүм да оңойго турган жок. Менин биринчи Пьесам «Ата сөзү – Ар-намыс» республикалык конкурста сыйлыкка Илинип, театрга коюла баштагандан кийин драматургия жанрына Баш-отум менен кириштим.

1996-жылы Ч. Айтматовдун чыгармасынын мотивинде Жазылган «Найман Эне» пьесаңыз Ташкентте өткөн Азия Өлкөлөрүнүн куурчак театрынын фестивалында баш байге Гран-Прини жеңип алганы эсимде.

– Өзүмдүн өмүр жолумда кандай таттаал жолду басып өтсөм, Чыгармаларыма да «досторумдун» бут тосмойлору аябай коп болду. Чыгармаларым да көп түйшүк тартты…

Мурда «Найман Эне» Республикалык конкурска катышып, Москвалык адистер тарабынан жогору бааланса да, калыстар Тобунун төрагасы «өзүмдүн жанагы «жан досум» (атын атагым да Келбейт) сыйлыкка илинтпей койгон. Дагы бир кызык окуя 1978-Жылдары «Тумагын бутуна кийгендер» аттуу киносценарияма Кыргыз фильм студиясы келишимдин 4% гана төлөп берип

Сценариямы жаратпай коюшкан. Кийин 1990-жылы Москва «акчасын
Биз каржылайбыз, балдар үчүн жазылган киносценариянар болсо
Жибергиле» деп кат жибериשти. Кыргызстанга…
Кыргызфильм студиясы 20дан ашык дасыккан
Кинодраматургдардын чыгармаларынан арасына 12 жыл илгери
Жазылган менин сценарияларымды да кошуп жиберет. Ошолордун
Ичинен Москвалык адистер менин эмгегимди жактырышып «ишке
Кошуп бергиле» деп басым кылып атайын «именно» ошол сценария
Үчүн деп акча беришкен Кыргызстанга бизге…
Бир күнү үйдө олтурсам киностудиянын директору «студияга
Келип келишим түзүп кетиңиз, сиздин сценария боюнча кино
Тартылмак болду» деп телефон чалат. Мен таң калып, «Эмне болгон
Сценария?» десем, «Тумагын бутуна кийгендер» деген сценарияң
Үчүн кино тартчу группа түзүлүп, режиссерлукка К. Кыдыралиев
Менен Р. Байтемиров бекитилди, деди. «Беловежская пуща»
Токоюнда СССР Мамлекетин кыйраткандар болбогондо 1990-жылы
Менин чыгармаларымдын түшүмдүү жылы (пик) болмок. Москвадан
Орусча которулган 30 басма табак пьесалар жыйнагым жарык көрмөк.
Кыргыз басмасынан 25 басма табак китебим чыкмак. Кино тартылмак…
- Бири кем дүйнө деген ушул экен, байке.
1985-жылы
Москвалык сынчылар Кыргыздрам
Театрынын репертуарларын көрүп чыгып, «Унутулус күндөр»
Спектаклин жактырып. «Москвага алып барып көрсөтөсүңөр,
Даярдангыла» деп кетишет. Спектаклге катышкан артисттер
Аябай сүйүнүшүп, катуу даярдана башташат. СССР Маданият
Министерствосунан Кыргызстан Маданият Министерствосунун

Министри Ж. Нусуповага Б Өмүралиевдин «Унутулгус күндөр»
Спектаклин Москвага жибергиле деген телеграмма келет, бирок
Телеграмманы мага көрсөтпөй катып коюшат да, менин
Пьесамдын ордуна А. Сорокиндин орус театрында коюлуп
Жаткан «Жооп берчү да мезгил келет» деген спектаклин
Жиберишет. Барган спектакль Москвалык адистер тарабынан
Катуу сынга алынып, эч бир байгеге илинбей кайра келет.
Кийин Москвага барып Маданият министерствосунун
репертуардык коллегиясынын башчысына жолуксам, <<Эмне
үчүн сенин спектаклин келбей калды»,
«Кыргызстан ЦКсы ошондой деп чечиптир» – деп жооп бердим.
- Эмне силердин ЦКңарда башы жок адамдар иштейби?
Биздин максат улуттук театрды көрсөтүү болчу. Силердикиндей
орус театр Россиянын ар бир шаарында бар. О, силердин
ЦКңардын Э......., - деп орусчасынан кетти. Катуу ачууланып:
«Театр коллективиңе жана өзүңө сыйлык ыйгарылган, келбеген
коллективиңер куржалак калды. Өзүң диплом менен 1000 сом
(рубль) сыйлыгыңды алып кет!» - деп аябай ызаланды.
Кийин уксам СССР Маданият Министерствосунун кеңейтилип
чакырылган коллегиясында планга кирген спектаклди алып келе
албагандыгы үчүн катуу жемеге түшүп, «сөгүш» алышыптыр бул
«чоңдорум».....
– Сиздин чыгармаларыңыздын да жолу катаал турбайбы, БАКЫ
байке?
Аябай катаал. Бийликтин этегин жыттап барк тапкан
«досумдун» мага жасаган жосундарын айта берсем узун жомок!
- Анан сиз ага каяша айтпай эле жүрө бердинизби унчукпай?

-Бийлик менен табакташ болгон киши каяшаны тоотпой, кайра
өчөгүшүп алат экен. «Ай ийилет, бирок сынбайт» дегендей ийилген
да, сынган да жокмун. Кайра өжөрлөнүп эмгектенип, Москвадагы
эки жылдык жогорку адабият курсун бүтүрүп чыктым. Бияк
жактырбаган <<Сирена» деген пьесамды орусча которуп,
«Современая драматургия» журналына кыргыздын биринчи
трагикомедиясы деп баш сөзү менен басып чыгарышты. Журнал
аркылуу чех, румын, молдова, украина тилдерине которулду.

1982-жылы Совет бийлигинин 70 жылдыгына карата чыккан
«Советская драматургиянын» бир томдугуна, Орто Азия,
Казахстан боюнча жалгыз менин «Мансуровдун үй-бүлөсү»
Деген пьесам кирди.
«Современная
Драматургия» журналы менин
Чыгармаларымды изилдеп, «Жаңырык» драмамдын Ош
Кыргыздрам театрында 800 жолу коюлганын аныктап берди.
(ушунча санда коюлган спектакль ал учурда СОЮЗ тарыхында
Болгон эмес).
Бул информация 1989-жылы «Советская драматургия>
Деген журналдын №1 санында атайын бетте кириш сөз менен
Жазылган. Ошондогу Союздун ичинде эң көп коюлган спектаклдин ичине
кирген «Атанын тагдыры» драмасы да 500 жолу коюлуптур сахнада.
журналына аталган Көрүнүктүү Москвалык театр сынчысы Н. Кузьмина театр
чыгармамды орустун белгилүү жазуучулары Рощиндин «эшелон»,
Васильевдин «А. зори здесь тихиесинин» катарында турчу чыгарма деп
сөөгүмдү агартты. Орус эли калыс, кенен эл го? Көрөалбастыкты өжөр эмгек,
жамандыкты амандык жеңди. Кыргыз драматургиясынын дээрлик көпчүлүгү
менин эмгектеримди туура баалап, керектүү учурларда колдоого алышты.
Кыргыздын көрүнүктүү театр сынчылары менин чыгармаларым боюнча туз

сындаган макалаларын үзгүлтүксүз жарыялап турушту. Кыргызча үч китебим жарык көрдү. Газет-журналдарга пьесаларым, театр тууралуу орчундуу маселелерди көтөргөн көлөмдүү публицистикалык макалаларым жарыяланып турду. Кыргыз радиосунун алтын фондусуна пьесаларым жазылды.

Мага коломчулук жана бийлик тарабынан ишеним артып, Кыргызстан жазуучулар союзунун пленумунда жазуучулар союзунун секретары кылып шайлашты. Азыр Кыргыз Республикасына өзгөчө кызмат көрсөткөн адамы катары персоналдык пенсия алам.

Азыркы замандын агымына жараша иштеп, күн өткөрүп жатам... Оптимист адаммын... Кыргыз элим да бул кыйынчылыктан бат эле чыгаар деген үмүттөмүн. Мына ушундай КАЧКЫН иним, кыскача менин тарыхым.

– Маегиңизге чоң ыракмат, БАКЫ ага, эл ичинде эсен болуңуз, кудай берген жашын жашай бериңиз!

-

БАКЫ ӨМҮРАЛИЕВ 1932-жылы 1-январь күнү Жумгал районунудагы Базар-Турук айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган... Анын балалык чагы согуштун катаал мезгилине туш келип 1944 1945-жылдары Чаектеги балдар үйүндө (детдом) тарбияланган соң, 1951-жылы Жаңы-Арык орто мектебин, 1955-жылы Ташкендеги А. Н. ОсТРОВСКий атындагы театр-көркөм өнөр институтун, 1975-жылы СССР Жазуучулар Союзунун алдындагы Эки жылдык жогорку адабий курсту бүтүрүп чыгат...

1955

1972-жылдары Эмгек Кызыл Туу ордендүү Кыргыз Мамлекеттик Академиялык театрында актёр, Кыргыз Мамтелерадиосунда режиссёр, Кыргызстан Жазуучулар Союзунда

консультант, Жазуучулар Союзунун башкармасынын секретары,

Республикалык маданият министрлигинин репертуардык

редколлегиялык коллегиясында редактор болуп эмгектенди...

Театрда иштеген жылдарында 30дан ашуун психологиялык

Жактан татаал, жогорку көркөмдүктөгү эстетикалык таасири күчтүү

Ролдорду жаратып, чебер кино актёр катары да «Муз жүрөк жөнүндө

Баян», «Алыскы тоолордо», «Тянь-Шандык кыз», «Космонавттар

Көчөсү» кинофильмдеринде жаркын образдарды

Түзгөн..

Драматург катары жазган анын каламынан жаралган залкар

Чыгармалар, пьесалары: «Ата сөзү-Ар-намыс», «Тагдырдын өгөй

Балдары», «Жаңырык», «Сел», «Мен билем, тоолор билет»,

«Жолчубектин көпүрөсү», «Сирена», «Кыйышпастар», «Ырайымсыз

Кража», «Чунак киши», «Ыйык жер>>, <<Бир кезде», <<Бир кезде согуш

Болгон» жана башка чыгармалары элибиздин интеллектуалдык

Деңгээлин жогорулатып, көптөгөн театрларда коюлуп орус жана

Башка тилдерге да которулган…

«Тагдырдын өгөй балдары» пьесасы 1988-жылы жаштарга

Арналган пьесалардын Бүткүл Союздук конкурсунда дипломго, бир нече
пьесаларды ар кайсы жылдарда уюштурулган сыйлыктарга татыктуу болду.

БАКЫ ӨМҮРАЛИЕВдин каламына Улуттук искусствонун ар кыл

Маселелерине арналган көптөгөн публицистикалык жана сын-

Макалалар таандык…

Жемиштүү чыгармачыл адам жана коомдук ишмер БАКЫ агабыз

Дын эмгеги өкмөт тарабынан жогору бааланып, «Кыргыз

Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери» деген

Наамды 1990-жылы 25-сентябрда №3387 токтому менен бекиген,

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасын (1982-жылы 9-Ноябрда алган). «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалын 1959-жылы 23-январда, 1-ноябрда чыккан указдын негизинде алган, СССР Жазуучулар союзуна мүчө катары (1971-ж.) СССР киноматографтар Союзуна, СССР театр ишмерлер Союзуна мүчө катары (1962-ж.) Сый-урмат менен мына быйыл бакыйган БАКАЙ атабыздын жашы 70ке келген (2002-ж. 1-январь). БАКЫ агабызга көчү байсалдуу Болсун, жолу мыйзамдуу болсун, тою ыр жандуу, торколуу болсун Деп ушул саптарды Агабызга арнадык.

Басып өткөн жолу ушул агамдын,
Тозок тура, угуп көрсөм, ҡарангүн?
Жан чыдабайт жанагы айткан сөзүнө,
Жарма менен бир СЫНДЫРЫМ нан үчүн,
Жетимдиктин кулу болгон, адам бул!

«Тоголонуп жетим» болуп чоңоюп,
«Топтой тепкен», бул турмушуң Кожолук
Тозок оту «күлгө айланткан» жеринен –
Адам болуп өсүп чыккан торолуп.
Торолуп
«Толубайдын күлүгү» бул эмеспи,
«Топко чапса токтоо бербей элирген»
Тоготпогон, күнчүлүк жер аралык!
Не болсо да Адам экен, Киши экен,
Насыйкатын алып турчу биз экен…
Аман болсун эл ичинде агабыз,

Атабыздай акыл берчу киши экен?

Жетимишти жетип келип калыптыр,

Жергебизде Той болуучу Күз экен.

Бактылуубуз барына ушул агамдын,

Алп таланттар КАЛЫК, МУСА, МУРАТБЕК.

МИДИН, МЫСКАЛ, ШАТМАН менен ЖАМАНОВ-

КАЧКЫНБАЙЛар сезим отун күчөткөн…

СЕЙДАЛЫ ОКШош теңтуш анын достору.

Кыргызымдын залкарлары бүт экен!

## ТЫНАЛИЕВ КАРЫБЕК

## (ФОТО)

## (1933-2000)

КАРЫБЕК агабызга калыс сөзбузду айтаардан бир аз мурун,

Момурайган момун бала кезибизде КУЙРУЧУК (КУДАЙБЕРГЕН)

Атанын баласы МУКАТ (Азан чакырган аты МУКАНБЕТ, ал кишинин

Көзү жок азыр) бир-эки үйдөн кийин кошуна турчу эле бизге. Биздин

Үйге бир маал бир жайчылык убакта аталарым чогулушуп эшик

Алдындагы өскен бактын көлөкөсүндө (жай айы болсо керек эле

Жайлоодон келген кымызды кере жутушуп, ар кандай окуялардан

Кеп-сөз кылып келишип, ал адам ителги менен бүркүттүн тебишин

Кеп-сөз кылган эле бир саам….

Менин бала кезим эле дейт МУКАТ ата. Соң-Көлдун эң бийик

Чокусу деген Кара-Шөкүлө деген жерде кудум ал жер жапан (япон)

Жериндеги «Фудзияма» деген тоо бар го ошол чокуга да көп жери

Окшошуп турат, башынан булут кетпей азыр деле, балдар болуп

Ойноп, этегинде көбүргөндүүү беттерине кой жайып жамбаштап

Асмандагы булуттардын ары-бери көчконун, куштардын кубулжута

Сайраган тилдерине курсант болуп, ойноок турган кезекте байкаган элек. Ошол шумдуктуу куштардын кармашын. Тээ бийик асмандан таранчыдай эки караан алыстан көрүнгөн, ал улам чоноюп олтуруп жакындаганда эки куш көрүндү. Бул эмне анча бийик учушкан куштар чоң эле куштар экен десек менин жанымдагы жашы бир топ улуураак (4-5) жаш улуу болуш керек менден) бала кыйкырып калды: -Оп ээй, кызык, «тайтебиш» болуп атат асманда карасанар! деди. Буркут окшойт бирөөсү деп. Өжөрлөнүшүп эки куштун караанны бирде алысташып, бирде жакындашып, бири-биринен качышпай асманда алышып, тебишип жаткан бүркүт менен ителги деген кыраан куш тура кийин уксак, аталардан сурасак деди эле. Бүркүт менен ителгинин «тебиши» миңден бир болчу окуя дешти куш тарыхында. Ал эле эмес андайды укпай да, кербей да кеткен карыя адамдар болгон, жүз жашын жашап өткен кылымында да. Бүркүт менен ителгинин кыраанны гана тебишет. Акыры баягы ителги менен бүркүттүн тебиши эмне менен бүткөнүн биз көрө албадык. Себеп дегенде биз Шөкүлөнүн түбүндө

Жатканбыз, шумкарлар Шөкүлөнү айланып куушкан боюнча

Кетишти ашып!

Мен атадан уккан бул окуяны айтып жаткан себебим, керек

Болсо бүркүткө кол салган, Ителгидей ийкем, шамдагай, ыкчам,

Миллион приемдору» бар, акыл жагынан алдырбаган акылман

Бул агам, керек жерде калтар түлкүдөй суналып, ийне көзүндөй

Жерден суурулуп чыгып кеткен, баш айланган бийиктикти

Асманды көздөй типтик атылып чыгып (андай кыял куш

Кыраанны бүркүттө да жок) ителги тебиш кылып өзүнүн

(жертвасын) андан бир далай деле жогору турган (душманын

Эле деп коёлу) төмөнтөн аткан октой күү менен келип текөөрү

Менен телтейте тээп түшүрүп, чалкасынан түшө калып

(кыскартып айтканда ала салып туруп, ителги тебиш» кылып)

Өлтүрө тээп, текөөрүн менен жемсөөсүн талкалап кеткен

Шумкар ителгидей эле карааны, кыял-жоругу бар эле анын!

**Кээ бир адамдар ар кимдин жардамы менен өсөт го, бул чындык!**

**КАРЫБЕК агабызда андай кыял жок болчу! Ал өзүн өзү «киши**

**Кылган» адам эле… Ал үчүн өзүндөй таза акылы, таасын жүрөктүүлүк**

**Табыятына кошулуп ага жете турган терең билими, ишмерлиги чон**

**Адамгерчилик сапаты, башка Жумгалдын журт башкарган**

**Балдарынан аябай эле өзгөчөлөнүп, бөлүнүп турган ИНСАН болчу.**

**Мына эми ал агабыз жетишкен бийиктик жөнөкөй эле айылдын**

**Жөнөкөй зоотехниктик кызматынан өсүп олтуруп Ителгидей**

**Бийиктикке көтөрүлүп, жетип, жогорку бийик интеллектуалдык акыл**

**Деңгээлине жетип, жөнөкөйлөтүп айтканда Райком, Исполкомун**

**Басып етуп, олчойгон Облисполком деген кызматка чейин жетип,**

**Министрликтердин да бир тобун, «Плодоовощного хозяйство»**

**Госпланын да көрүп (Министрдин орун басары) Баспай калганда**

**Пастбища управлениясынын башкармалыгынан ал деле министрге**

**Чукулдаш кызмат (Республиканское научно-произв. Отделения**

**Кормов, пастбищ деп аталат) акыры ден соолуктун айынан ушул**

**Кызмат менен да коштошуп, о дүйнө менен да «кош-пеш» айтышып**

**Арабыздан кетти кайран эр!**

**Өзү жеткен бийиктиктердин ичинде ак эмгеги менен алган**

**«Экономика илимдеринин кандидаты» (1969) деген «Экономика**

**Илимдеринин доктору» деген (1998) наамы, өкмөт эмгегин баалап**

**Берген <<Октябрь революциясы» ордени, эки «Эмгек кызыл туу»**

**Ордендери, эки жолу Верховный Советтин Ардак гармотасы, Жогорку**

**Советтин 6 жолку чакырылышынын депутаты катары артында эл**

Үчүн, өзүнүн тукуму айта жүргөн олчойгон эмгектерди жасап кетти,

Бул анын болгон 67 жашка келген кезинде гана?

Тиякта да ушундайлар өтө керек го? Антпесе эмне бат кетти?

Ал курчуган, эчен тоскоол бут тосуудан,

Даванга чаап келген аттай Буудан!

Туягы ташты жарып көзөп турду,

Тулпардай аса байлап суутулган?

Намыска жарап келген эчен жолу,

Кылычтай, кынга батпай суурутулган!

Аты бар, АТА ордунда, элде калган,

Убакыт күүсү менен унут калбай,

Турду эле КОШОЙ сымал эл башкарып,

Жетектеп бир кезекте бул Даванды…

## ИМАНАЛИЕВ ОБОЛБЕК

## (ФОТО)

«Иш>> үчүн гана жаралган, өмүрүн жалан иш үчүн арнаган

Санатын <<Сыргактай сайып» койгон адамды көрдүңүз беле?

Көрбөсөңүз? Тиги Жумгалга эле барып көрүп келе калыңыз! Р. АБДИЕВ көчөсүндө жашайт. Аты, Иманалиев Оболбек…

«Мансап» үчүн деп түшүнүп жүрбө! Андай адам четтен

Табылат, бул Жумгалда, алар мына бул, кокуй, СУКЕМдей, КАКЕМдей кишилер?

Ал эми ОБОЛБЕК агабыздын жолу башка. Ал кишиге өзүнүн

**Сүйген кесиби боюнча эле иш болсо эле болду, «жөнөкөй»**

**Болсо деле башкача болсо деле жараша берет ага, эптеп бир**

**Иш берип койсоңуз болгону. Элим, жерим деп иштей берет.**

**Чайга да карабай, жайга да карабай, убакыт-саатыңды да**

**Карабай «жапандын» жаңы чыккан (робот) аппараТЫНдай болуп**

**Эле иштей эле берет, иштей эле берет. Ишенип коюңуз! Мен бала**

**Кезде деле иштеп жүргөн ОБОЛБЕК азыр деле иштеп жатат.**

**Жарыктык киши десе, Эгер жүзгө, жүз элүүгө чыкса деле**

**Ушинтип чаалыкпай-чарчабай иштей эле береби дейм, ушул**

**Турган кебетеси менен. Ишенип Исполкомдукту деле берип**

**Көрүштү (1970 – 75-жж.) бирок «өзүнүн ишине жетпейт» экен**

**Агабыздын ою боюнча. Жалаң өзү сүйгөн кесипти аркалап (1954**

**-75-жж.) 31 жыл (орТосуНаН ИсполкомДугун ыргытып ийгенден**

**Кийин) тынбай иштеп келиптир, кайран киши…**

**ОБОЛБЕК байкенин ойноок курагы өтүп, азыр олутуу куракка**

**Жетип келиптир. 2002-жылдан 1933 жылды алып көр, санын айтпай**

**Эле коёлу, келин-кесек укпасын?**

**Ошол жылдардын аралыгында олчойгон авторитетке жетиптир!**

**Эл депутаттарынын райондук кеңешине 11 жолу депутат болуптур,**

**Областтык кеңешке 2 жолу депутат, Жумгал районуна 13 жолу.**

**Обкомуна 3 жолу мүчө болуптур, албаган «юбилейный» медалдары**

**Калбаптыр, Кыргызстан Комсомолуна (1970-жыл) Кыргызстан**

**Компартиясынын XI съездине делегат да болуптур. Башкасын коюп**

**МАНАСты айт дегендей 2000-жылы «Эмгек сиңирген экономист»**

**Деген наамды Президент Аскардын колунан алыптыр.**

**Азыр аксакал болуп 5 баланын атасы экен. Азыр Чаекте Р.**

**Абдиев атындагы көчөдө жашайт экен. Пенсияда болсо да көнүмүш**

**Адакети боюнча көчөдө ары-бери Райфинотделге чейин басат экен.**

**Чаектеги кең көчөнүн биринде,**

**Чарчабастан чарык жиптей жүгүрген?**

**Бир адам бар эң жөнөкөй, таптаза,**

**Жүрөгүндө карасы жок, кыпындай!**

**Ал ким дээрсиң, ал – ОБОЛБЕК агабыз.**

**РОБОТТОЙ «ИШке ойлонуп» түрүлгөн?..**

**Желдей элпек, жеңдей учкан бул адам,**

**Жатык экен жаш кезинен тынбаган?**

**Кыйынсынаар кеп-сөз кылып кээ бири,**

**Кылымдарда бир төрөлөт бул адам!**

**Эмне дейли эсен жүрсүн элинде,**

**Эл бактылуу булар барда жериң да…**

**Жылдыздардай барат алар суюлуп,**

**Тукуму бар, түк андайга кейибе?..**

**Түркук болгон ким бар дейсин кылымга?**

## АТАБЕКОВ МЕДЕТБЕК

(Фото)

(1933-2001)

МЕДЕТ агам мээлеген турмушуна күн-түн дебей жанын аябай

Үрөп иштеп жүрүп жеткенби деген менде ой кетет?

Бир кун да сареп салып, перзентин көтөрүп, үй-бүлө ортосунда

Бажырап, чери жазылып ата-баладай шашпай кенен олтурганын

Жолуктурган жокмун, кайран агамдын!
Качан көрсөң эле эмне, отчёт менен жүрөт, жылдык отчёту
Жакындап калыптыр, колхоз-совхоздордун бухгалтердик отчёт
Кагаздарын «балансасын» жыйынтыктап алып Фрунзеге жөнөп
Кетти, Нарынга кетти деген эле сөздөр менен жашап келди, өмүр
Бою…
Анда биз Жумгалда туруучу элек… Тууган ичинде да эки үй-
Бүлөнүн, өзгөчө ага-инилик, бир тугандык сый-сыпаты, мамилелери
Болоор эле… Кээде чайга чакырып калышчуубуз.
Чаекте турушкан туугандар менен кенен-кесир «шерине» баштап
Алсак да, көпчүлүк учурларда БАКТЫГҮЛ жеңебиз жалгыз басып
Келчу.
Эмне десең эле байкендин баягы жумушу бүтөбү, кокуй,
Фрунзеге кеткен отчёт менен. Келээр эми жакында… Такай эле чай
Ичишип жүрбөйбүзбү? – дээр эле кебелбей..
Ошентип байкебиздин жумушунун аягы бүтчүдөй эмес! Мына
Эми жаны темир болсо да эмне болуптур? «Жеттикенде» жыгылды
Го болжолу?
Оорукчан болуп кайран жигит коп жылдар «таякчан» басып калды.
Жеңебизди да кыйнады… Өзү ыргайдай, жеңебиз шыргыйдай болду.
Баягы күнү-түнү моюубай, эчен түн күзөтүп күжүлдөп иштеп
Жүргөн темирдей ден соолук барында, ат тезегин кургатпай МЕДЕТ
Аке деп артынан калбай отчётун жасатып, ээги-башын жаланып
Көлөкөсүндөй ээрчиген «көк беттер» азыр үйгө басып келбейт,
Мээрман бир тууган инисиндей жанында жүрген жолдоштору да
МЕДЕТ аке «ментинен тайганда» эле качан карaанын үзүшкөн бул
Агабыздан…

Ошол «тегирмендин ташындай» тегеренип турган кездерде
Аны мактап-жактап, Республиканын өтмө кызыл тууларын
«өлө» жеңип алып турган жетекчилер агабыздын акыбалын бир
Жолу келип сурады бекен? ХУДОЛЕЙ Досу айткандай «КОП СОЗ,
БОК СОЗ»!
Күндөлүк ишин «күзгүдөй кылып» колхоз-совхоздордун, анан
Калса бир райондун эсеп-кысап иштерин так кылып, балансасын
чыгарып (1959 – 1963-жжж.) турган агабыздын алтындай эмгегинин
(бир тыйынына чейин эсептеп) жыйынтыгыдыр? Жумгал районунун
чарбалары ошондон улам такай областтык ардак тактада илинип
тургандыр?
СССРдин эки жолу ардактуу сыйлыгынын, райондук жакшы
көрсөткүчтөрү үчүн жеңип алган сыйлыгы (Өтмө кызыл туу).
Бул жерде кыстара кетчү нерсе, бакандай Райондун
<<балансасы>> эмес, кичинекей үй-бүлөнүн «балансасын» жакшыраак
түзө албай, байкабай банкротко «түшө калып, чыга калып»
жатканыбыз да жок эмес» арабызда...
Кээде туугандын топурагы алтын деген сөз чынбы деп да калам.
Өмүрү катышы болбосо да, кудай-арбак үчүн?
- Эр жалгыз байкуш эле! Эл үчүн иштеп, ден соолуктан ажырады
эле. Кой, көнүлүн бир сурап коёлу! - деп мен бул саптарды жазардан
бир аз мурда келген ага-туугандарынын арты кейип кеп салышты мага...
Байкебиздин «ичер суусу бүтүп», өмүр сааты аяктап, кууураган
гүлдөй курушуп, 70 жаштын торколуу тоюн өткөрүүгө чамасы
жеталбай 67 жаш курагында а дүйнөгө ат салды.
Байкебиздин бар болгон байлыгы артында ак, сары балдары,
кыздары, марттыгы (акыркы сомун аябаган), шардыгы (ишти тез

чечкен) жолдош-жоролорду күтө билген камкордугу өзүнүн канында кошо жаралган асыл биз дайым эскерип айттып жүрө турган сапаттары ушулар болчу...

Кыргыз бекер айтпаптыр,
Кылымдан бери байкаптыр?
Биринчи байлык – ден соолук!
Ден соолуктан кийин жок
Кызмат дагы,
Кызыктырбайт «ак жоолук»!
Ден соолугуң барында,
«Чалкуйруктай» жал-куйругуң суналып
Айдың-Көлдүн Ак куусундай сыланып?
<<Алабаштай» ооздугуң кемирип,
Аккуладай атың турду сыналып…
Азыр көрсөм аянычтуу абалың,
Алыс журуп
Апбасам да кабарың?

## БАКИРОВ АПАС
## (ФОТО)

Апас агабыздын «Академигин» биякка коё туруп эле чыгармачыл Адам катары карап көрсөк, өзүнүн өзгөчө сезимталдыгы, комузда

Кол ойноткон чон чеберчилиги, Кудай Таала берген кудуреттүү
Талантты менен эле КАРА МОЛДО атасынан кем калбаган, сөздүн
Туз маанисинде алганда, «залкар комузчу», же «эл артисти» деген
Наамга эчак эле татыктуу МУРАТБЕК РЫСКУЛОВДОЙ, КАРА
МОЛДОДОЙ, же сейрек талант СЕЙДАЛЫ МЕДЕТОВДОЙ сейрек
Талант искусство адамдарынын катарына барып туруп калмак!
Жөнөкөйлүктү, жогорку интеллектуалдык деңгээлди, чоң
Адамдык сапаттарды, боорукерликти бүт боюна сиңирген АПАС
Агабыздын жакшы сапаттарынын баарынан бирин эле үйрөнүп алсак,
Андан биз деле оңой-олтоң адам болбойт элек! Ал тугул ал да көптүк
Кылаар беле айырымдарыбызга…

Бир жолу да ийгилигине манчыркабаган, өзгөрүлбөгөн,
«БАЙКАЛДай чайкалбаган», өйдөсүнбөгөн, карапайымдык
Канында уялаган, КАЧЫКЕНИН накта тукуму, чоң ИНСАН
Агабыздын аброюн башка адамдардан алда канча өйдө көтөрүп
Турганы ушул кыялдарынан улам экени бул элге деле
Жашыруун эмес.
Айта кетсек агабыздай Академиктик атак-наамды алган
Айлыбызда бир-эки адам барбы же жокпу ким билет, өзүнөн башка…
Алма сабагы канча түшүмү көп түйүлгөн сайын жемишин жерге
Саландатып тураары айдан ачык турмуш чындыгы! Элине зор эмгек
Сиңирген адамдын да элге, АПАС агабыздай жөнөкөй, жакын болгону
Айныксыз керектир?.

Талыкпаган эмгекчил адам – АПАС,

Талант жагын эч кимден сурап албас?..

Комуз чертсе колдору ойнОКТОГОН,

КАРА МОЛДО атадай оюу калбаат?

Ийне менен ИЛИМДей кудук казып,

Иштеп келет элине ишин арнап,

АКАДЕМИК аты бар, азыр наамы,

Акыл кени алтымыш жашка барды?

Аман болсун агабыз эл ичинде,

Иштей турган али да «күчү» бардыр?!

**БИЛИМ КАРАГУЛОВ**

**(ФОТО)**

**МОЛДОКЕЕВ ЖАПАР**

**( Фото)**

**ЖАПАРДай жигиттер аз, уксаң жайын,**

**Буурадай жүкчүлдүгү элге дайын?..**

**Баркылдап ачык жүргөн ушул адам,**

**Жумгалдын тың баласы, мага «кайын»…**

**Карыга-жашка дагы теңтуш адам,**

**Кай мезгил жолуксаң да жаркылдаган!..**

**Коомдук, элдик ишке боюн таштап,**

**Колунан эмне иш келсе тартынбаган…**

**Жаш кезде кыйынчылык жолду басты,**

**Миң-Куштан жер алдынан көмүр казды..**

**Жетекчи кызматтарда көп жыл иштеп,**

**Жумгалдын тоо-талаасын көбүн басты…**

**Карылык келди биздин агабызга,**

**Кадыр-барк күтүп турат аны**

**Ансыз да?**

**Карааны «Ала-Тоодой» ЖАПАР агам,**

**Калдайып жүрө берсин арабызда…**

Бир жолу шаардын чоң бир кафелеринин биринде ЖАПАР

Аганын бир тууган иниси (БОЛОТБЕК) 50 жылдык торколуу тоюн

Берип, көп эл чакырып, той да өз шаңы менен өтүп жаткан учуру

Эле. Кезеги менен аксакал агаларыбыз эл алдына чыгып сүйлөп,

Жакшы каалолорун айтышып турушту, Кезек кыргызга төбөсү

Көрүнгөн агаларыбыздын бири КАРЫБЕК ТЫНАЛИЕВИЧ сөз кезеги

Келгенде сөздү юбилей берип өткөрүп жаткан БОЛОТБЕК ЖӨНҮНДӨ

Баштабай аны атасындай тарбиялап өстүрүп келген БОЛОТБЕКтин

Жатындаш бир тууган агасы ЖАПАРдан баштап калды…

- Жумгалда мен райкомдун 1-катчысы болгон убактарда көп эле

Жетекчилер менен иштештим эле, менин эсимде калган

Жердештеримдин ичинде ушул ЖАПАР МОЛДОКЕВ деген бир жигит

Бар эле, - деди ал киши күлүп.

«Анкетнный данныйын» карап көрсөм бул адам шахтёр болуп

Көп жыл иштеп жүрүп, ал жерден комсомолдук «путёвка» кагазын

Алып, Борбордогу жогорку айыл чарба институтуна тапшырып аны

Бүтуп зо хник кызматында «рядовой» солдаттай болуп эле иштеп

Жүргөн кези экен..

Көп жолу ишинен көрүнүп, шахтёрдой эмгектин казанында

Кайнаган бул жигит ысык-суукка бышкан, идиреги бар экенин

Көргөндөн улам кеп узабай эле «Жумгал» совхозуна аны директорлук

Кызматка көтөрүп жибердим. Кадрга да ишеним кылуу керек эмеспи.

Менин ишеничимди партиялык солдат катары ЖАПАР актады!

**Өз мезгилинде кадрларды бошураак кармап, жоопкерчиликти**

**Бошоңдотуп жиберген бул совхоз бир-эки жылда кадимки өз атагын**

**Кайрып, алдынкы чарбалардын катарына кошулган.**

**Менин айтайын дегеним бул ЖАПАРДЫН эл менен, кадрлар**

**Менен иштөө методикасы (ыкмасы)таптакыр башкачалыгында болчу.**

**Бир жолу мага арызданып бир-эки кызматкери (зоотехниги,**

**Бригадири ж. б.) келишиптир. Себебин сурасам «сабап башкарып»**

**Атат дешти алар ЖАПАРды…**

**Чынында эле ЖАПАР ишин жөн иштебеген кежир, эскичиликке,**

**Тууганчылыкка берилген тартиби начар кадрларын «өз методу»**

**Менен башкарчу тура. Ээндетип барып «кыргызча» же башкача**

**Айтканда «красный партизандай» энесин эки жерден таанытчу экен…**

**БОЛОТБЕК жөнүндө айтаарым так ошол «кызыл (красный**

**Жетекчи) ЖАПАРДАЙ КЫЯЛ-жоругу бар кыргыздын** мыкты балдарынын бири бул БОЛОт турбайбы? Деп күлгөн эле азил

Аралаштырып кайран КАРЫБЕК агабыз.

Көптү көргөн көсөм жетекчи КАРЫБЕК агабыз чынында эле

ЖАПАРга биз буга чейин билбеген кыял-жоруктарын элге кашкайган

Чындык менен ачып берип, Жумгалдын тың уулдарынын бири болгон

ЖАПАР агабызды эл арасында, ошончо копчүлүк алдында бир

Көтөрүп койду эле, авторитетин…

ЖАПАР агабызга кандай айтса да кеп-сөз жарашат…

Жүрөгүндө кыпындай бир карасы жок, ак көңүл, аңды-дөңдү

Карабаган, базарлап жүргөнсүп баркылдаган, бакыбат кең

Пейил, сөккөндү сөзүндөй көргөн, тамашасы тарсылдаган,

Бирок иш дегенде «ичкен ашын жерге» койгон мындай жетекчи

Адамды аздан эле санаса болот азыр деле бул жерден…

ЖАПАР агабыз кеп жылдар айыл чарбасында башкармалык,

Директорлук кызматтарда жүрүп, «перестройкодан» бери чарба

Тараганына байланыштуу азыр өзүнчө жер алып, «ТӨӨ» деген

(малдын төрөсү го) дыйкан чарба түзүп өзү эле жакшы көргөн

Жумгалында журт аксакалы болуп жашап турат..

ЖАПАР агабыздын беш баласы бар. (3 эркек, 2 кыз) Алтындай

Жеңебиз БУРУЛ акырын сүйлөп, алыш-беришин тейлеп, агабыз

Экөөлөп неберелерин жетелеп турушат багып-бөпөлөп…

**КЕКИЛИКОВ БЫКЫН**

(Фото)

Куйручуктай куудул макал сүйлөгөн,

Куудулданып күлдүрмөйүн жүрбөгөн?

Курч сөздөрү мылтык болуп атылып,

Мыктай кирип, өтүп жаткан «бюродо»?

Безбелдектей «Кекиликтин» баласы,

«Быкын» тура «Быкый» болуп төрөлгөн.

Быйыл чыкты пенсияга ал азыр!

Бул Совет доор жаралгансып

Ал учун!

Отуз жылы башкармалык кылыптыр,
Ойлонбоптур ошол чондор неге анча?
Ойноп жүргөн «оюнкараак немеге»,
Беришти не? Чоң кызматты
«башкарма»?
Жүрөгүндө жалыны бар, оту бар,
Жигит ушул жылуу-жумшак сөзү бар!..
«Отуруштун», иштештин да ар башка,
Орду бар го, ошол сөздү эсиңе ал!

Эне-атасы эптеп, эңсеп жүрүп бир балалуу болгондо эл-журтка
Жар чакыртып «кыргызча» ырымдатып элге-журтка көрсөтпөй
Будамайлап, этек-жеңге салып, эски-ускуга ороп, атын ким койдуңар
Десе, апасы:
— Э, эптеп төрөлгөн балага элдин көзү тийбесин деп «Быкый»
Деп эле койдук деген тура!
Эс тартканга чейин Быкый болуп жүрүп анан элден уялыштыбы
БЫКЫН болду, байкем намыстанып…
Баягы «БЫКый» бала эс тартканы зээндүү чыкты… Орто
Мектепти алтын медал менен бүттү. «БЫКЫЙ» болбой эле
<<бакыйган» эле «Кочкор» асыл тукум совхозунун директору болуп
(1975 — 86-жж.) 10 жыл «Жданов» колхозунун башкармасынын
Төрагасы болуп 5 жыл (1970-1974-жж.) Кочкор райондук айыл чарба
Башкармасынын мал чарбасы боюнча орун басары болуп 3 жыл
(1967 — 69-жж.) эмгектенди.

Баарын бирден тизип санап отурбайлы. Бул иштеген жылдары
Өкмөттөн сыйлык, элден алкыш албаган жылдары аз экен…
БЫКЫН байке чоң юмор сүйлөгөн адам…
Өзү айткандай «Сөгү саяк, эти сарбагышка» айланыптыр!
Кочкордон эмгек жолун баштап, ушул жерден бала-бакыралуу
Болуп, «жүдөгөн жылдары, жыргаган күндөрү» да Кочкор жеринде,
Жалындай жигит курак өмүрүн бериптир Кочкор элине…
Аялдын да «ак халатындай» тазасын алып, жашаган жери ушул
Кочкор жери экен. Ата тегинен кеп кыла кетсек. Теги ТЕРЕКБАЙ!
Атасынын <<Азан чакырган» аты Ибраим экен.
А да мендей «бир шордуу» болсо керек дейт БЫКЫН байке сөзүн
Улантып, арык бойлоп кеп чуркап, көпөлөк кууп көп ойноп жүрүп,
Кекиликче мойнун көрсетуп коюп жашынганы үчүн эркелетишип анын
Атын Кекилик кылып (Кекиликтей мойну узун эме го) атап
Алышыптыр. Кийин өз аты айтылбай, Кекилик болуп калганы да
Ошондон уламбы деп коём оюмда…
Эми сурап калдың, КАЧЫКЕ, жетекчилик кызматтын көп жыл
иштеген үзүрүбү? ар кандай адам менен жолугасың, пикирлешесиң,
тежиктенесиң, жаман жагын, жакшы жагын байкайсың, ошондон улам
көп жылдык тажрыйба топтолуп, учкул сөздөр чыга берет экен
адамдан ойдон, ооздон, акылдан... Өз учурларында айтылган октой
таамай сөздөрдүн далайы Кочкордо калды. Бирок урунттуу
учурларынан эстеп жадымда болгонун айтып берейин деди БЫКЫН
байке жылмайып...
Атамдан баштайын...
Атам да согуш жылдарында башкарма болуп эмгек өтөптүр!
Ал мезгилде эгинди бүт фронт үчүн төгүшчү, ал эми кампаларда

жазгы эгин айдоого өп-чап жетээрлик гана үрөөн турчу...
Ачарчылыктан эл өлүп жатканда, үй-бүлөсүнө жараша үрөөндөн бир-
эки чыныдан элге эгин таратып, элди сактап калып, эгин толук
айдалды деп отчёт берип, соттолбой араӊ калыптыр атам.
Эл сактап, атамдан мурунку түшкөн башкарма (Кайырмалык
экен) элди «итке мингизип» кетиптир, ошондон улам мындай ыр
чыккан экен:
Башкармабыз башка адам,
Өлүп бүттүк ачкадан...
Кекиликтин тушунда,
Кесме ичтик го кышында
- деген ырды мен чоӊойгондо деле угуп жүрдүм. Ой тобо, ишениш
Деле кыйын ушул сөзгө, – деп күлүп койду БЫКЫН агам мага карап.
Кочкордо, директор болуп турганымда Ат-Башы районуна
Областтык семинар кеӊешмеге барасыӊ деп калышты. Аякка барыш
ҮЧҮН чек арадан руксаат алыш керек эле (пропуск кагазы) Ал убактагы
Обкомдун секретары ТАРАКАНОВ айтып калды семинарга кечикпей
Баргыла деп, биздин райкомду да эскерткен экен, кошо…
Мен жумушка алаксып кечирээк чыгып ТАРАКАНОВГО
(тараканга) барсам УВДдан пропуска жазып берет деди. Барсам
Дежурныйы ар жактагы каалгага кириӊиз деди…
Мен «Кекиликоп» (Кекилик дегенден уялып) деп кирип бардым,
Тамаша сыяктантып… Ал киши мени карап, унчукпастан ууртунан бүлк-
Бүлк этип күлүп калды… Көрсө ал киши «Таранчиев» (таранчы) экен…
Володяны чакырып пропуска жазып бер деди, көрсө ал «Голубев»
(көгүчкөн) экен фамилиясы… Ат-Башыга жеткенче күлүп бардык…
Көрсө, ТАРАКАНОВ (Таракан), КЕКИЛИКОВДУ (кекиликти),

ТАРАНЧИЕВГЕ (Таранчыга), таранчыны ГОЛУБЕВге (көгүчкөнгө) жиберген тура... Ит итти жумшайт, ит куйругун жумшайт дегендей болуптур, ушул баатыр, мындай практикалар бизде көп эле кездешет, - деди кулуп БЫКЫН...

БЫКЫН байке айтат...

- Бир жолу Муктасын деген сөзмөр агабыз, дагы өзүбүзгө теңтуш азилдешкен инилер менен чогуу Кочкордун токоюна (дем алыш күнү) козу союп жейли, бир аз эс алып алалы деп барып калдык, - дейт.

Муктасын айтып калды:

-Мен табышмак айтайын тапсаңар эмки дем алышта бир козу союп мен силерди ойнотоюн, да бир жолу ушул жерге. Таппасаңар ушул компаниядан кичүүрөгүң бизди эс алдыргыла, - деди,

Баарыбыз макул болдук. Муктасын табышмагын мындай баштады:

-Кана тапкылачы, таранчынын баласын эмне дейт?

- Таранчы дейт, балапан дейт, арпачы дейт, буудайчы дейт, сулучу дейт, - деп баары биринен сала бири чурулдашты.

- Туура, туура таптыңар, муну таптыңар дейин, эми да бирди айтайын, - деди Муктасын байкебиз:

-Кекиликтин баласын эмне дейт?

- Балапан эле дейт, - деп бирөө айтып калды.

- Балапан эле го? – деп да бирөөлөрү айтышты, айтор, таба Алышпады.

- Таппадыңар, баатырлар, деди бир маалада Муктасын «серёзный» түр менен. Эми өзүм айтып берейин. Кекиликтин Баласын БЫКЫН эле дейт. Турбайбы жаныңарда көзүн тостойтуп?

- десе күлбөгөн киши калган жок ал жерде

Кочкордо көп жыл иштедим деди БЫКЫН агабыз, бир нерсе эсине түшкөндөй күлүп...

Мыкты сүйлөгөн, чукугандай сөз тапкыч ТУТКАБАЙ деген

башкарма киши бар эле. Ал азыр бул дүйнөдөн өтүп кетти.

Ыраматылык. Оозуна сөз келе калганда «жаадай» эле тартып

жиберчү эле жарыктык «баш-көзүңө», «жакын-жукунуна» карабай

этпей!

Дем алыш күн болсо керек. Жай мезгили эле. Аңгемелешип эртең

менен ( саат 10 чен болсо керек, жумуштун тапшырмаларын берип

келген го) сурайт имиш аялынан:

- Ай, кемпир, уулуң кайда? - деп. Анда аялы:

-

-Түндө коноктон кеч келбеди беле, аркы үйдө уктап жатса керек,

бугун дем алыш эмеспи, - дептир.

-

- Тур дебейсинби? Чогуу чай ичели, кеп-сөз бар, - дейт

ТУТКАБАЙ.

Аялы барып, уулун тур десе, ал араң керилип-чоюлуп туруп

Келген го, чарчаган-чаалыккан түрү менен…

- И-и, баатыр, көздүн да убал-сообу бар го, чак түш болду эмне

Мынча жаттын? – дептир ТУТКАБАЙ.

Баласы айтат имиш:

— Ата, кеч жаттым эле. Жумуштан чарчап келип. Түш коруп

Жатыпмын бекер эле ойготтуңар, - дептир (баласы коңшу колхоздо

Агроном болуп иштечү экен).

– И-и, түшүңдө эмне көрдүң? – деп сураптыр атасы.

-

Эмне болмок эле, колхоздун буудай талаасын аралап

Жүрүптүрмүн, -десе.

-И, секет кетейин, жакшы түш экен, түшүң туш болсун бүгүн да

Кудаа кааласа «Пшеничный» арактан оюнча ичет экенсиң, - деген

Экен ТУТКАБАЙ жылмайып…

- * *

**АСИН жеңеңди арзып журуп эле алгам. Андан 5 балалуу болдум,**

**Ак уул, кызыл кыздарды төрөп берди, ыраазымын. Менин ушул**

**Ийгиликтерге жетишкениме жененндин салымы да чоң…**

**Эми мындай кеп бар экен Чаекте…**

**- Илгери АСИНГЕ БОТАЛИЕВ ӨРДӨКТүн баласы да кез кырын**

**Таштап жүрүптүр алсам деп. Эки эрге тиймек беле жеңеңер мени**

**Эле «престижный» көрүп, мага эле чыгып кетти, мына өзүнөн**

**Сурагыла, - деди кулуп.**

**- Ошондой болсо да айылда бул сөз ушак болуп кетиптир**

**«САСЫКҮПТҮН» КЫЗЫ (САСЫКОВА) «ӨРДӨКТүн» баласын чанып**

**(ӨРДӨКОВ), «КЕКИЛИКТИн» баласына (КЕКИЛИКОВ) чыгып**

**Кетиптир» деген сөз, ой тобо? – деп езу да кулуп жакасын кармап**

**Койду, адекетинче күлдүрүп, «Алхамдуллилаа» деп БЫКЫН**

**Байкебиз…**

**Бул таржымал БЫКЫН байкенин сөз айтуу ыкмасы «тоюс» стили**

**Менен жазылды. Тамашакей адам эмеспи, талантына таарынбас деп,**

**Иниси.**

## САНДЫБАЕВ КЕРЕЗБЕК

## (Фото)

КЕРЕЗБЕК агабызга арнаган кеп-сөзүбүздү тайманбай ачык, түз

Эле айталы бул элге!

Согуштун учурунда СТАЛИНДИН, ЖУКОВУ кандай ИНСАН

Болсо, өлкеге кандай керек болсо, Жумгалдын «ЖУКОВУ»

Биздин КЕРЕЗБЕК агабыз ошондой керек ИНСАН болчу

Эгемендүү Совет доорунда да, Эгемендүү Кыргыз доорунда да.

Азыр өзгөчө!

Кайсы «фронтто» иш начарлап баратса ал кишини «резерв

Кадр» катары Обкомдун буйругу менен түз эле ошол чарбага

Жиберишчү дешет. Эмне себептен ал кишини эле жиберээрин

Кээ бирибиз билсек да, кээ бирибиз кеп түшүнө бербептирбиз.

Аны жакшы билгеним, көп жылдары «үзөңгү кагышып»

Дегендей Жумгалда, бир райондо таанышып, иштешип калдык…

Ал киши райондун Айыл чарбасын башкарган «чон начальнию»>

Катары жүрсе биз кенедей автобазанын «кедей начальниги» болуп

Эл катарында эсептелип жаны уюшулган мекеменин фундаментин

Түптөп жүргөн бир «молодой кадр» элек!

Кенедей кезинен ат жалын тартып минип, эл-журтка

Аралашып, кенен узак жол басып, чарбанын чар жайыт жумушун Тизгиндеп, билбеген билимин «биттей сыгып, канын жалап»,

«жонун ачып, тишин санап» дегендей өзүнө өзү жол тазалап,

Трибунада НАПОЛЕОН БАНАПАРТтай өкүм сүйлөп,

Түшүнбөгөндү «такалап», элди өзүнө тартып, бирок эч бир

Адамга жасаган жамандыгы жоктон улам, учун узартып,

Шартылдап иштеп, жаркылдап күлүп, көп жылдары кутмандуу

Болуп эл ичинде картайып, пенсия жашына эми жетип,

Жумгалда жашап турат. КЕРЕЗБЕК агабыз өзүнүн аброюн бийик

Сезген эр адам катары.

Азыркы өсүп келе жаткан жаштар да ал агабыздын акыл

Насааттарына ар дайым эле муктаждай көрүнөт…

Азыркы пенсия жашында деле, жаштык деми жүрөгүндө турган

Экен, көп райондогу аксакалдардын бири катары келечек жаштарга

Кезегинде келип кеп-кеңешин берип келет Жумгалдын эстүү

Балдарына… сый үстүндө турган кези элдеги азыркы кезеги… ылайым

Ошондой болсун.

КЕРЕЗБЕК агабыздын «буканы мурунтуктап кармап,

Мүйүздөн алган» устаттыгы, баштаган ишти аягына жеткирген бай
тажрыйбасы, тайбастыгы, көп жылдык эмгектен бышкан

Көктүгү, көп иштер башынан өткөн көрөгөчтүгү, ар нерсени

Анализ менен чыгарган акыл соту, кадрларды туура тандай

Билген көсөмдүгү, КЕРЕЗБЕК агабыздын турмуш жолунан

Тайгаланбай таянып өткөн «таягы» ушул болчу аны билген

Кишиге…

Оттун ысык жалыны, шилтеминдей!..

Өктөм сүйлөп ал келет КУЛТЕГИНДей…

Чарбачылык доору абдан узак,

Салып койгон Кытайдын бул чебиндей?!

Ашса ашар кем турбас ТЕНТИ АКЕден,

Аты чыкпас, айтпасак сыр төгүлбөй!

Барган жерин байытып, ырыскы таап,

Бакыт коштоп, байлыгы бир кемибей.

САНДЫБАЕВ КЕРЕЗБЕК бул агабыз,

Саясаттан көп алыс бир караңыз,

Салып койгон тамы бар айылында,

Сагынганда салам айтып биз барабыз.

Жакшы карып, жайдары күлүп турат.

Жакшы чыкты балдары берип кубат?!

Жалган сөздүн жан кимге кереги бар

Жакшы атадан жакшы эле балдар туулат?

## ИБРАИМОВ ТЯНЬ-ШАНЬ

**(Фото)**

**(1940-2001)**

Тажрыйбасы ташып, кадыр-баркы артып, калкына эмгеги сиңип,

Кажарлуу турган кезинде күтүлбөгөн жүрөк оорудан ТЯНЬ-ШАНь агабыз

Дүйнөдөн кайтып кете берген. Бул 2001-жылдын 16-январы бол…

Колунан кутун учурган адамдай болуп АЙНАГҮЛ Жеңебиз

«арман!», «арман!» деп азаптуу жашын агызып отуруп калды… Жок

Дегенде бир ооз сөзүн угуп калсамчы, байкуштун же бир керээзин

Уксамчы деп зар какшайт жеңебиз. Эмгичекти!

Турмуш ушундай катаал нерсе экен. Жакшы-жаманды ылгабайт

Экен. Кары-жашына карабайт экен…

Табиятында мүнөзү муңайым жоош Атадан туулганы эр жалгыз

Өскөн, кайран асыл, айкөл агабыздын алтындай ойлору ишке ашпай

Калды.

Неберелерди жетелээр чагында, балдарды үйлөнтүп-жайлантып

«бутуна тургузар» маалында минтип «дат» деп отуруп калды

Бозоруп АЙНАГҮЛ жеңе, анын тукумдары…

«Биттей кезден бирге жүргөн» Аккан досу ӨМҮРАЛИЕВ АСЕК

Биртоп эле кайраттуу адам эле, ТЯНЬ-ШАНЬ

ТЯНЬ-ШАНЬ акыркы жайга узаар

Коштошуу процессинде же ыйлай албай, же сөзүн айта албай

Алкымына «комок туруп» сыздап-сыздап алды бечара…

Жашчылык, жолдошчулук кездерин бир эстеп алды окшойт?

ТЯНЬ-ШАНЬ атындай, затындай бийик адам эле… Бүт адам

Баласына ыйгарылган «Адамгерчилик» деген асыл сапаттарынын

«байгеси» бар болсо ушул байкебизге Кудай Таала ыраа кылып бермек

Кут токточу адам эле… Үнүн бир көтөрүп сүйлөгөнүн көргөн жокмун…

ТЯНЬ-ШАНЬ Кыргыз киносунун, өзгөчө, телевидениесинин

Башатын курган адам десем жаңылбайм… Кыргыз

Телевидениясында анын эмгек жолу 1962-жылдан башталган,

Же болбосо 38 жыл ошол кызматты аркалап, жөнөкөй Телеоператордун кызматынан жогорку профессиядагы

Чыгармачылык менен иштеген кыргыз телекөрсөтүүсүнүн

Аксакал кызматкерлеринин бири катары жогорку категориядагы

Операторлук менен бирге «Кыргыз Республикасынын

Маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наамды

Алганга дейре иштеп келди, иштеп да жаткан…

Көптөгөн мамлекеттик сыйлыктардын ээси… Теледе иштеген

ТЯНЬ-ШАНЬ акебизге кесиптештери да мындай ыр ыргактарын

Эскерүү катарында беришкен экен газетага («ОБОго» чыгыптыр)

Окуп койсок ашыктык кылбас!

Талантыңды тартуу кылып элиңе,

Тагдырынды табыштадың жериңе…

Аттиң арман, 60ты узатып,

Жетимишке келсен деле эмине?

Кош бол бийик ТЯНЬ-ШАНдай агабыз,

Топурагын торко болсун, жеринде…

Ыйманы саламат болгур ТЯНЬ-ШАНЬ агабызды өз колубуз

Менен кол жеткис жайга узатып жатып, анын алтындай болуп өсүп

Келаткан балдарына, ак никелҮҮ ЖарЫНа ТЯНЬ-ШАНЬ агабызды биз

Дагы бир жолу эскерип, азыркы саптарды мүрзөсүнө койгон гүлдесте

Катары бул бетке берип койдук, анткени ТЯНЬ ошондой адам болчу

Өзүнчө бир жаралган…

Турпаты адамда жок мөлтүр адам,

ТУУ чоку биз эңсеген бийик ДАВАН!..

ТЯНЬ-ШАНЬ агалардын тунугу эле,

Биз кимбиз, биз майдабыз бир араң жан!

Балдарын, үй-бүлөсүн жаркып сүйген,

Тууганга, жолдошторго жаны күйгөн…

Жакшы адам кетти биздин арабыздан.

Жакындан билдиң бекен, баркын анын…

МУХИТТей назиктигин, тереңдигин,

Теңедим назик гүлгө, Океанга…

Не дейин бийик турса

Анан Агам!

Чынында ТЯНЬ-ШАНЬ кайталангыс ушундай бир таза адам эле!

Азыр арабызда жок, эскере турган элеси гана калды!

## КАЛИЕВ БАЯЛЫ

(Фото)

БАЯКЕҢ жөнүндө жазыш мен үчүн жеңил да, кызыктуу да.
Ал кезде биз жаштар элек. БАЯКЕҢ жалаң «Райкомдун
Аппараты» үчүн туулгансып, жибектей чоюлуп басып, үнүн
Болоор болбос чыгарып коюп, анекдот сымал азил-тамашалар
Айтылып калса, күрүчтой аппак тиштерин кашкайта кулуп, оң колу
Менен өз санын өзү чаап каткырып, иштеген ишине камчы
Салдырбай ушул убакка чейин укмуш «улакчыдай ээрден
Түшпөй» келатканын бир билем.
Жаш кез алтын курак эмеспи… Ар бирибиз өзүбүзчө
Тамашалашып, ат коюп алчубуз анда бири бирибизге. Мисалы
БАЯЛЫГа биз койгон ат «СУСЛОВ» болчу. Аны билсеңер да керек
Тарыхтан. Политбюронун мүчөсү эмес беле, секретары да болчу…
Калгандарыбыздын да затыбызга жарашкан, коюлган ошондой окшош
Аттарыбыз бар болчу. Шампан ичкенибиз «Шампанский», Коньяк
Ичкенибиз «Белый аист», арак ичкенибиз <<Экстра>> дегенчелик.
Арабызда өзүбүз атап алган эл артисти (народный артист) «артист
Из народа» да бар эле КАМЧЫБЕКке окшогон… Бат эле кундер өтуп
Мына БАЯКЕҢ экөөбүз пенсия жашына да жетип келдик окшойт.
Ошол жаш кезекте БАЯЛЫ Менен үймө-үй катышып, Аккан
Доспус деп айтышпасак дагы, «АТАН ТӨӨ» алмаштырбасак деле,

Атан төөдөй «АЛП» күндөрүбүз бизди достукка жетелеген.. Чай ичсең Да чамаң көтөрүлүп, көңүлдүн агына, көкүрөктүн тазалыгына жетеби, Кокуй, андай кезде?!

БАЯЛЫНЫН таржымалы өзүнө берилген өндүрүштүк Мүнөздөмөдө мындай деп жөндөлүптүр:

БАЯКЕҢ 1941-жылы согуштун кычыраган кышында бул жарык Дүйнөгө келиптир. Турмуш жолун 1978-жылы Жумгалда Полиграф Цехте арип терүүчү болуп баштаптыр. 1961 – 65-жж. Пржевальскидеги педагогикалык институтун бүтүрүп, 1965-жылдан Баштап (июль-декабрь) комсомолдун Жумгал районунун мектептер Белүмүнүн башчысы, 1965-67-жж. Райком комсомолунун 2-катчысы, 1971 – 74-жж. Партиянын угут-саясат бөлүмүнүн башчысы, 1974 – 78-жжк. Жумгал районундагы «Кайырма» орто мектебинин директору, 1978-79-жж. Партиянын Жумгал районунда нускоочу, жалпы бөлүм Башчы, 1979 – 90-жж. «Демилге» гезитинин редактору, 1990 — 1991 -жж. Жумгал районунун аткаруу комитетинин иш башкаруучусу, 1991 -92-жж. Райондук кеңешинин аппарат жетекчиси, 1992-жылдан бери **Жумгал райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси кызматын өтөп жүрөт.**

**БАЯЛЫ өз ишин жакшы билген, кругозору кенен, кайра куруунун бардык рычагдары менен тааныш, коллективге жатык, кичи пейил ишинде жөнөкөй, мүнөзү токтоо деп айтылган экен..**

**Бул мүнөздөмө баанын биздин эле БАЯЛЫга мурун берген баамыбыздан алар көчүрүп алгандай! анан калса, то-бо?**

**Эмне дейин БАЯЛЫ Досубуз ушул басыгынан жазбай эле, аман-эсен элинин, досторунун ичинде саламат жүрө берсин «экстрадай» болуп... Эх, кайран досум!**

**Жаш болсо да айылдын ушул баркы,**

**Жолдошторго чыгыптыр атак-даңкы?..**

**Жайдар мүнөз, жайлоодой ичи кенен,**

**Жакшы kарып барат дейт, бул БАЯЛЫ...**

**Жакшы жүрсө адамды элдер тааныйт,**

**Жакшы аттарды жылоолойт адам дагы...**

**Бар бололу эл ичинде артсын баркы,**

**<<БАЯКЕ>> деп биз соз каттык, элди угалы?**

## МААТОВ ТУРДАЛЫ

## (ФОТО)

Алтындай досум ТУРДАЛЫ!

Ар иштин бар го кырдаалы?

АКАЕВден алыпсың,

АТАК даңк, СЫЙ, БААНЫ.

Ак халат кийсең жарашкан,

Ардактуу ШАХТЁР мурдагы?

Элиңе сиңген эмгектер,

эскерилет турбайбы?

«ЭМГЕГИ СИҢГЕН ВРАЧ» деп

Айтылып элде турганың?

эмнени айтат биз үчүн,

Эмгекчил өткөн жылдарын?!

Эчен түн, таңды күзөтүп,

Элиңе берген сен <<КАДР>>,

Эки эсе кайрат күч менен,

Элине иштээр убагы!..

Эсен жүр элдин ичинде,

Элимде сендей көп болсо,

Элиме сыймык бул дагы!

ТУРДАЛЫ досум тулпардай чуркаган талбаган адам!

Шахтёрдой иштерман, врачтай мээримдүү ИНСАН... Илгери

жолдо келатып ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ Тоголонуп жаткан качанкы

кууураган аттын куу баш сөөгүн көрүп калып, атынан атайын түшүп

басып келип, кармалап көрүп:

- КаЙраН Тулпарым! Заманында тулпар сынынды мен билсемчи,

ТОЛУБАЙ Сынчылыгымды сен билсенчи? - деп көктөгү көк булуттай

буркурап, көз жашын тогуп турган экен жарыктык, олтуруп ошерге...

Анын сыңарындай, кудаа кааласа, өмүр берсе ТУКЕМ дабир

ЖҮЗ жашын жашап берсе, ТУКЕМ баскан татаал өмүр жолун да

бир ТОЛУБАЙДай акылман тарых кылып жазып чыгар?

ТУКЕМдин келечеги кайда - алдыда!

Алтымыш жаш акылдуу жаш эмеспи! Жетимиш, сексен, токсон

бар дегендей! Алтымыш

арымдуу эмгегин таразалай турган,

нарктуу, барктуу жаш, билген кишиге?

«Кабыргасы ката элек» каргадай жаш бала кезинен жер алдына

кирип, жер казып иштеп, «чоюн билек» чоң жигиттердин катарында

жүрүп «шахтёр» деген атактуу наамды алып, Миң-Куштагы <<Уран»

шахтасында үзүрлүү иштегендиги үчүн, шахтанын атынан жолдомо

кагазын алып, Медицина институтуна окууга тапшырып, өтүп келет.
Окуусун улантат...
Таңгалычтуу бир нерсе Шахтёр менен Врачтын «совместүү эмес эмгегин» эл билээр бекен?
Врачтын кызматы да, Шахтёрдун кызматы да, ары оор, ары сыймыктуу, ары түйшүктүү!
Бирине бири «кайнаса каны кошулбаган» бул эки кесипти камырдай жууруп, шахтёрлук дем менен, врачтык мээримдүүлүк, кылдаттык менен иштеп келет ТУРДАЛЫ досубуз эл менен...
Себеп дегенде Шахтёрдо өжөрлүк, өзүм билемдик басымдуулук кылат, өгүздөй кара күч керек!
Ал эми врач адамына айнектей аруулук, акыл, терең билим, кыраакылык, зээндүүлүк, билгичтик керек! Өтө жумшак, сылык мамиле керек элге!
Экөөнү тең издесең ТУРДАЛЫ достон табасың, кудая тобо?
Эзели «эне-атасы таанybаган» элдин алкоосун алган, алтын кесип врачтыкты аркалап, ТУРДАЛЫ Досубуз көктүгүнөн «көк тулпардай чуркап» көп эмгектин аракет натыйжасынан Медицина илимдеринин кандидаты, Саламаттыкты сактоонун отличниги, Республикага эмгеги синген врач деген наамдарга татыктуу болду...
Эчен жаштарга талбай билимин берип, аларды өз-өз ордуна койду!
Эң жөнөкөй, тоодон түшүп келген топойгон, айылдын токтоо баласы үчүн бул жүрүш. ТУЛПАРДЫН СЕКИРИГИ ЭМЕЙ, АНАН ЭМНЕ!?.
кайталап кетели, кудаа кааласа ТУКЕҢ үчүн алдыда 60, 70, 80, 90 деген жаштар турат! Жанында МАРИЯ турат мацкайып «асыл

тукум» Ат-Башынын кызы. Сексенинде деле «СЕМЕТЕЙИН» айткан БАГЫШ атасындай өткөн таланттуулар болгон Жумгалда, ден соолугу чын болсо (врач эмеспи) өз «СЕМЕТЕЙИН» да айта турган кези келээр ТУКЕМЕ...

Доктор наук, Академик деген да «моюнча жиптер» бар окумуштуу, ойчулдарга тагыла турган...

Ага мен толук ишенем окуткан ИНСАНдары АХУНБАЕВ ИСА болсо, экинчиси МАРИЯ НАНАЕВА эжеси болсо!

МИРРАХИМОВдой бакыйган мыкты инсандарды жандап жүрсе ага-инисиндей болуп?

Эмгеги өтүп, медицина илиминде
Сыймык алып турат ал, ушул күндө?
МААТОВ ТУРДАЛЫны сен билээрсиң,
Президент Указ менен айтты, сүйлөп?
«Эмгеги элге сиңген врач» болду,
Эл үчүн кылган эмгек текке кетпейт.
Элиңе эмгек кылсаң чын дилиңден...
Бакыйып карып турат ТУРДАЛЫ да!
Балдардан убай көрөөр убагында...
Бар болсун ТУРДАЛЫдай бактылуу адам
Тулпар да чуркайт тура убагында!

## КУЛУЕВ ШАБДАНБЕК

## (ФОТО)

ШАБДАНБЕК экөөбүздүн сөзүбүз «чү» деген жерден эле

Мындайча кетти…

Ал такай бул Бишкекке келген сайын жолукмайын кетчү эмес
Мага. Бу жолу да ошондой болду. Айылда турган адамда (забота)
Эки эсе көп болот эмеспи. Айылда мугалимдик кесипти аркаласа да
Эртең мененки саат 5 – 6 ларда, тураары менен аялы экөөнүн
Турмушу айылдын түгөнбөгөн түйшүгүнөн башталып «рабочий>>
Күндөрү кун сайын кечки саат 10 дордо аран бүтөт эмеспи…
Мисалы, саалган уйду сарайдан чыгарып бадага кошмой, кой-
Козу болсо кошо айдап кезүүгө жөнөтмөй, дагы-дагы биз билбеген
Толгон-токой иштери болот айылдын…
Шаарга экен-токондо келип калса ШАКЕМ мойнуна «миллион
Жүктү» илип алып келет, тигил адамга жолугат элем, буга тие өтөт
Элем деген бир далай шылтоолору даяр. Айтса айтпаса төгүнбү?
ШАКЕ, дагы шашып тургандырсың, сенин тарыхынды сурап
Дос болуптурмунбу? Өзүңөн анча-мынча бир кеп сурайын Жумгалдык
туугандарың жөнүндө бир китеп эскерүү жазып бүтүп аттым эле, анын
ичинде жалгыз досум сен болсоң, классташым да сенсин,
(ШАБДАНБЕК Чаектен окуган) акындык да жайың бар эки-үч китептин
автору экенсиң («Куланчы мерген», «Алас-Алас» ж. б.) адам катары
бир катар бере турган суроолорум бар, даярсыңбы? - дедим.
– Мына сенин Жалил Садыков экөөң биргелешип жазган Кыргыз
Республикасынын ГИМНи эчен электерден өтүп, ырдалып турат, ар
бир официалдуу мамлекеттик жолугушууларда, буга кандайча катышып
калдың, «илинип» калдың дегеним да? - дедим досума тигилип...
— Эми, КАКЕ, мындай, өзүм башынан ыр жандуу адаммын, айылда
өскөндөн уламбы же эл-жеримдин кооздугунан уламбы, айтоор, тиги
мектептен баштап студент болгон жылдары да «чиймелеп»
чыгармачыл түйшүк менен жашап келдим. Мугалимдик кесиптен

башка дагы... Анан азыр тиги ЭРАЛИЕВдей эле акын болбой калганыма деле өкүнбөйм... Бирок атабыздан келаткан тарбия боюнча (патриотизм) эл-жерди сүйүү менин дилимде өтө өнүккөн!.. Эгемендүү мамлекет болуп өзүнчө «ГИМН», «желегин», эркиндигин алып атканда мен айылда жатат элем деп жүрө бермек белем? Газет-журнал дегенди үзбөй окуйт элем, азыр деле. Ошондо ушул «ГИМНдин» текстине конкурс жарыяланганын газетадан окугам. Анан ошол ГИМНге бир ыр жазып, конвертке салып «Куйручук» деген псевдоним ат менен жөнөтүп жибергем.
Сөзүнө аралжы, эмне үчүн «Куйручук» деген ат менен жөнөттүңүз, ШАКЕ?

-

- Анын себеби бар, КАКЕ. Ошол жылы Кочкор тараптан куда күтүп, жолдон токтоп Куйручук атанын күмбөзүнө куран окутуп, ошол жерге түшүп турдум эле. Капысынан жаныма бир кара дөбөт пайда болду, кабат десем жок каппайт, шыйпандап эле жанымдан кетпейт... Тойдон алган эт, боорсоктон берип койдум... Эки жакты карасам кой кайтарган койчусу да көрүнбөйт. Кудая тобо, машинага өзү эле ээрчип келип түшүп алды (грузовой машина эле үстү жабык). Кандайдыр сыр бергендей болду ал мага... Үйгө мени менен кошо келди, «Акжолтой» деп атап койдум аны. Мына ошондон улам ойлонбой туруп эле ыр жазылган конверттин сыртына Куйручук атанын атын жазып салып жибергем конкурска. Ошентип Куйручук атанын арбагы мага конуп, жеңип калдым...
— Эми ШАКЕ, көптөн бери мен Жумгалга бара албай жүрөм ден соолуктун айынан (давления) бала-бакыралуу болуптурсуң, айткан кебинден улам билип алдым, эми ошол балдардын арасынан «кеп-

сөз» билген кейипкерлери барбы? - дедим.
- Эми КАКЕ, кудая шүгүр аяшың экөөбүз жети бала тарбиялап
ВСТVрдук дегендей. Мугалимдик кесибимди жолдогон кыздарым бар...
Ал эми чыгармачыл данакерлигимди кичи кызым Эльнура улантып
журет десем болчудай! Ал кызым журналистика факультетин бутуп
борбордо бир гезитте иштеп жүрөт! Жазууга дилгирлиги бар! Менин
жолумду улантса дейм...
11 жашар неберем Жеңишгул да чыгармачыл дарамети бар го
деп ойлойм. Ыр жазат ал неберем...
- ШАКЕ, сен элге кыргыздын ГИМНин жазган акын катарында
таанымал болдуң. Өмүр жөнүндө, адамзат жөнүндө анын улуулугу
жөнүндө ушул 60 жашында эмне кеп-сөз айтаар элең элге?
Эми досум, мындай, бул чоң суроо экен. Адамзат деген
термеден үзүндү айтып берейин бир аз болсо да, ошондо менин
оюмду түшүнөөрсүң.
Талыкпай узак өмүрдү,
Таш бака сүрөт деп угам?..
Кулачтай узак өмүрдү,
Кузгундар жашайт деп угам?
Адамдын ойлоп өмүрүн,
Арманда болуп камыгам?
Таш бака жашын бербеген,
Кудайга күндө таарынам!
Аз жашап өмүр сүрсө да,
Адамзат улук! баарынан...
– деп ШАКЕМ жайдары күлүп калды.
ШАКЕМЕ чың ден соолук, узун өмүр каалайм. ШАКЕМ

экөөбүздүн эл-журттан, балдардан сый көрө турган курагыбыз келди.

Таланты ташкындай берсин дедим ичимден...

«Акылдын кени алтымыш» деген кеп бар элде. ШАКЕМЕ мен

да бир шингил ыргытып коёюн:

Кызыл-Ой элдин кулуну,

КУЛУнун ушул тың уулу...

Куйручук колдоп жазганы,

Кыргызга кыйла угулду,

Ким жазат ГИМНин кыргыздын,

Таланты керек ЧЫҢГЫЗДЫН

«Чочубай ачып сандыкты»

«Чолпонун» тапкын жылдыздын!

## РЫСПЕКОВ ШАЙЫК

## (Фото)

- Э, ШАКЕ! - дедим телефондун бул учунан (шалдырттап мен

дагы) ШАКЕМдин «методу менен».

— ШАКЕ! - дедим кайталап. - Бети-башыңа безетки чыкпаган

бир сүрөт-пүрөтүңдөн калды беле НАТАШАнын сандыгында?

- Эмне болуп кетти, жарбагыр? - деп ШАКЕМ да адекетинче

шалдырттап... - Тынччылыкпы?

-

— Тынччылык эле, мобу китептин бетине өзүңдөй бир азамат

жигиттин сүрөтү керек болуп атат, «жылмакайынан» үйүңдөгү

<<Факстан» салып ийбейсиңби? - дедим кайра шалдырттап, мен...

-

ТелефОНДҮН Тиги учунан ШАКЕМдин эле кулкусу келгени, оозун басып күлгөн адекети менен, обу жоктонбой эле сүйлөбөйсүңбү, жарбагыр, сенин үйүңдөгү сүрөттөрдөн деле «бетине» чаптап койбойсуңбу (туугандык окшоштугубуз деле бар эмеспи дегенсип) деп мени кайра какшыктаганы даана угулуп турду.

ШАКЕМ менен болгон «телефон сөздү» башка бир күнү улантаарбыз...

Эсте турганда, эби келип калганда айта кетели.

Илгери студент кезибиз, 60-жылдары Филармонияга Нарындын артисттери келет экен дегенден улам (анда Филармония азыркы Чүй проспектиси менен Турусбеков көчөлөрүнүн бурчундагы имаратта жайгашкан эле) барып калдык.

Бир «номери» мага аябай жакты, анча болду айта кетейин аны да:

Сахнага эки артист чыгып, бирөө дегеле опсуз чоң киши экен, баскан-турганы да болп-болп эткен, анча-мынча сөздү тоготпойт да экен. Кеп ордуна көрбөй кол шилтеп, эчтекеден капары жок өтө «ТОКТОО» КИШИнин ролу тура көрсө? Экинчи артист арык, чыпыйган, тагыраак айтканда болоор болбос нерсеге деле кирише берген, өтө женил чычалаак, бирок чындык үчүн «касам» ичкен жеткен, <<честный» неменин ролу экен кийин байкасак!

Чоңураагы деле ролду жакшы аткарды. Ал эми кичинесинин кейипкери азыр да көз алдымда турат элестеп, ал кийинчерээк эл артисти болгон азыркы эле АЛИЕВ БАКИРДИНдин өзү экен...

Ошол күнү филармониядан эстен кетпес элестер менен кайтканбыз!

Ошол эки талантуу артисттер аткарган ролдо мындай бир урунттуу жери бар:

Арыгыраак чырылдагы:

-И-ий деп эле улам кыжынып калат «Эмне кылсам, ыя, ушуну» дегенсип...

Беркиси болсо: «Кой,эми сабыр кыл! деп аны жубатып, улам эле жанына келип кучактап. Кой эми, бир ачууңду берчи? Өзүндү бир аз кармачы, нервиң бузулат, - дейт тиги арыгы болбойт кайта эле...

— Ой, чыдай албай атпаймынбы көрүп туруп, ушундай туура эмес иштерди? - деп кайта эле жулунуп кирет. Эмне эле ал өзүн токтото албай атат, чунак, бул арык неме деп, катардан бир аксакал адам да зрительный залдан унчугуп калды эле, эл кыраан-каткы күлкүгө чабылды, кол чабуулар коштоп зал жаңырды, биз күлүп калдык.

Нерви бузулганын себеби бар экен. Ал»арык нервный» адам энесинин курсагында жатканда эле (беш-алты айлык бала го кебетеси) атасы энесин таштап баса бериптир?

Жалгыз бой аял күйөөсү таштап кеткен соң бул шүмшүктү (курсактагыны) кандай багам эми? - деп ойлонуп, аял курдаштарын чакырып, арактан үйүнө аябай алдырып, тойлошуп «бопорос тартышып», анан тиги досторду акылга тартып. «Күйөөм таштап  кетти, бул шүмшүктү эмне кылам эми, чедирейтпей алдырып эле (аборт) таштайын» десе. «Ошондой эле кыл!» дешет достору да, бирок биртоп убакыттан кийин врачтарга барып көрүнсө айткан го убакыт-сааты өтүп кетиптир, алууга (аборт кылууга) болбойт деп!

- Эми бул куурагырды эптеп

Аны уккан достору айтат имиш:

төрөп ал, эрмек деле эмеспи! Эптеп эл катары чоңоёр, эптеп буту басып калса детдомго деле өткөрүп ийээрсиң! — дешет.

Ошол сөз менен төрөп алат. Аны арыгы саймедиреп «сайрап»

айтып атпайбы элге баарын, курсактан угуп жаткансып!
Аны таланттуу артист ошолонтуп (бул турмушта кездешүүчү чындыкты) ого бетер көркүнө чыгарып аткарды.
- И-ий! дегени бекер эмес тура, ошол сөздөрдү энемдин курсагында жатып угуп анан кантип мен «нерв» болбойм, ыя. айланайын, - десе элдин күлүп боору жок.
Кийин ал баланын чоңойгон курагын андан күлкүлүү кылып аткарган эле. Эми анын баарын тизмелеп бул жерде айтып олтуруунун кажети жоктур?
Менин айтайын дегеним, бу ШАКЕМ экөөбүз бир уруктун балдарыбыз бир чети тууганбыз, бир чети классташбыз, бир чети жолдоштук-достугубуз да бар! Нервибиз деле өз ордунда азырынча...
Эс тартканы эне-атабыздын эч кандай тескери жактарын көргөнүбүз жок. Жакшы тарбия алып чоңойдук. Эл катары эл иштеген жумушту да элден калбай иштеп келдик...
Мага караганда ШАКЕМ кайта көбүрөөк «Райкомчул» болуп жүрдү, инструктор жана дагы башка жоoптуу кызматтарында азыр да пенсия жашына чукул барып калган кезде баягы, БАЯЛЫ досу экөө дале ээрчишип бир зданияга кирип-чыгып жүрүшөт.
Менин айтайын дегеним ШАКЕМдин тубаса таланты бар адам экени, сөздү өз убагында АКАЛ байкесиндей эле айта ала турган даремети бар, керек болсо жамакчылык касиети талантына жалгашкан, комуздун кылын терип черткен, «компаниянын», достордун «жылдызы», куудулдугу жагынан кудум эле ошол АЛИЕВдей таланты бар досумдун, тууганымдын силерге анча-мынча эле тартып койгон портрет штрихи эле бул.

ШАЙЫКТай туугандарсыз, досторсуз мен Жумгалды элестете албайым, чыны. Эми сөзүмдү кыскартайын ШАКЕМ жөнүндө айта берсем «Жылдыз чыгат, таң атат, тамашасы бүтпөйт эл жатат».

**Эл арасында оорубай-сыктабай, аман жүрүшүн каалаар элем. ШАКЕМдин «шалдырамаларынан» бир «шингил» ыргыта кетели өзу да кулуп калсын:**

*** * ***

**Эң көкүрөк күчүгҮ ТОНЯ (ТОКТОКАН) курсакта кезде ШАКЕМдин байбичеси минтип ШАКЕҢЕ кеп кылат имиш шыбырап:(Алар кыз күтүп жүрүшкөн)**

**Э, ШАКИБАЙ, бул курсактагыбызды аманчылык болсо кез жарып алсам, кыз болуп калса (кыз атасына окшошот деген кеп бар эмеспи) сага окшоп калса кудай урбадыбы, апи-ий бетим, деген тура,ШАКЕМдин безетки чыккан бетине карап, бетин басып.**

**Анда ШАКЕМ токтолбой:**

**— Э, НАКИБАЙ ( аяшымдын аты НААЛКАН) ошо мага окшобой калса даана кудай анык урбайбы, ап-и-й ботом! - деген экен эки бетин электей калкалап басып, ШАКЕМ шалдырттап.**

**Бирок кудай жалгап кызыбыз мончоктой эле экен.**

**Эл <<Атаң башы!» деп урушса, эл менен «Энең башы!» деп урушкан ШАКЕМ «жудаа» культурный киши да, кысталак!**

«Шалдыраса, шалдырасын» досторум,

Эсен жүрсүн эл ичинде «оштонуп»?

Мен барганда эриктирбей турса экен,

Эстеп коём, Эх-х!

Кыялдарын сопсонун…

Жаш кезиндей алар дале оюнсаак,

Торпоктордой кошоктолгон моюнча?

ТЕПИШ досум, БАЯЛЫсы, башкасы…

Тосуп алат мен барганда оюмча,

Жүрө берсек болот эле ЖҮЗ ЖЫЛ да.

Кудай берсе жашын бизге момунча?

-100…

Дос болуп…

**СЫДЫКОВ РАЙЫМБЕК**

**[ФОТО]**

Бизнести канчооң баштадың,

Бир тобун эбак таштадын?!

«Биттейинде» тырышып,

«Бир тыйын» үчүн урушуп?

ФИШЕРДей сайып өмүрүн,

Бизнестин казып «көмүрүн»?

Бут тоскон ушул заманда,

Бийликтин издеп көңүлүн?

Башынан өзү тың үчүн,

Баладай кежир, чыр үчүн?

Чамасын иштин карабай,

Чаалыктым деп санабай?

Чай ичкен жерге баралбай,

Чакырган элден кеп угуп.

«Чалчаке» өскөн баладай!

Чамасы жетпей эсептин,

Чаинди болуп эзилип?

Бизнести дагы <<Улайм» деп,

Бир өзүм гана чыдайм! – деп…

Бул досум турат тажабай,се

Бизнестей «көк жал» РАЙЫМБЕК!

**Райымбектин «имиджи»**

1982-жылы биз менин жумушум боюнча Кантка көчүп келип

Туруп иштеп калдык…

Күндөрдүн биринде эски жигулимдин дөңгөлөгүн (запаскасын)

Жасатайынчы деп Райцентрдеги «СТО» кебетеленген бир цехке

Кайрылып калдым… Жайдын толук күнү эле… Дем алыш да кун

Болчу… Дөңгөлөк чечкен жерде, эшикте цехтин жанында бир

Арыкчырай сары жигит шыпылдай басып, жараксыз дөңгөлөктөрдү

Ремонтко алып, заводдордон жамаачылангандарын ордуна

Алмаштырып берип, «тигиндей кыл!», «мындай кыл!» деп

Жардамчысын да иштетип жүргөн эле… Тааныша кеттик…

Мурда кабарын АВАЗдан угуп жүрсөм да өзү менен биринчи

Жолу кезигип, кенен-кесир таанышкандан улам жердеш экенибизди

Билип, андан да «КАЧЫКЕ» уруусунан болсоң мага таяке да болуп

Кетет экенсиң деп кош-беш айтыштык, аны менен эски тууганда рдай!

Үйгө чайга барганда аялыма айттым… Мен Канттан жаңы тууган

Таптым… Аты РАЙЫМБЕК экен, - десем.

– Ай, коё турчу ал биз бала чакта Чаекте аркы өйүз, берки өйүздө

Кошуналаш турган баягы РАЙЫМБЕК болуп жүрбөсүн? – деп калды,

Аялым…

Бир топ убакыт өткөндөн кийин дасторкон үстүндө чогуу даам

Сыздык үй-бүлөбүз менен…

РАЙЫМБЕКти көргөндө эле аялым:

-Ыя, кокуй! Бул сен таанышкан «жаңы тууган» РАЙЫМБЕК эмес

Эле менин «эски таанышым» РАЙЫМБЕКтин өзү турбайбы?-деп күлдү.

Эми РАЙЫМБЕКтин «ИМИДЖИ» мындай!

«Кедейлик кемтик эмес» деген кеп сыңары, бала кезде

Жетимчиликтин «жети муштумун жеп» чоңойгон РАЙЫМБЕК досум

Мектеп жашына баргыча керек болсо бутуна илээр бут кийим,

Башына кийээр баш кийим, ашказанга салаар ашка жетип-жетпей,

Ар кимдин улагасында чоңоюп, ысыкка күйүп, суукка тоңуп дегендей

Өзүнүн идирегинен улам, башында «таруудай данеги» бар үчүн,

Өлөрмандай өжөрдүгү менен, өзү теңдүүлөрдөн калбай, «көк мелтей»

Көктүгүнө салып, жакындарынын эч кандай жардамысыз эле шаарга

Барып, эпейген эстүүлүгү менен, элге жаккан элестүүлүгү менен

Чоңойгон тура өзүнө өзү «ИМИДЖ» түзүп, көгөргөн көк жалдыгынан

Улам…

РАЙЫМБЕК азыр ошол өзү баскан өлөрман турмуштун

«энесин эки жерден таанытып» өз ак эмгегинен тырмалап аракет

Кылып тапкан «Моссоветтин» башындагы, «КАЧЫКЕ» атасынын

Атындагы доллар менен сомдун капчыгын «кытыгылап» турган,

«обменкасы>> бар деп угам.

Кайсы маалда барсаң да кабагым-кашым дебеген «кара

Май» куйган кан жолдо карааны калдайып турган «Катта

Заправкасы» да бар имиш? «Перестройкадан» улам «безилдеп»

Иштеп кирген…

Анча-мынча акча алаканга түшө калса эле алакан чаап,

Шаардан айылды көздөй шатырактап, айылдан шаарды көздөй

Чаап «шарактап» көнгөн биздикиндей кыял-жорук жок анда?

Алма шагы ийилген сайын ылдыйлайт эмеспи дегендей элдей

Эчен мүмкүнчүлүктөрү турса да «Мерседес» минип ментеңдебей,

«мен!» эле «мен!» - деп көкүрөгүн кагып, элге-журтка, дос-тууганга

Энтендебей, мен билгенден эле эки жолу «мен 0099» деген менчик

Машинесин «ментинен тайытпай» жапжаңысын которуп минип эле,

Ошол номурун жапжаны машинесине өчөшкөнсүп ого бетер илип

Эле, эл катары эле биздей «эл базарда» жүрөт эл сыяктуу автобус

Күтпөй-этпей, «эшке чыгып, үйгө кирип, өзүн-өзү билип»…

**РЫСАЛИЕВ АСТАРБЕК (СТАЛБЕК)**

**(Фото)**

Кочкор «чоң айыл» деп койчу эле атам…

АСТАРБЕК кайним мындан 20 жылга чукул мурунку аралыкта

Кочкорго өз айлы Жумгалга жакыныраак барайын дегенчелик кылып,

Келип, келиним ИШЕНБҮБҮ (министерствосуна барып) өз

<<аптекасына» которулуп, кайним өз адистиги боюнча иштеп калган

Убакта Кочкордун меймандос элинде кеп жолу конокто же жөн жай

Деле, ары-бери өткөндө «ат тезегин кургатпай» катташып турдук…

Убакыт зымырап бат эле өтөт экен… Кийинчерээк Бишкекке

Жумуш боюнча башка ишке которулуп жатканда үйүн көчүрүшкөн да

Биз болдук. Кочкордун элинен айланса болот. Кочкордун өз

Баласындай көрүп, өмүрлөрүнүн узун болушун тилеп, келаткан элдик

Традиция боюнча инимди «иттен чыгарып» дегендей көк-Мойнокко

Чейин көп адамдар кошо узатышып келишти.

Адамдык асыл касиеттин адамга болгон жакшылык жактарын

Жуурулушканын мындан көрдүм, АСТАРБЕК кайним алакандай

Кочкордон үч кудалуу болду. «Жакшы адамдар жайлоодон

Кудалашып түшөт» дегендей эле кеп болду окшойт..

Теги жакшы адам теңтуш катары бирге иштешип жүрүшкөн

ТАРИЕЛ, агасындай мамиле кылып, ат жалына «казан астырып»

АСТАРБЕКТИ баласындай бапестеп өстүргөн «акылдын байы»

ЖУМАКАДЫР агабыз да, ага бир тууган кан куда болду. Апта сайын

Чакырып чайын ичишип, адамдык сый-сыпатын көрүшүп, азилдешип

Күлүшүп, ары теңтуш, ары сылык, ары назик адам ТОКТОСУН да

(ТОКОН) кан куданын тизмесине катталып тынды…

Эми айта берсе сөз көп дегендей, жолдошторду кудага

Айланткан, жоролорду тойго айланткан, жүрөгү таза, жүзүндө

Капасы жок, жылдыздуу жылмаюдан канагат алган, Кочкорду

Өз жеринен артык сүйгөн, дагы эле эки күндүн биринде бир

Шылтоо айтып бара калган, Кочкорду көздөй «чү» коюп

Жүгүргөн, жигердүү кайним АСТАРБЕКти эми ушул кыялын

Менен жүрө берсен жүзгө чыгасын деп жатам…

Жолдошторду, досторду издеп элден,

Жолдош үчүн, дос үчүн жанын берген?

Жоруктарын жактырып, көңүлүн таап,

Жоогазындай, ал издеп бирден терген…

Куда кылып досторду, жолдошторду,

КУЙРУЧУКТАЙ Кубантып эчен тойду!

Куда кылып ТАРИЕЛ, ТОКТОСУНДУ,

Кыргыздарга жакшы салт баштап койду.

ТОКОН менен БОЛОТту туугандарын,

ЖОЛДОШБЕКТей досторун, тургандарын…

ҮСӨКӨНҮ, ДҮЙШӨКТү, ШАЙЛООБЕКТИ,

ИШЕН менен аты уйкаш ЖОЛДОШБЕКТИ…

Эгиздердей, бул сыйлап турат баарын…

Сырттан байкап буларды биз турабыз,

Жакшы иштерге жан дилден кубанабыз!

Мына ушундай өтсүн деп жигиттик

ДООР

Да бир жолу булардан суранабыз!

**МОЙНОКОВ ЖАНЫБЕК**

**(ФОТО)**

Жакшынын аты ЖАНЫБЕК,

Жакшынын жакшы жагы коп?

Жаманга «чөп» илешет,

Жакшыга «сөз» илешет,

ЖАНЫБЕК «андай, мындай» деп!

Жакшы атанын «тукуму»,

ЖАНЫБЕК жигит – сөз чыны!

-

Жолдошко чындап берилген,

Тууганга «таңдай сөгүлгөн»…

Кызматка «суудай төгүлгөн»…

Кыларман «иши жигиттик»,

Кырк жашында көрүнгөн?

КАН КОШОЙДой сүрү бар,

«Каймактуу жериң» Таш-Дөбө,

Катагандын мини бар!

Карап көрчү, ЖАНЫБЕК,

Казыркы турган өзүңө,

Кана теңелээр деги кими бар?

Илгери кыргыздын кебете-кешпири, еңү-башы, кыял-жоругу

УШУНДАЙ БОЛГОн экен, уккан кабарда!

Көзү көк, бою шыргыйдай узун, ак жуумал же дене бою узун

Далдайган эки ийинине эки жору конгондой, балп-балп этип баскан,

Бирөөнүн айткан сөзүн эгерим унутпаган же укса да укмаксанга

Салган, чыйпылыктасан чымын чаккандай көрбөгөн, себеби Манасты

Окусан баатырдык сындар, салыштыруулар ошондой айтылат
Эмеспи. Жоон сандан кылыч тең бөлуп кетсе да, жоого таштабай
Өңөрүп келген, денесинен ажыраса да онтобой-этпей эле атын
Бастырып кеткен Кыргыз. Ал заман өзгөрду, биздин элди кытай да
Чаап көрду, калмак да чаап көрду, монголу да чапты.

Бирок ошол кыргындардан калган ата-бабанын сөлөкөтү айрым
Бир гана жигиттерде сакталып калгандай!
Буга мисал катары КАН КОШОЙдун «насили» кадимки эле
Өзүмдүн аяш иним ЖАНЫБЕКТИ карап көрөлүчү? Бирине да
Окшошпойт. Баардыгың эле калыпка салып койгонсуп кашың, башы-
Көзүң капкара болуп калган, кыялыңар жыпылдап, монгол аттай тың
Келесиңер, анан калса шыпылдап!
Бул жагынан ЖАНЫБЕК элинин түпкү баатыр Кыргыз атасын
Айныксыз тарткан алптардын өзү. Өмүрү узун болсун!
Гол да
Эми, «эл ишинен, эр жигит акылынан, күчүнөн билинет»
Дегендей. Кырк жашына чейин «арабасын кылдыратып» жүрүп эми
Күкүрттөй ачып, «мисалданын» күчүнө кирип, күчүн каяктан
Чыгарарын билбей, аякка урунуп, биякка урунуп. Күндөй күлүп.
Күлүктүн күлүгүн (мерседес) минип, «Кыргы3300ВеТСНаб» деген
Чарбасын өз билгенинче башкарып, билип, 5 миллион 50миң сомду
Эл каражатына (соцфонд) төгүп берип, «Элге эмгеги сиңген айыл

Чарба кызматкери» делинип, арабызда олтурат КАН КОШОЙ атасындай керилип…

**ТЕНТИ МУРАТАЛИЕВ**

**(ФОТО)**

Уюткан туугандарды «жуурат» кылып,

ТЕНТИ ИНИМ кичи пейил, адам сылык!

Жаштарга музыкадан сабак берип,

Уланткан залкарлардын жолун улук!

Бул жайда МУРАТААЛЫ кыяк черткен,

Таланттар оттук таштай жарк-журк эткен?

АТАЙЛАР, МЫСКАЛ, МУСА обон созуп,

Кыргызга кыйла эмгегин таштап кеткен…

Касиет ушул жайда, берип билим…

Көтөрүп музыкадай элдин жугун?

«Сакадай бою сары алтын» ТЕНТИ иним,

Кылымга даңктап турат кыргыз унун!

**Тенти иниме бир-эки ооз сөз!**

ТЕНТИ инибиз да ТЕГИН эмес, инибиз

МУРАТААЛЫ атасындай мурутун жанып, «кычыратып кыл

Кыяк тартпаса да тепкедей кезинен теңтуштарынан калбай, терен

Музыкалык билим алып, Кыргыз Искусствосуна өз салымын кошуп

Келаткан, кошуп турган чыгаан ИНСАНдарыбыздын бири!

Кыргыздын эчен зор таланттарынын алгачкы музыкалык алган

Билим «көөрүгү» да ушул Күрөңкеев атасынын «устаканасында басылган…

Талантка «Сабат» кошулса,

Тарбия ага кошумча…

Таалайлуу кыргыз элимде,

Залкарлар менен «табакташ>>

Таланттуу жаштар олтурса…

Элиндин ошол бактысы,

Элиңе келген кошумча…

Азыр да аталардын улуу жолун улантып, арбактарын

Кулуну, журт сыйлаган, эл сыйлаган тың уулу, инибиздин биз

Айтаарлык азырынча теги ушул!

МУРАТАЛИЕВ ТЕНТИ 1950-жылы Чаек айылында төрөлгөн…

1969-жылы Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайын, 1974-жылы

Ташкент консерваториясын, Урал консерваториясынын

Аспирантурасын бүтүргөн.

Кыргыз мамлекеттик Искусство институтунда кафедра

Башчысы, деканы, парт уюмунун секретары болуп иштеген. Эл

Аралык конкурстун лауреаты, искусство чеберлери менен 20 дан

Ашуун чет мамлекеттерде гастролдо болгон. (алардын ичинде

Германия, Швеция, Франция, Португалия бар)

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, профессор,

1986-жылдан бери Күрөңкөй уулу Мураталы атындагы музыкалык

Окуу жайын жетектейт. 4 баланын атасы…

ТЕНТИ инибиздин теңтуштарынан башка эч жан билбеген, туюп-

Сезбеген, бирок эл укса баалай турган, элестүү айтылган «Эзоптой»

Тамашалары, окуялары бар экен! Аны пикирлешип атып билип

Алдык… Өзүнө билгизбей бул кагазга да жаза алдык. ТЕНТИ минтет

Имиш:

Жумгал районунун мурунку акими (Жумгалдын өз баласы)

АМАНАЛИЕВ ЭРКИНБЕКтин чакыруусу менен МУРАТБЕК

БЕГАЛИЕВ экообуз, дагы бир тобу болуп бул борбордон райондун

Түшүм майрамына барып калдык… Майрам «Жаман-Талаа» деген

Жерде отуп жаткан, Чаек кыштагынын усту жагы…

Трибунадан айыл аксакалдары менен катарлаш эле орун

Алдык… Майрам кызуу жүрүп жаткан кез эле… Кыз куумай, Эр эңиш,

Ат чабыш, балбан күрөш оюндары биринен сала бири буйурубузду

Чымчыкей сөздөрүнөн күлкүгө «чыланып» каткырык уланып жаткан

Кызытып, анысы аз келгенсип Жумгалдык туугандарымдын азил

Кездерде, кыз куумай башталып, кыз куумайда ат жалында жигиттен

Ыкчам ойногон кыздарды көрүп туруп таңгалып: «Ап, баракелде!

Жердин огу кайда болду экен дешип окумуштуу ойчулдар издеп

Да, таланттын да, тайманбас эрдиктин да, куйкум сөз куудулдуктун

Жүрүшсө бул эле биздин Жумгалда турбайбы? Анткени сулуулуктун

Да, олуялыктын да мекени, бешиги ушул жакта экен! – десем.

Катарымда турган кадырман агаларымдын бири, аксакал киши

БЕРДИБЕК СЫДЫГАЛИЕВ:

ЫЯ, ТЕНТИКЕ, ОШол сен айткан Жумгалдагы «жердин огу»

Кайсыл жеринде болду экен? – дебеспи.

-Болсо эле ушул Чаекте! – дедим ага карап.

- Чаектин кайсыл жеринде? – деди сөзүн кайталап, ал киши.

- Чаектин чоң микрорайону бул эле Ак-Татырда го?

Жылмайып.

Дедим,

– А, Ак-Татырыңдын кайсыл жеринде экен?

-

Деп, такыды ал

Киши.

- Болсо, Ак-Татырдагы эле МУРАТАЛЫНЫН үйүнүн түбүндө

Болсо керек? – десем. Жарыктык аксакалдар араң эле турушканбы:

«А!» деп ачылган ооздон аба жарылып, ал жерде турган

Кишилерден күлбөгөн киши калган эмес!

---

Тамашасынан:

Таланттуу, кара торусунан келген келишимдүү, сулуучумак,

<<тарс» эткен тамашаны да жакшы түшүнгөн бир эжебиз бар эле…

Той-топурга баргандын эртеси ичкиликти көп ууртгабаса деле,

Кебете-кешпири келишип, эртесинде шишимик тартып калчу
каракөк тартып…

Бир күнү ошондой тойлордун эртесинде кайра жолугуп калдык

Эженин аянычтуу кебетесин көрүп, төрт сап ыр жазып туруп

Катарлаш отурган биреоден берип жибердим…

Эжебизге…

Ал менин запискамды катарлаш отурган эки-үч теңтуш кишилер

Да окушуп, анан эжеге беришиптир. Аны окуган эжебиз эки куну салам

Бербей бултуңдап мага таарынып жүрдү. Бирок өзү кең пейил, жакшы

Киши эле бат эле таарынчы жазылып, ал ыр унутулуп, саламдашып

Калдык кайра кадимкидей!

Ал эжеге арнап жазылган ыр мындай болчу:

Эки кашы эжемдин,

Чийип койгон Айга окшойт…

Эки бети кызарып,

Демделген кызыл чайга окшойт..

Бирок,

Той болгондун эртеси,

Таноолору дердейип,

Эжекем,

Суур кирген Аңга окшойт!

Эки көзү эжемдин,

Электр күйгөн «ШАМГА» окшойт…

Эсте турган карааны,

Элестүү аткан таңга окшойт…

Эртеси тойлор бүткөндө,

Эдирейген таноосу,

Ээн калган тамга окшойт…

Эки бети эжемдин,

Эми эле үзгөн алма окшойт?

Эңгезердей мүчөсү,

Эркек болчу жанга окшойт…

Эмнеси болсо ал болсун,

Эми эч ким аны карабайт,

Элүүлөргө барды окшойт?

Эми аяштарына жазган «хохмаларынан»

Аяштарымды таарынтып алайын деген такыр ой жок эле. Бул

Окуя мындан жыйырма жыл мурун болгон. Жакын турган кошуна-

Колоң, достор болуп «шерине» жечүбүз анда… Бул ойго мени тарткан

(аялы казак кызы) ЭЛИС ШАРШЕНБАЕВ деген досум болду.

Досторубуздун биринин аялы казак кызы, бириники дунган кызы,

Бириники өзбек кызы, бириники орус кызы, бириники татарка,

Экөөбүздүкү кыргыз кыздары

Болчу…

Мен эрке баламын, азыркыча айтканда «тамада» элем.

Оозго сала бергендей эле кайдан-жайдан уйкаш келгенин

Билбейм, уурттап-татып ичпей отурушкандан улам ушул саптарды

Уруп жибердим да, туруп калдым:

Катын алсаң казактан,

Арылбассың азаптан!

Аял алсаң өзбек,

Ай, ал катындын сезу кеп!

Катын алсан орустан,

Күндө ичесиң <<Борщунан»!

Катын алсаң дунгандан,

Жер казасың тургандан!

Катын алсаң татардан,

Чыгасың такыр катардан…

Катын алсаң кыргыздан,

Жылда тууйт бир кыздан! –

Дегенде эле досторум калп эле каткырып кулуп калышты, бирок

Аяштарым таарынып, акыры алыстап кеттик баарыбыз!

Эң жакын досумдун аялы жылда кыз тууй берип, бер жагы алты

Кызы бар эле ал аябай таарынып, көпкө чейин мага салам бербей

Жүрүштү.

Илгери декан болуп иштеп турганымда, кара сөздүн чебери

Айткан сөзүн кайра кайталабаган агам КАЧКЫНБАЙ ОСМОНАЛИЕВ

Агамдын кызы ТУРУМ менин лаборантым эле, - деп баштады сөзүн ТЕНТИ

Бир кабинетте отурчубуз. Бир күнү эле ак дилдеги

Санаалаш достордон эки-үчөө келип калышты иштеген жерге…

Агандын «Көчмөндөр кагылышы» романын окудук, аябай

Мыкты жазылган чыгарма экен, - дешти. – Китебинде айып жок экен

А эмне үчүн агаңдын мурду араба тебелеп кеткен бакадай жалпак

-деп суроо узатышты, тамаша-чынга салып…

Агама карай андай акаарат айтып жиберишкенине тырчый

Түштүмбү, айтор, сөздү минтип жай баштадым… Кезегинде агам эң

Мыкты штангист болчу. Тренировкада байкабай калып, мурдуна

Штанга түшүп кетип, жалпайып калган, аман калганына шүгүр,

Десем . Алар чын эле ишенип калышты.

-

Кечинде үйгө келсем телефон эле шыныгырайт, алсам

КАЧКЫНБАЙ акем (маркум) борсулдап күлүп атып:

- Ыя, айланайын, атаң МУРАТАЛЫ таппаган сөздү сен кайдан

Таап алгансың? – дейт.

Көрсө болгон сөздү кызы ТУРУМ айтып барган тура атасына……

Бир күнү айылда шартка байланыштуу жүрсөм, катуу кызуу

Акемдикинде олтурат элек… Бир маалда эле эшикке чыгып кеткен

Болуп алып жакын бажам барып калыптыр…. Чай-пай ичип БЕКТАШ

Бажам кепке жоголду… Бир сааттан кийин аны издей баштадык…

Эки-уч саат жоголуп, анан өзү келди. Жанында ээрчиткен бир

Чаектик жигит жүрөт.

- Эмне болду кайда жүрөсүң, издетип? – десем.

- «Троллейбус» издеп жүрдүм, - дейт.

Менден башка эч ким түшүнгөн жок. Анткени бажам Оштук болчу.

Өмүрүндө Жумгалга келбептир, балдызымды «кыз» базардан эле

Таап, шаардан таанышып эле үйлөнүп алышса керек болжолу.

— Жезде, Чаек деген кандай жер – деп сурап калды. Мен тамаша

Иретинде серьёзный түр менен:

Чаек деген чоң шаар, Оштон бир аз эле чоңураак бекен ай?Ал

Ак-Татыр деген чоң микрорайондон башталат башы. Ак-Татырга

Кире бериш жеринде НИЯЗАЛЫ атанын эки этаж тамы бар, эстүү

Атабыздын үйүнүн тушунда тролейбустун биринчи (конечный)

Остановкасы турат, - дедим.

Оң жагында он самолёт катары менен жүрсө да уча бере турган

Манастай болгон бирок эски аэропорту (илгери Николай заманында

Курулган экен) бар. Сол жагы мамлекет көзөмөлүндө турган

Мамлекеттик «Госплодопитомник» КАРЫ ШАМЕНАЛИЕВ атындагы.

Жумурткадай бир-бирине окшоштурулуп жумуру салынган аппак

Тамдардын башталашын байкадың бекен анда эле, Чаек центрине келдим дей берсең болот! Бул жердин ата «Чай - эк!» деген сөзден Кыргызстандагы бирден бир чай экчү жер болчу.. Кашайгырдыкы, улам калган. Илгери бул өрөөндө тонналаган чай өстүрүлчү кысталыштан улам чайдын уругун «ЧАРТЕРлик» рейс менен биягы Индияга, тиягы МАЛЬТАга, Шри Ланкага ТЫНАЛИЕВ КАРЫБЕК деген агабыз ОБЛИСПОЛКОМ болуп турган убакта обу жоктонуп, кезинде саттырып жиберген... Чаектин дүкөндөрү, хозмагынанСупермендей «суусундук» арак менен башталып аягы «Тогуз кайрык», «Миң кыял» менен бүтөт. саткан магазинге чейин бут бойдон Кыргызстандын обон-күүлөрү Анткени бул жерде ырчы-чоорчу ышкыбоз акын агабыз ИСАГАЛЫ АЙДРАЛИЕВ деген, көп жылдары Райисполком болгон учурунда атын, кыялданып турганда кыттай куюп коюп кеткен... Заводдордон мээ адашат... Мисалга: Май

чыгарган «Масло заводу», кымыз ачыткан «Көкөмерен заводу», нан чыгарган Чаек «Хлеб заводу», кирпич чыгарган «Кызыл-Жылдыз» заводу» этти жакшы көргөн кыргыздар үчүн ЭЛЕБАЙ атындагы «Эт комбинатын» куруп алышкан... Андан тышкары «Шортоң» деген жери бар. Ал жерде дүйнөлүк мелдештер өткөрүлчү муз тепкич хоккей талаасы, стадиондор курулган. Америкалыктар «Шератон» деген мейманканаларынын бирин ошол Шортоңдун коооздугунан (природасынан) улам коюп кетишкен деп жүрүшөт, эл кеп кылып.

Эми эски курулган микрорайондорун атын атай берсем бир кундө

Айтып бүтө алаар бекемин, ай ким билет? Мына аттарын жаттап

Деле

Ал эр болсон!

«Чукур», «Кашка-Терек», «Беш-Терек», «Башка-Терек»,

«Кызыл-Жылдыз», «Ысык-Суу», «Узун-Булак», «Бок-Көчө», «Май-

Кокту», «Жаман-Талаа» койчу деги тизмелери тим эле узун булактай

Чубалат дедим…

Мен

Төртүнчү номурдагы төрт тролейбус күн-түн дебей баш-аягына

Каттап турат.

- Чоң Нарында деле бирөө-экөө эле жүрбөйбү?

Баарынан кызыгы троллейбус кышында Кара-Кеченин

«брикет» көмүрү менен от алганын айтпайсыңбы? Ал эми жайында

Баягы эле өзүң көргөн Оштукундай эле электр тогуна зымын илип

Алып, зыпылдап ары-бери каттап турат.

Байкуш бажам таңгалгандан улам бакырайып көзү тостоюп, анан

Оозу анырдай ачылып мен айткандардын баарына толук ишенип,

Шалдайып олтуруп калды, чамасы, соолугуп да калды окшойт, бечара?

Мага ушунчалык ишенгенинин себеби ага мен эч качан (буга

Чейин) деле азыр деле, ашык сөз сүйлөп көргөн жан эмесмин… Калп

Сөздү сүйлөгүм да келбейт, бир бир тууган бажам болгондон кийин.

---

Таланттуу композитор иним МУРАТБЕК БЕГАЛИЕВди

Тамашаны кандай түшүнөт болду экен, сынап көрөйүнчү бир жолу?

- деп анекдот ойлоп чыгардым эле ал жөнүндө…

Улуу-кичүү турганда сөз баштап айтып калдым…

Бирок теңирим МУКЕМЕ талантты, таалайды, тагдырды да

Аябай марттык менен берген экен… Өзү кичи пейил, теңиз, Айкөл,

Берешен, майда иштерге аралашпаган эр-азамат экенин биз эмес

Эл деле түшүнүп калгандай болду… Ал анекдотту укканда көзүнөн

Жаш акканча күлдү эле…

Анекдоттун айтылышы мындайча:

- Илгери бир айылда орусу, кыргызы болуп аралаш эле жашачу экен.

Иван аттуу орус жигити кыргыздын бир кыргый мүчө, кымча бел

Кызын жактырып калат… кыргыз кызы да ИВАНды көрсө кете албай,

Ашыктык отуна чалдыгып, экөө тең бирин бири жактырып, сүйүшүп-

Күйүшүп дегендей… ИВАН ата-энесине барып: «Мен бул кызга

Дейт. Кыз да ата-энесине: «Иванга

Үйлөнбөсөм асылып өлөм!»

Чыкпасам мага жашоонун кереги жок!» - дейт имиш…

Айла кетип, эки ата-эне сүйлөшүп, ПОП менен МОЛДОго

Барышат… Экөө тең эки элдин баласы, бири христиан growдининде,

Дешет,бирок эне-аталардын, балдардын суранычынан улам Иванды

Бири мусулман growдининде дини башка болсо бул болбогон иш экен

Жылаңачтап (ПОП менен МОЛДОНУн айтуусу боюнча) аккан сууга

Төрт-бешөө көтөрүп барып, сууга үч жолу чайкашат экен:

Был ИВАН, стал АМАН! – деп үч кайталап.

Ошентип ИВАН «мусулман» болуп кыз экөөнү үйлөнтүшөт…

Күндөрдүн бир күнүндө орус-кыргызы болуп айылдагы жигиттер

Чогуу мергенчиликке (охота) чыгышат…

«Эр жигиттин олжосу жолдо» деген макалды жакшы билген

Кыргыз жигиттери жолго эч тамак алышпайт.

Ал эми ИВАН-АМАН болсо көнгөн адатынча чочконун майынан

(сало) чокчойтуп аялына оротуп, нандын арасына салып жөнөптүр,

Ал жерге…

Чарчап-чаалыгышып же атып алган коёну жок, же кармаган

Балыгы жок, жол боюнда камыштын жээгинде олтурушса, капыл-

Тапылдан КАМАН чыга калыптыр камыштын арасынан

Аны ИВАН-АМАН тарс эткизип октолуу турган мылтыгын сунуп

Атып алыптыр…

ИВАН каманды ары-бери соё коюп, этин «котёлокко» салып ары-

Бери бышырып, кыргыздарга келгиле эми муну чогуу жейли десе,

Алар болушпайт <<Арам» деп…

Ана ИВАН-АМАН туруп айтат имиш:

Мени деле силер «Был ИВАН стал АМАН» деп христиан-

Мусулман кылбадыңар беле? Муну деле сууга чайкап келдим: «Был

КАБАН стал БАРАН» деп үч кайталап, жей берсе болот десе. Тигилер

Макул болушуп курсактарын кампайтышкан экен, баягы «аты

Тескериден»…

Анын сыңарындай, МУКЕ, келиним ЗЕНОНАны суугa үч жолу

Чайкайлы (МУРАТБЕКтин келинчеги поляк кызы, Польшадан эле).

- Была Полячка, стала Саячка,

- Была Полячка, стала Саячка,

- Была Полячка, стала Саячка! – дейли десем…

Элден укпай менден укканы жакшы болуптур, таарынып барып

Онолду… Бирок тамашаны түшүнгөндөн кийин көпкө көзүнөн жашы

Чыкканча күлүп берди, эмне дейсиң жакшы адам да…

Өсө бергин,

Өөрчүй бергин ТЕНТИ иним!

Өнөр деген,

Өлбөс-өчпөс, чоң билим!

КАЛЫК чыккан,

Кайталангыс чоң талант

Касиеттүү

Кең Жумгал жер төркүнүң!

Казат кенди,

Чыга турган жеринен,

Айтат кептИ

Соз билгендер, төркүнүн…

**МУСАЕВ БОЛОТКАН**

**(ФОТО)**

**БОЛОТКАН 1950-жылы Чаек кыштагында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.**

**Кадимки жаштардай эле орто мектепти бүткөндөн кийин 1972-**

**Жылы Фрунзедеги Политехникалык институттун курулуш**

**Факультетин ийгиликтүү бүтүрүп, инженер-экономист адистигин**

**Алып, эмгек жолун Нарын областтык колхоздор аралык**

**Бирикмесинде (1973-ж.) улуу инженер болуп иштөө менен баштаган.**

**1974 – 86-жж. «Миң-Куш Оргтехника» заводунда капиталдык**

**Курулуш бөлүмүнүн инженери, ремонтто-курулуш участокторунун**

**Мастери, комсомол уюмунун секретары, ремонтоо-курулуш**

**Участогунун начальниги, коммуналдык турак-жай ишканасынын**

Начальниги, курулуш-монтаждоо бирикмесинин начальниги болуп

Иштеп келген…

1986 – 92-жж. Эл депутаттарынын Жумгал райондук Советинин

Аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, Райондук пландоо комиссиясынын төрагасы, өнөр жай, курулуш, транспорт жана байланыш иштери боюнча орун басары болуп иштеп келет... 1992-93-жж. райондук-мамлекеттик администрацияда башкы адис, 1993 — 1997-ж. райондук жолду тейлөө, ремонттоо, курулуш бөлүмүнүнө начальник, 1997-жылдын январынан бери эл депутаттарынын Жумгал райондук кеңешинин төрагасы, үй-бүлөнүн жакшы жары, 6 баланын атасы... Кыргыздын бир акылман сөзү ушул иниме туура келип турат.. Илгери бир акылмандан бир адам сураган имиш: - Менин ким экенимди, барк-баамды айтып бере аласызбы, анда сизди акылмандыгыныздын барк-баасын билейин, - деп. Ошондо акылман ага карап мындай деген экен: - Сен өзүңдүн жолдошторунду, досторуңду мага көрсөтчү, анан сенин ким экенинди айтып берем! - деген экен Акылман....

Уккан кабарда БОЛОТКАНдын кыялы жумшак, Өкмөттүн жумушу

Есуш жасап, ез айлында такшалып, ага тапшырылган ишти калыстык

Үчүн өгүздей күчүн аябай, (өмүрүнө береке берсин) кунден күнге

Менен чечип, зымга тарткандаи туз иштеп, жаш болсо да жалпы

Журтка алынып, жакшы атанын баласы деп элге таанылып, «октум-

Соктум», «онду-солду», «оргу-баргы>> кыялы жок, орундуу суйлөп,

**Ошол 50 жашына чыгып-чыкпай «Жумгал элинин ардактуу атуулу»**

**Деген наамга да татыктуу болуп турган кези экен… Ар намыстуу**

**Балага ал атак деле чек эместир!**

**БОЛОТКАНга арнап, «боёкторун» тандап, мындай бир «портрет»**

**Тарттык, ыр саптарын өзүңөр окуп, көргүлөчү байкап?!**

**«Кыз кыял» адам жоктур БОЛОткандай,**

**Кыз болсо,**

**Бол!-дээр белек БОЛОТКАНдай!**

**Кылганын доомат кылбай иштеп жүрөт,**

**Жибектей кыялы бар БОЛОТКАНдар!!!**

**Досчулук, Жолдоштукка бекем экен…**

**Достору бул кыялын сезэр бекен?**

**Калтырбай бир адамдын көңүлүн да,**

**БОКЕбиз «мүдөөсүнө» жетээр бекен?..**

**Үзүлөт чоё берсек, жиптин ичке жерин?**

**Көп чойбой, бүтөөр ишти бекер, тегин…**

Жумгалдын «жарай Турган» уулу болсо,

Узартпай, сөздүн айтсын «ток этерин»?!

Ыракмат сүрөөнчүлүк кылганы үчүн,

Жумгалдан «Дастан» чыгат, чындап эми?!

**САГЫНАЛИЕВ КОЙЧУМАН**

**(Фото)**

— КОЙЧУМАНДЫ издебе, кокуй! КОЙЧУМАНДЫ издеп табыштын

Ордуна, огородуңду ары-бери каза салып «кой башындай алтынды

Кокусунан батыраак таап аласың! – дешти, капырай, кээ бири!

Бул ачуу чындык сөз – тамашасынын да анча-мынча чындык

Жагы да бар окшойт? Себеп дегенде ушул китепке материал

ЧОГУЛТУП, КОЙЧУМАНДЫ да Жумгалдын осуп келе жаткан, келечеги

Кең баласы катары сүрөтүн ала келсин, «анкетный данныйын кошуп

Берсин, «бизнесин» эмнеден жаратканын эл баалап көрсун, билбеген

Жаштарга «билектей сунуп» айта жүрөлү, таалим-тарбиясын, агасын

Көрүп эмгектенсин деп КОЙЧУМАНДЫ издегенибизге туура бир айга

Чамал убакыт болду…

Атактуу Италиялык ырчылар БИЗЕнин ырдаган ырындай:

«Фигаро там, Фигаро тут, Фигар-роо! Фигар-роо!» дегендей эле эч

Жерге токтобой жок болуп таптырбай келет…

Аягында, ырас, кыргызча айтканда «кудай жалгап», орусча

Айтканда «господин случай» жардам берип, эптеп таап жолуктурдук

Дешти аны издегендер.

Жолугуп сурасак «жолуң болгурдун» Жогорку Советке түшкөн

Сүрөттөрүнөн бирөө да калбаптыр үйүндө дешти… Сүрөткө түшүп

Келейин деп убада берип кетти дешти дагы. Кантсе да КОЙЧУМАН

Инимдин кол тийээр чолоосу жок экен?

Мейли эми, кандай болсо да эл ичинде аман болсун, «көз

Тийбесин» балага. Колу бошобой жатканын да себеби бар экен…

Ага кошоматчылыгыбыз жок, кайра сүйүндүк!

Кийинчерээк инилеримдин эмне үчүн КОЙЧУМАНды өз

Убагында таппай калышканын сурамжылап көрсөм, эл

Кыдырып көнгөн, кылаар иши жок КЫДЫР АЛЕЙКИ САЛАМ

Эмес эле, эл кыйналып турган турмушта, эл ойлоно электе,

Элден мурда баштап ачып алган «фирмаларын» кыдырып бүтө

Албай, чамасы чак келбей, «чарк айланып», тегирмендин

Ташындай «тегеренип», эмгегинин «тоскогун» «элеп» алып

Жүргөн тура азамат КОЙЧУМАН иним, күнү-түн!

Мейли! Мейли! Айта кетчу КОЙЧУМАН жөнүндө бир кеп бар,

Жигитчилигинде айып жок деп жүрүшөт. Жигитттин гүлү
КОЙЧУМАН.

Чар учкандай өтүп жатат бир заман,

Чак келеби чамасына, бул чамаң?

«Ийне менен кудук казган» ишкер көп,

Иштин көзүн тааный алба таштаган?

«Ишкер» аттуу инилердин ичинде,

Ири алдында келе жатат КОЙЧУМАН!

Кыздай ийкем, кадыры артык бул ини,

Кыргызы үчүн кымбатбы дейм, «илими»?..

Кыргызында КОЙЧУМАНДАР көп болсо,

Кыйналбастан жашайт белек тим эле!..

КОРСТОН кылбай кызматына кымындай,

КОЙЧУМАНдар турса эмне, элдин сынында?

Колдон келген ак кызматын аябай,

Колдоп турса бул жаштарды чынында,

Кыргыз эли кыйынчылык эч сезбей,

Кирет беле ушул келген кылымга?

**

КОЙЧУМАНДын емүр жолуна да сареп салып өтөлү…

КОЙЧУМАН 1951-жылы 5-июнда Чаектин азыркы уландысы болгон

Кызыл-Жылдыз айылында жарык дүйнөгө келген.

Мектеп менен үйдүн аралыгы 5 чакырым келген айылдан күнүгө

Барып-келип Чаектен 10 жылдыкты 1968-жылы бүтүрүптүр.

Башка жаштардай эле Фрунзеге келип 1968-70-жж. «Ала-Тоо»

Кинотеатрында киномеханик болуп үйрөнүп, иштеп баштаптыр.

1969-жылы Университетке кирип, 1973-жылы ийгиликтүү бүтүрүп

Экономист-бухгалтер кесибине ээ болоору менен армияга

Чакырылып, 1975-жылга чейин Ош шаарында кызмат өтөп, взвод

Командирлигине чейин барган. 1975-жылы армиядан келип Республикадагы «Кыргыз культторг» базасында бухгалтер, 1976-Жылдан Соода министрлигинин аппаратында кадрларды тейлөөчү Инспектор, кадрлар бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1978-Жылдары «Кыргызгалантерия» дүң соода базасында директордун Орун басары, 1982-жылдары Соода министрлигинин аппаратында Кадрлар боюнча бөлүм башчы, 1983-жылы «Товарлардын сапатын Жакшыртуу жана соода боюнча башкармалыгынын» начальниги, 1985-жылдын апрель айынан баштап Соода министрлигинин Көзөмөл жана текшерүү башкармалыгынын начальниги, 1986-

Жылдан Соода министрлигинин аппаратында кадрларды тейлөөчү Инспектор, кадрлар бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1978-Жылдары «Кыргызгалантерия» дүн соода базасында директордун Орун басары, 1982-жылдары Соода министрлигинин аппаратында Кадрлар боюнча бөлүм башчы, 1983-жылы «Товарлардын сапатын Жакшыртуу жана соода боюнча башкармалыгынын» начальниги, 1985-жылдын апрель айынан баштап Соода министрлигинин Көзөмөл жана текшерүү башкармалыгынын начальниги, 1986-
Жылдары «Кыргыз керек-жарак коомунун» кадрлар боюнча орун Басары, 1988-жылы «Керек-жарак коомунун» начальнигинин Биринчи орун басары, 1989-жылы анын төрагасы, 1992-жылы Кыргыз Коопром мекемесинин жетекчиси болуп бекип, бүгүнкү Күнгө чейин иштеп келатат.

-

-

1985 – 87-жж. Москвадан Совет министрлигинин Эл Аралык

Академиясын сырттан окуп бүтүргөн. 1990 – 1995-жж. №177 Чаек

Шайлоо округу боюнча Жогорку Советке депутат… койчУМАН эл

Үчүн кам көргөн, элдик жигит… Депутат болгон мезгилинде да, азыр

Да эл үчүн камкордугун аябай, «Кызарт» совхозуна тамак-аш

Магазинин салдырды, Чаек айылына 4 чон магазин, Кызыл-Жылдыз

Айылына Мечит, КАЛЫК АКИЕВ атындагы өзү окуган мектепке 1

Комплект компьютер, ар кандай мекемелерге 3 миллион сомдук

Чарбага керектүү материалдарды, муздаткычтарды алып берди. Эл

Атынан сага алкыш айталы, КОЙЧУМАН, аман бол!

Эл мүдөөсүнө жарай бер!

**ДАЙЫРБЕК СТАНТЕГИН**

(Фото)

Соң-Кел жайлоосу.. Жайдын кап ортосу… Мемиреген жайдын

Мелтиреп, мээримин чачып турган тынчтыгын туйдунуз бекен?

Ушунчалык тунжураган тынчтыкта чымындын учканы гана

Кулакка угулбаса, жарыктык Соң-Көлдун кылаасында, көлдүн жээгине

Жел ойноп жетип турган, шырп эткен дабышы да улам сезилбей

Турган чакта, касиеттүү Кара-Шөкүлөнүн туу чокусуна алакандай

«кара булут>> айлана калып, андан улам этек-женди узуп-жулкуп

Булгалай баштайт эмеспи… анын кара шамалы…

Андан бир саам өтүп-өтпөй кайра эле дымый түшкөн өрттөй өчүп,

Бир секундга жылуу дем келип, ачык күндө «асмандын оту» чагылган

Чарт-чурт жанып, алай-дүлөйдөн кабар берээр эле…

Күн ачык туруп аппак, шыбак бүрүндөй корголдой чоңураак

Мөндүрлөр дабырап жаап кирээр эле, жер сабап…

Жумурткадай ак боз үйлөрдүн түндүгүн тартканга үлгүрбөй калчу

Апаларыбыз!

Мөндүр ура берчү… Мына басылат, ана басылат менен асман

Алай-дүлейгө чулганып, кар эми үзүктөй-үзүктөй болуп ааламдан

Үзүлүп түшүп, айланан ак жаанга айланып кетчу заматта…

Бечара желеде байланган кулундарга көрпөчө, төшөк жаап

Акыры бүт айланаң ак жаанга, борошого айланган соң жылкыларды

Агытууга туура келчү эле.

Ошентип Соң-Көл жарыктык бир долусу кармаса кар жаай берип,

Бат эле тушардан чыкчу. Бир күн, эки күн ачылбай жаап, элдин

Айласын кетирчү. Эсесин эки кылчу…

Көрөңгөдөгү кымыз да түгөнүп, айла кеткенде жааган кундун

Ачылган бир-эки саатында аталар жылкыны ыктоодон айдап келип,

Тез байлай коюшуп, кымыз эмес эле «боз чангыл ириген сүткө

Окшогон бирдемени» саап алышчу эле желинден. Жылкы баласы

Да мындай кыйноого чыдабай кээде көнөчөктү көмөлөтө тээп да

Кетчү…

Ошол саап алган «боз чаңгыл бирдеме>> билген кыргызга
бороондогу кымыздын «болгон көрөңгөсү» ошол болчу, ошол

Дешчу! Ошол «боз чаңгыл кымыз», күкүрттөй күчүнө кирип, ичип
алган аталардын көңүлүн көтөрүп, бороон чапкынга

Карабай бети-баштары албырып, майланышып, желкесинен буу

Чыгып тураар эле жарыктык

Карылардын!

Так ошол караң калгыр учурдан ДАЙЫРБЕКтей сергек,

Дарылдып-барылдап жаагы түнү бою тынбаган, басылбаган «жүнү

Тирүү», көзүндө «оту бар» балдар төрөлгөнү чындык!..

Ыйласа ээ-жаа бербей, энесинин эки айласын кетирген.

Эмчектин ордуна чоңэнеси Карынга куйган сары майдан сөөмөйгө

Салып «сал-сал билек кылып» оозантканда гана түйүлдүктөй көк

Муштум болгон балакайы көгөрүп-татарып атып, көптөн кийин

Тынчып, мемиреген тынчтыкты кечирген…

Ошол ДАЙЫРБЕК, азыр көргөндү көргөндөй айткан, ичинде

Таруудай кири жок, таза да, таланттуу да адам болду… ага арнап

Бул саптарды агасы жазып койду:

Өрттөй уул, ДАЙЫРБЕК СТАНТЕГИН!

Өр талашкан күлүктөй сөздүн кенин…

Өктөм жазган өзүндөй акын барбы?

Араладым Жумгалдын таланттуу элин…

Бозо сымал кайнаган угутунда,

Боз жоргодой «жер чапчып» турушунда…

«Бопбоз чангыл чалаптай» ачып турган,

Бороондун саап алган кымызындай!

Боркулдап ташып турган көрөңгөсү,

Бай талант аздыр сендей угушумда!

Аман бол! Эл ичинде жүргүн «дайын»,

Арта жүр, Ата Журттун жүгүн дайым!

Жуп талант КАЛЫК, МИДИН өсүп чыккан,

Жумгалын таланттардын ыйык жайы!

Дайырбек иним 1951-жылы Жумгалда эмес, Нарын ДАВАНында

Туулган.

Кыргыз мамлекеттик улуттук университетин бүтүргөн. Кесиби

Журналист…

Жумгалдагы «Демилгенин» демилгечиси болуп – кабарчы,

Белүм башчы, жооптуу катчы кызматтарын кыдырып иштеп келди…

«Демилгеси» «дем ала турсун» деп, азыр Кара-Кече көмүр

Кенинде «Бакандай адис» болуп бакылдап барып-келип иштеп жүрөт…

«ДАЙЫРБЕКТИН дайры күү», «Кешпирим» жана «Чындыктын

Чыңырыгы» аттуу ыр жыйнактары жарыкка чыккан. 1991-жылдан

Бери Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү…

Жумгалдагы «Байзак» айылында жашайт…

Күндүзү уктайт, түнүндө жазат! Кээде «наоборот»?

Эс алганда баягы чоң баш Маркс эсеп (математика) чыгарчу эмес

Беле, иштегенде «Капиталды» жазып, а биздин ДАЙЫРБЕК эс алганда

Кара-Кечеден көмүр казат. Иштегенде «Дайры күүсүн» жазат!..

Бул агасынын тамашасы!

ДАЙЫРБЕК иниме дагы бир жолу:

Бул турмуш өтөөр байкалбай,

<<Дайры күүң» ТОЛСУН БАЙКАЛДай!

<<Суусундук кылып» Эл ичеер,

Сунулса аяк тарта албай,

«Суу күлүк» чыкты Жумгалдан деп

«Сугалак сөзүн» айтышаар,

<<Суусар борк» кийген ал Хандар!

**КАЙЫРБЕКОВ ДАМИР**

**(ФОТО)**

**Толкун болот деңиздин бийик жери,**

**ТОЛКУНДАЙ Бол кыргыздын жигиттери!**

**Аска болот тоолордун бийик жери,**

**Аскадай бол кыргыздын жигиттери!**

**— деп көөнөргүс Океандай терең ойчул кыргыз эл акыны БАЙДЫЛДА**

**Айткандай, мен кыргыздын Океандай терең, эл-журт үчүн ак эмгегин,**

**Адал күчүн аябаган ар-намыстуу жигиттерин БАЙДЫЛДАнын төрт**

**Сап төп ыры менен укмуштуудай тактыкта аларга баа бергенине,**

**Акындык зор талантына башымды ийип таазим-урмат кылаар элем,**

**Ар дайым…**

**Советтик доордо ар бир өсүп келе жаткан кыргыздын жаштары**

**Илим-билимге умтулуп, өз тармагында өрнөктүү иштеп келишти.**

**Аябагандай зор мамлекеттин оор жугун кошо тартышып, мамлекет**

**Да күчтүү болгондуктан, эл-журт көп кыйналбай өз арбайын согуп дегендей, кыскартып «образдууу» айтканда «курсагы ток, кайгысы жок>> эле жашап турушту эл-журт.Азыркы кыйналып-кысталган оор мезгилде кыргыз элин кыйынчылыктан алып чыгаар уулдары кимдер? Ошол БАЙДЫЛДА айткан деңиздей терең, толкундай бийик жериндей акыл-ой, сезими кенен, азыркы оор турмуштун күрөө тамырын патриоттук таза жүрөк дили менен сезе билген, ар бир ишине чыгармачылык менен мамиле жасаган, эл-жерин жанындай сүйгөн, кенен азамат ак көңүл жигиттер гана жарай алса керек деп ойлойм ошондой иштерге. Ошондой эр-азаматтар эл арасында бар экен.... Чачылганды жыйнап, үзүлгөндү улап, таркап кеткен коллективди кайра татынакай кылып Шаардын $^{3}$/, элин тамак- аш менен камсыз кылып турган эр-азамат жигиттерибиздин бири Орто-Сай базарынын директору ошол ДАМИР экен... <<Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсен бир киши» дегендей Сурамжылап барып:**

- Орто-Сайдын директору сизби? – десем, кара торусунан

Келген, жепжөнөкөй эле анча элден өзгөчөлөнбөгөн, «кычырап»

Кийингенден алыс, кызматы башкарышы калыс, жөнөкөйлүк, чон

Адамгерчилик канында жуурулушуп турган ушул жигит өзумдун эле

Кандашым, бир убакта атасы биз турган айылда мектеп директору

Болуп кеп жыл иштеп, ата-энебиз катташып, чай ичишип ата-бала

Болуп турган агабыз КАЙЫРБЕКтин уулу ДАМИР тура!

Таанышкандан улам билдим аны! Анда ДАМИР кичирээк кези, мектеп

Жашына жетип-жетпеген мойтойгон жаш бала болчу…

ДАМИР иниме айтаарым, ата-тектен калган аброй баркты

Жоготпой, өзүңө окшогон кыргыздын кыйын кезинде керекке

Жарап бере турган уулдары менен бирге элине КУТтай токтоп,

Кыйынчылыкты жокко чыгарып, кысталган турмуштан

Кыйналбай чыга турган жолун таап улантып, элиңди кубантып,

Ден соолукта көп катары көңүлдү тазартып, жөнөкөйлүктү бетке

Кармап жүрө беришиңе тилегим бар! Бул сөзүм агалык сөз! Ак сөз!

**МУРАТБЕК БЕГАЛИЕВ**

(Фото)

Мен МУРАТБЕК иним жөнүндө кеп кылаардан мурун элибизден

ГЕНИЙ уулу, залкар жазуучу ЧЫҢГЫЗ агабыздын МУРАТБекке баа

Берген акылман сөздөрүн мисал катары айтып кетейин…

Кыргыз эли өтө таланттуу, сезимтал эл экен, бул айныксыз

Чындык!

Биздин эл орус тилин өз убагында өзүндөй эле өздөштүрүп, азыр

Жаңы туугандарыбыз англичан менен ат салышып, ал эмес анын

Тили менен сахнага ырдап чыгып, азыркы кыргыз тилин аларга

Которуп берип, БАЙДЫЛДА айткандай: «Алардан окусак, аларды да

Окутуп атабыз!».

Менимче ЧЫҢГЫЗ агабыздын орусча айтылган «оригиналы»

Жазылган, менин колума тийген МУРАТтын чыгармачылык жолун

Кепсалган «буклеттеги» өзсөзүн өзүндөй бузбай орусча айтылган

Ой-мышлениясынын маанисин кемитпей ЧЫҢГЫЗ агабыздын өзүнө

Айттырганыбыз оң!

Чыңгыз агабыз минтиптир:

**Выдающийся сын нашего народа из горного аила**

**Жумгала, природное великое дарование которого, позволило в удивительно короткий срок освоить культуру**

**Профессиональной музыки…**

**Человек цельный, чистый, уникально сочетающий в себе**

**Особую природу совеременного мышления и в то же время**

**Осмоющийся истинно национальным кыргызским**

**Композитором.**

Мына залкар адамдын залкар инисине берген барк-баа созу!

Мындан артык МУРАТБЕК жөнүндө кимибиз айта алабыз мындай!

МУРАТБЕК инибиз Кудай Таала кудурети менен жараткан

Таланттардын жери Жумгалда бийик Тоо kЫркасы асман тиреген Миң-

Кушта төрөлүптүр. Бул күн 1955-жылдын 21-июну экен, эки күндөн

Кийин атасынын айлына Жаңы-Арыкка жолдоптур. Бала кези

Айтылуу, сулуу, сүйкүмдүү Соң-Көлдүн жээгинде, атыр жыты аңкыган

Адырлуу төрлөрдө, ажайып кооз жерлерде өтүптүр.Табияты сезимтал, сергек баланын музыкага болгон шыгын ого

Бетер ойготкон экен табигат, кыргыздын кооз жери Соң-Көлү.

15 жашка келгенде байкоостон колго тийген газетадан

Музыкалык мектепке кабыл алуу жүрүп жатканын окуп калып ошол

Кездеги жашоо-турмушундагы кыйынчылыктарына карабай ата-

Энесине акыл салып, өзү келип Республикадагы атайын ачылган

Музыкалык мектеп-интернатка экзамен тапшырып өтүп кетет…

МУРАТБЕК инимдин багына андагы иштеген профессор композитор

МУКАШ АБДРАЕВдин классында окуп калганы ага чоң таасир берет,

Шыгына…

Окуусун эң жакшы аяктап, 1977-жылы Москвадагы Чайковский

Атындагы консерваторияга экзаменди ийгиликтүүү тапшырат, ал

Жерден айныксыз билим алат…

Консерваториядагы окуткан мугалимдердин ичинен атактуу

Композитор МИХАИЛ ЧУЛАКИнин колунда тарбияланат.

Консерваториядагы окуган жылдары МУРАТБЕК инибиздин

Композитор катары калыптанышына музыканын ар кандай формасы

Оркестр болобу же монументалдуу жанрбы, же өз алдынчалык эле

Тематикалык, же традициялуу элдик жанрбы, айтор, жан аябай өзүн

Ар түрдүү жанрда сынап көрөт…

Дүйнөлүк классикалык чыгармалардын ой-чабытына сүңгүп

Кирет…

Ошентип биринчи жолу жаш композитор 1983-жылы Буткул

Дуйнелук композиторлордун Москва шаарында өткөн

Конкурсунда «Симфониялык поэмасы» үчүн баш байгени (Гран-

При) жеңип алат.

Бул поэма XIX кылымдын атактуу художниги Карл

Брюловдун «Помпейдин кыйрашы» деген полотно сүрөтүнө

Шыктангандан улам жаралган чыгарма болчу…

Ошол замандын трагедиясын таланттуу жаш композитор

МУРАТБЕК БЕГАЛИЕВ азыр жашап жаткан адам тагдырына да

Шайкеш кылып аны болуп жаткан өзгөрүү процессине аны

Жуурулткан…

Бул симфониялык чыгармасы менен МУРАТБЕК өзүнө жол

Ачты, ийгиликтин артынан ийгилик жаралды… Дүйнөлүк сценага

Чыкты. «Симфониялык поэмасы» андагы Союздук

Республикаларда андан тышкары Югославия, Польша,

Чехословакия, Япония, Германия, Венгрия жана Кубанын

Сценаларында бүт ойнолуп чыкты.

Мыкты чыгармалары

«Партитура для струнного квартета»,

<<Соната для фортепиано», «Фортепиано үчүн кайрык»,

«Воспоминания старца» деген «Напевы детства», «Праздничная

Увертюрасы», «Ностальгия», «Манас сонатасы», деген скрипка үчүн

Жазылган эмгеги композиторго, «Симфониялык поэмадан» кем атак

Алып келген жок!

-

Мен билгенден илгери орустун Чайковский деген атактуу

Композитору болгон, МУРАТты ошого салыштырса болот го деп

Ойлоп турам. Улуу адамдар айтып калчу экен: «Чайковскийдин өзү

Эле, эмне турган турпаты, тулку бою бүт музыка болгон» деп. МУРАТ

Да ошондой талант, эгер биз туура түшүнсөк…

Мен билгенден илгери орустун Чайковский деген атактуу

Композитору болгон, МУРАТты ошого салыштырса болот го деп

Ойлоп турам. Улуу адамдар айтып калчу экен: «Чайковскийдин өзү

-эле, эмне турган турпаты, тулку бою бүт музыка болгон» деп. МУРАТ

Да ошондой талант, эгер биз туура түшүнсөк…

Азыр Муратбек Бегалиевдин баралына келип турган мезгили.

Ал жалаң гана атактуу композитор гана эмес жогорку деңгээлдеги

КООМДУК ИШМЕР, элибиздин чыныгы патриоту, уулу….

Эми алган сыйлыктарын айтып, чечмелеп бериш учун бул китеп

Аздык кылат, дагы бир Дастан жазыш керек ал үчүн. Эми эл билсин үчүн учкай эле айтып кетели. Кыргызстан жөнүндө жаңы жазылып

Бүткөн жаңы Кыргыз ГИМНинин автору (мен презентациясында

Болуп, угуп көрдүм мага жакты) атактуу Советтер Союзунун

Гимниндей Манастын духу бар (великолепный) шумдук чыгарма

Экен. Рахмат, сага, МУРАТ иним!

Муратбек иним алган наамдар:

- Кыргыз Республикасынын Эл артистти,

- Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты.

- Эл аралык Түгөлбай ата сыйлыгынын лауреаты.

- Эл аралык Айтматов фондунун сыйлыгынын ээси.

-

Эл аралык «Золотой мост Алтын көпүрө» сыйлыгынын

Лауреаты (Казакстан)

- Эл аралык Руханият сыйлыгын лауреаты. (Кыргызстан)

Эл аралык чыгармачылык Академиясынын академиги.

(Москва).

-П. И. Чайковский атындагы алтын медалдын ээси. (Москва)

- Эл аралык Мюнхен Академиясынын академиги.

Ал ак эмгеги менен алган аталган сыйлыктары кут болсун иниме,

Сапары узак, жолу байсалдуу болсун!

МУРАТБЕК 1993-жылдан бери өз инициативасы менен

Уюштурган, ошондон улам уюшулган Консерваториянын директору.

Кудай бул бакТЬлуу балабыздын өмүрүнө береке берсин

Деп ар дайым тилек кылаар элем, Кыргыз эли, Жумгал эли

Сыймыктана турган бул бактылуу балабыздын аны менен биз

Да бактылуубуз.

Дагы бир жолу көчү байсалдуу, узак болсун! Жаман сөздөн,

Жаман көздөн алыс болсун, агасы чын дилден ушуну каалайт.

Адам коёт алдына асыл максат,

Ар-Намысын, абийирин бийик сактап?..

«АЛТЫН КӨКҮЛ» балабыз МУРАТБЕКТИ,

Ашык болбос, биз койсок азыр мактап…

ГЕНИЙлердей тарыхка аты кеткен

Музыканын дүйнөсүн дүңгүрөткөн!..

ГЕНИЙ десек болчудай балабызды

Келсе турат keңитип арабызды…

Мөлтүр булак суулардай агып турган,

Музыкасын тоолордун «чалып» турган…

Ала-Тоого жазылган симфония,

<<Ак боз аттай» жоргосун салып турган…

ГЕНИЙлер жашап турган ЧЫҢГЫЗ окшош,

Баа берип балабызды «таанып» турган…

Мээнеткеч, бала кыял таланттуу адам,

Тарыхта «ТАЛАНТТАРДЫН УЯСЫ» Деп

Таанылган Жумгал жери, элден улам?..

Карый бер касиеттүү Агалардай,

Калкына жан аябай эмгек кылган!

**КАРЫПБЕКОВ КАДЫРСУЛТАН (КУДУ)**

**(Фото)**

Жан кишиге айта элекмин сырымды….

Жакшы инилер жанга кубат, чынында?

Жеңилинди жерден алып кОЛМО-КОЛ,

Жетине албай колдоп турат сыныңды.

Көп «Иниден көксөп турам көрсөм! – деп,

Көздөй иним, бир тууганым КУДУМДУ!

«Өз киндигин өзү кесип» башынан,

Өлөрмандай «өрт-суу кечип» жашынан…

Өзүн өзү адам кылып келатат,

Өмүр берсе, өйдөлөсө жашы улам?..

Ыйман берсин инилерге өзгөчө,

Сыйлоо болсун агаларын көргөндө…

Илгертеден келе жаткан бул НУСКА,

Ойго тушет ошол жашка келгенде…

Биздин тукумдун тың уулдарынын бири КАДЫРСУЛТАНДЫН

Атасы КАРЫПБЕК байкебиз кырк жашка чыгып-чыкпай кырсыктан

Сокур ичеги болуп, операциядан каза тапкан эле… Биз үчүн

Агабыздын күтүлбөгөн бул өлүмү «тоо кулагандай эле» иш болгон

Ошол кезде. Нда биз жаш элек…

Агабыздын кара ашында, кадыры элге кыйла өткөн экен, ар жагы

АК-Талаа элинен, бер жагы Фрунзеден бир даван эл келип

Узатышкан аны акыркы жайына…

Ошентип агабыздын артында калган жесир жеңебиз МАСИЙ

Чиедей терт уул, үч кызды жетелеп жетимчиликтин «жети муштумун»

Жеп жүрүп жетимдерди жерден көтөрүп чоңойтту.

Ар кимиси өз идиреги менен эл катарына кошулду… Агабыздын

Ордун басышты. КАДЫРСУЛТАН иним кичине кезинен эле ээзндүү

Бала болуп өстү… Инилерине, агаларына, эже-карындаштарына

Карамдуу болду. Өз ишине кылдат караган, тырышчаак, тыкан адам

Болуп чыга келди акыры. Көп жылдардан бери Республиканын налог

Жаатында эмгектенип өз салымын кошуп жүрөт акырын.

Кызматынан сый алып, квартирасын да кошо алып, татынакай

Үй-бүлөсүн бир уул, бир кызын багып, эл ичинде жүзү жарык,

Келечегинен үмүттөндүргөн бул кыргыздын кичинекей үй-бүлөсү эл

Ичинде аман болсун демекмин…

Эскере кетчу нерсе, эл ичинде айтылып калган бир сөзү бар

Ата-бабаларыбыздын. Биздин тукумду «Эл баккандардын тукуму»

Дешет ТААБАЛДЫ чоң атабыздан улам…

Бул кечээги эле «эл үркүндө» болгон эле иш экен. Ошол

Аталардын азыр көзү өтүп, сөзү калган алакандай айлыбызда жашап

Турат алардын укум-тукумдары эл-журт болуп өсүп…

**КАДЫРСУЛТАНГа (КУДУга) ТААБАЛДЫ чоң атасындай**

**Текти, таланты ташкындаган, кеп-сөзү макал-лакапка айланган**

**Таберик адам болушун каалайт элем! КАДЫРСУЛТАНДЫН**

**Келечеги алдыда… Жакшы атанын»туягынан» жаман тукум**

**Чыкпас!**

**ЭСЕНКАНОВ КАЧЫКЕ**

**(Фото)**

КАЧЫКЕ иниме юридикалык тактык менен, өтө сактык менен

(кылдаттык да бар ичинде) мамиле жасап, өсүп келаткан өмүр жолун

Өзүндөй сүрөттөгөнүбүз дурустур?

Совет мамлекетинин болуп турган убагында жогорку билимдүү,

Жогору жактагы иштеген юрист эмес, билими бар катардагы

Кызматкерлерге да тапшырылган ишти өз деңгээлинде аткарбай

Коюш, өз өмүр келечеги үчүн өтө чоң кыйынчылыкка тушукчу ал адам.

Ал кесири башына тийип, атактуу сүрөтчү, живописец

АЙВАЗОВСКИЙдин «Океандагы 9-бал»(девятый бал) сүрөтүндөй

«тормозу жок» калган жел кайыктай сүрүлүп, оодарылып, чайпалып,

ТОЛКУНДУН тоскоолдугуна туруштук бере албай калып, Океандын

Түбүнө түшүп кетүү коркунучу секунд сайын кайталанып турган

Укмуштуу сүрөттү көрдүңүз беле?

**Инибиздин иштеген өмүр жолу көрсөтүп тургандай «зымга**

**Тарткандай зымырайган» жүрүмү менен, бир тегулбей, бир**

**Чайпалбай, закондун рулун**

**Бек кармап, карманаар түркүгү «кара кылды как жарган калыстык» болуп, океан-деңиздей ой**

**Жүгүртүп, ошол жашыл жээкке, максатына сүзүп келатыптыр!**

**Өзгөчө эгемендүү өткөн жылдары эки эселенген кайрат менен**

**Иштеп элге эчен жолу эр жигиттин башына келчу**

**Тоскоолуктардан этияттык менен чечип ошол эле мезгилде эл**

**Мүдөөсүн да түшүнүп, кадырлуу ата болуп, жолдошторго «таза»**

**Болуп, туугандарга «арка» болуп, жумурай-журтка закондорго**

**<<Калка» болуп турат.**

«Ат көтөргүс» элине эмгек кылган,

Акыл менен мыйзамды тейлеп турган?..

«Кылт этсе» тайып кетчү «кыл шатысы»

Бийликтин мунарасы бийик турган!..

Жашынан, кыйындыкка моюн сунбай,

Илгиртпей өтүп келген, бийлик сындан!

Эстүү иним, ушул жигит КАЧЫКЕ иним,

Элинде эстелип тур, эмгек кылган!..

Сага окшоп, мыйзамдардан такшалбаса,

Сага окшоп, мыйзамдарды башкарбаса

ЭГЕМЕН бул өлкөнү кимдер курган?

Өзгөчө эгемендүүлүк алгандан кийин ал жылдын ичинде эки

Эселенген дем менен кайрат менен иштеп жатканын анын бул

Эмгектеринен керсе болот.

КАЧЫКЕ инимдин жетекчилиги алдында Кыргыз ССРинин

Мыйзамдар жыйнагынын 10 томун басмага даярдап, бастырып

Чыгарыш накта патриоттук иш эмес бекен?

Анын сунушу боюнча экономикалык кылмыштар үчүн эркинен

Ажыратуу жазасы азайтылып, элибиздин эзелки адат болуп

Нормасында каралган тогуз айып жазасы азыркы шартка

Ылайыкташтарып, үч айып жазасына чейинкыскартылып киргизилди.

Республиканын Президентинин сунушу боюнча ЖогрКҮ Кеңешин

Эки палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Конститутциялык

СОТУНУН СУДЬЯсы катары КАЧЫКЕ 15 жылга 1996-жылы шайланган

Экен…

1997-жылдан бери Кыргыз Республикасынын судьялары

Тарабынан судьялар ассоциациясын ын төрагасы болуп шайланган…

Эл үчүн жасалган эмгеги айтылбай калбайт.

1998-жылы орто мектептин 9 классы үчүн жазган «Мамлекет

Жана укук негиздери» деген окуу китеби Илим, билим жана маданият

Министрлиги тарабынан бекитилип, азыр мектеп окуучулары учун

Укуктук билим алууга чоӊ салымын кошуп атат…

Юристтердин ичинен биринчи болуп «Даңк» медалы, «кыргыз

Республикасына 10 жыл» эстелик белгиси, Кыргыз Республикасынын

Башкы прокуратурасынын «Мыйзамдуулукту чыңдоого катышкан

Салымы үчүн» төш белгиси менен сыйланган..

Көчүң байсалдуу болсун, КАЧЫКЕ иним!

**ЭРКАЛЫ ӨСКӨНАЛЫ**

(Фото)

ЭРКАЛЫ иниме чынын айтыш керек, кайсы бир жылдары, бирок

Кийинчерээк эле (1999 – 2000-жж.) бул ордо шаар Бишкектен анан

Керемет жер Жумгалдан жолуктум эле.

-

Эки жолугушуунун эсебин билген кишиге «чай кайнам» деле

Убакыт көптүк кылаар? Менкыргыздын дагы бир талантуу уулу (Ат-Башынын кулуну) ШАЙЛООБЕК акын (Дүйшеев) менен көчөдө туруп, колтуктарыбызда папкелерибиз бар беле? Башкача айтканда, «папкелеш сөз» болуп турдук эле. Анын жанында ЭРКАЛЫ да бар экен, чыны мен таанибай калыптырмын, (ЭРКАЛЫ бир топ эле жашы боюнча менден көп кичүү) себеп дегенде менин Жумгалдан кеткениме көп жыл болуп калбадыбы. кийинчерээк иниңизди таанидыңызбы деп ШАКЕМ бир айтканынан улам, кайталап сурасам ЭРКАЛЫ акын иниңиз Жумгалдык ушул эмеспи деген сөзү чыны мага саал уятыраактай көрүндү. ШАЙЛООБЕКke уНЧУКПАЙ ТИМ болгОМ. Ден соолуктун айынан (жүрөк, давления) Жумгалга көп баралбай жүрөм, бир саам менин Жумгалга келгенимди угуп ЭРКАЛЫ иним атайы келип учурашып кетти, туугандарымдыкында олтурган элем жолдошум менен.

Байке! – деп саламатчылыгымды сурап, «Эй, бу КУЙРУЧУК!»

Деген жаңы китебин да бир ырлар жыйнагына каалоо жазып

(автограф) берип кеткен эле мага. Убакыттын тардыгынан ЭРКАЛЫ

Менен кенен-кесир сүйлөшүүгө чыны убакыт, чама анда боло албай

Калган, ошондой болсо да менин жүрөгүмдө ЭРКАЛЫдай эстүү

Инилерим ушинтип артыман «кууп келип» учурашып кеткени – бир

Туугандык агалык-инилик сезимдер үчүн табылгыс элес окшоду.

Илгери Да КАЛЫК атабыздын (тарыхта жазылып турбайбы)

Алыстан атын угуп, «кара жаак жез таңдай» акынга жолугуп калалы,

Үлгүсүн алалы деген үмүт менен ЭРКАЛЫдай эстүү инилери

Ээрчишип жүрчү экен, ал эми өзүнчө тарых дечи?

Бул китеп даярдалып чыгууга чукулдап, убакыт-сааты бышып

Жетилип турган чагында, жер алысына (мен Бишкекте, ЭРКАЛЫ

Жумгалында) ЭРКАЛЫ менен ээн олтуруп сүйлөшүүгө убакыт-саат

Табылды акыры…

Өзүңөр окуп түшүнүп аягына чыгаар мезгил жеткен кезде

Маектин маанисин байкап көрөөрсүздөр. Эки жолку жолугушуудан

Эле ЭРКАЛЫ инимдин элестүү сөздөрүнөн улам мен буларды байкадым:

-

Талант адамында болчу табылгыс татынакай даамдуу

Кептери бар, чукугандай сүйлөгөн сөздөрү бар, кругозору кенен,

Табына келип чабыла турган күлүктөй так ордуна тура албаган

(төрт аягы тыбырап) өз сөзү менен айтканда бүткөн боюна, бети-

Башына чейин Беш-Теректин «безетки» баткагындай армансыз

Талант баткагы шыбалган бул баланын, бирок дагы эле октос

Берген ойноок жаштыгы ойдолотуп турганын, ооздугун

Кемирген тулпардай туталанганын, ой менен сүңгүп кирип, оозунан от-жалын чачып бүркүп турган талантынын марттыгы мени КУЙРУЧУК атамдын кудуретиндей эле аны сездирген. Сөздү узартпайын иниме кааларым - Талантыңды куштай тапта, «Чуркай берет» деп эле ТУЛПАРды көп чаппа... Убакыт да учкан куш, муну да унутпа! Ден соолукта бол! Жумгал таланттардын жери, бирок ошондой болсо да талантыңды туура пайдалансаң деген АК сөзүм бар, иним Эркалыга!

Эркин замандын

«Эрудит баласы» Эркалы иниме…

«Эрудит» иним Эркалы,

Тоголок? – дешет жер шаарын…

Бирок,

Жумгалдай «кыйын школа»

Таланттан берген канчаны?

Молдолор айтчу «илгери»,

Момундай кепти билип ал!..

Көк бука турса көтөрүп,

«Көк мүйүзгө илип», ал?..

Сайгактап кетсе биз кантТИК,

Саясат жагын билип, ал (ал өгүз)

Алабы тукум кыргыздан,

Казыркы «алы» бул болсо,

Калыстык сөзүм, иним ал!

Сураарым сенден, башка сөз!

Бар чыгаар билим, Акыл-эс?

Жумгалдай барбы «ыйык жер»

Талантты куштай таптаган

Куйручук сымал, көрөгөч?

Атагын элдин чыгарчу,

Азамат эрлер, ачык сөз!!!

Кун да кечтеп баратат «мал-жанды» сурашкандан кийин

Маалкатпай, маегибизди эми момундай улайлы,

Э, иним ЭРКАЛЫ? – деп ага суроолу карадым…

ЭРКАЛЫ иним, ыр дүйнөсүн имерчиктеп, адабият астанасын

Аттагандар өзүңдү жакшы билишет. Акындык жолго кантип туштун?

- Жарыктык чоң апам ыр жандуу киши эле. Кичинемде үйдө

Эки куржун көзү түркүм китеп боло турган. Мага чоң апам «Манас»,

«Семетей» «Сейтек» эпосторун «Жаныш-Байыш», «Курманбек»,

«Эр Табылды», «Олжобай менен Кишимжан», «Саринжи-Бөкөй»,

«Кедейкан», «Кожожаш», «Карагул ботом» ж. б. дастандарды

Дайыма окутуп угуучу. УkkaНдан тажачу эмес. Он сыйра окуп берсем

Да. Оку дей берчү. Окуянын жүрүшүнө жараша кайгырып, кубанып,

Күлүп же үшкүрүнүп туруучу. Мен окуй берип жедеп чарчаганда

Гана ойноп келгенге уруксат алчумун. Айрым убакта окуя-

Темаларды өзү тандап окутчу. Маселен, Жолой менен кошойдун

Күрөшкөнү же Кожожаштын аскага камалганы жөнүндө окугун дечү.

Эпос, дастандардан башка Токтогул, Эшмамбет, Калык,

Осмонкулдардын ырларын, айтыштарын чоң апама көп окуп

Бердим. Эмнегедир кара сөздүү жомокторго ыраазы болчу эмес.

Бейиши болгур киши өзү сүйлөгөндө да жөн сүйлөбөй

Куюлуштуруп, уйкаштырып, учкул сөз, макал-лакаптарды кошуп,

Көркөмдөп сүйлөөчү. Атургай кээде айылдагы кемпир-кесектер менен

АКЫЯ айтып урушар эле.

Урушуп-талаша кеткенде да ырдап

Тигилер жөнөкөй сөз менен аркы-беркини айтып олтургуча, чоң апам

Ырды жалындай каптатып, «оппонентин» жеңип кетүүчү. Ырдын

Кудурети күчтүү эмеспи.

Албетте, кудай-таала шыпаа бермейин мин китеп окусан да

Акын боло албайсың. Мага көктөн шыпаа буйруса керек, а чоң апам

Мени ыр дүйнөгө бармактайымдан аралаштырып, шык берген

Турбайбы.

- Кудайды оозанып калдын, кудайга, динге ишенесинби?

- Башта атеист болчумун. Кудайга кийинчерээк ишендим. Азыр

Да ишенемин. Бирок бир дагы динге ишенбейм. Себеби дин дегениң

Көп. А кудай бирөө. Эгер дүйнөдө бир гана дин болгондо ишенет

Болчумун.

- Кызык, кудайга ишенип, динге ишенбейт экенсиң. А жанагы

Диндерди жараткан, тараткандар жөнүндө эмне демексиң?

Дүйнөдөгү чоң диндерди жараткандарды алалы. ИСА,

МУХАМБЕТ, БУДДА пайгамбарлар биз сыяктуу эле жашап, суу ичип,аба жуткан адамдар да. Булар кудайды издешкен, аны тапкылары

Келишкен. Бардык ой-санаалары, кылган кызмат, эткен эмгектери

Кудайды табууга арналган. Ушундан улам өзүлөрүнүн бу Аалам,

Жашоо-дүйнө, өмүр жана олум, адеп-актык жөнүндөгү окууларын

Жаратышкан. Ырас, алар акылман, ойчул, айлакер, чечен, саясатчы

Болушкан. Ошондуктан башкалардан абыдан айырмаланышкан.

Миндеген адамдар булардын созуне, саясатына ынанышкан.

Чындыгында аталган пайгамбарлар деле кудайды таба алышпаган.

Деген менен алардын ошо кудайды табууга жасаган

Аркеттенүүлөрү бул акылман-ойчулдарды пайгамбар атандырган.

Анан аларды сонкулар көбүртүп-жабыртып, кошул-ташыл кылып

Дегендей, укмушка-легендага айландырып жиберишкен.

Беш жылга жакындады, «Эй, бул Куйручук» аттуу китепти

Элден жыйнап, адабиятташтырып жазып, элге бердиң. Эмне

Себептүү куудул атага кайрылдын?

- КУЙРУЧУК куудул эле эмес, акылман, олуя, акын жана чечен

Дагы. А биз, кийинки муундагылар а кишини эл күлдүргөн куудул

Катары билүүчүбүз. Ооба, Касымалы Бектеновдун китебинен (1960-

Жылы чыккан) улам. Эми К. Бектеновду түшүнсө болот. А кезде

Компартия, цензура дегендердин эреже, тушамыштары бар болуучу.

Мен бактыга жараша, Куйручуктун кичи мекенинде, Жумгалда

Жашап, иштеп калбадымбы. Күмүш ээк карыялардан Кукемдин эмеле

Атаган керемет сапаттары жөнүндөгү аңгеме, баяндарды арбын

Эшиттим. Кукеме бет бурушум ушул себептүү болду.

- Баса, иним, Куйручук жөнүндө дагы бир жолу китеп жарыялайм

Дегендей ой-мүдөөңдү уктум эле…

Бу туурасында сизге айтканым бар. Дегеле, адабият

Тарыхында, жазуучу-акындардын чыгармачыл турмушунда баштагы

Чыккан чыгармаларына кайра кайрылып, оңдоп,толуктап, кем-карчын

Жоюп, бөксөсүн толтуруп, кыскасы, жаңылап жазган чактылары арбын

Кездешет. Ушинтип кызылдай мээнетти арнаган китептердин өмүрү узун болот. Куйручук жөнүндөгү эмки китебим «Кудуреттүү Куйручук» деп аталат. Буюрса, жарыкка чыгаар малы деле алыс эмес.

- Эмесе, өзүңдүн ыр дүйнөң – поэзияң туурасында азын-оолак

Кобурап бербейсиңби…

- Ачык айтып, ак сүйлөгөн жакшы. Азыркы кезде ыр окугандар,

Дегеле, көркөм китепке кызыккан кишилер абдан аз. Заманга жараша,

Адамдар да өзгөрүлүп, көпчүлүгү көр оокаттын көйгөйү менен

Алпурушуп калышты. А бирок, жашоо-турмуш жакшырат, ачкан

Курсак тоюнат, жыртык кийим бүтөлөт. Ошондо адамдар көркөм дүйнөгө ат жалын бурушат. Жагымдуу музыка угуп, жакшы ыр

Окугулары келет. Акыры өзүлөрүнүн курсагы тойсо, ошого ыраазы

Болгон мал эмес экендерин түшүнүшөт.

Мен бул кепти эмнеден улам айтып жатамын? Анткени азыр ыр

Жазып кереги эмне дегендер көп. Ырыңды ким окумак эле дегендер

Арбын. Акындардын кебу ыр да жазбай калышты. А мен болсо жазып

Жатам. Ыр жазган калемимди таштаган жомуң. Ырлар жана поэмалар

Түрмөктөрү биринен сала бири жаралууда. Себеби мен азыркы

Окурмандарга ылайыктап жазбайм. Келечектин окурмандарына ыр

Сунгум келет.

**Илгери, XVIII кылымда кыргызда САНЧЫ СЫНЧЫ аталган**

**Олуя жашап өткөн. Ошо адам кыргыз жерин кыдырып, элди,**

**Жерди сындаган экен. Ал Кызарттын даванында туруп,**

**Жумгалга мындай сын бериптир: «Бул жерден тамания күлүк**

**Ат чыгат, бул элден таңдайы алтын акын-чечен чыгат, жер**

**Алдынан жылуу дем келет экен, таманым ысып турат!»**

**Деген тура касиеттүү олуя. Ошол олуяндан айланайын!**

**Сынчынын алдын ала айтканы төп келгенин карабайсыңбы!**

**Кереметтүү кең Жумгал кудайдын мээрими түшкөн жери**

**Экен!**

**МАТЫЕВ ЭРКИНБЕК**

**(ФОТО)**

ЭРКИНБЕК иним жөнүндө көзү тирүү кезинде эле Жумгалдын

«Демилге» гезитинин 10-мартта чыккан санында, Жумгал элинин бир

Топ атуулдары менен бирге гезиттин төрт бетине толтура басылган

«ЫР ДАСТАНында» ал жөнүндө жазып кеткен элем…

Өзүнүн көзү тирүүсүндө кезигип, газетанын ошол санын берүүгө

Үлгүрбөй калдым. Төрт эле күндөн кийин ЭРКИНБЕКТИ жоктоп

Калдык. Азыркыга чейин өкүнүчтө жүрөм…

Качандыр бир жолу Ала-Арча көрүстөнүнө барган бир убакта

Ал жерден АРСТАН агасына жолугуп ошол газетанын бир номурун

Колуна берип, көзү тирүү кезинде жазылды эле деп арбагына куран

Окуп, ал жерден кайткан элек.

Жумгалдын бул чыгаан уулун армансыз эле жазышты… Ал жөнүндө

ЖАПАР КЕНЧИЕВ агабыз да арнап китеп чыгарыптыр!

Жоголгон алтын бычактын сабындай элеси эсте калды. Биз да

Бул китебибизде ага арнап эскерүү жаздык ырга айлантып….

ЭРКИНБЕКТей чыгаан уулдар, Кыргыз элинин сыймыгы… Кыргыз

Эли сыймыктана Турган, Кыргыз элин уят кылбай турган уулдарынын

Бири ушул ЭРКИНБЕК болчу…

Кыска, бирок нуска өмүрүнүн ичинде Астронавтын тили менен

Айтканда, космостук өтө бийик секириктерди жасаган

(головоокружительный) шахматтын тили менен айтканда

<<правилага» сыйбай турган татаал жүрүштөрдү жасаган, ракетадай өте тез учууларды өз турмушунда кечирген ЭРКИНБЕК ИНИМ, ОҢОЙ менен бизге деле буюра турган адам эмес болчу? А балким,тиякта да ошондой адамдар керектир? Кудай Тааланын кудурети чын болсо... ЭРКИНБЕК жөнүндө эрикпей Ыр Дастан жазсак жарашмак! ЭРКИНБЕКтин биз баалаган, биз байкаган адамдык асыл сапаттарын мен азыр сөз кыла турган «букет» тобу ар бир эле жөнөкөй кишиде жолуга да, боло да бербейт... Адептүүлүгү, ошондон улам жогорку интеллектуалдыгы, билимге кана сугарылгандыгы ошондон улам жогорку түшүнүктөрү, сылыктыгы, кичи пейилдиги, сабырдуулугу, жылдыздуу өңү-түсү, бирөөнүн көңүлүн калтырбаган мээримдүүлүгү, талыкпаган мээнеткеч эмгеги жана ушул асыл сапаттарды аркалаган зээндүүлүгү мына анын карманган көзүрү!

ЭРКИНБЕК бизге калтырган «изде» үч кыз калды, жүздөн ашык

Илимий эмгек, 2 монографиялык иши, 24 жашка чыгып-чыкпай

Жактаган «кандидаттык эмгеги», 32 жашындагы алган «Биология

Илимдеринин доктору» деген наамы, фармацептикалык АКСЫНЫН

Эле мезгилде 2 жолу шайланган элдик

Депутаттыгы, «Медицина тармагына эмгек сиңирген ишмер» деген

Бийик наамы. ЭРКИНБЕК инибиздин 41 гана жашка чыккан кыска

Өмүрүндөгү өрнөгү өзү эмгектенип жеткен ТИТАНИКАЛЫК эмгектер!

Мындай уул бир кылымда бироо эле туулат, суроон болсо айт,

Жообун берем!

Президенти, ошол

ЭРКИНБЕКТИН ошол мен жазган ырын бердим бул жерге.

Күч аябай күн-түндеп жанын үрөп,

Күлүктөрдей коштолгон, алыс суреп?..

«КҮТҮРӨГӨН ТОПТОРДУН» арасында,

Күүсу жанбай, тулпардай кагып жүрек?!

Күнчүлүк жер ал учун маара болбой,

Күлгүн жашы ал үчүн болуп тирек!..

МАТЫЙ УУЛУ ЭРКИНБЕК бул келатат,

Майтарылбас бар окшойт мында жүрек!

<<Ак сөз>> чыгаар айтылган макалы элдин

«Аккан арыктан суу агат» - дешип келген?

**«КУУДУЛ АТА» КУЙРУЧУКЧАСЫНАН**

**КЕТСЕК…**

Бу Жумгал Ата жеринде, иним, кимдер гана келип, кимдер гана

Кетпеген? Чону да келди «чочоңдоп», кичинеси да келди «кекендеп»

(кызмат орундарын кеп кылып атам).

Эгерде кат сабат билген Жумгалда да ошол кезде бир киши

Болгондо, ошонун баарын тизмектеп (келген-кеткенин) сөздүктөй

Кылып түзүп койгондо <<А» алфавити менен баштап «Ы» же «Я>>

Сынан бүтүрүп. Кудай билет, баягы бизди «маңги баш>> кылган

МАРКС деген чоң баштын бир китебиндей эле алардын аттары

Чыкмак экен, «Капитал» болуп? Кыстала ?

Эми биз азыноолок кеп кылып көрөлүчү Жумгал элинин өткөн

Тарыхын. Көп заман өтпөдүбү андан бери?

Алар (келгиндер) менен иштешкен Чалдын баары чайдын

Чамесиндей болуп азыр тунуп чынынын түбүндө калды, өлбөй жүрө

Беришмек беле кечке? Бизге келген Чоңдорунан баштап көрөлүчү

Эстеп... Бир кезде ДӨДӨНБАЕВ деген (дөөдей бир немеси, чоң

Кызматчыны айтып атам) келген Райондун 1-секретары болуп, ал

Деле бул Жумгалды жыргаткан жок! «Дөөгүрсүгөн» неме экен,

Деңгөлөгү жарылган арабадай аксап, жөө эле тиги ал үчүн «Дөңдөй»

Көрүнгөн кызарттын белин араң ашып, Дөрбөлжүндөй ылдый жерге

Дөңгөлөнүп ал кеткен… элдин эсинде калгандыр? Андан кийинби же мурунбу?

АМАНБАЕВ деген келип «алганын алып» албаганын дагы

Чөнтөгүнө салып, «чеп башылап» иштеп ал да кетти.

ЖУМАБАЕВ дегени, Жумгал жыргап аткансып жумулган

Колундан жулунганын жулуп алып жулундап ал кетти…

-

ОТОРОВ Дегени окумуштуу адамдай болгон неме экен,

«отуруп… отуруп» алып ал кетти. Уяттуу неме экен «Эч кимге айтпай-

Этпей эле узат!» - деп догун артпай жүгүн өзү жүктөй баштаптыр.

Бирок Жумгал эли уяттуу эл эмеспи, аны Кызартка чейин ызаттап

Узатып, жүгүнө чейин артып, ал гана эмес арабыздан кээ бир

Жердештерибиз жерине чейин жеткирип барып келишти.

Эртесиндеби же, айтор, эсибизде калбаптыр ЭШИМОВ Дегени

Келди эле «эң эле честный неме» экен, ал эки эле күндө көрүнбөй

Калды, бул жерден?

Андай «честный» адамдарды биз көп деле жактыра бербейбиз

Чыны, себеп дегенде «эт жеп» көнгөн элбиз, көбүбүз!

Касиетинден айланайын кытыгыламайын да тура албаган эл

Экенбиз, жон иштеп аткан кишини жон койбой. Жумгалдыктар ал

Жөнүндө да көп сөз чыгарып, «Эт жебес ЭШИМОВ» деп кулагына кумдай куюп, угузуп атып, ушул сөздү мойнуна шурудай кылып тагып, аны да кетиришти. Айтмакчы, элибиз ал сөзүн унутту бекен эмгиче, канча жыл өттү андан бери, убакытың азбы, көппү? Ай кудай билет, ушул «эт жебес ЭШИМОВ» бизде дагы бир жыл чыдаганда, иштебей «тилибизди туура чайнап» жүргөндөрүбүз оңолуп, он жыл ошол жерде олтургансып, ОШОЛ ЭШИМОВ Жумгалды он жолго салып кетмек экен, нервин бир аз коротуп? Эми ал кайрылгыс нерсе болуп калды дечи, биз дагы не кылабыз нервди ЭШИМОВдой коротуп? Бир топтон кийин «топ этип» бу Жумгалга БАЗАРОВ Дегени келди. Бул бай сыяктуу сөөлөтү бар, басып, «ичип-жеп» турган неме экен. А дегенде элден мурда жерге асылды... Убактылуу пайдаланууга берели деген шылтоону таап, (азыркынын арендасы) алдооч тили менен ары кайсап, бери кайсап, акырын айтып, алдап «Саяк мыкты эл экенсиңер» деп

мактап, ары-бери өткөндө бороон- чапкынды калкалап турган жер эле Кызарттын белин «кызартып туруп» эле, өзүнүн бети-башы «кызарбай-татарбай» туруп эле, Кочкор жерине кошуп бере салды.

Кочкор жерине кошуп алып алымча-кошумчасын татып алып,

Кош-пеш айтышпай, теги башкабы, тээтиги кызарттын белин бат эле

Басып, ашып кетти… Кечиксе кеп-сөзгө калаар беле, тез кетти! Эр

Экен?

Эми айта берсе сөз көп…

Туптүү эл экенбиз, бирин-экен бала-бакыра бар экен, талант

Бешигин терметкен жер экен, «алы жетпеген акыретчил» дегендей,

Ал чондорго алыбыз жетпесе жетпесин, балдарга айта жүргөнүбүз

Оң «БАЗАРОВДУН кеп-сөзүн» миң кайталап…

Менин негизги айтайын дегеним башка, туугандар!

Кут жергебизге келип кеткен, куттай жанган, ошол Жумгалга

Келген-кеткенинин кээ бирин байкасак, кээ бирин байкабай

Калгандардын арасынан ошол суудай суюк заманда салаага

Илингендерин гана сайдын ташындай салмактап карап келип,

Элибиздин эсинде калган адамдардан деле жакшы адамдар келип

Кетиптир, бу биздин Жумгалга? – деп силердин таразага салганы

Турабыз буларды…

-

Биз байкабай калган, куттай жанган адамдардын ичинен баягы

БАЯКЕнин тукуму да бар экен мынабу (СООДАНБЕК СУЛАЙМАНОВ)

Деген, ал келип кетиптир куттай жаНЫП, Кудай жалгап бул Жумгалга…

Кудурети күчтүү Орус элинин уулу, «Кулчыгач Саягы» деп өзүн

Тааныштырып, куудулданган неме экен Жумгал элине!

«Культурасын» да таштап кеткен ХУДОЛЕЙ деген агабыз (ВАСИЛИЙ

МАРКОВИЧ) бар экен эсибизде.

Теңир жалгаган Теңир-Тоонун тектүү баласы ТЕНТИМИШОВ

ДӨӨЛӨТБАКТЫ Да таптык, элдин эсинен. ДӨӨЛӨТҮ-БАГЫ менен

Кошо бизге келген экен куттай жанган жергебизге, азамат!

Бирөөсү небересине атын коюп Жумгалбек деп (СУЛАЙМАНОВ),

Бирөөсү баласына ЖУМГАЛБЕК (ВАЛЕРИЙ), кызына КЕРИМБҮБҮ

(ИРИНА) деп аттарын коюп (ХУДОЛЕЙ В, М,), бирөөсү бизге, кудалап

Барсак сөзүбүздү кур кылбастан, кызын берип, куда кааласа кыдыр

Даарыган жер экен КУЙРУЧУКтай элинер бар экен ошол атаңарга

Опокшош бир «карала-торала» бала төрөп берсин балам! – деп

Батасын берип баса бериптир анан калса (ТЕНТИМИШЕВ) дөөлөт- Багын кошо айтып?

**ЖУМГАЛ КАЧАН ОҢОЛОТ?**

Таланттуу МИДИН агабыздын «ташка тамга» баскандай өз

Убагында айтылып калган, Жумгал ичинде эмдигиче эл оозунда

Айтылып макал-лакапка айланып, аралай чаап жүрген учкул

Сөздөрүнүн бири бар!

Ал тээ 40—50-жылдарда Совет бийлигинин күркүрөп күчүнө кире

Баштаган кезинде МИДин Жумгалга бир кабарчылык командировкага барган учурда октой тездикте ооздон атылып чыгып

кеткен сөз экен?

Теңтуштарынын бири тамаша-чыны аралаш:

сиз байкап

– Э, МИДИКЕ, деги биздин Жумгал качан оңолот? - деген сөзгө

МИДИН оозуна сала бергендей:

– Аманбаевиң аксымдыгын койсо,

- БОРОМБАЙЫҢ богооздугун койсо,

– ӨРДӨГүң өзүмчүлдүгүн койсо,

Отунчуң отурганын койсо

эле тез эле оңолот деп тамаша сөзгө тамашасы менен жооп берген

экен.

-

МИДИН айткан бул макалданган сөз ошол убактын кашкайган

чындыгы экен. Аны ким танат. Элге түзүлгөн шарты жок кезде

техниканын болгону чийне менен араба болсо, билимдүүң «бешинчи

классты» араң бүтсө, замандын сурагы жаагы тигинтип катуу болсо

ошого карата да адамдардын психологиясында өзгөрүү ченеми болот

эмеспи?

Эл ичин башкарган мансаптууларды АМАНБАЕВдин

аксымдыгы менен каарып, БОРОМБАЙдын богооздугу менен

«боозутуп» турбаса, өлөрмандарын ӨРДӨКтүн өзүмчүлдүгү

менен өкүртө «өтүн жарып, өтүгүн тилбесе», ордунан жылбай

калган иштер «бир метр» менен ченелбейт да, отуруп алып

ОТУНЧУ агабыздай «отуз жолу елчеп, бир жолу кесип, отуз жолу

сүйлөшүп бир чечимге келбесе, Совет мамлекети жөндөн-жөн

туруп эле ушинтип дүркүрөп өсүп кетиптирби, Жумгалда?

Ар замандын өзүнө жараша өзүнүн «туунду» кадрлары

болот? Мен ошондой дээр элем. Азыр жыргал турмушта деле биз

миң-сан түркүн өзгөрүп жатпайбызбы, ар башкача ар кимибиз.

Анын сыңарындай:

Эл болсо биримдикте ушул кезде,

Эстүү болуп балдары билим дешсе?

Күлүктүн кашкасындай чекедеги,

Аздыгын, акыл менен алар сезсе?!

Ак сөзүн агабыздын алсак сабак

АМАНБАЕВ, БОРОНБАЙ, ОТУНЧУ, ӨРДӨК!

Ал бир өткөн ИНСАНдар мыкты агалар!

Анда турмуш деңгээли башкача өткөн?..

Чымырканган ак эмгек берип күчтү,

Чыгарат деп мен ойлойм, ушул кезден?..

Кыйналганың бул эмес, эртең келет

Кыйын жашоо кымбатын эгер сезсең?!

Жеңилин ал, оорун биз алалы?

Жетпеген бул турмушту башкаралы…

Аксымдык, бекерооздук, өзүмчүлдүк,

Олтуруп – иш кылбасак, элден калдык?!

Жумгал жери таланттын агым жери

Жумгал эли меймандос илгертеден

Журт башкарган башчылар калыс болсо

Журт башында тургандай, КЕМЕНГЕРИ!